КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЭЛ АДАБИЯТЫ» СЕРИЯСЫ

# ЭР ТӨШТҮК

**Кенже эпос**

**II том**

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр
**Райкул Сарыпбеков**, **Мураталы Мукасов**

БИШКЕК
«АВРАСИЯ ПРЕСС» – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Э 74

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

Р е д к е ң е ш:

*Àê ì à ò àëèåâ À.À.*
*Áàéãàçèåâ Ñ.*
*Æàé íàêîâà À.Æ.*
*Ì àðàçûêîâ Ò.*
*Ì óñàåâ Ñ.Æ.*
*Ñàäûêîâ Ò.*
*Òîê ò î íàëèåâ Ê.Ò.*
*Ýðêåáàåâ À.Ý.*

Р е ц е н з е н т и *Н.Нарынбаева* – филология илимдеринин кандидаты

Э 74 **Эр Төштүк:** Кенже эпос. 2-том. /Түз. *Р.Сарыпбеков*, *М.Мукасов.* – Б.: «Аврасия Пресс», 2015. – 568 б. («Эл адабияты» сериясы)

ISBN 978-9967-464-62-9

«Эр Төштүк» – кыргыз элинин байыркы замандагы үрп-адатын, жаратылыш кубулуштары менен болгон байланышын, алардын эртеңки күнгө болгон үмүт-тилегин чагылдырган кенже эпос.

Окурмандарды эпос менен толук тааныштыруу максатында учурунда жазылып алынган үч варианты тең киргизилди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**Э 4702300200-15**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-464-62-9

© КРУИА, 2015
© «Аврасия Пресс», 2015

## «ЭР ТӨШТҮК» – ЭЗЕЛКИНИН ЭЛЕСТЕРИ

*Түрк элдеринин оозеки эпикалык чыгармаларынын ичинен эң байыркыларынын бири – «Эр Төштүк». Ал ар кыл жанрлуу (жөө жомок, баатырдык жомок, баатырдык архаикалык эпос), көп варианттуу жана көп версиялуу чыгарма. «Эр Төштүктүн» варианттары, версиялары кыргыз элинен башка да тектеш түрк тилдүү элдердин көпчүлүгүндө жолугат. Булардын ичинен С. Каралаев айткан баатырдык архаикалык эпос «Сырттан Төштүк» классикалык үлгү катары бааланып, орус[1], француз[2] сыяктуу дүйнөлүк чоң тилдерге которулуп, жер жүзүндөгү көптөгөн элдерге белгилүү боло баштады.*

*«Төштүктүн» ар кыл варианттарынын, версияларынын негизги сюжеттик линиясы, борбордук каармандарынын атынын окшош болушу, ал турсун айрым учурда бири-бири менен тексттик дал келиши – алардын генетикалык бир негизде жатарын көрсөтөт. Дегинкисин айтканда, Борбордук Азия, Түштүк Сибирдеги түрк-монгол элдеринин көптөгөн эпосторунун сюжеттери, мотивдери жана образдары окшош, типтеш келип, фольклордук чыгармалардын бирдиктүү ареалын түзөт. Кыргыздын «Төштүк» эпосу жеке эле аталган ареалдагы эпикалык чыгармалар менен жакын турбастан, өзүнүн тарыхый өсүп-өнүгүш жолунда Орто Азия, Иран эл-*

---

[1] Ýð Òº øò¿ê. Êèðãèçcêèé íàðîäíûé ýïîc. – Ô., 1995.

[2] Aventures merveilleuress seus terre et ailleurs de Er Toshrik Parus, 1965.

*деринин фольклордук чыгармаларынын көптөгөн элементтерин да өз боюна сиңирген*[1].

*«Төштүк» чыгармасынын эл арасында популярдуу болуп түрк тилдүү, тектеш элдерде кеңири таралышы өткөн кылымда эле окумуштуулардын көңүлүн өзүнө буруп, алар тарабынан тексти кагаз бетине түшүрүлүп, илимий көз караштар айтыла баштаган. Европалык окумуштуулардын ичинен «Төштүккө» биринчи болуп назар салган академик В. В. Радлов өзүнүн «Образцы народной литературы тюркских племен» деген атактуу эмгегинин IV томуна Батыш Сибирдик татарлардын «Ийир Тошлик» жөө жомогун, V томуна кыргыздын баатырдык архаикалык эпосун жарыялап жана ушул томдун кириш сөзүндө эки чыгарманын сюжеттик системасын салыштырып карап, жалпылыгын белгилеген. «Төштүктү» андан ары изилдөө, жыйноо Г.Н. Потаниндин фольклористтик ишмердиги менен байланышкан. Ал «Төштүк» жомогун англофранктын, Кавказдын, Монголдун, Славяндын фольклордук чыгармаларынын сюжеттери менен салыштырып: «... бул жомоктун враиантары Монголиядан тартып Батыш Европага чейинки бүткүл аралыкка тараган»*[2]*, – деп белгилеген. Бул изилдөөлөргө бурят окумуштуусу М.Н.Хангаловдун «Балаганский сборник» деген эмгегин кошсок болот. Анда буряттардын «Гесер» эпосунун айрым эпизоддору «Төштүккө» салыштырылган*[3]*. Эпостун чыгыш теги, жанрдык мүнөзү жөнүндө айрым байкоолор Советтик доордо П.А.Фалев*[4]*, В.М.Жирмунскийлер-*

---

1 *Êîðîãëû Õ.Ã.* Âçàèìîcâÿçè ýïîcà íàðîäîâ Cðåäíåé Àçèè, Èðàíà è Àçåðáàéäæàíà. – Ì., 1983. C. 45.

2 *Ïîòàíèí Ã.Í.* Âîcòî÷íûå ìîòèâè â cðåäíåâåêîâîì åâðîïåécêîì ýïîcå. – Ì., 1899, C. 68.

3 *Õàíãàëîâ Ì.Í.* Áàëàãàícêèé cáîðíèê: Cêàçêè, ïîâåðüÿ è íåêîòîðûå îáðÿäû ó cåâåðíûõ áóðÿò. – Òîìcê, 1903. C. 260–272.

4 *Ôàëåâ Ï.À.* Ââåäåíèÿ â èçó÷åíèå òþðêcêèõ ëèòåðàòóð è íàðå÷èé. – Òàøêåíò, 1922. C. 17.

*дин[1] эмгектеринде жолугат. Х.Г.Короглы эпостун мотивдеринин семантикасын, образдарын Иран мифологиясы менен байланыштуу караган[2].*

*Советтик доордо эпосту калк арасынан жазып алуу, жарыялоо жана изилдөө өтө интенсивдүү жүргөнүн белгилей кетүү адилеттүүлүккө жатат.*

*Бул иштин алгалоосуна улуттук интеллигенциянын өз элинин көркөм маданиятын изилдөө ишинде кадимкидей илимий деңгээлдеринин өсүп жетиле келиши да өз салымын кошкон. Азыркы учурда эпостун ар улуттагы (кыргыз, казак, татар) варианттарынын түрдүү версияларынын, түрдүү проблемаларына арналган көптөгөн эмгектер пайда болду.*

*Казактардын «Ер Тестик» жомогу М.Ауэзов, А.Маргулан, М.Габдулин, А.Коңратбаев, Р.Бердибаев, С.Садырбаев ж. б. эмгектеринде каралса, татарлардын «Ийир Тошлик» Ф.А.Ахметованын, Ф.И. Урманчиевдин ар түрдүү эмгектеринде анализге алынган. Аталган окумуштуулардын эмгектерин жалпылай келгенде, негизинен, эпостун генезиси, жанрдык өзгөчөлүгү жана ар түрдүү версияларынын сюжеттик параллели изилденгенин көрөбүз.*

*«Эр Төштүктү» кыргыздар өздөрү ушул кылымдын жыйырманчы жылдарынан тартып кагаз бетине түшүрө баштакан. Чогултулган материалдарга таянганда чыгарма эл арасында кара сөз менен айтылган жомок жана бүтүндөй ыр менен айтылган баатырдык архаикалык эпос түрүндө параллель жашап келгенин көрөбүз. Булардын ичинен Ж. Жамгырчы уулу[3], Ы.Шамен уулу[4], Ы.Абды-*

[1] *Æèðìóícêèé Â. Ì .* Íàðîäíûé ãåðîè÷åcêèé ýïîc. – Ì .–Ë., 1962, C. 201.

[2] *Êîðîãëû Õ.Ò.* Âçàèìîcâÿçè ýïîcà íàðîäîâ Cðåäíåé Àçèè, Èðàíà è Àçåðáàéäæàíà. – Ì ., 1983. C. 45.

[3] Ýð Òºøò¿ê. Æàçãàí Æóìà Æàìãûð÷û óóëó. ÊÐÓÈÀ ÊÔ. Èíâ. ¹ 14 (207). 1–2.

[4] Êº÷ïºc áàé (Ýð Òºøò¿ê). Æûéíàãàí Ûéìàíáåê Øàìåí óóëó. ÊÐÓÈÀ ÊÔ. Èíâ. ¹ 8 (201), 87–108-áåòòåð.

*рахман уулу[1], Ж.Казакбай[2] уулу тапшырган материалдар кара сөз түрүндө айтылган жомоктор. Булардын бардыгы Кыргызстандын түндүк регионунда жашаган өкүлдөрдөн жазылып алынган. Ошондуктан К.Мифтаковдун түштүктө «Эр Төштүк» эң көлөмдүү эпос болуп айтылып келгени жөнүндөгү маалыматы өзгөчө кызыкчылык туудурат[3]. Чыгарманын жалаң ырдан турган баатырдык архаикалык вариантын 1937-жылы улуу манасчы Саякбай Карала уулунан фольклорист-жыйноочу Ыбрай Абдырахман уулу жазып алган[4]. Эпосту изилдөөчү С.Кайыповдун так эсептөөсү боюнча бул варианттын толук тексти 16559 сап ырдан турат, б.а., кыргыздын башка кенже эпосторунун эч бирин көлөм жагынан астына салбайт, дегинкисин айтканда, жалпы эле түрк элдеринин эпосторунун көлөм жагынан эң ирдүүсү – «Төштүк». Мисалга салыштырып көрүңүз: казактардын «Кобланды баатыры» 6490 сап ыр, алтайлыктардын «Маадай карасы» 7738 сап ыр, хакастардын «Алтын Арыгы» 10371 сап ыр, өзбектердин «Алпамышы» 14000ге жакын ыр жолунан турат. Бул эпостор аталган элдердин эпикалык чыгармаларынын эң көлөмдүүлөрү болуп саналат. Кантсе да «Төштүктүн» башка элдерде жомок түрүндө, ал эми бизде эң көлөмдүү эпос болуп айтылышы – кыргыз элинин эпикалык чыгармачылыкка өтө ыкташып кеткенин дагы бир жолу ырастап турат. Ырас, кыргыздын башка кенже эпосторуна жана «Төштүктүн» өзүнүн жомоктук варианттарына салыштырганда ыр менен айтыл-*

---

[1] Òºøò¿ê. Êàë÷à Cóðàí÷èåâ. ÊÐÓÈÀ ÊÔ. Èíâ. ¹ 101 (304).

[2] Ýëåìàí áàéëûí Òºøò¿ã¿ (æîìîê). Æàçãàí Æàíæèãèò Êàçàêáàåâ. ÊÐÓÈÀ ÊÔ. Èíâ. ¹ 629 (52–67).

[3] *Ìèôòàêîâ Ê.* «Ìàíàñ», «Cåìåòåé» ýïîсòîðó áîþí÷à Íîîêàò ýêсïåäèöèÿсûíûí ìàòåðèàëäàðû. ÊÐÓÈÀ ÊÔ. Èíâ. ¹ 176.

[4] Cûðòòàí Òºøò¿ê. Àéòêàí C. Êàðàëàåâ. Æàçãàí Û.Àáäûðàõìàíîâ. ÊÐÓÈÀ, ÊÆÔ. Èíâ. ¹ 18, 48, 54.

ган эпостук варианты азыр сейрек учурайт, болгону революцияга чейинки В.В.Радлов жазып алган жана С.Каралаев айткан эки вариант гана илим дүйнөсүнө белгилүү. Бирок бул «Эр Төштүк» бир кезекте эл ичинде кеңири белгилүү көп варианттуу эпос болгонун жокко чыгарбайт. Мунун далили катары кыргыз фольклорун алгач изилдөөчү В.В.Радлов «Манас» менен катар, атап айтканда, ушул эпосту жазып алышын, К.Мифтаков көрсөткөндөй, түштүктө кеңири айтылып келишин, Төштүктүн өзү «Манаска» белгилүү каармандардын бири болуп катышышын, «Көкөтөйдүн ашы» баяндалган бардык варианттарда анын жер астына түшкөндүгү жөнүндө эскерилишин жана ал эскерилиштерде Төштүк беттешкен жер астындагы персонаждар бири-бирине окшош эмес түрдүүчө аталышын көрсөтүүгө болот. Кийинки мезгилдерде эл арасында «Төштүк» эпосунун варианттарынын сейрек кездеше башташын угуучу аудиториянын табиятка, коомго көз караштарынын улам жаңы баскычка көтөрүлүшү менен көркөм табити да өзгөрүлүп, эпикалык чыгармаларга да жаңыча суроо таламдар коюла баштагандыгы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. В.В.Радлов бул тууралуу минтип жазат: «Кыргыз өзүнүн (эпикалык) ырларында кандайдыр бир тири укмуштуу жана коркунучтуу жомоктук дүйнөнү эмес, тескерисинче, ал анда өзүнүн жеке турмушун, өзүнүн жеке сезимдерин жана умтулууларын, коомдун ар бир мүчөсүндө жашаган идеяларды ырга салганды жогору баалайт»[1]. Демек, сюжеттик негизин, системасын мифтик-фантастикалык элементтер түзүп, «тири укмуштуу жана коркунучтуу жомоктук дүйнөнү» сүрөттөгөн «Төштүккө» кийинки кездерде

[1] *Ðàäëîâ Â. Â.* Îáðàçöû íàðîäíîé ëèòåðàòóðû ñåâåðíûõ òþðê-ñêèõ ïëåìåí. Íàðå÷èå äèêîêàìåííûõ êèðãèçîâ. – CÏá.1885, C. VI.

*угуучулардын кайсы бир бөлүгү анча ыклас койбой кала башташкан деп болжолдоого болот. Ошондуктан, анын варианттары да сейрек учуроого өткөн.*

*Кыргыз илимпоздорунан «Төштүктүн» айрым маселелерине өздөрүнүн макалалары менен Ж.Таштемиров, С.Мусаев, Б.Кебекова, Ж.Суванбеков, С.Байкожоев, К.Кудайбергенов, Э.Абдылдаевдер кайрылышкан. Ага алгач ырааттуу, илимий анализ жүргүзгөн окумуштуулар – Ж.Суванбеков менен Б.Кебекова. Фольклорист Ж.Суванбеков алгачкылардан болуп ушул эпос боюнча кандидаттык диссертация жактап, анын ар түрдүү маселелерине тиешелүү бир катар макалаларды жарыялаган. Эпостун өзүнө атайы арналган монографиялык эмгектин алгачкысы С.Закировго таандык. Окумуштуу Б.Кебекова өз эмгегинде*[1] *«Төштүктүн» кыргыз-казак варианттарын салыштыра караган. Ал көптөгөн фактылык материалдын негизинде түрк-монгол ж.б. элдердеги «Төштүктүн» генетикалык окшоштуктарын изилдеп чыккан. Бирок фундаменталдуу ушул монографиясына «Кыргыз-казак акындарынын чыгармачылык байланышы» (Фрунзе, «Илим, 1985) – деп, жупуну атаган. Чындыгында, эмгекте жалаң кыргыз-казак акындарынын чыгармачылык байланышы эмес, бүткүл түрк-монгол элдеринин архаикалык эпикасын (жөө жомогун, баатырдык жомогун, көөнө баатырдык эпосун) «Төштүккө» салыштыра кеңири анализ берип, баалуу илимий пикирлерин айткан.*

*Кыргыз илимоздорунун «Төштүккө» кызыгуусу күүсүнөн жана элегине соңку кездерде эле удаасы менен эки (С. Кайыпов, К. Ж. Садыков) кандидаттык диссертациянын ийгиликтүү жакталышы да күбө. Булардын биринчиси – С. Кайыпов диссерта-*

---

[1] *Êåáåêîâà Á.* Êûðãûç-êàçàê àêûíäàðûíûí ÷ûãàðìà÷ûëûê áàéëàíûøû. – Ô., Èëèì. 1985.

*циялык ишин кайрадан иштеп чыгуу менен көлөмдүү монографиясын жарыялаган*[1]*. Автор китебинде эпикалык сүрөттөөнүн маанилүү көркөм каражаттарын ачуу менен бирге, алардын эпостогу көркөм каражаттык ролун анализдеп чыккан. «Эр Төштүктүн» поэтикалык каражаттары башка түрк элдеринин ар кыл жанрлуу эпикалык эстеликтери – казактардын, Батыш Сибирдик татарлардын «Эр Төштүк» («Ийир Төшлик») жөнүндөгү баатырдык жомокторy менен салыштырма анализ жүргүзүшү – эмгектин салмагын бир кыйла арттырган. Автор мында эпостун поэтикалык структурасынын жанрдык-стадиалдык жана улуттук спецификалык элементтерин ачууга айрыкча көңүл бурган.*

*Эмгектин дагы бир артыкчылыгы – азыр библиографиялык сейректикке айланган В.В.Радлов жарыялаган «Төштүктүн» текстин азыркы кыргыз алфавитине транслитерациялап, орусча илимий котормосун берүү менен бирге, азыркы фольклористикалык-текстологиялык тажрыйбанын теориялык-методологиялык жетишкендиктеринин деңгээлинде текстти териштирип, комментарийлер менен жабдышы болду.*

*Дүйнө элдеринин фольклордук чыгармаларынын типологиялык окшоштугу жөнүндөгү маселени чечүү ар убакта актуалдуу боюнча кала бермекчи. Анткени мындай изилдөөлөр фольклордук чыгармалар чексиз вариациялана берерин, типологиялык жалпылыкка ээ болуу менен бирге, алардын мыйзамченемдүү бирдиктүүлүгүн да ачып көрсөтөт. Ушул өңүттөн алып караганда К. Ж. Садыковдун «Кыргызский героический и русский былинный эпос в свете типологической общности» (На примере кыргызского эпоса «Эр Тештюк») деген кандидаттык*

---

[1] *Êàéû ï î â C.* Ï ðîáëåì û ïîýòèêè ýï îcà «Ýð Òåøòþê», ×àcòü I. Ãè ïåðáîëà. Cðàâíåíèå. – Ô., 1990. C. 317.

*диссертациясы бир кыйла кызыктуу. Диссертант «Эр Төштүк» эпосунун сюжеттик-композициялык курамындагы эпикалык жана кереметтүү жомоктук элементтердин өз ара катнашынын мүнөзүн белгилейт. Орус жана кыргыз эпосторунун сюжетиндеги мотивдердин типологиялык окшоштуктарына кайрылуу менен кийинки трансформацияланыштарынын багыттарын иликтейт. Кыргыз жана орус эпосторундагы эпикалык образдардын стадиялык эволюциясындагы типологиялык жалпылыктын жана спецификалык айырмачылыктардын деңгээлин анализге алат.*

* * *

*Дүйнө элдеринин оозеки эпикалык чыгармаларында негизги окуяга өтөрдөн мурда каармандын бойго бүтүшүнөн тартып, эрезеге жеткенге чейинки балалык чагын баяндаган, салт катары кириш сөз түрүндөгү пролог бөлүмү Төштүк эпосунда толук орун алган. Адам болуп санда жок «башы кара буту айры» тогуз уулу, түмөн жылкыны багабыз деп дайынсыз жоголгондон кийин, карыган Элеман байды эл куу баш атка кондурат. Ыза болгон Элеман кемпирин ээрчитип алып мазардан-мазар кыдырып, кудайдан тиленип жүрүп, акыры Төштүк аттуу перзенттүү болушат. Окуянын ушундай башталышы – «Төштүк» эпосунун байыркылыгынан кабар берип турат. Алгачкы жамаатта малчылык менен күн көргөн коомдун алкагында аз-аздап жоокердик дух ойгоно баштаган. Алар улам оттуу, суулуу жерлерге малын жылдыра жайып, чарбанын ошол түрү менен күн көрүшүп, өтө жөнөкөй (примитивный) турмушта жашашкан. Төштүктүн тогуз бир тууганы да ошол доорду башынан аттап кете албаган мажирөө жандар. Алар сан жылкысынын артынан көзөмөлдөп, алгачкы жамааттагыдай чогуу*

*жүрүшөт. Алардын индивиддик оокат кылуу сезими али ойгоно элек. Сырткы дүйнө менен эч бир иштери болбой, бейкапар жай турмуштарын өткөрүшөт.*

*Ушундай күңүрт коомдун ичинен аста-секин жоокерчилик заман өз өкүмүн алдыңкы планга алып чыгат. Барган сайын коңшу уруулар менен кагылышуу күч алып, бири экинчисин багындырып, талаптоноо менен тез арада байып калуунун эффективдүү жолуна өтө башташат. Бел оорутуп, кол жоорутуп эмгек кылбай, ит-куштан корук ызгаарлуу суукта мал күзөтпөй, башка уруулардын мал-мүлкүн зордуктап тартып алуу алда канча жеңил көрүнүп, жоокерчиликтин пайда болушун шарттады. Натыйжада, оозеки чыгармачылыкта жоокерчилик даңазаланып, анын тескерисинче, баштагы малчылык кесиптин ээлери төмөндөтүлө сүрөттөлүүгө өттү. Ошондуктан, келечек жоокер Төштүк, киши санында жок малчы тогуз агасына карата төрөлгөндөн тартып эле контрасттык абалда болгондугу баяндалат. В.В.Радлов жазып алган вариантта ал эки күндөн кийин «эне», алты күндөн кийин «ата» деп, тили эрте чыгат. Ага энчиленген ат коюла электе эле: «Кой кайтарамын» – деп жулунат. Ж.Жамгырчинов жазып алган вариантта үч-төрт айдан кийин эле буту басып, бир жашында кош айдап жаткан адамдарды көрсөтүп: «Атаке, тетиги эмне?» – дейт. Элеман: «Ай, айланайын балам, ал жандуу эл деген ошол, оокат кылып жатат», – дейт. Төштүк: «Ээ, атаке, биз эмне оокат кылбайбыз?» – деп суроо коёт. Эпикалык чыгармаларда каармандын туулганда эле чоң киши катары көрүнгөн мотивдердин түпкү теги уруулук мезгилиндеги ишенимдер, түшүнүктөр менен байланышкан. Алгачкы уруулук коомдун түшүнүгүндө адам жаны өлбөйт. Ал улам кайра туула берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. «Качандыр бир кезде төрөлгөн адам жаңы эмес, ал болгону мурдагы өлгөн адамдын кай-*

*радан жаралышы. Туулуу – өлгөндүн кайрадан турмушка кайтышы, адатта ал мурдагы ата-баба»[1] – деген жыйынтыкка келет В. Я. Пропп фольклордогу «укмуштуу төрөлүүнү» изилдеп жатып. Ушундан улам окумуштуулар: «Эпикалык чыгармаларда каармандардын туулбай жатып эрезеге жетишип, баштагы өлгөн кишинин өз жашында кайра турмушка кайтып келди деген байыркы кишилердин ишениминен, түшүнүгүнөн пайда болгон» – деп көрсөтүшөт.*

*Баатырдык эпостордо салт катары «Пролог» келечек баатырдын алгачкы эрдиги менен аяктайт. Каарман өтө жаш кезинде эле эч кимге баш ийбеген, өз билгенин бербеген эрдикке шыктуулугу менен айырмаланат:*

*Койгулашкан балдарды,*
*Койчо мууздап талкалап,*
*Кыра берди эр Төштүк.*
*Каарды катуу баштады,*
*Койбой кырып таштады.*
*Бир муштаган баланын,*
*Чекеси кетти оюлуп,*
*Эчен бала Төштүктөн*
*Өлө берди союлуп[2].*

*Төштүктүкүндөй жорукту армян эпосунда Санасар, Багдасар, орус былиналарында Добрыня Никитич, Василий Буслаевдер жасашат. Каармандардын мындай жоруктары, албетте, эпикалык поэзиянын баатырдык духу менен түшүндүрүлөт.*

*Эпостордо, айрымдар анын аткарбай жүргөн ишин айтып, мени ыза кылганча ошону аткарбай-*

---

[1] *Ïðîïï Â. ß.* Ìîòèâ ÷óäåñíîãî ðîæäåíèÿ. – Ôîëüêëîð è äåéñòâèòåëüíîñòü. – Ì., 1976. 214-áåò.

[2] *Êàðàëàåâ С.* Ýð Òºøò¿ê. – Á., Øàì, 1996. 38-áåò. Óøóë êèòåï ìûíäàí àðû «êºðñºò¿ëãºí êèòåï» äåï áåðèëèï, áåòè ãàíà êîþëàò.

*сыңбы, – деп намысына тийип каргашы салттык мотивдерден. Мисалы, Семетей кушумду алып бербейсиң деп, Сары тазды сабаганда, ал анын Темиркандын шаарында тентип жүргөнүн, жери Талас, атасы Манас экенин, Абыке, Көбөш энеси Каныкейге кордук көрсөтүп, Букарга качырганын катуу сөздөр менен айтат. Олжобайдын баласы Акберди таэжеси Суксурду таарынтканда ал: «Атаң Олжобайды өлтүргөн Кудакеден кыйын болсоң өч албайсыңбы!» – дейт.*

*Казак эпосу «Козу көрпөш, Баян сулуунун» бардык варианттарында Козу көрпөш өрмөгүн үзүп койгон кемпир ага, атасы кудалашып койгон колуктусуна эмдигиче барбай жүргөнүн айтып кордойт. Бул каармандар үйлөрүнө келишип, жакын адамдарын кыйнап жатып чындыкты дагы бир ирет угуп, бышыктап, өз миссиясын аткарыш үчүн сапарга чыгат.*

*Мына ушулар сыяктуу эле баласын уруп качырып келген Төштүккө өрмөкчү кемпир мындай дейт:*

*Бала өлтүрүп, журт бузуп,*
*Басып өзүң жүргүчө*
*Туубай туна чөгө кал!*
*Тирүү жүрбөй өлө кал!*
*Атаңдын малын талаган,*
*Атаң Элеманды сабаган,*
*Кара кытай, манжуунун*
*Калкын барып чаап ал!*
*Балбан болсоң, эр болсоң,*
*Башка туулган шер болсоң,*
*Жоголгон тогуз агаңды*
*Артынан издеп таап ал*[1].

*Мына ушул мотивден кийин негизги окуя башталат. Бир караганда Төштүктүн жер астына*

---

[1] Êºðcºò¿ëãº í êèòåï, 39-áåò.

*түшкөнгө чейинки окуялары экспозициялык гана милдет аткаргандай көрүнөт, бирок эпостогу образдар системасына жана сюжеттин өнүгүшүнө терең карай келгенде, негизги окуя ушул жерден бери тарта башталат. Төштүк үйүнө келип он төрт күнү «Жумган көзүн ача албай, сунган бутун тарта албай» коркутуп жатып, атасы Элемандан тогуз агасын издеп чыгуу үчүн макулдугун алат. Элеман ага «кырк жылы басса жыртылгыс» темирден чокой, сексен семиз бээнин этинен «жети жыл жесе түгөнгүс» кулазык камдап берип жөнөтөт. Бул да алгачкы уруулук жамааттын ишениминен, түшүнүгүнөн пайда болгон мотив. В. Я. Пропп орус элинин кереметтүү жөө жомогунун тарыхый тамырын изилдеп жатып минтип жазат: «Бут кийим, аса таяк, нан качандыр бир кездерде өлгөн киши тиги дүйнөгө сапар алган жолдо аны жабдыган предметтер болгон. Алар жолдун узактыгын символдоштуруп кийин темирге айланган»[1].*

*Төштүктүн агаларына жолугушу жана жоголгон жылкыларды айылга айдап келиши эпикалык тондо эмес, жөн жай социалдык реалдуу турмуштагыдай сүрөттөлөт. Бирок негизги окуянын башаты ушул жерден башталат (С. Каралаевдин вариантында). Бул жерге жылкыны Элемандан Камбар ата Сары айгыры баштап келет. Төштүк агаларына жолуккандан соң, жылкысын түгөлдөйүн деп жолго чыгып Чук-Терек деген жерге келет. Бул жерде аны перинин кызы Айсалкын күтүп жаткан болот. Ал:*

*Назарыңды салыңыз*
*Бирге турам жети күн.*
*Жети күнү жатыңыз,*

---

[1] *Ï ðî ï ï Â. ß.* Ècòîðè÷åcêèå êîðí è âîëüøåáí îé cêàçêè. – Ë., 1966. С. 49.

*Жети күнү жатканда,*
*Тамашага батканда,*
*Убаданы кылыңыз*
*Кыямат нике кыйыңыз*[1] *–*

*дейт. Төштүк Айсалкын менен баш кошот. Кийин Айсалкын төрөп, баланы Көкөтөйдүн кызыл нарына таңып, аны агытып жиберет. Көкөтөй ал баланы таап асырап алат да, атын Бокмурун коёт.*

*В.В.Радлов жазып алган вариантта Төштүк табылган жылкыны түгөлдөгөндө эки кокту толуп, бир кокту бош калат. Калган жылкы кайда? – дегенде Сарбан кул: «Тоодой кара ат минген, казанбактай кара бөрк кийген» бир жигит айдап кеткенин айтат. Төштүк жылкыны издеп чыкканда жар башынын үстүндө жарты алачык, анын жанында жалгыз кара бээ жүрөт. Саамайынан сирке, бит куюлган өтө бир жүдөө кара кыз астынан чыгат. Кыз Төштүктүн аты-жөнүн, эмне себептен бул жерде жүргөнүн терип-тепчип сурайт. Төштүк жок издеп жүргөнүн түшүндүрөт. Кыз:*

*Жогуң болсо табылар, жигит,*
*Абийириң жабылар, жигит,*
*Жарты алачык дебесең,*
*Бош ордосун берүүчү.*
*Жалгыз кара бээ дебесең,*
*Сан бээнин сүтүн берүүчү*
*Биздикине конуп кет, жигит*[2] *–*

*деп, алачыгына жетелеп кирип, аркардын туягына бир чоң саба кымыз куюп берет. Төштүк түгөтө албайт. Жалгыз сүбөө салып берип, аны тойгузат. Төштүк түн ортосунда ойгонуп кетип эки жагын караса, үй ичи алтын, күмүш менен жасалгаланып,*

---

[1] Êºðcºò¿ëãºí êèòåï, 177-áåò.

[2] *Êàéûïîâ C.* Ïðîáëåìû ïîýòèêè ýïîcà Ýð Òåøòþê. Ïðèëîæåíèå. – Ô., 1990. 175-áåò.

*жанында «Толук айдай балкыган, жарык күндөй толкуган» кыз жатат. Кызды ойготсо ал:*

*Алтын жаак, күмүш тил,*
*Комузду каккамын,*
*Кудайдын кулагына жакканмын.*
*Төштүк сени өзүмө*
*Ылайыктап жасап алганмын.*
*Бу дүнүйө бок экен,*
*Кыяматта Төштүк меники,*
*Айдап кет Төштүк жылкыңды*[1], –

*дейт. Мындай мотив өтө байыркы экенин скифтердин өзүлөрүнүн түпкү теги жөнүндөгү легендасы ырастайт. Аны байыркы гректердин окумуштуусу «тарыхтын атасы» Геродот жазып калтырган:*

*... Геракл Героиндун букасын кубалап азыркы Скифия мамлекетине келет. Катуу бороон, суук болуп, ал өзү алып жүргөн арстандын терисине оронуп уктап калат, ушул учурда жайыттагы бээлери моюнтуктары менен кошо жоголот. Ойгонгон Геракл аларды издеп, бүткүл жерди кыдырып чыгат, акыры Полесье деген жерге келип, ал жердеги үңкүрдөн белинен ылдый жылан, жогору жагы аял, жарымы кыз, жарымы жылан жандыкка жолугат. Аны көрүп таң калган Геракл андан: «Кайсы бир жерде адашып жүргөн бээлерди көргөн жоксуңбу?» – деп сурайт. Буга ал: «Бээлер менде, бирок адегенде мени менен үйлөнбөсөң аларды сага бербеймин» – дейт. Геракл менен чогуу жашоо максатын көздөгөн ал, бээлерди кайтарып берүүнү улам кийинкиге калтырып, создуктура берет да, акыры бээлерин кайтарып берет. «Мен адашып мында келген бээлерди сага сактагам, а сен бул үчүн мени менен баш кошуп, үч балалуу болдук ...»*

*... Төрөгөн балдары эрезеге жеткенде ал балдарына ат койгон, бирөөнө – Ага фрис, ортончусуна – Гелон, кенжесине – Скиф ... Скиф берилген тапшыр-*

[1] Êºðcºò¿ëãº í êèòåï, 177-áåò.

*ма-милдеттерди так аткарып, өлкөдө калат. Гераклдин ошол уулунан таргандар – бардык учурдагы скифтердин падышалары ...*[1]

*Мындай мотив эпикалык чыгармаларга салт болгонун перстердин улуу акыны Фирдоусинин атактуу «Шахнамеси» күбөлөйт. Рустам Туран жерине келип, аңчылык кылып, кулан атып шишкебек жасап жегенден кийин катуу уктап калат. Ошол учурда ал жерде аңчылык кылып жүргөн турпандыктар анын аты Ракшты алып кетишет. Ойгонгон Рустам атын таппайт. Кайгырган боюнча аны издеп түрк каганынын ордо шаары Саманганга жөнөйт. Каган аны меймандостук менен тосуп алып урматына той жасайт. Тойдон кийин Рустам кагандыкына жатып калат. Түн ичинде ага кагандын кызы Тахмина келет да, ага аял болгусу келгендигин айтат. Анын сулуулугуна кызыгып жана атынын табыларына кубанып, Рустам аны менен баш кошот. Кийин Тахмина баатыр бала Сухрабды төрөйт.*

*Б.э.ч. жашап өтүшкөн скифтердин легендасындагы, орто кылымдагы акын Фирдоусинин дастанындагы, XIX–XX кылымдардагы кыргыз айтуучуларынын эпосундагы мотивдердин бири-бирине майда деталдарына чейин дал келиши анча таң калыштуу эмес. Бул – тек гана «Төштүк» эпосунун айрым мотивдери, эзелки Скиф доорунан тартып пайда боло баштаганын көрсөтөт.*

*Айсалкын менен Бектору бир чыгарманын – «Төштүктүн» варианттарында аттары бөлөк болгону менен бир образ, С. Каралаевдин вариантындагы Айсалкындын образы кыргыз фольклоруна Иран мифологиясы аркылуу кийин кирген перинин образы менен контаминацияланып, көбүнчө анын белгилерине ээ болуп, өзүнүн баштагы атрибутунан ажырай баштаган. В. В. Радлов жазып*

---

[1] *Ðàåâcêèé Ä. C.* Î÷åðêè èäåîëîãèè cêèôî-càêcêèõ ïëåìåí. – Ì., 1977. 21–22-áåò.

*алган вариантындагы Бектору ага караганда баштагы теги табияттын улуу энеси – улуу Кудай аялдан мурастап калган белгилерин бир кыйла терең сактап калган. Ал Айсалкынчасынан жинперилердин жеринде жашабайт, туруктуу бир жерде жашап, ары-бери өткөн жолоочуларды коноктойт. Төштүк менен кыяматта жар болууга убадалашат. К. Суранчиевдин вариантында ал мергенчинин кызы. М. Дүйшембиевдин вариантында асканын боорунда жашаган ченде жок сулуу кыз болот. Үйүнө барган кишини кайберендердин ээси жөнүндөгү кыргыз уламыштарындагыдай туякка кымыз куюп берип сыйлайт. Мунун баары Бектору качандыр бир кезде сырдуу дүйнөнүн көзөмөлчүсү, өлүктөр дүйнөсү менен байланышчы жана кайберендин ээси (кудайы) болгондугунан кабар берип, «отуз падышачылыкка кирүүчү эшиктин сакчысы, ошону менен бирге жаныбарлар дүйнөсү, өлүктөр менен байланышы бар»[1] Яга менен типтештигин көрсөтүп турат.*

*Бектору – өңү жаман кара кыз да, толгон айдай толукшуган сулуу кыз да болуп өзгөрө алат. «Манас» эпосунда кайыптын каны Байыңдын (шаман дининдеги Сибирдеги түрк элдеринде аңчылык кылуучу кайберендердин кудайы) кызы, кийин Алмамбеттин аялы Аруукe да түрүн өзгөртүп тантык, өңү суук кара кыз да, ашкере сулуу кыз да боло алат. Анын Бектору менен типтеш болушунан улам, Бектору да качандыр бир кезде жаныбарлардын кудайы болгон деген жогорудагы ойду ырастайт.*

*«... Матриархаттык доор күч алып турган мезгилде жаралган улуу Кудай аял – табияттын улуу энесине таандык касиеттерден»[2]. Ал касиеттерди*

---

[1] *Ï ðî ï ï Â. ß.* Ècòîðè÷åcêèå êîðíè âîëüøåáíîé cêàçêè. – Ë., 1988. 71-áåò.

[2] *Càðû ïáåêîâ Ð.* « Ì àíàc» ýï îcóíäàãû áààòûðäûê ì îòèâäåðäèí ýâîëþöèÿcû. – Ô., 1987, 91-áåò.

*«Семетей» эпосунда бүгүнкү күнгө чейин сактаган Айчүрөк Б. Сазановдун вариантында Семетей Кыяздан каза болгондо «тили темир, жаагы жез» сыйкырдуу комуздун кылын какканда анын үнүн Көйкаптагы дөөнүн кызы Көкмончок угуп, көп дөөлөр менен келет да, Семетейдин сөөгүн көккө алып чыгып, «баштагы өткөн пайгамбар» Так Сулаймандын жанына бекитет. Мындай касиет Бекторуда да бар. Ал: «Алтын жаак, күмүш тил» комузун кагып, кудайга жагып, Төштүктү өзүнө ылайыктап жасап алат.*

*Ошентип, Бектору (Айсалкын) матриархаттык доордун мифологиясындагы табияттын улуу энеси – улуу Кудай аялдын фольклорго (эпоско) өтүп, эволюцияланууу жолу менен кайрадан ойлонуштурулган образ. Доорлор өтүп, коом менен коом алмашканда идеологиянын да өзгөрүшү – адамзат тарыхында алмустактан бери келе жаткан көрүнүш. Матриархаттык түзүлүш кулай баштап, патриархаттык түзүлүшкө жол бошоткон алгачкы доордо да ушул көрүнүш даана байкалды. Матриархаттын негизги идеологиясы мифтер кыйроого өттү. Баштагы аял кудайлар унутула баштады же башкы эркек кудайлардын жардамчысына, төмөнкү ролдогу жаманчылык духтарга, фольклордук тескери каармандарга айланды. Экинчи жагынан фольклорго өткөндө көктөн улам төмөндөп, кадимки жердик аялга айлануу менен оң каармандын негизги жардамчысы, камкорчусу болду.*

*Биринчи учурга конкреттүү мисал келтирели. В.Я.Пропп Баба-Яганын образынын эволюциясын изилдей келип, ал мартиархат доорунда аңчылык жаныбарларынын энеси жана ээси, анын сыноолорунан өткөн адам андан белек алып, аңчылыкта жолу болуп оң образдагы аял кудай болгонун белгилейт, бирок кийин идеология өзгөрүлгөндө жапайы*

[1] *Ïðîïï Â. ß.* Ècòîðè÷åcêèå êîðíè âîëøåáíîé cêàçêè, 71-áåò.

жаныбарлардын энеси жана ээси, эми Жез кемпирге айлангандыгын көрсөтөт[1]. Ушунун мисалында «Кожожаштагы» кайберендердин ээси жана энеси Сур эчкини алсак болот. Ал кийин идеология өзгөргөндө фольклордогу терс каарманга айланат. Мунун издерин «Төштүктөгү» жети баштуу Желмогуз кемпирден тапса болот.

Сур эчки Кожожашты азгырып барып аскага калтырып өлтүрөт. Мунусу кайберендерге эпсиз канкордук менен мамиле кылган Кожожаштан өч алуусу болуп саналат. Бул – эпоско кийин кирген түшүндүрүү. Дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларында Сур эчкинин тибиндеги аял кудайлар аңчы менен сүйүү байланышында болуп, же аңчы анын сүйүүсүнөн баш тартканда, же табу шертин бузганда азгырып барып өлтүрөт.

Төштүктүн кереметтүү кыз, б.а., мурдагы аял кудай Бектору (Айсалкын) менен алгач сүйүү байланышында болуп, кийин андан баш тартканы – жумшартылган түрдө Кенжеке Төштүккө турмушка чыгып, көчүп келе жатканда жолунан чыккан аны менен кайым айтышы аркылуу берилет.

Күнүлүк жайы бар Айсалкын Кенжекенин жолунан чыгып тийиштик менен кутмаарек айтканда, Кенжеке анын кутмааregин кабыл албай, сөөгүнө жеткидей сөздөр менен кагып:

Сен барып конуп, жериң тап, долу,
Тие турган эриң тап, долу!
Кебез-Тоо сага жер болбойт, долу,
Эр Төштүк сага эр болбойт, долу!
Эр Төштүк берчү мен эмес,
Ала койчу сен эмес!»[1] –

дейт. «Ээрдинде сөөлү, тилинде мөөрү бар, каргышы ката кетпеген, кара саат Айсалкын» Кенжекенин кагуу сөзүнөн ызага буулугуп: «Төштүгүң жер үстүнөн айрылып, жер астына түшүп кетип кор болуп,

[1] Êºðcºò¿ëãº í êèòåï, 107-áåò.

*сен жети жылы саргайып тирүүлөй жесир болуп кал!» – деп каргайт.*

*Кара жердин астынан чыга калган Бектору Кенжекеге кутмаарек айтып кагуу жегенде Төштүктү «Күчтүү болуп сен алдың, Күчсүз болуп мен калдым. Бул дүйнөдө ал сеники, кыяматта меники», – дегенде, Кенжеке: «Бу дүйнөдө мен алдым, кыяматта бербеймин»,– дейт.*

*Мифологиялык салт боюнча Бектору (Айсалкын) эми Төштүктөн өч алып, аны өлүмгө кириптер кылууга тийиш эле. Эпос чагылдырган окуя да ошондой болот. Баштагы мифтик каарман эпосто кайрадан ойлонуштурулганда, бул милдет анын субституту – жети баштуу Желмогуз кемпирге жүктөлгөн. Ал ушул жолугушууга удаа эле Төштүктү өлүктөр дүйнөсү – жер алдына алып түшүп кетет, бирок адегенде Төштүктү кандай себеп менен жер алдына атайылап алып кетиши мотивсиз калат. Кийин гана Төштүк жер астына түшүп, Күлайым менен жолугушканда маселе түшүнүктүү болот. Төштүккө сыртынан ашык болгон Күлайым аны жер алдына алып түшүүсүн Желмогуз кемпирге тапшырган. Демек, Сур эчки (аял кудай) аңчыны азгырып барып өлтүргөндөй Күлайым да Төштүктүн өлүктөр дүйнөсү – жер алдына түшүшүнө, б.а., жаманчылыкка кириптер болушунун негизги себепчиси. Ырас, эпосто Күлайым оң образ катары сүрөттөлөт, бирок анын Желмогуз кемпир менен байланышын кандайча түшүнсө болот? Мифологияда аял кудайлар сулуу жаш аялга да, каардуу, кекчил кемпир кейпиндеги жогорку культка да айлана алат. Буга караганда Бектору (Айсалкын), Күлайым, Желмогуз кемпир алгачкы учурда бир эле образ. Кийин элдик оозеки чыгармачылыкта ситуацияга жараша кубулган түрлөрү өз-өзүнчө бөлүнүп, ар бири өз алдынча персонификацияланган. Алгачкы учурда үч персонаж бир эле образ болгондугу – Тоолуу-алтай-*

лыктардын «Маадай кара» эпосунан даана байкалат. «Маадай кара» менен «Төштүктү» параллель карашка, б.а., аларды генетикалаш деп саноого толук негиз бар. Анткени аталыштары башка болгону менен сюжеттик мотивдери өтө жакын, каармандарынын аткарган функциялары да, аттары да окшош. Мисалы, Төштүк кайын атасы Көкдөөнүн кыйын тапшырмаларын аткарганда жер астынан күткөн достору төрт Маамыт жардам бергендей эле, Төштүккө параллелдеш Көгүдөй мерген Аккандын кызы Алтын-Күскүгө куда түшкөнү бара жатканда жолунан анын алты түгөйлөшү кезигип, Аккандын кыйын тапшырмаларын аткарууда каарманга жардам беришет. Алардын аттары да «Төштүктөгү» Маамыттарга окшош. Мисалы, «Төштүктө» – Жер тыңшар Маамыт, Жейрен секиртпес Маамыт; «Маадай карада» – Жер тыңдагыч, Жейрен секиртпес.

«Маадай карада» өлүктөр дүйнөсү – жер алдынын өкүмдары Эрлик бийдин кызы Кара Таажы жер алдында да, жер үстүндө да эркин жүрө алат (жети баштуу Желмогуз сыяктуу). Ошондуктан ал жер үстүнүн баатыры Көгүдөй мергенге өз сүйүүсүн сунуш кылат. Анын сүйүүсүн Көгүдөй мерген четке какканда:

Айдан алыс Алтайга
Алпарамын мен сени, – дейт,
Эрлик бийдин эшигин
Ачтырамын мен сени, – дейт.
Өлбөс атыңды көрөрмүн,
Өлбөс жаныңды көрөрмүн, – дейт[1].

Бул – Айсалкын Кенжекеге «Элемандын сырттаны бу дүйнөдө сеники, о дүйнөдө меники, долу» дегендегисиндей убада. Кара Таажы айткандагыдай эле сыйкыр менен Көгүдөйдү өлтүрүп, жер алдына –

[1] Ì àààäé Êàðà. – Ì ., 1973. 184-áåò.

*өлүктөр дүйнөсүнө алып түшүп кетет. Көгүдөйдү аты тирилтип, жер үстүнө алып чыгат.*

*Ошентип, «Төштүктөгү» сүйүүсү четке кагылган кереметтүү кыз Бекторунун (Айсалкындын) да, ал үчүн өч алып, каарманды жер астына алып түшкөн Желмогуз кемпирдин да, жер астынын ээси (каны) Көкдөөнүн кызы Күлайымдын да аткарган функциясын «Маадай карада» жалгыз Кара Таажы аткарат.*

*Мындан көрүнүп тургандай, матриархаттык доордун ишениминдеги аңчылык жаныбарларынын ээси жана энеси Кудай аял кийин коом өзгөргөндө баштагы функциясынан ажырап, эми таза фольклордук каарманга трансформацияланды. Жаңы коомдун талаамдарына ылайык түрү өзгөрдү. Баштагы Кудай аял катары өз каалоосу менен бирде жогорку культ зооморфтук жаныбар, бирде жердик сулуу аялга айланышы экиге ажырап, өз алдыларынча образ түздү. Жогорку күчкө ээлиги, эми тескери мүнөздөлүп, адамдарга зыян келтире турганы Желмогуз түрүндө сүрөттөлө баштады. Баштагы аңчылыктын жана жалпы эле жаратылыштын ээси жана энеси аял кудайдын кийин тескери каарманга айланышы дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда өтө типтүү экендигин Е. М. Мелетинский төмөндөгүдөй мисалдар менен көрсөтөт: Архаикалык эпика үчүн демондук баатырдын мифологиялык фигура «энеси» же «кожоюн аялы» өтө эле типтүү: Абаастардын картаң шаман аялы якуттардын эпосунда, желмогуздардын энеси картаң чил-алтайлыктарда, Хуу-Иней – хакастарда, Лоухи – «Калевалада» дал ушундай, бул персонаждарды бир жагынан эскимостук мифтик Седни, кеттик Хосядамды, вавилондук Тиаматты, башка жагынан кыйла өнүккөн эпостордогу королева Меубди, ирландия сагасындагы Геренделдин энесин («Беовульфдагы»),* Орто

*азиялык «Алпамыштагы» Сурхаил кемпирге салыштырса болот.*

*Жогоруда байыркы мифологиядагы Кудай аял фольклордун каарманына айланганда жеке тескери образды түзбөстөн, экинчи учурда көктөн улам төмөндөп, акырында кадимки жердик аялга айлануу менен оң каармандын негизги жардамчысы болот.*

*Эпостордун архаикалык формаларында, мисалы, якуттардын олонхосунда укмуштуу чынардан чыккан кудай аял Аан Алакчын хатун, алтайлыктардын Кай чөйрөсүндө Алтай тоосунун ээси эне кудай, хакастардын алптык нымагында Хуу-Инейлер эпостун башкы каарманы – элдик баатыр өзүнүн миссиясын аткарууга алгач жөнөгөндө ат-тон, курал-жарак, акыл-кеңешин берүү менен жөнөтөт же укмуштуу колдоочу болуп өзү кошо жөнөйт. Ал эми кыргыз эпосторунда бул функцияны жердик кадимки аялдар аткарат. Мисалы, Каныкей жердик кадимки аялдын образын алып жүрүү менен мурдагы Кудай аялга таандык сыйкырчылык, кереметтүүлүктүн ордун акылмандык, сарамжалдуулук, ашкере уздук менен толуктап, Аколпок баш болгон бүтүндөй жоо кийимдерин, жоо куралдарын даярдап Манасты кырк чоросу менен жоого (казатка) аттандырат.*

*«Төштүктө» баштагы Кудай аялдын акырындап кадимки жердик аялга айланышы Кенжекенин образы аркылуу берилет. Ал Төштүккө келбестен мурун анын «Айбан басып, куш учпас жерге, Адам каттап, журт укпас элге, түшсө чыккыс орго, чалынса кайта кутулбас торго» барарын керемети менен билип, анын эң негизги жардамчы жолдошу сыйкырдуу тулпар Чалкуйрук, жасалган материалынын тышынан баалуу металл менен чайылган ок өтпөс Чайыңги тон, «Суусаса суусун кандырган, ачса курсак тойгузган, сенделген жанды сергиткен, арык жанды семирткен» күлазык, атты арытпас*

*мээр чөп, алты жүз нардын куну бар Наркескен кылыч менен жабдыйт. Ырас, Кенжеке менен Каныкей башкы оң каармандын сүйүктүү жары, жоожарак, ат-тон менен жабдылган, кысталышта кеңеш берген негизги камкорчусу болуп, аткарган функциясы бирдей болгону менен экөөнүн образында айырмачылык бар. Каныкейдин укмуштуу иштери кереметке, жогорку күчкө таянбастан, кадимки эле жердик адамдын идеалдаштырылган жакшы сапатына, ар нерсени акылга салып алдын ала көрө билген даанышмандыгына, ашкере узундугуна таянылат. Ал эми Кенжекенин образы Каныкейге салыштырганда бир кыйла байыркылык кылат. Ал алдыда боло турган иштерди акыл менен эмес, керемети менен билет, Төштүккө берген кереметтүү ат-тон, жарак-жабдыкты Каныкейчесинен өзү жасабайт же өзүнүн жетекчилиги менен жасаттырбайт, ата-энесинен даяр түрдө сурап алат. Байыркы мифологиялык каармандын образынын алгачкы булагынан бери карай карап келсек, улам мифтен реалдуу турмушка карай ылдыйлоону башынан өткөргөнүн: алгачкы жамааттык коомдогу табияттын улуу энеси – башкы Кудай аял, андан патриархаттын күчөөсү менен баштагы функциялары акырындап эркек кудайлардын колуна өтүп, өзү анын жардамчысына айланганын көрөбүз. Мисалы, түрк элдеринин ичинен байыркы ишеними башка диндер менен (мисалы, будда, христиан, ислам диндери) аралашпай, бүгүнкү күнгө чейин таза сакталган якуттардын мифологиясында башкы эркек кудай үрүн Айы Тойон жараткан адамдын сүрү менен кутун тогузунчу кабат асмандан ак куу кейпиндеги аял Кудай жердеги адамдарга жеткирүүчү болот. Эң акырында фольклордук каарманга трансформацияланып, жердик кадимки адамдын кереметтүү аялына, андан эч кандай керемети жок кадимки жердик аялга айланат.*

*Кенжеке ушул табияттын улуу энеси – башкы Кудай аялдын образынын эволюциялык өнүгүшүнүн үчүнчү этабында турат. Эгерде түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында аял кудайлар Аан Алакчын хатун, Хуу-Иней, Алтайдын ээси байбиче өзү жараткан же ээлик кылган дөөлөттү каарманга өзү тапшырса, экинчи этапта аны жараткан башкы эркек кудайдан алып каарманга өткөрүп, ортомчулук гана милдет аткарат (жогоруда мисал келтирген ак куу кейпиндеги аял кудайдай). Ал фольклорго трансформацияланган субинститутунда кудайлык касиетинин айрым гана рудиментин сактап, дөөлөттү башкы эркек кудайдан эмес, кадимки жердик адамдын колунан алат. Ата-энесинен кереметтүү ат-тон, жарак-жабдыкты сурап алып, Төштүккө тапшырган Кенжеке ушул типтеги образ.*

*Патриархалдык доор толук өкүм сүргөн мезгилде жаралган түрк-монгол элдеринин эпосторунда баатырга тулпар тартуулаган Кенжекенин тибиндеги аял каармандар эми четке сүрүлүп, анын ордун карыя жылкычы ээлеп, туруктуу персонажга айланат. Ал өзү кайтарган жылкыдагы тулпарды кармап баатырга берет же аны баатырга көргөзөт. Баатыр тулпарды балбандык күчүнө салып араң кармап токтотуп минүүгө көндүрөт.*

*В.М.Жирмунский жөө жомоктордо ат кереметтүү жардамчы-колдоочу катары өтө зор роль ойноорун белгилеп келип минтип жазат: «Ошентип баатырдын согуштук жолдошу жана башкы жардамчысы ат жоокердик турмуштун реалдуу шарты менен туура келип, эпосто баатырдык же кереметтүү жөө жомоктордогудан кем эмес роль ойнойт»*[1]*. «Төштүктө» Чалкуйрук да ушундай касиетке ээ. «Кыргыздын эпостук вариантында (С. Каралаевде)*

---

[1] *Æèðìóícêèé Â. Ì.* Cðàâíèòåëüíîå ëèòåðàòóðîâåäåíèå. – Ë., 1999. 208-áåò.

*Чалкуй- руктун образы да эпикалык арымда кеңири сүрөттөлөт. Татар, казак, кыргыз жөө жомоктук варианттарында из салынган мотивдердин кеңиши, жаңы окуя, жагдайлардын киришинде анын антроморфтуу жана магиялык сапат, касиеттеринин артышы, жыйынтыгында элдин көркөм кыялында классикалык образдын үлгүсү катары жашашы көрсөтүп турат»[2] – деп жазат бул жөнүндө окумуштуу-фольклорист Б. Кебекова.*

*Евразиянын талааларында алгачкы атчан жоокерлер скифтер болгон. Демек, булар жашаган аймактарда тулпардын мифтик образы алгач ошолор тарабынан жаралып, алардан кийинки элдер тарабынан өнүктүрүлгөн. Таш бетинде ошол кездеги адамдар калтырган сүрөттөр биздин бул оюбузду ырастайт. Монголиянын аймагында биздин эрага чейинки 1-миң жылдыктын башында эле мындай сүрөттөр пайда боло баштаган. Ал эми биздин эрага чейинки V–III кылымдарда Батышта, Казакстанда, Тувада, Монголияда, Алтайда, Миң-Сууда мындай сүрөттөр массалык түрдө тарайт.*

*Аттын кереметтүү мифтик образы Сибирь, Алтай элдеринин искусствосунда кеңири тарай баштаган ушул мезгилде кыргыздардын байыркы ата-бабалары алгач бул территорияга көчүп келип, жергиликтүү динлиндер менен биригишип, мурдагыдан калыптанып келе жаткан маданияттын мураскорлоруна айланышып, аны өркүндөтүшкөн. Кереметтүү тулпардын образы да алардын эпосторунан орун ала баштаган. Анткени сүрөт искусствосунда культ катары кеңири жайылган аттын образы эл чыгармачылыгынын башка бир тармагы сөз искусствосунда орун албай калышы эч мүмкүн эмес. Анын үстүнө ат – жоокердик замандын бөлүнгүс атрибу-*

[1] *Êåáåêîâà Á.* Êûðãûç-êàçàê àêûíäàðûíûí ÷ûãàðìà÷ûëûê áàéëàíûøû. – Ô.: Èëèì, 1985. 232-áåò.

*ту болгондон кийин, ошол жоокердик замандын туундусу – нагыз төл чыгармасы баатырдык эпосто анын образы бекем орун алышы күмөнсүз. Демек, Чалкуйруктун образы ушул мезгилден тартып жарала баштаган деп айтууга негиз бар.*

*Баатырдык жомоктордо кереметтүү жардамчы катары аттын образында дагы эле байыркы тотемдик ишенимге негизделген адамдын укмуштуу жардамчысы жаныбар жөнүндөгү мифологиялык көз караштын байланышы сезилет. Эпосто бул жомоктук мотив бир кыйла бошоңдойт, бирок талаа баатырынын башкы жардамчысы жана ажырагыс жандоочусу атта баатырдык идеализациялоонун элементи катары сакталат»[1]. Демек, Чалкуйруктун түпкү теги «байыркы тотемдик ишенимге негизделген», муну анын эпосто сакталган функциялары толук далилдейт. «Чалкуйруктун аткарган иштеринде, окуялардын тар, кенен сүрөттөлүшүндө айрым өзгөчөлүктөр болбосо, үч элдин (кыргыз, казак, тоболдук татарлар) жомогунда негизинен архаикалык мүнөздөмөлөр, байыркы белгилер сакталып калган, өсүш жолунда анчалык өзгөрүүгө учурабаган»[2]. Кыргыз эпосундагы Чалкуйрук казак, түмөндүк татарлар жомогундагы Чалкуйрукка караганда бир канча жандуу. Ал кадимки жердик адам – башкы каарман Төштүктөн да акылдуу, кереметтүү: ал алдыда боло турган коркунучтуу окуяны керемети менен алдын-ала туюп: «Мен туйганды туйдуңбу, Мен билгенди билдиңби?» – деп, ээсинен сурап, андан кутулуунун айла-амалын үйрөтүп турат. Ал адамча сүйлөп, Төштүктөн артыкчылыгын мындайча белгилейт:*

*«Эрдигиң бар, эсиң жок, Төштүк,*
*Эчтеме менен ишиң жок, Төштүк,*

---

[1] *Æèðìóíсêèé Â. Ì.* Òþðêсêèé ãåðîè÷åсêèé ýïîс. – Ë., 1974. 250-áåò.

[2] *Êåáåêîâà Á.* Æîãîðóäàãû êºðсºò¿ëãºí ýìãåê. 180-áåò.

*Акылыңа түйүп ал, Төштүк,*
*Акылыңа түйбөсөң, Төштүк,*
*Айтканымы билбесең, Төштүк,*
*Азапты артык көрөсүң, Төштүк*[1].

*Төштүк анын тилин албай, кырсыкка учураганда минтип ыйлайт:*

*Сөз айтсаң сөз албас,*
*Аңкоого башым не коштум?*
*Сүйлөп айтсаң сөз албас,*
*Шүмшүккө башым не коштум?*[2]

*Ошондуктан, Чалкуйрук минген Төштүк жер алдына түшүп кетер сапарга чыкканда Кенжеке ага мындайча тапшырма берет:*

*Айланайын Чалкуйрук,*
*Эр Төштүгүм – эримди*
*Уктаганда ойготкун,*
*Ыйлаганда соороткун,*
*Билбегенин билгизгин,*
*Туйбаганды туйгузгун,*
*Өлгөн жанды тиргизгин*
*Өчкөн отту тамызгын*[3].

*Адамча сүйлөө, оюн түшүнүү, бир түрдөн экинчи түргө кубулуп, каалаган затка же жан-жаныбарга айланып кетүү касиетине ээ болгон Чалкуйруктун кереметине терең ишенген Кенжеке да ага кадимки адамдай мамиле жасайт. Төштүк көп учурда алдынан кездешкен тоскоолдуктарды Чалкуйруктун жардамы, кеңеши менен жеңет. Ал турсун Чалкуйрук Чоюнкулактан өлгөн Төштүктү тирилтет. Бул функцияларды Аан Алакчын хатун, Хуу-Иней,*

---

[1] Êºðcºò¿ëãº í  êèòåï, 139-áåò.
[2] *Êàéû ïîâ С.* Ïðîáëåìû ïîýòèêè ýïîñà. Òèðêåìå. 196-áåò.
[3] Î øîíäî. 194-áåò.

*Алтай тоонун ээси байбиче менен салыштырганда байыркы тотемдик колдоочу Кудай энелер аткарган функциялар. Демек, Чалкуйрук алгачкы башатын мифтик-фантастикалык кереметтүү жөө жомоктон алган «Төштүк» эпосунда окумуштуу Б.Кебекова белгилегендей, байыркы функцияларын сактап, «өсүш жолунда анчалык өзгөрүүгө учурабаган»[1]. В. Я. Пропп кереметтүү аттын кереметтүү жөө жомоктордогу эволюциясын изилдей келип, «... жылкы адамзат маданиятына, адамзат аң-сезимине токой жаныбарларына караганда кийин кирет»[2]. Демек, «... аттын образынын алдыңкысы башка жаныбарлар болгон»[3] – дейт. Мындай трансформациялануу шек жок Чалкуйруктун образында да болгон. Түпкү теги байыркы түрктөрдүн тотеми бөрү менен байланышкан Аан Алакчын хатун, Хуу-Иней Алтай тоонун ээси байбиче эпикалык каарманга көпчүлүк учурда бөрү кебетесинде жолугуп колдоо көрсөтсө, керек учурда жылкыга айланып, каармандын узак сапарына минүүчү тулпар болуп да бере алган. Кийинчерээк тотемдик колдоочу жаныбар бөрүнүн аткарган функциясы – адамдардын чарбачылык ишине, жоокерчиликте негизги таянычына айланган аттарга оой баштаган.*

*Ошентип, мындан көрүнүп тургандай Чалкуйруктун образынын алдында ага типтеш жардамчы тотемдик жардамчы жаныбар бөрү болуп, анын функциясы трансформациялануу аркылуу Чалкуйрукка өткөн. Мындан экинчи бир жыйынтыкка келүүгө болот. Эгерде, Чалкуйруктун образы бөрүнүн трансформациялануусу аркылуу байыркы тотем-*

---

[1] *Êåáåêîâà Á.* Êûðãûç-êàçàê àêûíäàðûíûí ÷ûãàðìà÷ûëûê áàéëàíûøû. – Ô., Èëèì, 1985. 180-áåò.

[2] *Ïðîïï Â. ß.* Ècòîðè÷åcêàÿ êîðíè âîëøåáíîé cêàçêè. 169-áåò.

[3] Îøîíäî. 175-áåò.

*дик колдоочуга барып такалса, анда ал жаныбардын зооморфтук тиби Чалкуйрукка, ал эми антропоморфтук тиби Кенжекеге өткөн, б.а., экөө бир образдан бутактанып бөлүнүп чыккан. Бир кездеги бул биргелик кийин трансформацияланып, Кенжеке Чалкуйруктун ээси катарында сүрөттөлүшү аркылуу изин сактаган. Чалкуйруктун Кенжеке менен башында бир образдын алкагында болушу – башына кыйындык түшкөндө (Чалкуйрук) Төштүккө:*

*Мен үйүрүмдү көрбөсмүн,*
*Сен үйүңдү көрбөссүң.*
*Ак Кенжемди көрбөсмүн,*
*Атакеңди көрбөссүң*[1]*. –*

*деп кайрылуусунан ачык көрүнөт.*

*Ошентип, Чалкуйрук кадимки жердик адам Төштүктөн керемети менен ар нерсени алдын ала туя билгич да, акылдуу да, айлакер да болуп айткан кеңеши, аткарган кызматы менен аны ар кандай кыйындыктан коргоп, сактап калышы – анын образынын түпкү теги тотемдик колдоочу эне кудай менен байланыштуулугун түшүндүрүп турат. Ошондуктан Төштүк ал жөнүндө:*

*Ата жокто Чалкуйрук,*
*Ата болгон күлүгүм.*
*Апам жокто Чалкуйрук,*
*Апам болгон күлүгүм.*
*Элим жокто Чалкуйрук,*
*Элим болгон күлүгүм.*
*Өлбөчү күлүк, өлбөчү,*
*Мени каран салбачы*[2] *–*

---

[1] Ïðîáëåìû ïîýòèêè ýïîñà «Ýð Ò¸øòþê». Òèðêåìå.

[2] *Ðàäëîâ Â. Â.* Îáðàçöû… ÷. V. – Êèòåïòå Êàéûïîâ С. Ïðîáëåìû ïîýòèêè ýïîñà. «Ýð Òåøòþê». Òèðêåìå. 201-áåò.

*дейт. Ошону менен бирге Чалкуйруктун образы аттын чарбада, жоокерчиликте негизги таянычка айланып, адам турмушуна арка-бел болушу менен анын баркы көтөрүлүп, аттык касиетке ээ болгон жаңы толуктоолорго туш болот да, анын иш аракеттери рационалдуу мотивделүүгө өтө баштаган. Мисалы, анын эпикалык талапка ылайык чаалыкпас-чарчабас, астына ат салбас тулпарлык касиети айрым учурларда кадимки реалдуу атка жакын сүрөттөлгөнүн көрүүгө болот:*

*Чу койгондо бөлүнүп,*
*Тулпардык сыны көрүнүп,*
*Көрүнгөндө көрүнүп,*
*Көрүнбөсө Чалкуйрук*
*Көк түтүн болуп бөлүнүп»[1],*

*кадимки күлүктөрдөй эле чуркайт. Мына ушулардан улам, баатырдын ишенимдүү жардамчысы болгон Чалкуйруктун образы улам трансформациялануга учурап, өнүгүүнүн өтө узак эволюциялык жолун басып өткөндүгүн көрүүгө болот.*

*Эпостун борбордук каарманы Төштүктүн бойго бүтүшү, төрөлүшү жана эрезеге жетиши түрк-монгол элдеринин, дегинкисин айтканда, дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларындагы традициялык мифтик-фантастикалык, кереметтүү мотивдер менен баяндалат. Ал карыган ата-эненин мазардан-мазар кыдырып, бала тилеп кудайга жалынуусунан бойго бүтөт. В.М.Жирмунский бул мотивдин түпкү чыгыш тегин байыркы тотемдик ишенимдер менен байланыштырат. Бара-бара коомдун өнүгүшү менен эски түшүнүк, ишеним кийинки көз караш менен конфликтиге учураган. Натыйжада, ал мотив өз доорунун талабына ылайык кайрадан ойлонуштурууга туш болгон. Алда канча кийинки доордо каар-*

[1] Êºðcºò¿ëãº í êèòåï, 147-áåò.

*мандын укмуштуу бойго бүтүшү жөнүндөгү байыркы мотив, аталык тукум куучулуктун жаңы түшүнүгү эң кур дегенде турмуштук пландагы конфликтиге туштугууга тийиш болгон. Ушуга ылайык, феодализм доорундагы эпикалык каармандын кереметтүү бойго бүтүшү алда канча кийинки замандын көз карашына негизделип, бирок өзүнүн баатырдык-романтикалык формасында, анын жарык дүйнөгө келишин коштогон окуянын өзгөчөлүктөрүн сактап калган»[1].*

*Төштүктүн бойго бүтүшүндөй эле анын тез өсүп торолушу да өзгөчөлөнүп турат:*

*Жаңы туулган бу бала,*
*Эки конбой «эне» – деди,*
*Алты конбой «ата» – деди.*
*Элеман кой жайганда,*
*Ошо убактан бул бала*
*Жайган койду кайтарды[2].*

*Болочоктогу баатыр төрөлөрү менен эле чоң кишидей акыл-эске, күч-кубатка ээ болуп, ал жасаган иштерди жасай алышы – баатырды идеализациялоонун дагы бир жолу. Ошондуктан бул мотив дүйнөлүк эпостордо өтө кеңири тараган традициялык мотивдердин бири. Анын түпкү теги байыркы адамдардын дүйнө таанып билүүсүндөгү түшүнүктөргө, ишенимдерге тыкыс байланыштуу. Эпикалык каармандын тез эле чоң киши сыяктуу болуп калышын В.Я.Пропп реникприация сыяктуу татаал түшүнүк менен байланыштырат. Бул түшүнүк боюнча жаңы төрөлгөн бала качандыр бир кездерде жашап өткөн адамдын (көбүнчө тотемдик же тотемдик ата-*

[1] *Æèðìóícêèé Â. Ì.* Íàðîäíûé ãåðîè÷åcêèé ýïîc. – Ì.–Ë. 1962. С. 14.

[2] *Ðàäëîâ Â. Â.* Îáðàçöû íàðîäíîé ëèòåðàòóðû Cåâåðíûõ òþðêcêèõ ïëåìåí. ÷. V. CÏÁ, 1885. С. 527.

*бабанын) кайрадан жарык дүйнөгө келиши. «Тез чоңоюу мотиви каарман куткаруучунун мотивинен жаралган. Ал кандайдыр бир кырсыктын маалында туулат жана ошол замат андан кутулуу ишин колго алат. Ал чоң киши болуп төрөлөт, анткени ал тигил дүйнөдөн кайткан чоң киши. Албетте, аял чоң кишини төрөй албайт, андыктан бала чоң кишиге айланган мотив пайда болуп, жомоктордо адаттан тышкаркы көрүнүш, өсүш катары берилет»[1].*

*Төштүк он экисинде эле эр жетип, «Катылышкан адамды карсылдатып сабап, койгулашкан балдарды койчо мууздап талкалап» чыгат. «Бул жерде баарынан мурда өспүрүмдүн кара күчү жана тартынбастыгы гиперболана сүрөттөлгөн»[2]. Кыргыздын эпикалык чыгармаларынын каармандарынын 9–12 жаштарында эле эрезеге жетиши – салттуу мотивдердин бири. Бул мотив байыркы түрк элдеринде, «баланын 5–7 жаштан тартып, 9–12 жашка чейин энесинен бөлүнүп эркектердин кесибин өздөштүрө баштаган»[3] сыноо табынуусунан өтүү салтына байланыштуу келип чыккан. Элдин түшүнүгүндө эпикалык оң каарман катардагы эле бирөө эмес, кандайдыр бөтөнчө, адаттагыдан айырмаланып турушу керек. Мындай адаттан тышкаркы укмуштуулук, өзгөчөлүк алдын-ала эле байкалып туруuга тийиш. Ошондуктан анын бойго бүтүшү, төрөлүү, эр жетүү процесси жогорудагы мисалдагыдай мифтик-фантастикалык кереметтүү мотивдер менен коштолуп сүрөттөлөт. Экинчиден, мындай кереметтүү мотивдер каарманды келечекте аткаруу-*

---

[1] *Êàéû ï î â C.* Ï ðî áëåì û ï îýòèêà ýï îñà «Ýð Ò¸øòþê». C. 49.

[2] *Ãðè÷ À. Ä.* Äðåâí èå êî÷åâí èêè â öåí òðå Àçèè. – Ì ., 1980. C. 56.

[3] *Ï ðî ï ï Â. ß.* Ì îòèâ ÷óäåñí îãî ðîæäåí èÿ – ôîëüêëîð è äåéñòâèòåëüí îñòü. – Ì ., 1975. C. 237.

*чу миссиясына алдын-ала даярдоо болуп саналып, чыгарманын прологу катары да кызмат кылат. Төштүк эрезеге тез жетүүсү менен анын биринчи эрдиги башталып, жылкы кайтарып жоголуп кеткен тогуз агасын издеп чыгат. Төштүктүн намыскөйлүгү айтканынан кайтпас баатырдыгы ушул биринчи эрдигинин башталышында эле ачык көрүнөт. Ал өрмөкчү кемпирден агаларынын тентип жоголуп кеткенин укканда терең психологиялык толгонууну башынан өткөрөт.*

*«Агамды таап албасам*
*Туубай туна чөгөйүн,*
*Тирүү жүрбөй өлөйүн!*
*Агасы тентип кетти – деп,*
*Журттан айың көргөнчө,*
*Шылдың болуп, таба жеп,*
*Минтип жүрүп өлгүчө,*
*Жолукса жоону чабайын»*[1].

*Атасы Элемандын: «Тогуз жаман ал өлсө, Тогузун издеп сен өлсөң, Абыдан карыган менин күнүм эмне болот?» – деп, зар какшаганына карабай агаларын издеп чыгат да, акыры аларды жылкылары менен кошо таап келет.*

*«Эр Төштүк» эпосу байыркы адамдардын мифтик-фантастикалык уламыштарынан, аңыз сөздөрүнөн кереметтүү жөө жомокторго, баатырдык жомокторго жана архаикалык баатырдык эпосторготрансформацияланышынан жаралган чыгарма. Ошондуктан, анын борбордук башкы каарманы Төштүк да ушул эволюцияны башынан өткөргөн. Муну «Төштүктүн» түмөндүк татарлардагы, казактардагы, кыргыздардагы кереметтүү жөө жомок, баатырдык жомок, архаикалык баатырдык эпос-*

[1] *Êàðàëàåâ С.* Ê°ðc°ò¿ëã° í êèòåï, 41-áåò.

*торундагы версияларын варианттарын салыштырма тарыхый методдо иликтеп, анын чоо-жайын оңой эле түшүнүүгө болот. Булардын ичинен түмөндүк татарлардын арасында айтылган «Төштүктүн» версиясы эң байыркы, архаикалык версия деп эсептөөгө болот. Анткени мындагы образдар архаикалык формасын сактап, сюжет да анын иш аракеттерине ылайыктала курулган. Түмөндүк татарлардын версиясы боюнча Төштүктүн жер алдына түшүшүнө жыландын падышасы себепчи. Дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгында бүркүт менен катар чоң жылан (ажыдаар) жүргөнүн көрөбүз. Мындай учурда бүркүт асмандын ээси, адамдарга жакшылык алып келүүчү күч болуп сүрөттөлсө, ажыдаар тескерисинче, жер асты дүйнөнүн (өлүктөр жашоочу дүйнөнүн) ээси. Бүркүт менен ажыдаардын ортосун адатта дүйнөнүн көпчүлүк оозеки чыгармачылыгына таандык өмүр дарагы (космостук дарак) туташтырып турат. Ирландыктардын байыркы сагасы «Эддада» баяндалгандай анын чокусун бүркүт мекендесе, түбүн бүткүл дүйнөнү жок кылмакчы болгон коркунучтуу ажыдаар ээлеп жатат. Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында да ушуга жакын элестетилет. В.Я.Пропп ушул типтеги жыландардын (ажыдаардын) образынын эволюциясын изилдеп келип, аны жакшылык же жамандык кылуучу образга кошууга каршы туруп, мындайча корутундуга келет: «Биз келтирген мисалдарда эки бөлөк жылан жок, анын эволюциялык өсүшүнүн эки баскычы бар. Адегендеги аксанатай жылан, кийин өзүнүн карама-каршысына айланат»[1]. Түмөндүк татарлардын версиясынан ушуну көрүүгө болот. «Ийир Төшлик» кереметтүү жомогунда драматизм жана конфликттүүлүк жок бо-*

[1] *Ïðîïï Â. ß.* Ècòîðè÷åcêèå êîðíè âîëøåáíîé cêàçêè. – Ë., 1946. С. 213.

*луп, каарман менен жылан падышасынын ортосунда айыгышкан карама-каршылык көрүнбөйт. Бардык иш жай сүйлөшүү, макулдашуу аркылуу чечилет. Төштүктүн жылан падышасынын кызына үйлөнүшү макулдашуу жолу менен өтүп, жер астынан эч кимдин жардамысыз чыгат. Анткени байыркы адамдар табияттын жапайы күчүнүн ээсине жакшы мамиле жасаса, ал дагы жакшылык менен жооп берет деген ишенимде болушкан. Ушул ишеним боюнча түмөндүк татарлардын кереметтүү жомогунда жер астынын ээси, жыландардын падышасы менен оң каармандын ортосундагы окуялар конфликтисиз, тынч өтөт.*

*Ал эми казактардын жөө жомогунда конфликт кыйла ачык көрүнөт. Жер астына түшүп, кызына үйлөнгөнү келген Төстүккө жыландардын падышасы Жылан-Бапы кан: «Өзүнүн душманы Темиркандын кызын алып келип берсе гана кызымды беремин» деген шартын коёт. Төстүк коюлган шартты кыйла кыйынчылыктар менен аткаргандан кийин, Жылан-Бапы ага кызын берип, жер үстүнө чыгууга мүмкүндүк берет. Бул жомоктордо эмне үчүн ажыдаар жер астынын ээси катары сүрөттөлгөн? – деген суроо туулат. Буга, А.Ф. Лосевдин дүйнөлүк мифологиядагы ажыдаардын образынын байыркы классикалык үлгүсүнө берген аныктамасы менен төмөндөгүдөй кыскача жооп берсе болот: «Жылан же жылан түрүндөгү жандык (ал эми мындай образ ар түрдүү мифтерде аз эмес) жердин эң жакын туугандашы жана анын кудурет, күч-кубаттарынын, акылмандыгынын ошондой эле жамандык менен жакшылыктын стихиялуу аралашмасынын өтө ачык символу болгон»[1].*

---

[1] *Ëîcåâ À. Ô.* Àíòè÷íàÿ ìèôîëîãèÿ. – Ì., 1957. C. 42.

*Ал эми биздеги «Эр Төштүктө» жер астынын ээси ажыдаар жөнүндөгү мотив унутулууга өткөн же негизги сюжеттик канонго анча таасир эте албай, арткы планга жылган (Мисалы, ал алп кара куштун балапандарын жегени жатканда Төштүк атып өлтүрөт).*

*Анын ордун Кара дөө, Көк дөө сыяктуу антропоморфтук персонаждар ээлеген. Төштүк булар менен эпикалык жоокер катары жан аябай салгылашып, жеңип чыгат. Ошентип, Төштүк кереметтүү жөө жомокто пассивдүү, баатырдык жомоктордо бир кыйла активдүү аракет кылса, баатырдык эпосто кадимки эпикалык каарман катары бардык тоскоолдуктарды, кыйын кезеңдерди жеңүүчү же ал жеңиштердин уюштуруучусу катары көрүнөт.*

*Мураталы МУКАСОВ*

# ЭР ТӨШТҮК

*(Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча)*

## КӨКӨТӨЙДҮН АШЫНДАГЫ КҮРӨШ ТУУРАЛУУ

Көкөтөй ашы болгондо,
Капыр менен мусулман
Кара курттай кыжылдап,
Кайнап жерге толгондо.
Көкөтөйдүн ашында,
Капыр менен мусулман
Каш кайтарар бир жан жок,
Кабылан Манас башында.
Ар ким назар түк салбай,
Капыр менен мусулман
Укурук кайырар түк калбай.
Алп-дөөлөрдүн баарысын
Атынан түшүрүп шаштырып,
Далпылдатып баарысын
Ашта жөө бастырып.
Коржондогон жан калбай,
Кыя басып кире албай,
Кылым дөөнүн баарысы
Кыраан Манас көкжалга
Каяшак бере албай,
Калк каратып турганы,
Ошондо Көкөтөйдүн Бокмурун
Калкка жарын угузуп:
«Миң карача төө сайдым,
Буттап алтын зер сайдым,
Капыр менен мусулман
Бир тамаша салсын – деп,

Кан атамдын тоюнда
Калк кармашып калсын – деп,
Кулак угуп, журт көрүп,
Кан атамдын сөөлөтү
Доор кыямат болгуча,
Унутулбай калсын – деп,
Капырдан чыгып бир балбан,
Мусулмандан бир балбан,
Жөө күрөштү салсын – деп,
Жыкканы байып калсын – деп,
Жыгылган куру калсын – деп.
Атамдан арбын дүйнө, илек* мал
Ушул аштан түк калбай.
Ада болуп калсын» – деп.
Манжуулардын Нескара
Бул сөздү угуп алыптыр,
«Калмактардын кан Жолой
Качан байдаң тиет», – деп,
Кайрат айтып барыптыр.
«Калың дүйнө, сансыз мал
Көкөтөйгө сайды», – деп,
Жолой угуп калыптыр.
Мына ошондо кан Жолой
(Даңкы катуу таш жарган,
Жолу каткан Жолойго,
Жолойго адам жолойбу?!)
Кармашканды калдайтып
Алып турган кези экен,
Балакетти дөөлөргө
Салып турган кези экен,
Күрөшкөндү талкалап,
Чалып турган кези экен.
Жети жылы жөө басып,
Жетик найза майлаган,
Жетимиш алпты жайлаган.
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,

Жетимиш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.
Жөөгө балбан, атка жок,
Жолой өңдүү капыр жок,
Калбайып оозу бирикпейт
Кандалчынын* кабындай.
Бириндеген муруту
Айбалтанын сабындай,
Жыланаяк, жылаң баш
Айбаты[1] кыйын ушундай.
Бу Жолойдон оолак кач.
Балбандыгы башкача,
Балбанды жыккан бир канча
«Көкөтөйдүн көп байге,
Бир күрөшүп көрөм, – деп,
Балбанга чыккан бурутту
Көтөрүп уруп салам, – деп,
Көкөтөйдүн көп байге
Жеке өзүм алам, – деп,
Балбанга чыккан буруттун
Бир эсебин табайын,
Улактай жерге чабайын.
Чындап каарым кармаса
Бөлүп-бөлүп салайын,
Колу-бутун суурайын,
Сан кара сайган буруттун
Заманасын куурайын,
Чабалы чыкса буруттун
Чапчып кармап жутайын.
Балбаны келсе буруттун
Башын кармап жулайын,
Кызыталак буруттун
Башына кыйын кылайын,
Беттешкенди койбоюн,
Бурут, калмак экөөнө

[1] Ò¿ï íóñêàäà «àéáàòûí» äåï êàòà æàçûëãàí.

Оюнду мыктап ойноюн».
Жолой жайын сурасаң,
Бука моюн, буура сан
Булкушканды кууратткан.
Калмактардын боз кисе*
Жылма болгон чоң Жолой
Жылаңач белге чалыптыр,
Алтымыш теке терисин
Сырттан кылган кандагай*
Аны кийип алыптыр.
Каарданып бакырып:
«Чык балбан»,–деп чакырып.
Карыпчыны камынып,
Көрөр болсоң Жолойду
Көк камандай чамынып,
Алышканды алгыдай
Адамдан бөлөк бул Жолой
Беттешкендин баарысын
Узунунан салгыдай,
Кармашып бенде баргысыз,
«Катылышам» деген жан
Өлбөй тирүү калгысыз.
Туурасы жоон, бою бас,
Боз жалпак тарткан жыластын
Бүткөн бою кара таш.
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Көрөр болсоң Жолойду
Көк дөбөдөй көрүнөт.
Калмактардын кан Жолой
Балакетти салганы:
«Казыр чыккын мага»,* – деп,
Жерди чапчылаганы.
Капыр менен мусулман
Карчалышып турганы.
«Балбанга Жолой чыкты, – деп,
Кандай туулган мыкты», – деп,
Карап турду жарданып,

Кан Жолойго таңданып.
Көкөтөйдүн ашында,
Көп мусулман баарысы,
Айран калды Жолойго
Кошой баштык карысы:
«Беттеп адам барабы?
Беттешкен аман калабы?»
Кыргын болчу эмедей
Кызык болду баарысы.
Как майдандын түбүндө,
Кан Манастын зор ордо
Калк ортого тигилген,
Бир жагына ордонун
Манас баштык кырк чоро
Оюн баштап жаткандай,
Бир бурчуна ордонун
Аккула менен кырк тулпар
Байлап койсо баткыдай.
Бир жагына кырк чоро
Ойноп ордо аткыдай.
Кабарчысы береги,
Кырк чоронун ичинде,
Кабар айтар Сереги,
Көкжал шердин өзүнө
Ошо Серек барганы.
«Келди Жолой балбан», – деп,
Кабар айта салганы.
Бул кабарды укканда
Жаадай учуп ордунан,
Жалаңкычтай эр Манас
Шашып-шушуп көкжалың
Аколпок тонун кийди эле,
Айбанбозду минди эле,
Кайнап жаткан көпчүлүк
Колго карай жүрдү эле.
Кырк чоронун баарысы,
Өлүмдөн коркпос жыластар

Кызык болуп баарысы,
Ажыбай, Бакай эки кан,
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Серек, Сыргак тегиздер,
Каражолтой канкордун,
Калк чайкаган анткордун,
Күтүп алган чоросу.
Ар кайсысы эгизден
Кыргылчал, Бозуул, Кутунай –
Кан Манастын кырк бөрү
Камбылдагы ушундай.
Айбанбоз минип калдайып,
Ачууланып эр Манас
Ач айкырык салды эле,
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы:
«Жоо кайдалап?» – ошондо
Даяр болуп калды эле.
Кырк чоро карап турганда,
Манас буйрук кылды эми:
«Байге алганы чыгыптыр,
Тапкын Жолой дарысын,
Барып жыйып айдап кел,
Дин мусулман журтунун
Дөө алпынын баарысын».
«Айт» дегенде кыйт койгон
Чорону кудай урабы?
Айдап келбей Манаска
Чоролор карап турабы?
Он эки кан мусулман,
Алп дөөлөрдүн баарысын
Арстан Чубак, Алмамбет
Койбой айдап калганы.
Канкор эрдин алдына:
«Каалаган алптар мына», – деп,
Чубатууга салганы.
Он эки кандын баары бар,

Ортосунда калдайып
Аксакал Кошой дагы бар.
Кутпа жагы бетинен,
Оң кол жак быяк четинен,
Кандын[1] жээни Жүгөрү
Жоорукөр тулпар аты бар,
Бенденин алпы каркыбар.
«Катылганды жейсиң сен,
Алп дөөлөрдүн баарысын
Тынбай алты ай урушуп,
Алып салдым дейсиң» – сен,
Күпүлдөп жооп кебиң бар,
Күрөшө турган эбиң бар.
Капыр менен мусулман
Тирелишкен жер экен.
Балбанга чыгып отурган,
Балбан Жолой эр экен.
Көп жыйындын кашы экен,
Көкөтөй кандын ашы экен,
Көп ичинде, Жүгөрү,
Бир керекке жарап бер.
Көкөтөйдүн көп байге,
Мындай кызык кайда бар.
Эки өркөчүн коркойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Төөдөн сайды бир минди,
Баары тегиз капкара,
Маңдайында кашкача.
Бээден сайды бир минди,
Анжыяндын аркары жоон сарала
Таңыгы менен сайыптыр.
Көкөтөйдүн санаты
Жер үстүндөгү адамдан

[1] Ò¿ï íóñêàäà «Êàí» äåï æàçûëûï, ìóóí æåòïåé ûðäûí ûðãààãû áóçóëãàí. Òóðóêòóó ôîðìóëà êàòàðû «Êàíäûí æýýíè Æ¿ãºð¿» äåï áàøêà æåðëåðäå êîëäîíóëãàíäûêòàí îøîë áîþí÷à êàëûáûíà êåëòèðèëäè.

Кайдан чыга калыптыр.
Сен кандайсың балбанга,
Жыгып мөрөй алганга?
Опол-тоодой чоң Жолой
Түп этектен алууга,
Эптеп кармап чалууга,
Сен кандайсың баруугa?
Жолу болгон Жүгөрү
Эси чыгып шашканы,
Жоорукөрдөй тулпардын
Үстүнөн түшө качканы.
«Астыңа тартуу берейин
Жоорукөр тулпар малымды,
Куткарамын жанымды.
Жолойго барсам оңбоймун,
Журтка шылдың болбоймун,
Ачууң келсе, баатырым,
Кылычың колго алыңыз,
Күрөшпөйт десең Жолойго
Кылычтап башым алыңыз.
Өз колуң менен, баатырым,
Жерге көмүп салыңыз!
Калайманды баштаса,
Калмактын каны чоң Жолой
Кармап тытып таштаса,
Жарты татаал кыядан,
Жалгыз элем уядан,
Элим алыс, журтум жок,
Ушундай экен дүйнө бок,
Өлүп калсам калмактан,
Чуркаарыма бутум жок,
Жыланга чалыш мен элем,
Шыйпанаарга куйрук жок,
Куланга чалыш мен элем,
Тоодой Жолой капырга
Күрөшпөйм, Манас, күрөшпөйм!
Башымды өзүң кесип ал,

Мен барбаймын тегеле.
Күркүрөгөн капырга».
«Кандын жээни Жүгөрү
Катын кайрат, суу жүрөк
Кара жерге кирсин!» – деп,
Канкор Манас кабылан
Кадыры жаман калды эми.
«Жаманды кудай жан кылбай
Алып салса боло»,– деп,
Андан ары өттү эле,
Таздын уулу эр Үрбү
Эр Үрбүгө жетти эле.
«Эки Кемин жердеген,
Эсеби жок чечен эр деген,
Күрүчүн күздүк айдаган,
Күрүчүнүн күрмөгүн
Күлүккө берип байлаган.
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Кара үңкүрдү үй эткен,
Кара токой мал эткен.
Эйбит таздын эр Үрбү,
Сен кандайсың балбанга,
Тоодой болгон Жолойго
Бир серпишип калууга?»
Баатырлыгын байкап бил,
Баарынан жаман качты эми.
«Үрбү болбой жерге кир!»
Анда Үрбү муну айтат:
«Кокуй, канкор, не дейсиң?
Наалат канкор не дейсиң?
Жарды жүрүп байыдым,
Жалгыз жүрүп көбөйдүм,
Кулаалы багып куш кылдым,
Курама жыйып журт кылдым,
Телик куш багып куш кылдым,
Тентиген жыйып журт кылдым.

Байгесин мен албаймын,
Калмагыңа барбаймын.
Жолойго барам деп бөөдө,
Өлүм болуп калбаймын.
Жолоюн кармап албайбы,
Башымды үзүп салбайбы,
Мен өлгөндө жыйган журт
Сан карасын чачпайбы,
Сапырылып баарысы
Тарап алып качпайбы.
Кулаалы кетер жерине,
Курама кетер элине,
Телик куш кетер жерине,
Тентиген кетер элине.
«Күрөш,– десең,– калмакка»,
Үрбүнүн бели сынбайбы,
Үрбүнүн бели сынган соң,
Журтумду кудай урбайбы.
Үрбү туруп түгүлдү,
Үрбүнү көрүп эр Манас,
Эр Үрбүдөн түңүлдү.
Ары карай өттү эле.
Казактардын кан Көкчө,
Кан Көкчөгө жетти эле:
«Адырдуу талаа Сары-Арка,
Ал жерлерди жердеген
Көкчө менен Манас – дейт.
Айдаркандын эр Көкчө
Сары-Арканы жердеген,
Салмагың оор эр деген.
Иткелдүү сорпо, майлуу эт,
Мен каалап алам өлүп кет.
Таруусун таштай актаган,
Катынын кыздай мактаган,
Беттешип бенде барбаган,
Айдаркан уулу алп Көкчө
Эңкейтип адам албаган,

Калк атасы Көкөтөй,
Көкөтөйдүн ашы экен,
Көпчүлүктүн кашы экен,
Сен кандайсың балбанга?
Жолу каткан Жолойго
Бир беттешип калууга,
Жыгып мөрөй алууга?
Казактардын кан Көкчө,
Каалап турам балбанга,
Калмактардын Жолойго
Күрөш кылып барганга,
Арыстандай сүрүшүп,
Ач бөрүдөй жулушуп
Мунтип намыс алганга.
Кыймылдатпай, камынтпай,
Камтый кармап алганга,
Кара жерге салганга».
Безге сайган эмедей,
Безилдеди эр Көкчө:
«Сары-Арка деген жерим бар,
Сары-Арканы жердеген
Сандаган казак элим бар.
Жолойго салып Көкчөнү
Кылайын деген экенсиң,
Сала берип жолборско
Тынайын деген экенсиң,
Сары-Аркадай жеримди
Алайын деген экенсиң.
Аким болуп казакка
Калайын деген экенсиң.
Кокуй, Манас, кордугуң,
Күрөш деп турган зордугуң.
Басып барсам мен Көкчө,
Калмактардын чоң Жолой
Башымды үзүп албайбы.
Алакандай мусулман
Намысы кетип калбайбы».

Анда Манас муну айтат:
«Баатыр Көкчө деп жүрсөм,
Катын Көкчө экенсиң.
Аябаган эң чабал
Бакыр Көкчө экенсиң.
Көп жер менен салышып,
Көнгөн Көкчө деп жүрсөм,
Өлгөн Көкчө экенсиң.
Кыяматты сен эчак
Көргөн Көкчө экенсиң.
Ышкы жокто, ыйман жок,
Намыс жокто, ары жок,
Сени кудай урабы?
Жан алуучу жалаңкыч
Ал калмактын жанында
Жанаша бирге турабы?» –
Каарданып жемелеп,
Кан Көкчөдөн өттү эле,
Эштектердин Жамгырчы
Жамгырчыга жетти эле:
«Жети-Өзөндү жердеген
Жеткилең кыйын эр деген,
Аккөкүл тулпар ат минген,
Эштектерге дөө болгон,
Качкан-бозгон калыкка
Кан Жамгырчы ээ болгон.
Баатырдыгың башкача,
Балбандыгың бир канча,
Кынсыз кылыч байланган,
Жердин үстүн түгөтүп,
Жортуп жүрүп айланган,
Эр Жамгырчы кыраакым,
Эрдиги журтка сынаакым,
Кан Көкөтөй ашында,
Калың жыйын кашында
Жолой менен беттешип,
Кармалашып калганга,

Сен кандайсың балбанга?
Мусулмандын арбагын
Бир көтөрүп салганга?»
Мына ошондо Жамгырчы
Көзү кетти алактап,
Буту кетти салактап,
Билегинен сап кетип,
Жүрөгүнөн кан кетип:
«Оо, Манас, журт атасы Көкөтөй,
Көкөтөйдүн бул тоюн
Көргөлү келген экенмин,
Көр дүйнөгө кабылып,
Көкжалым сенин өзүңдөн
Өлгөлү келген экенмин.
Кашайта көзүм оюп сал,
Колуң менен союп сал.
Мен Жолойго барбаймын
Балаасына калбаймын».
Жамгырчы качып балбандан
Аны да кудай алды эми.
Андан ары канкор шер
Эр Төштүккө барды эми:
«Эр Төштүк сага кезигип,
Жок экен менин арманым,
Жаралган алптын сырттаны
Жарашыктуу балбаным.
Алакандай мусулман
Сырттаны элең, сен Төштүк,
Алакандай мусулман
Кутманы элең, сен Төштүк.
Найзакерден эрендин
Ыктуусу элең, эр Төштүк.
Алакандай мусулман
Мыктысы элең, эр Төштүк.
Эрдикти эпсиз салып бер, Төштүк,
Мен айткан жакка барып бер, Төштүк,
Балбанга башың тыгылсын, Төштүк,

Алышкан калмак жыгылсын, Төштүк,
Тогуз бир уулдун кенжеси, Төштүк,
Бир кудайдын бендеси, Төштүк,
Элемандын эркеси, Төштүк,
Күн тийген чөлдүн чатыры, Төштүк,
Дин мусулман баатыры, Төштүк,
Оң далың опсуз кең кылган, Төштүк,
Жараткан сүйүп шер кылган, Төштүк,
Жалпы журтка эр кылган, Төштүк,
Таң атар салкын бозумсуң, Төштүк.
Жаныма жакын досумсуң, Төштүк,
Алты айлык чөл көргөн, Төштүк,
Адам көрбөс жер көргөн, Төштүк,
Улуктурсуң, шердирсиң, Төштүк,
Катуу кыйын түйшүккө
Бир чара таап эрдирсиң, Төштүк,
Чалкуйрук тулпар минип бер, Төштүк,
Айтканымды билип бер, Төштүк,
Чоң Жолойго кирип бер, Төштүк,
Кан Көкөтөй ашы экен, Төштүк,
Калың жыйын кашы экен, Төштүк,
Байгеси арбын, олжо көп, Төштүк,
Эр болсоң ишке канып бер, Төштүк,
Опол-тоодой Жолойду
Узунунан салып бер, Төштүк,
Калмактын Жолой балбанын, Төштүк,
Күрөшүп кызык салып бер, Төштүк,
Алп-дөөлөр карап бу турсун, Төштүк,
Дин истам эли чуу турсун, Төштүк,
Эригип турган элинди
Эми көөнүн чечип бер, Төштүк.
Энеси талак чочконун
Эптеп башын кесип бер, Төштүк,
Көтөрө уруп сала көр, Төштүк,
Көкөтөйдүн көп байге
Өзүң жеке ала көр, Төштүк,
Долдойгон бопбоз калмакты

Толгоп бир кыя чала көр, Төштүк.
Толгоп бир кармап жыга көр, Төштүк,
Топого башын тыга көр, Төштүк,
Көмүрдөй таптап баса көр, Төштүк,
Көөдөндөн аттай кача көр, Төштүк,
Кармашып түпкө жете көр, Төштүк,
Аттап бир башын кете көр, Төштүк.
«Төштүгүбүз жыкты»,– деп,
Мусулман журту сүйүнсүн, Төштүк.
«Төбөндөн тийген кантет»,– деп,
Капырдын калкы күйүнсүн, Төштүк.
Кармашкан Жолой түз болсун, Төштүк,
Акыр заман журтуна
Айтылгандай иш болсун, Төштүк,
Кулактан кармап булкушкун, Төштүк,
Кулжундашып жулкушкун, Төштүк,
Багелектен алышкын, Төштүк,
Балбандарча чалышкын[1], Төштүк,
Катуу кайрат кыла көр, Төштүк,
Капча кармап калмакты
Тоо кулаган эмедей
Калдайтып жерге ура көр, Төштүк,
Кыйыктуу жерге сүзө көр, Төштүк,
Кыйла сөз айттым биле көр, Төштүк,
Кыйыгы менен кире көр, Төштүк,
Алп күчүңдү сала көр, Төштүк,
Кааладым сени бара көр, Төштүк,
Калмакка бүлүк сала көр, Төштүк,
Желкеден алып жыга көр, Төштүк,
Баткакка башын тыга көр, Төштүк,

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà – «àëû øêû í». Ì û íäàé áîëãîíäî ìóðäààãû ûð ñàáû íäàãû ñºç êàéòàëàíû ï êºðêº ìä¿ê òº ì º íäºéò. Êû ÿçû , êàò÷û «Áàëáàíäàð÷à ÷àëû øêû í» äåãåíäåãè áèðèí÷è ñºçä¿í àÿãû íäàãû , ýêèí÷è ñºçä¿í áàø û íäàãû «÷à»ëàðäû í êàòàð êåëèøèíåí ÷àòàøêàí. Ìóíó êèéèí à¢äààãàí êàò÷û ºç¿ 1938-æûëû æàðûÿëààãàí ýïîñòóí òåêñòèíäå «÷àëû øêû í» äåï î¢äîãîí.

Алдырып салсаң калмакка
Аябаган жаман ат, Төштүк,
Мусулман көөнүн тындыргын, Төштүк,
Капырдын белин сындыргын, Төштүк,
Айттым намыс ала көр, Төштүк,
Балбанга басып бара көр[1], Төштүк,
Эр намыстан өлүүчү, Төштүк,
Намысы жок арамдар
Өлбөгөн күндү көрүүчү, Төштүк,
Баатыр болсоң көк болгун, Төштүк,
Балбанга буюруп мен турам,
Бары-жокко бек болгун, Төштүк,
Жолойдун белин сындырсаң
Жонуңдан кайрат кылайын, Төштүк,
Көкөтөйдүн сан байге
Талап алып тынайын, Төштүк.
Артык эптүү эренге
Аркаң тийсин ошого, Төштүк,
Алтыдан атан дөө алсын, Төштүк,
Алалбаган кополдор
Аңырайып жөө калсын, Төштүк».
Манас мындай кордуктап,
Сырттан тууган Төштүктү
Күрөшкө түш деп зордуктап,
Төштүктү мындай дегенде,
Алптарды кудай урганы,
Кайраты качып дирилдеп,
Кан Манаска жолобой
Качып жүрөт зирилдеп.
Алптар шашып аңтаңдап,
Алптарды кудай урганы.
«Каражолтой бул канкор
Кокус кармап алат, – деп,

Ò¿ï íóñêàäà «áàðà êîé», áèðîê ûðäûí óéêàøòûãû, ëîãè-êàëûê ûðààòòóóëóãó áîþ í÷à áóë æåðäå «êºð» äåãåí ñºçä¿í êåë-ãåíè çàðûë êûÿçû, æàçóó ó÷óðóíäà, àáàéñûçäûêòàí êåòêåí êàòà.

Айтканына көнбөсөк,
Кордук кылып бул башка
Такыр чаап салат», – деп
«Балбанга түш» – деп Төштүктү
Баатыр Манас күркүрөп,
Көрүп турган алптардын
Бүткөн бою дүркүрөп.
Элемандын эр Төштүк
Чалкуйруктун үстүнөн,
Чайыңги тондун астынан,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Чуркап түштү жүгүрүп,
Окоро түйгөн чылбырды
Моюнуна салганы,
Канкор шердин алдына
Чалкуйрук тартып калганы:
«Баатыр Манас көкжалым,
Капыр менен мусулман
Кайнап турган жеринде
Каарданып бир атсаң
«Балбанга айтсам түшпөйт», – деп,
Канымды төксөң мен мына.
Түшпөй турган себебим,
Ырдап берем ырымды,
Ыймандай айтам сырымды,
Бар десең Манас барайын,
Балбанга түшө калайын,
Сенин шагың сынгыча,
Өлсөм өлүп калайын.
Айыкпай жүргөн жарам бар,
Айыкпаган балаам бар.
Жер алдына түшкөнүм
Жети жылдар болду эле,
Жер үстүнө чыкканым
Жети күнгө толо элек.
Жер астына түшкөнүм
Алты жылча болду эле,

Жер үстүнө чыкканым
Алты күн араң болду эле.
Менин каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Чарпыша турган чамам жок,
Алыша турган айлам жок,
Кыйла айтар кебим бар,
Устукан сөөктө кемим бар.
Жер алдына барганда
Алп кара куш зымырык
Чын достошуп алганда,
Канатка салып көтөрүп,
Кыяматтан өткөрүп,
Бери карай чыгарда,
Сүйлөсө далай кебим бар,
Жырткыч ылдый бүгүлүп,
Жылма болгон Төштүгүн,
Жыргалдуу жандан түңүлүп,
Алапайым табалбай,
Такымымдын чуңкур эт
Аяктай кылып колума
Алган жерим дагы бар.
Алп кара куш оозуна
Салган жерим дагы бар.
Такымдан калмак албайбы,
Дардайтып жыгып салбайбы,
Уруучу кудай урбайбы,
Мусулман шагы сынбайбы,
Жаралуу такым этимди
Кармаса калмак жулбайбы.
Сүлдөрүм бар, алым жок,
Опол-тоодой капырга
Сүрүшө турган алым жок.
Күркүрөп Жолой жеткенде,
Күрпөңдөшө кеткенде,
Кудайга үнүм угулат.
Такымга тепсе чоң Жолой

Томпоюп Төштүк жыгылат.
Каардуу калмак кармаса
Кабыргам кетер бөлүнүп.
Ал калмактан жыгылса,
Арстан туулган Төштүгүң
Өлөр түрү көрүнүп.
Бул тилиңди албаймын,
Бул Жолойго барбаймын.
Капыр менен мусулман
Калайыктын алдында
Калдайып Төштүк жыгылып,
Калың кара мусулман
Убалына калбаймын.

## ЭЛЕМАНДЫН ТОГУЗ УУЛУНУН КЫЛЫКТАРЫ ТУУРАЛУУ

Айтсам кебим далай бар,
Менин атам Элеман
Эпсиз журттан бай экен,
Төрт кыбыла тарапка
Малы толгон жан экен.
Элемандын колунда
Тогуз уулу бар экен,
Адамга тааны такыр жок
Малга катар жан экен,
Тогуз уулу токтобой,
Топтоп малын багыптыр.
Башы кара, буту айры
Мал катары калыптыр.
Элемандын тогуз уул
Айтса тилин албаган,
Айдаган жакка баспаган
Айбанга чалыш жан экен.
Элемандын түмөн мал
Чөптөй өсүп толуптур,

Элемандын тогуз уул
Адам эмес, мал эмес
Эки арада болуптур.
Элемандын көп жылкы
Ээн жайылып кетиптир,
Элемандын тогуз уул
Ал жылкынын артынан
Түгү калбай жыластар
Түгөл тентип өлүптүр,
Жылма болгон жамандар
Жылкыны ээрчип алыптыр.
Адам көрбөй жан туйбай,
Айбандыгы артыптыр.
Ар жылкынын терисин
Ар кимиси кеп кылып,
Чурайына тартыптыр.
Кайда кеткен дайын жок,
Карыганда Элеман
Уламадан уласа,
Билгендерден сураса,
Кайда кеткен кабар жок.
Кара баскан тогуз уул
Көчүп-конгон айыл жок,
Ай түгөнүп, жыл өтүп,
Арадан канча күн өтүп,
Баласы арбын Элеман
Бала азабын тартыптыр,
Малы арбын Элеман
Мал азабын тартыптыр.
Кузгундай көзү кызарып,
Куу сакалы узарып,
Айласы кетип, күч көрүп,
Жеткирген экен жараткан
Жетик мындай иш көрүп,
Эки көзү ириндеп,
Токтобой мууну зирилдеп,
Көкүрөгү кирилдеп,

Мууну кетип былкылдап,
Көзү кетип жылтылдап,
Элден кепти көп угуп,
«Элеман куу баш»,– деп угуп,
Чылгый ичи өрт жанып
Чыдабай байкуш Элеман
Чылгый мүшкүл иш көрүп,
Эл оозунда элек жок
Элден ушак кеп угуп,
«Элеман куу баш»,– деп угуп,
Өлөйүн деп өлө албай,
Кызыталак куу жанды
Бул дүйнөдөн кыя албай,
Балдары жаман, малы көп,
Тогуз экен баласы,
Тогуз уулу мал чыгып,
Токтоно албай Элеман
Бузулган экен санаасы,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Тогуз уулун табалбай,
Токтоно албай Элеман
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай бечара,
Сан казына, түмөн мал
Сарып кылып чачыптыр,
Бала тилеп кудайдан,
Токтоно албай убайдан,
Карargandan түнөрүп,
Кемпирине келиптир,
Балам жок – деп Элеман
Кейип ыйлай бериптир:
«Ээ, кыяматтык кемпирим,
Сыр бөлүүчү сырттаным,
Жолдош болдук бир далай,
Жолуктурган бир кудай,
Бармактайда баш кошуп,

Биттей кезде биригип,
Оокат жыйып, мал күтүп,
Уулум тогуз болгондо,
Төрт кыбыла жагыма
Толкуп малым толгондо,
Чоң кайгырып мен турам.
Ишим кайдан оңолду,
Толуп жаткан сан кара
Жамандар айдап жоголду,
Кордукка жаным чыдабай,
Куу ташкак бойлой конупмун.
Эл оозунда курган жан,
Элеман куу баш болупмун.
Тогуз уулдун айынан,
Токсон төөгө дилде арттым,
Жазбай аткан жаачыдан,
Өрттөн кайта тартпастан,
Жоо дегенде барчуудан,
Көптү билген аалимден,
Узун кулак карыдан,
Ушунча журттун баарынан
Жолдошко мынча жанды алдым.
Жолу болсун дүйнө бок,
Балдарды таппай сандалдым.
Малдан ачтым баарды,
Балдардын дайнын билүүгө
Кыдырдым кыйла шаарды.
Карасам көзгө илинбейт,
Туна чөккөн тогуз уул
Кай кеткени билинбейт.
Айың кылып эл айтат:
«Эчтемеси такыр жок,
Элеман куу баш», – деп айтат.
Кулакка «куу баш» деген кеп
Ушак болуп жетти го.
«Элеман куу баш» деген сөз
Сөөгүмдөн өттү го.

Сакалымдын агында,
Сапарым чукул барында,
Зарланып жүрүп өтөмбү?
Бул жалганчы дүйнөдөн
Туяксыз өтүп кетемби?!
«Эр туяксыз өтпөйт» – дечү эле,
Туяксыз өтүп кетемби?!
«Эр перзентсиз өтпөйт», – дечү эле,
Перзентсиз өтүп кетемби?!
Тоодогу жылкым тогуз сан,
Толгону жээрде, ала баш,
Баарысы тулпар мээси жок,
Байкуш кемпир, ойлочу,
Тосуп алар ээси жок.
Адырда жылкым алты сан,
Аркалуу тулпар, ала баш,
Алты айга минсе чыдачу
Баарысы тулпар мээси жок,
Башкарып алар ээси жок.
Жети күндүн бири өлүм,
Тоңкоюп кетсе кайран жан,
Кудайдын кылган ишине
Көтөрбөскө чара жок.
Көмүлүп кетсек кайран жан,
Көп малды айдаар бала жок.
Бел мекчейип кеткенде,
Бек мүшкүл бизге жеттиби?
Берен малдын ээси жок,
Элеман өлүп кетеби?
Кудайдын салган буйругу
Ушундай экен көрөлү.
«Элеман куу баш» дегенге,
Көнсөк кантет, кемпирим?
Көп чыдабай баратсак,
Кол кармашып темтеңдеп,
Өлсөк кантет кемпирим.

## ЭЛЕМАН КЕМПИРИНИН СӨЗҮ БОЮНЧА ЖЕР КЫДЫРЫП КЕТКЕНИ

Анда кемпир муну айтат:
«Атаңдын көрү абышкам[1],
Бармактайда табышкан.
Балам жок деп зарланып,
Көп кетирбегин алымды.
Талак кылгын, абышкам,
Сан казына малымды,
Бала байда, малың жут,
Жакшы тилек баштайлы,
Кызыталак куу малды
Кылчайбастан, абышкам,
Талак кылып таштайлы.
Айтканым ушу билип ал,
Ай, абышкам тилимди ал.
Кол кармашып алалык,
Касиеттүү мазардын
Бирөөн койбой чалалык.
Арбын дүйнө, көп малдын
Баарын чачып үрөйлү,
«Баласыз» сөздү уккуча,
Алда Таала кудайдан
Бир баланы тилейли.
Кемпирден кызык кеп угуп,
Кейип турган Элеман
Кемпирдин сөзүн эп көрүп,
Бир баланын айынан,
Жөө тентип жолду баштады.
Жоболоңду сансыз мүлк
Талак* кылып таштады.
Ай-ааламды сыдырды,
Кулак угуп, көз көргөн

---

Ò¿ï íóñêàäà «àáû øêà», ûðäû í óéêàøòûãû íà êàðààãà íäà òóóðàñû «àáû øêà ì», êûÿçû æàçóó ó÷óðó íäà æàñòû ì æàçûëãàí.

Касиеттүү мазарды
Калтырбай баарын кыдырды.
Таман ташка оюлду,
Такым эттин баарысы
Жаш кайыштай чоюлду.
Чама чарчап, ал кетип,
Бир баланын айынан
Тамандан кара кан кетип,
Көз жетпеген мунарык,
Суусуз какыр чөл көрүп,
Бир баланын айынан
Эчен мүшкүл тең көрүп,
Өткөн иштин жайынан,
Бир баланын айынан
Буркурап ыйлап эки чал*,
Буудай батпас оозго
Буканын башы чак келди,
Таруу батпас оозго
Тананын башы чак келди.
Кызыталак бала үчүн,
Кымыз ичпес Элеман
Кызыл сууга зар болуп,
Май жебеген Элеман
Бала деп тентип кар болуп,
Таңдайга каткан шилекей,
Көз чачырап акактап
Бир жутарга зар болуп,
Каптап бала тапчудай,
Карып болду Элеман,
Кайран жанын кууратып,
Арык болду Элеман.
Жер үстүнөн даңкайып,
Батпай барат Элеман,
Эки күнү бир жерге
Жатпай барат Элеман.
«Бала бер» – деп Кудайга
Көөдөнгө батпайт көп санаа,

Карып болуп Элеман
Көзүнүн жашы он талаа.
Бала сурап кудайдан
Карып болду Элеман.
Каны калып бир кашык,
Эти калып көк жашык,
Арык болду Элеман.
Ашуу ашып, таш басып
Кеткен экен Элеман,
Бакырлыгы башына
Жеткен экен Элеман.
Эгем берген эки бут
Шилтей албай ал кетип,
Кызыл ашык, бейбелчек
Кыйрап кара кан кетип,
Кең дүнүйө тар болуп,
Бала сурап кудайдан
Байкуш чал мынча кар болуп,
Карыпка башы капталып,
Чекеси күнгө какталып,
Ал Медиен чөлүндө,
Адыр-күдүр белинде,
Ээр белдей бел экен.
Ал белести эңкейсе,
Баабедин мазар дээр экен,
Азган-тозгон бакырлар
Өнүп кетчү жер экен,
Касиеттүү мазарга
Барып жетти эки жан:
Тамандар ташка тилинип,
Карыптыгы билинип.
Кашкалдак деген бир куш бар,
Кайрылбай учат талаа үчүн,
Карып болгон Элеман
Бир мерзет көрөр бала үчүн,
Баабединдин мазарга
Барып жетти бакырлар,

Барып кумар жазарга
Акырегин жоорутуп,
Артыкча көңүл оорутуп,
Ничке жолун төтөлөп,
Кемпири чалын жетелеп,
Баабединдин мазарда,
Чук-Теректин түбүндө,
Аккан булак боюна,
Абышка кармап, берки ыйлап,
Кудайга үнү угулду.
Чук-Теректин түбүнө
Абышка менен кемпири
Жер кучактап жыгылды.
Кемпир чалын кучактап,
Кейип ыйлап турганда,
Кайың ыйлайт, тал ыйлайт,
Карып болгон экөөнө
Кара жердин үстүндө
Карargандын баары ыйлайт.
Абышка-кемпир – эки чал,
Карып болгон эки жан
Колун сууга малышып,
Кол дааратын алышып,
Бутун сууга малышып,
Бут дааратын алышып,
Семиз бээнин этинен
Чың жасаган күлазык*
Белден чечип алышып,
Уй башындай жанаяк,
Жанаякка салышып,
Бөлүп жутуп алышып.
Карып болгон Элеман
Мойнуна курун салынып:
«Алда бала берсең»,– деп,
Ал мазарга жалынып,
Чечип тонун жазданып,
Кутпа жакты баштанып,

Чырым этип, тынч алып,
Чыканактап уйку алып.
Азган-тозгон карыптар
Алп уйкуну салды – дейт,
Аябай уктап калганы.

## ЭЛЕМАНДЫН ТАЛААДА КӨРГӨН ТҮШҮ

Кубанса болот бендеси
Кудуреттин ишине,
Бир чал кирди ошондо
Абышканын түшүнө.
Сыягы бөлөк, заары күч,
Ак селдеси башында,
Өзү токсон жашында,
Көрсө Кызыр* ал экен.
Элеманга жолугуп,
Эстетип турган чагы экен.
Ал Элеман байкушка,
Ал адам айтты мындай кеп:
«Малыңды таштап, бала издеп,
Карып болгон экенсиң,
Бала сурап кудайдан
Арык болгон экенсиң.
Ай, Элеман байкушум,
Тогуз уулуң бар эле,
Тогуз уулдан түңүлүп,
Издегениң бала эле.
Алда Таала кудайга
Дайын болду тилегиң,
Буйрук алып Алдадан,
Сизге бала берүүгө,
Арачы болуп жүрөмүн.
Алда Таала кудайга
Кабыл болду тилегиң.
Уйкудан чочуп карачы,

Колундагы алманы
Оой, Элеман бай, карачы.
Бээлеп уккан сөзүнө,
Бергели келдим өзүңө.
Айта турган сөзүңө,
Сөзүм келди Элеман,
Аманатың берүүгө,
Кезим келди Элеман
Кемпириңди жетелеп,
Кейип ыйлап турганда,
Кабыл болду тилегиң.
Колуңдагы боз алма
Санап көрсөң тогуздур,
Муну жесең тогуз уул.
Оң колуңда чоң алма,
Муну жесең жалгыз уул.
Кагышкан душман союлат,
Бере турган баланын
Аты Төштүк коюлат.
Астында буудан малы бар,
Жеке өзүнүн башында
Тогуз миң жандык алы бар.
Отко салса күйбөгөн
Ойрондук жайы дагы бар.
Сууга салса акпаган
Султандык жайы дагы бар.
Аты Төштүк коюлат,
Атышкан жоолор союлат.
Алп сырттаны эр болот,
Алышкан кайдан соо болот.
Атса мылтык өтпөгөн
Арстандык жайы дагы бар.
Чапса кылыч кеспеген
Мыктылык жайы дагы бар.
Сайса найза тешпеген
Мыктылыгы дагы бар.
Жоо айласын бүт билген

Ыктуулук жайы дагы бар.
Улук да ошол, эр да ошол.
Убара болуп кудайдан
Көп жаманды сурабай,
Бир бала сура, сен ошол
Тогуз жаман уул күтсөң,
Тозокко салат өзүңдү.
Жалынсаң укпайт кебинди,
Кетирет сенин эбинди.
Бөлөккө бурбай санааны,
Алда Таала кудайдан
Сурагын Төштүк баланы.
Толгонсоң болбойт мындай жан,
Жеке Төштүк өз башы
Тогуз миң уулга барабар.
Оой, Элеман байкуш бай
Бул алмага тоюңуз.
Эркек уулдуу болосуң,
Атын Төштүк коюңуз.
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Кемпиринди басыңыз,
Бар дармандын баарысын
Кемпириңе чачыңыз.
Бир адамга билдирбей,
Бир кишиге туйгузбай,
Элиңе кайта кайтыңыз,
Жабылат мунтип айбыңыз,
Эркек тууйт кемпир зайбыңыз».
Алманы берип ал адам
Көздөн кайым болгону.
Уйкудан чочуп ойгонсо,
Уктап жаткан түш экен.
Уктап жаткан түшүндө,
Ал Элеман байыңыз
Алмага чогуу тоюптур.
Көңүлдөгү капанын
Бары-жогун жоюптур.

Түш көргөн соң турабы?
Жанындагы кемпирин
Урбай кудай урабы?
Кемпир менен абышка
Кучакташып турушту,
Кусул сууну куюшту.
Кемпир менен экөөлөп,
Баабединдин мазардан
Байкуш болгон Элеман
Кемпирин кайта жетелеп,
Жан аябай жол жүрүп,
Арада эчен мол жүрүп,
Жерге келди. Элеман,
Өлүм орток, жан бирге
Элге келди Элеман.
Элеман бай болуптур,
Элемандын сан дүйнө,
Жер жүзүнө толуптур.
Ай түгөнүп, күн өтүп,
Арадан бир топ жыл өтүп,
Бойлуу болду кемпири.
«Картайганда, кемпирим,
Кабылан тууп бере көр!
Жобогондо, кемпирим,
Жолборсту жакшы таба көр!» –
Элеман эчен сүйлөдү
Кудайдан эчен тиледи[1].

[1] 1956-æûëêû áàñûëûøêà áàøûíàí òàðòûï óøóë ñàïêà ÷å-éèíêè àéòûëûø (ò¿ï íóñêàãà æàçûëãàí) ì¿ëäº êèðãåí ýìåñ.

## ТӨШТҮКТҮН ТУУЛУШУ, КАНДАЙЧА ӨСКӨН КЫЛЫКТАРЫ

Ал кемпирдин баласы
Тогуз айга толуптур,
Тогуз айга толгондо,
Толгоо пайда болуптур.
Кара башыл көк койдон
Самсаалай тартып ирик тууду.
Эр Төштүктүн энеси –
Таманы менен тик тууду.
Капанын баары жоюлду,
Аты Төштүк коюлду.
Тоюна токсон сойду – дейт.
Ат чаптырып, той кылып,
Ааламдын баарын чогултуп,
Атын Төштүк койду – дейт.
Элемандын эркеси
Мойнуна тумар тактырып,
Кылдаткерге бактырып,
Эртең менен болгондо
Элүү кара торпокту
Садагага кактырып,
«Бирөөнүн көзү болот» – деп,
Катуу ырымын кылдырып,
Эл турардын алдында
Күндө тил-тиш кылдырып,
Кермесин кенен кердирип,
Кермедеги тулпардан
Садагага бердирип,
Көргөн адам жактырып,
Күн тийбес жерге бактырып.
Төштүктүн жайын сурасаң:
Тогуз уулдун кенжеси,
Элемандын эркеси,
Найзакердин ыктуусу,
Ал кездеги алптардын

Акыл тапкыч мыктысы,
Аталган алптын сырттаны,
Элемандын балбаны.
Тентип жүрүп бала таап,
Ал Элеман байкуштун
Түк калган жок арманы.
Элемандын Төштүгү
Эрен чыкты, эр чыкты,
Жүрөгүнөн чаң чыкты,
Доошунан жан чыкты!
Он экиге келгенде
Канчаларды камады,
Катылышкан адамды
Элемандын Төштүгү
Карсылдатып сабады.
Өз билгенин калыкка
Кыла берди эр Төштүк.
Койгулашкан балдарды
Койчо мууздап талкалап,
Кыра берди эр Төштүк.
Каарды катуу баштады,
Койгулашкан балдарды
Койбой кырып таштады.
Бир муштаган балдардын
Чекеси кетти оюлуп,
Эчен бала Төштүктөн
Өлө берди союлуп.
«Эр Төштүк тентек экен» – деп,
Калайыкка жайылды.
Жалпы балдар ошондо
Баары малча бакырды.
Элемандын Төштүгү
Он экиге келгенде
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Эртең менен энтеңдеп,
Баатыр Төштүк келатса,

Көңүлү кетти бөлүнүп,
Уй сааган бир кемпирдин
Жанында эркек баласы
Ойноп турат көрүнүп.
Балага Төштүк басканы,
Көрө салып ал бала
Атасын айтып айкырып,
Энесин айтып бакырып,
Бала качып антаңдап,
Энесине барганы.
Элемандын Төштүгү
Баланы кармап алууга,
Балакетти салууга,
Жакын кирип барганы.
Кемпирден укту бир сөздү,
Элемандын Төштүгү
Керденге салды куу сөздү.

## ТӨШТҮК БИР КЕМПИРДИН АЙТКАНЫ БОЮНЧА ЖОГОЛГОН АГАЛАРЫН ИЗДЕГЕНИ

Анда кемпир муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Элемандын баласы,
Каарды катуу баштадың,
Ойноп чыккан балдарды
Ондурбай кырып таштадың!
Ойноп жүргөн балдарда
Тогуз агаң өчү жок,
Томпойттуң кыйла балдарды,
Тогузуңдун көчү жок.
Тентиген атаң бала үчүн,
Жоголгон агаң мал үчүн,
Каарды катуу баштадың,
Каражолтой оңбогур,
Канчасын кырып таштадың!

Атаң көчкөн бул жерден,
Өр таянган көчү жок.
Балдарды жаман кыйраттың,
Жети атаңдын өчү жок!
Кежир чыктың, ой Төштүк,
Кемелиңе келбегин,
Келерки күздү көрбөгүн!
Тогузуңдан айрылган,
Сенин атаң Элеман
Томсоруп чогуу кайгырган,
Бала өлтүрүп, журт бузуп,
Басып өзүң жүргүчө,
Туубай туна чөгө кал!
Тирүү жүрбөй өлө кал!
Атаңдын малын талагаң,
Атаң Элеманды сабаган,
Кара кытай, манжуунун
Калкын барып чаап ал!
Балбан болсоң, эр болсоң,
Башка туулган шер болсоң,
Жоголгон тогуз агаңдын
Артынан издеп таап ал!
Агаларың таппасаң,
Туубай туна чөгүп ал!
Тирүү жүрбөй өлүп ал!
Сенин атаң Элеман
Эл атасы кары эле,
Элемандын өзүндө
Тогуз уулу бар эле.
Тогузу тентип айрылып[1],
Сенин атаң Элеман
Тогуз уулга кайгырып.
Арданган бойдон сен атаң,
Тентип жүрүп бала таап,

[1] Ò¿ï íóñêàäà – «êàéãûðû ï». Êî íòåêñòå êàðàãàíäà òóóðàñû «àéðûëû ï».

Тентек тапкан турбайбы?
«Карыганда бала таптым», – деп,
Кумга сийген турбайбы,
Сенин тууган энекең
Булга сийген турбайбы,
Бала көрбөй атакең
Балаа көргөн турбайбы.
Элемандын Төштүгү,
Бээлеп сөзүм эми бил,
Бээлебесең сөзүмдү,
Төштүк болбой жерге кир!
Бала күтпөй Элеман
Куубаш жүргөн турбайбы.
Бала тууган Күлайым
Туубас жүргөн турбайбы.
Сенин атаң Элеман
Калк баштаган дөө эле,
Сан карага ээ эле,
Атаң кайдан оңолгон,
Атакеңдин сан кара
Айдап алып тогуз уул
Качып кетип жоголгон!
Ачууланбай тилимди ал,
Агаларың дайынын
Аңдап угуп билип ал!
Баатыр болсоң, шер болсоң,
Бала өлтүрүп жүргүчө,
Агаларың так тогуз
Таап алгын эр болсоң.
Агаң кайда, эл кайда
Аңкоо Төштүк билеби?
Элемандын тентеги
Агасын таппай жүрөбү?
«Агасын таап албаган,
Акмак Төштүк мына», – деп,
Акмагың элге билинет.
«Агасын таап албаган

Айбан чалыш болду», – деп,
Мойнуңа ушак илинет!..
Кемпирден кейип кеп угуп,
Жаман тогуз агасын
«Жоголуп кеткен», – деп угуп,
Агаларын укканда,
Элемандын Төштүгү
Кабырга сөөгү бөлүндү,
Көздөн жашы төгүлдү.
Эки көзү жайнады,
Казандай ичи кайнады.
«Агамды таап албасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
«Агасы тентип кетти», – деп,
Журттан айың көргүчө,
Шылдың болуп, таба жеп,
Минтип жүрүп өлгүчө
Жолукса жоону чабайын,
Жоголгон экен туугандар,
Издеп жүрүп табайын.
Агаларды таппасам,
Кемелиме келбестен,
Кечикпей өлүп алайын.
Ат бороюн сыдырып,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин жүзүн кыдырып,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана чалайын.
Өлгөнүнөн калганын
Издеп жүрүп табайын.
«Элемандын эсери
Агасын таап албайт», – деп,
Муну кантип чыдап угайын».
Элемандын Төштүгү
Акыл ойлоп, ич күйүп,
Өрттөй көзү жайнады.

Чымырканып, чыдабай,
Чын туткабы кармады.
Агасын таап алууга,
Аңгемени салууга,
Каарды катуу баштады.
Кыймылдаган тирүүлүк
Кызык, кечип таштады.
Агасын таап көрүүгө,
Көрүнбөсө агалар
Издеп жүрүп өлүүгө,
Кылча көрбөй kyy жанды
Кызык болду бу Төштүк.
Чылгый ичи өрт болуп,
Чыдай албай оңбогур
Агаларын издөөгө
Ашып-шашып болбоду.
Сөлөкөтү-сөлбөтү
Журт бийлеген төрөдөй,
Агасы чогуу кырылып,
Күйүт тарткан эмедей.
Ушак айың кеп угуп,
Ушундай мүшкүл деп угуп,
Темир капка сарайга,
Элемандын эшикке
Каарданып сабылып,
Кайран Төштүк таарынып,
Ач болотту жазданып[1],
«Элемандын эшикке» деген
Кыбыланы баштанып,
Жумган көзүн ачалбай,
Сунган бутту тарта албай,
Каарды катуу салды – дейт,
Элемандын эркеси
Күнү-түнү он төрт күн

[1] Ò¿ï êóñêàäà óøóë ñàïòàí ìóðóí àøûê÷à êàéòàëàíãàí ñàï áàð.

Аш ичпей жатып алды – дейт.
Айла кетип, ич күйүп,
Алапайын табалбай,
Элеман эми ыйлады,
Эки беттен аккан жаш
Жаак ылдый кулады,
Мында да Төштүк турбады.
«Өзөндөн аккан булагым,
Өлөрдө көргөн Төштүгүм,
Айланайын чырагым!
Айланайын кулунум,
Тогуз жаман ал өлсө,
Тогузун издеп сен өлсөң,
Ай караңгы бүркөлсө,
Түн эмине болучу?
Абыдан карыган Элеман
Балдарынын бири жок
Күнү эмине болучу?!»
Анда Төштүк муну айтат:
«Оой, атаке, не дейсиң?
Бул сөзүңдү ким уксун?
Бир караңгы түн уксун.
Катуу кара жер уксун,
Казып койгон көр уксун,
Мындан бөлөк ким уксун?»
Булкунгандан силкинип,
Өрттөй көзү жайнады.
Качыратып ошондо
Буурадай тишти чайнады.
Айласын таппай Элеман:
«Издесе Төштүк мейли», – деп,
Темирден чокой камдады.
Элемандын байлыгы
Кылым журттан артылды.
Сырттан тууган эр Төштүк
Кырк жылы басса жыртылгыс,
Кыйындап чокой тартынды.

Жети жыл жесе түгөнгүс,
Элеман байдын күлазык.
Жайдын ысык мезгилде
Жайдын чөбү толгондо,
Мал семирип болгондо,
Элемандын сексен бээ
Күз болгондо жайдырган,
Сексен семиз бээ этин
Күлазык кылып салдырган.
Тоодой Төштүк берендин
Токтобосун көрдү эми.
Колу менен күлазык
Сырттан Төштүк балага
Элеман бай берди эми.
Кынсыз кылыч байланып,
Болот чокмор колго алып,
Агасын издеп келүүгө,
Издеп жүрүп өлүүгө,
Каарды катуу баштады.
Кайран жандан ошондо
Кара сырттан эр Төштүк
Чогуу кечип таштады.
Ар шаймандын баарысын
Белге бекем байлады.
Ээликкенден ээлигип,
Азапка жанды салды – дейт
Элемандын Төштүгү
Агасын издеп калды – дейт.
Ашуусу бийик тоо ашты,
Агыны катуу суу кечти,
Арадан нечен күн өттү,
Чама чарчап, ал кетип,
Арадан эчен күн өтүп,
Алты ай тынбай жол жүрүп,
Элеман байдын эрени,
Эрикпей турган берени,
Тогуз уулдун кенжеси,

Жараткандын бендеси,
Жортуулдан кайдан аянды?
Адыр-күдүр артууну
Арстан Төштүк таянды,
Эрдиги эми билинди,
Эсил жандан түңүлүп,
Эчен жерге илинди.
Караса көзгө илинбейт,
Эрбең-сербең эсил жан
Эч бир көзгө илинбейт.
Какылдап учкан карга жок,
Куркулдаган кузгун жок,
Аюу казган ийин жок,
Эч айбан баскан чийин жок,
Ашып Төштүк сабылды,
Алты ай болгон кеткени
Жылас болгон жылкынын
Жуушандысы табылды.
Анталаңдап шашканда,
Ары таман басканда,
Ээрдей болгон белести
Эңкейип кирип барды эле,
Үч айлык болгон жылкынын
Тезеги жана табылды.
Төштүк оңой уул эмес,
Элемандын сырттаны
Жан коюучу кул эмес.
Бетегелүү кайкаңга,
Белеси бийик тайпаңга
Берен Төштүк барды эле.
Сырттаның барып оолукту,
Чубап кеткен жылкынын
Чубатууга жолукту.
Такыядай боз дөңгө
Таянып чыгып барды эми.
Эки жагын караса,
Эл аманын каалаcа,

Жерден көк кашка туман бөлүнөт,
Элемандын сан кара
Ушунда жаткан көрүнөт.
«Түгөнгөн атам жылкысы
Түз талаага толуптур.
Көптүгүн көрсөң жылкынын
Жердеги чөпчө болуптур.
Жылкы кайнап толуптур.
Дүркүн-дүркүн бөлүнүп,
Жердин жүзү толуптур.
Элемандын Камбар ата Сары айгыр
Качкан экен жайынан,
Жылкыны баштап калыптыр.
Эл көрбөстүн элкин жай
Ээн калган көп жылкы
Мекен кылып алыптыр.
Элемандын тогуз уул
Тозуп кеткен жылкынын
Тосорун билбей калыптыр».
Тогуз экен агасы
Айбанга чалыш калыптыр.
Айтса тилди түк албайт,
Айдаса жолго түк баспайт,
Тири десе, санда жок,
Өлүү десе, көрдө жок,
Жылас болгон жылкыны
Жылып ээрчип көп жүрүп,
Санга жылкы толуптур.
Эң улуусу тогуздун
Аппак сакал болуптур.
Ортончусу булардын
Көкала кыл конуптур.
Эң кичиси алардын
Кара сакал толуптур.
Агалары Төштүктүн
Айбандыгы артылган,
Жылкынын чылгый терисин

Көчүгүнө тартынган.
Теңир урган көп жылкы
Тескери чубап калыптыр,
Тосуп айдарын биле албай,
Айбанга чалыш бул тогуз
Алдына басып алыптыр.
Каран калган жылкыдан
Кысыр тай кармап соё албай,
Кылгандарын карачы,
Жакшылап этке тоё албай.
Ээрчип жүрүп жылкыны,
Арык болгон кези экен.
Ашка жетпей тогузу,
Карып болгон кези экен.
Бөрү бөлбөй, жоо чаппай,
Арык болгон кези экен.
Агаларын көргөндө,
Элемандын эр Төштүк
Тогузу аман табылып,
Абийири минтип жабылып.
Жылмайган калың жылкыдан
Кармап алып сал моюн,*
Элемандын эр Төштүк
Агаларына салды оюн.
Агасын издеп чыгарда,
Аябаган дүмөктү
Сала келген эмеспи,
Кол башындай көк куржун
Эмине бар, нелер жок,
Ала келген эмеспи.
Ыраңы жашыл көк куржун,
Ал куржундун ичинде
Дүнүйөсү көп куржун.
Көк куржунда бедер жок,
Түз болгурдун ичинде
Нелер бар да, нелер жок.
Агасын издеп келерде,

Кең Кашкарды чалдырган,
Кең Кашкардын сарала
Буттап алтын, сер берип,
Сараладан алдырган.
Тогуз чепкен кылдырып,
Ал куржунга салдырган.
Тоо текенин терисин
Толгой кармап ийлетип,
«Күдөрүлөп бергин», – деп,
Балбандарды жадаткан,
Кол токмок берип балбанга,
Тогуз ай тынбай сабаткан.
Көрсө көңүл кандырган,
Жалаң кундуз терисин
Багалакка салдырган.
Ычкыры тасма кайыштан,
Муну ийлетип турганда
Далай балбан майышкан.
Жылан боор бүктүргөн,
Жылас болгон бул шымды
Жымырата тиктирген,
Жаманды жаман жаратып,
Алда Таала кылганы,
Кийгизбей Төштүк турабы?
Жаман да болсо тууганы,
Төштүктүн тогуз агасы,
Жолу каткан иттердин
Акмактыгын карачы.
Кээ бирлери биле албайт,
Кээ бирлери керкендеп болбой тил албайт.
«Кайдан келген бузук? – деп,
Келип алып бул эме,
Бизге кылды кызык» – деп.
Элемандын эр Төштүк
Сырттан да ошол, эр ошол
Агаларын чогултуп,
Кырсыгын чечкен жери ошол.

Жете албай жүргөн агасы,
Төштүктүн ишин карачы,
Кайып болгон жылкыга
Аралап кирип эр Төштүк,
Адистиги мынчалык,
Алты кысыр, кырк байтал
Жаа менен атып алды эми.
Бирөөн аман калтырбай,
Жара тартып салды эми.
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып,
Таш тулганы ойдуруп,
Тамтайтып жүргөн буларды
Такыр этке тойдуруп.
Жыргалын бөлөк жөнөтүп,
Тогузунун баарысын
Казы менен бөлөтүп.
Кара кычы эттерин
Кылыч менен кырды эле,
Кымыз менен жууду эле.
Чын ырысы жөнөдү,
Сырттан Төштүк ошондо
Агалардын баарысын
Чылгый майга бөлөдү.
Агалардын баарысын,
Жашы менен карысын,
Майга бөлөп эр Төштүк,
Тапкан экен дарысын.
Жылкынын кутпа четинде,
Кайып экен кара суу,
Мазар* экен мына бу,
Ошо тогуз агасын
Эки күнү бүпбүтүн,
Суугa салып салды – дейт,
Алты күнү таптакыр
Майга бөлөп салды – дейт.
Элемандын сырттаны

Сырттандыгын билгизди,
Куржундагы кийимдер
Алып келип баарысын
Тогузуна кийгизди.
Кандагай шым кийгизип,
Жылас болгон жылкыдан
Агалардын баарына
Желбеген жорго мингизди.
Сырттан Төштүк барында,
Мал болуп кеткен агалар,
Жашы менен карысы,
Алп мүчөлүү баарысы,
Капанын баары жоголуп,
Кадимкидей оңолуп,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Жыргал көрүп тогузу,
Төштүк көрүп кубанып,
Кысырдын семиз тайын жеп,
Жатып алып жайын жеп,
Семирген экен тогузу.
Кымбаты Төштүк барганда,
Агасын таап алганда,
Кыялдын баары ачылып,
Кырсыктын баары чачылып,
Эр кутуруп оолугуп,
Агалары Төштүктүн
Кадыр түнгө жолугуп,
Тогузунун башына
Агарып таң сүрүптүр.
Төштүктүн тууган экенин,
Төбөңдөн тийген бул тогуз
Так ошондо билиптир.
Тууганым деп айтпаса,
Эр Төштүккө кээ болот.
Жаманды кудай жан кылып,
Жаратпай койсо не болот?

Берен Төштүк турабы,
Тогуздун баары семирип,
Семирип тоодой болгондо:
«Элиң-жериң кайда?» – деп,
Эми Төштүк сурады:
«Урааның ким, жериң ким?
Тогуз агам жооп айт
Уругуң ким, элиң ким?»
Тогузунун улуусу,
Токтоно албай чоң сакал,
Төштүккө айтат мындай кеп,
Айтып турат мындай деп:
«Кыпчак эле айлыбыз,
Көптөн бери биздердин
Билинбей кетти дайныбыз.
Олуя берген батабыз,
Элеман бай атабыз.
Көптөн бери айрылып,
Жылкы ичинде жатабыз.
Кыйлага жетет кебибиз,
Кыпчак эле элибиз.
Кең Кашкардын ары жагы,
Кебез-Тоонун бери жагы,
Эки арасы жерибиз,
Бир атадан тогузбуз,
Айбандардан өөдөрөөк
Адамзаттан көп төмөн,
Арада жүргөн доңузбуз.
Доңуз болбой не болдук?
Эс билгени биле албай,
Эселектер тил албай
Атакебиз Элеман,
Энекебиз Күлайым
Бизди мындай жараткан,
Алда Таала кудайым.
Малча басып кетүүчү
Кыйшык тууп салыптыр,

Ата менен энеге
Жакшылыкты тийгизбей,
Мышык тууп салыптыр.
Же алдынан каршы чыкпадык,
Ата жөнүн укпадык.
Айлар өттү, жыл өттү,
Арадан эчен күн өттү,
Атакебиз Элеман
Көңүлү толук жай эле,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Басып турган бай эле.
Атабыздын колунда
Сан жылкысы бар эле.
Тогуз уулун жоготуп,
Тозок тартып Элеман
Ушу күндө өлгөндүр.
Өлбөй тирүү бар болсо,
Көзү көрбөй көр болуп,
Кулагы укпай кер болуп,
Ушундай кордук көргөндүр
Ата жайы мындай», – деп,
Айтып алар тургангы.
Аны угуп эр Төштүк
Чамынып эми турганы:
«Билесизби, агалар,
Улуу-кичүү абалар?
Ал Элеман байындын
Өлгөндө көргөн чунагы,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын пендеси,
Атам менен энекем
Тентип жүрүп мени таап,
Тоюма токсон союптур,
Атымды Төштүк коюптур.
Найзакердин ыктуусу,
Элемандын мыктысы,

Атым Төштүк сырттанмын,
Агаларым, сени издеп,
Атамды таштап чыкканмын!
Жоголгон жогум табылып,
Жоодурап турам мен эми
Агаларым табылып».
Анда Төштүк муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Жылас болгон жылкынын
Туура жагын чалайын,
Он беш күндүк жол жүрүп
Дагы сапар кылайын».
Агаларга муну айтып,
Андан Төштүк жөнөдү,
Астында минген аты жок,
Жөө кыдырып келеди.
Элемандын Төштүктүн
Басканына мал жетпей,
Желгенине жел жетпей,
Боз дөңгүрдү[1] айланып,
Болоттон чокмор байланып,
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Кирерине чөл таппай,
Кечерине көл таппай,
Кайра жаар булуттай
Каар бетине айланып,
Сыпаа жүзү бөлүнүп,
Сырттандык түрү көрүнүп.
Жана бала, жана эр,
Күнү эки күн жол жүрүп,
Түнү эки күн жол жүрүп,
Ээр белдей белести
Ашып Төштүк барганда,

[1] Ò¿ï íóñêàäà óøóë ñàïòàí êèéèí «Ýëåìàíäûí Òºøò¿ã¿» äåãåí àéòóó÷ó òàðààáûíàí æà¢ûëûø àøûê÷à àéòûëãàí ñàï áàð.

Адыр менен күдүрдү
Басып Төштүк барганда.
Кең чалкайган мунарык,
Бир кең өзөн көрүнөт.
Бул өзөндү көргөндө,
Сырттан туулган Төштүктүн
Көңүлү эми бөлүнөт.
Ал өзөнгө барганда,
Оң кол жагын караса,
Турган экен капка таш,
Капка ташка токтоду,
Капа болуп ошондо
Качанкы дартын козгоду.
Туура жагы Чук-Терек,
Артык мазар жаныбар
Эр адамга бек керек.
«Кеңсиреген кең өзөн,
Менин жерим болсочу!
Кең өзөндү ээлеген,
Конуп жаткан бул жерде
Кыпчак эми болсочу!
Маңдай-тескей көп кыпчак
Жатпай турган жер бекен?
Топосу тогуз сан болуп,
Батпай турган жер бекен?
Желаргыга салкындап,
Жайлабай турган жер бекен?
Сандатып түрдүү жылкыны
Айдабай турган жер бекен?
Атакемдин сан жылкы
Шашкандыгы эп экен.
Атакемдин Сары айгыр
Самсып жаткан бул жерге
Качкандыгы эп экен».

## ТӨШТҮК ПЕРИНИН КЫЗЫ АЙСАЛКЫНГА ЖОЛУККАНЫ

Оң жагын байкап караса,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Дүмпүйгөн тоонун урчукта,
Дүмүрөйгөн тумшукта,
Чук-Тереги көрүнөт.
Чук-Теректи көргөндө,
Сырттан Төштүк баланын
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Чук-Теректин кабагы –
Шыта-Булак, Таш-Булак,
Ал булактын боюнда
Алмасы чирип көң болгон.
Чарчысы айдың көл экен,
Алты айда келип бир убак,
Жин-перинин кыздары
Оюн салуучу жер экен.
Кыркы келин, кыркы кыз
Так кырк күнү болгуча,
Сейилге чыгып ойноптур,
Күнү кырк бир толуптур,
Сексен нөкөр, сулуу кыз
Такыр кетип болуптур.
Касиети Салкындын
Эң башкача болуптур,
Элемандын Төштүгүн
Сегиз күнү санат тозуптур.
Төштүктүн сырттан экенин
Ал Айсалкын билиптир.
Кыяматтык тийүүгө,
Жети күн доорон сүрүүгө,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы созулуп,
Эрте сөзү кеч болуп,
Эки көзү төрт болуп,

Ашык болуп абыдан,
Өрттөнгөн жүрөк басылбайт,
Умачтай көзү ачылбайт.
Элемандын Төштүгүн
Эптеп жүрүп көрүүгө,
Көрбөс болсо Төштүктү
Каза таап өлүүгө,
Беризаттын өзү экен.
Эң акылман бул экен.
Зарыккандан саргарып,
Озуп жүргөн кези экен.
Элемандын Төштүгүн
Тозуп жүргөн кези экен.
«Ай-талаадан жолугуп,
Бир сүйлөшүп кайтсам, – деп,
Эч болбосо курган жан
Бир жети күн Төштүккө
Бир ойношуп жатсам», – деп,
Күйүп жүргөн кези экен.
Алты айчылык болорду
Азыр биле берүүчү
Керемети бар экен.
Чук-Теректин боюна
Жаңы Төштүк келгенде.
Тигилген ордо көрүнөт.
Ал ордону көргөндө,
Төштүктүн көөнү бөлүнөт.
Ал ордону караса,
Элемандын Төштүгү
Эң кызыгын кааласа,
Түндүгү алтын, боосу жез,
Элемандын Төштүккө
Кайыптын баары болду кез!
Ал ордонун босого
Босогодо сайраган
Болумдуу куштун баары бар,
Алда Таала бендесин

Ар кызыкка ушинтип
Учуратат абыдан.
Булбулу сайрап отурса,
Муңдуу адам уккусуз.
Бул ордого кирген жан
Армандан бекем чыккысыз.
Ал эшиктен киргени,
Кирген жерден таң калып,
Ордонун ичин билгени.
Жүк бурчуна караса,
Көргөндүн көөнү бөлүнөт,
Бели кындай, бети айдай,
Мелтиреген Айсалкын
Тозуп турган көрүнөт.
Ургаачынын узу экен
Аты-жөнү Айсалкын
Беризаттын кызы экен.
Ашык болуп Төштүккө
Тозуп жүргөн табы экен.
Эки ашык баш кошуп,
Кошула турган чагы экен.
Төбөсүнө кийгени
Алтындан кылган такыя,
Кызыктырат Төштүктү
Кыңшылаган шуркуя.
Моймолжуган бейбактын
Ботодой кара көзү бар,
Байкап турсаң, бейбактын
Балдан ширин сөзү бар.
Мелтиреген бейтаалай,
Айсалкын болгон нур кызы,
Абайласа эр Төштүк,
Асты келбейт тургусу.
Бура тартып сүйлөсө,
Булбулдун үнү үндөнөт,
Самсаалаган саамайы
Тотунун жүнү жүндөнөт.

Ай тамагы балкылдап,
Айдай бети жаркылдап,
Чын сулууну көргөндө,
Сырттан заада Төштүктүн
Май жүрөгү калкылдап.
Төштүк, Төштүк болгону,
Төштүк атка конгону,
Энекеси Күлайым
Көтөрүп жүрүп тууганы,
Мындай сулуу көрө элек,
Көңүлү мындай толо элек!
(Эр Төштүктү көргөндө,
Айсалкын сөздү баштады,
Айсалкын сөздү бүткүчө)
Элемандын Төштүгү
Өлүп кете таштады.
Айдай бети жаркылдап,
Айсалкын эми кеп баштап,
Акырын айтып бек таштап.
Токойдо өскөн мисте бар,
Мистени көр, тишин көр,
Коёнду көр, белин көр,
Балдан таттуу сыпсылык,
Байкушуңдун кебин көр.
«Ургаачынын узу элем,
Беризаттын кызы элем!
Ыслам динде ыйманым,
Ырас, жалгыз кудайым,
Сырттан Төштүк баатырым,
Сени сурап тургамын,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана чалгамын,
Агасына келер – деп,
Артыгыңды билгемин.
Сейилге келер Чук-Терек,
Ушундан тосуп жүргөмүн.
Назарыңды салыңыз,

Бирге турам жети күн,
Жети күнү жатыңыз,
Тамашага батыңыз,
Жети күнү жатканда,
Тамашага батканда,
Убаданы кылыңыз
Кыямат нике кыйыңыз.
Бул дүйнөгө күйбөймүн,
Жети күндүн алакчы
Убара болуп жүрбөймүн.
Бул дүйнөдө тийүүгө,
Убара болуп жүрүүгө.
Сенин эмгегиң калың, шоруң көп,
Сенде казып койгон оруң көп,
Кайнатып койгон шоруң көп.
Бир түшсөң кайра чыккысыз,
Жети жылдык салуучу,
Жыйып койгон тор да көп,
Бул дүйнөдө кызыгып,
Төштүк сага тийбеймин,
Жети жылы мен өзүм
Жесир болуп айрылып,
Тилегим катып жүрбөймүн.
Өлүүчү антты кылыңыз,
Кыямат нике кыйыңыз,
Элиңе аман барыңыз.
Сырттандыгың билгемин
Көрсөмбү деп жүргөмүн.
Ургаачынын узумун,
Сыйкырчы бери кызымын!
Каргышым ката болбогон,
Кашайгырдын өзүмүн!
Бендеден чыкпайт мендей жан,
Ээринимде сөөлүм бар
Каргышым ката болбогон,
Катылган адам оңбогон.
Сөзүмдү угуп көрүңүз,

Азыр мага, эр Төштүк,
Аманатың бериңиз!»
Деп ошентип Айсалкын,
Аркардай таңын кылайтып,
Акырын сүйлөп муну айтып,
Адамдан бөлөк бейтаалай,
Ак эмчегин булайтып,
Жаткан жайы чоң ордо,
Көгала майдан, шибер чөп
Жети күн мезгил өткүчө,
Ойной турган ошол кез.
«Танда макшар күнүндө
Таамай жолдош болгун – деп,
Эр Төштүк кылды убада,
Кыл көпүрө, тар жайда
Кызык жолдош болгун» – деп,
Кыйын кылды убада.
Төштүк менен Айсалкын
Беризаада бейтаалай
Беренине кезигип,
Белден төшөк салышып,
Төштүк менен Айсалкын
Кошулуп калышып.
Талаага ордо курушуп,
Талыкпай ойноп турушуп.
Кыяматта тийүүгө,
Кол кармашып жүрүүгө.
Убаданы бек кылып,
Өлүп кетер шерт кылып,
Күкүк менен Зейнептей
Кошулушуп турушуп,
Ойноп оюн кылдырып,
Жатып жамбаш талдырып,
Өз эркинче болушуп,
Ай-талаага конушуп,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,

Чукуранып ойгонуп:
«Колумда алтын шакегим
Белекке бердим, алыңыз,
Элиңе эсен барыңыз!
Тогуз кыздын кенжеси,
Аты болгон Кенжеке,
Колукту кылып алыңыз.
Таңда макшар күнүндө
Кезигелик аман бол!
Элим бери шаарына,
Эки жылга барбаймын,
Көргөн менен билгенге,
Шерменде болуп калбаймын!
Ашыктыктын жайынан,
Төштүк сенин айыңдан,
Ай-талаага конупмун,
Айкалышып мен эми,
Талаада катын болупмун.
Өлө турган оюмда,
Сенден болду боюмда!
Кудайдын салган буйругу
Ушундай экен көрөлү.
Курсакта калган баланы,
Куу баш чал таап берели!
Атакты мындай алалык,
Ботолуу кылып бир жанды!
Абийирди мындан табалы.
Курсактагы баланын,
Эркек болор чунактын,
Коюлар аты Бокмурун.
Төгөректүн төрт бурчун
Төрт айланта мал курчап,
Күн чыгыш менен күн батыш
Жайнап малы толуптур.
Жайнаганы курусун
Малы арбын, бала жок
Көкөтөй куу баш болуптур.

Топосу токсон миң болгон
Доораны журтка дүң болгон
Жумуру баштуу адамдан
Көкөтөй бай болду – дейт,
Көкөтөйдүн дүйнөсү
Көктөмдө чөптөй толду – дейт.
Ал Көкөтөй байыңыз
Алтымыш катын алыптыр,
Туяк көрбөй калыптыр.
Мал көзүнө карабай,
Канчалык дүйнө малдарын
Бала үчүн сарып кылыптыр.
Оңбой жүргөн Көкөтөй
Ооруган жерин басайын,
Умачтай көзүн ачайын.
Арбын дүйнө көп малга
Жеткиземин санааңа,
Ээ кыламын мен өзүм
Бокмурундай балаңа.
Сыртынан көрүп тартайын, –
Журт төрөсү Көкөтөй
Балаңы берип кайтайын,
Ал Көкөтөй байкушту
Балалуу кылып тартайын».
Деп ошентип Айсалкын,
Албан түрдүү кеп айтып,
Берилерче дуба окуп,
Күндү кыйын жаадырды.
Тарк оосуруп, тырк чычып,
Тоо тоолордун башына
Кара булут жабылып,
Колоттон туман табылды,
Жер айрылып кыбырлап,
Асмандан кара жамгыр шыбыргак,
Ызгаар жүрдү бөлүнбөй,
Жердин бети көрүнбөй.
Суук бороон салдырып,

Төштүктүн көөнүн калтырып,
Караса көзгө илинбей,
Кайыптын кызы бейтаалай
Кай кеткени билинбей.

## АЙСАЛКЫН БОКМУРУНДУ ТӨРӨП, КӨКӨТӨЙГӨ АЛЫП БАРЫП БЕРГЕНИ

Күндөн күнгө күн өтүп,
Күн бөксөрүп түн кетип,
Тогуз айга толуптур,
Беринин кызы Айсалкын
Толготор кези болуптур.
Көкөтөй байды көрүүгө,
Бокмурундай баланы
Аманат кылып берүүгө,
Байкуш бейбак канетсин,
Беринин кызы бейтаалай
Бек толгоо тартып, ичи ооруп
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Чындап эми Айсалкын,
Мунажат кылып буркурап.
Он эки мүчө, кырк тамыр
Таптакыр ооруп зыркырап.
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Арка чачы бөлүнүп,
Ажал жетип ошондо,
Өлүүчүдөй көрүнүп.
Беризаада бейтаалай,
Чыңырган бойдон жөнөптүр.
Байкаранын кара таш
Басып барып төрөптүр.
Мына ошондо Айсалкын
Киндигин өзү кесиптир,
Кайыптын кызы бейтаалай

Баласынан безиптир.
Курумшуга ороптур,
Куржунуна салыптыр,
Көкөтөйтүн Ойсул ата сан төөлөр
Алып жетип барыптыр.
Ошол төөлөр ичинде,
Кыбыланы баштанган
Кыйшык өркөч кызыл нар,
Касиети эң башка,
Кызыл нарда кызык бар.
Төө караса Көкөтөй
Кызыл нарды көрүүчү,
Кызыл нарды көрбөсө,
Өз башын өзү койгулап,
Кыйкырып жүрүп өлүүчү.
«Малдын ээси Көкөтөй
Кызыл нарга келер, – деп,
Келер замат баланы
Өркөчүнөн көрөр, – деп,
Күлканышым тууду,– деп,
Алып жетип барар, – деп,
Ит болбосо Көкөтөй
Алдейлеп муну багар – деп,
Акыл ойлоп Айсалкын,
Беризаада бейтаалай
Төрөгөн эркек баласын
Көкөтөйгө берүүгө
Эми кетти санаасы.
«Бокмурун атка консун, – деп,
Көкөтөй уулу болсун», – деп.
Чылгый канга боёлуп,
Жаш баланы колго алып
Төө ичине барды эми.
Кыбыланы баштанып,
Чөгүп жаткан жеринде,
Көкөтөйдүн кызыл өркөч кызыл нар,
Кымбаттыгы кыйла бар,

Беринин кызы бейтаалай
Кызыл нар кармап алганы.
Курджунга салып баланы,
Өркөчүнө байлады.
Кайра байлап кабыштап,
Кызыл нарга табыштап,
Буйладан кармап буркурап,
Муңданып ыйлап чыркырап:
«Айланайын кызыл нар,
Айбандан башка жаныбар,
Өркөчүңө капшырам,
Ымыркай жаш баланы
Нак өзүңө тапшырам.
Ооноп ийсең жаман ат,
Ал Көкөтөй байкушка
Ымыркай жаш баланы
Бере көргүн аманат!
Майып кылсаң баланы
Иттигиңди билермин
Таңда макшар күнүндө
Кара эшек кыла жүрөрмүн.
Бери деген атым бар,
Мээнетимдин айынан,
Берип кетем баламды.
Эр Төштүктүн жайынан,
Эң уяттуу айынан,
Бөлүнттүм эми санаамды,
Аманат кылып баламды!»
Курджунга байлап капшырып,
Кызыл нарга тапшырып,
Кайып болду Айсалкын
Мына ошондо кызыл нар
Кутпа карап бет алып,
Көкөтөйгө көтөрүп,
Айбан да болсо жашыган
Кызыл нардын санаасы.
Бар-бар, бар-бар, бар ыйлайт,

Бакырып бала бек ыйлайт,
Тѳштүк эрдин баласы.
Калайык байы Кѳкѳтѳй
Баданадай тон кийип,
Мааникер тулпар ат минип,
Сексен балбан кошчу алып,
Алтымыш мерген бошчу алып,
Акылы айран бѳлүнүп,
Артык чоң бай Кѳкѳтѳй
Ала-Тоодой кѳрүнүп,
Кутурган байдын колунда
Балбан, мерген баары бар,
Кулан кууп калыптыр,
Кутурган экен Мааникер
Оозу менен алышып,
Даңканы артта дыркырап,
Учуучудай чыркырап.
Тулпарлыгы кѳрүнүп,
Аңга келген балбандар
Алты күндүк бѳлүнүп.
Чаң обого дыркырап,
Канаты бар Мааникер
Учуучудай зыркырап.
Куйрук, жалы бириндеп,
Кѳкѳтѳйдүн Мааникер
Учуучудай дирилдеп.
Тѳѳ ѳрүшкѳ келгенде,
Бугудай мойнун бурду эле,
Буудандыгы ушундай,
Айбандан эстүү Мааникер
Тушагандай турду эле.
Мааникер баспай турганы,
Капа болуп Кѳкѳтѳй:
«Айбан малдын башаасы,
Сан тулпардын тазасы,
Күн чыгыш менен күн батыш
Күүлѳнүп чуркап жетүүчү,

Арам өлгөн Мааникер,
Алда кандай болду?» – деп,
Мааникерди жемелеп.
Мааникер баспай сандалып,
Кан Көкөтөй ошондо
Карап турду таң калып:
«Кыйшайган экен биздин түш,
Мааникер жүрбөй калат – деп
Кылымда барбы ушул иш?
Малым түмөн, балам жок,
Каран малдын ичинен
Баладай көргөн Мааникер,
Ичим күйүп, боорум чок.
Мааникер жүрбөй калганда,
Кандай болот дүйнө бок?
Тулпар баспай талаада
Кан Көкөтөй өлөбү?
Кызыталак Көкөтөй
Кыямат жүзүн көрөбү?
Сандап жаткан дүнүйөм
Сапырылып кетеби?
Байкуш болуп Көкөтөй,
Баласыз бойдон өтөбү?
Өзөн бойлоп конобу?
Өрт өчкөндөй болобу?
Малды чачтым, кыдырдым,
Таап алган балам жок,
Мааникер жүрбөй калганда,
Өзүндөн башка чарам жок.
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Медияндын беш бурчу
Байкап карап отурсам,
Жык эле толгон малым бар.
Жылас малга ээ болгон
Көөдөндө жалгыз жаным бар,
Көз жумулса кокустан,
Артымда эркек балам жок,

Эмине кылар чамам бар?
Жердин үстүн байкасам,
Баласы жок куу башты
«Кан Көкөтөй» дедирип,
Жаратпай койсо не болот?
Адам, он эки зайып алганым,
Он экиси төрөбөй,
Туяксыз болуп калганым.
«Артта тукум калса»,– деп,
Сарып кылдым малымды,
Жаратканга зарланып,
Кетирдим далай алымды.
Сан түмөндөй малымды
Карыптарга үрөдүм,
Мазарлуу жерге түнөдүм,
Мында бала көрбөдүм!
Айланы таппай сандалып,
Бир бала деп саргарып,
«Жалынсам бала берер» – деп,
Сегиз сарай казынам
Балталап оозун ачтырдым.
Жетим менен жесирге,
Чолок, сокур майыпка –
Сарып кылып чачтырдым,
Мында да бала көрбөдүм!
Бала бер – деп зарланып,
Же каза таап өлбөдүм!
Көп кетирдим алымды,
Чачтым дүйнө малымды.
«Жана бала туяк» – деп,
Кырк миң атан алдырдым,
Жоорубас кылып чомдоттум,
Шаймандарын ондоттум.
Кызыл алтын, ак күмүш,
Кырк миң нарга жүктөттүм,
Жердин үстүн кыдырттым,
Жеткен жердин баарына

Бере бердим садага.
Кожолордон бата алдым,
«Март Көкөтөй» атандым,
Мында бала көрбөдүм!
Акундарга ат бердим,
Тилек кылып бат бердим.
Мында бала көрбөдүм!
Куу дүйнөнү бат бердим,
Дубана менен эшенге
Куйругу кучак ат бердим,
Мында бала көрбөдүм.
Бадананы кийгенде,
Мааникерди мингенде,
Эсимден бала чыкчу эле!
Төрөсүнгөн Көкөтөй,
«Сейилге келем» – деп келип,
Төө чекесин көрөбү?
Мааникер жүрбөй, бул жерде
Кан Көкөтөй абаңыз
О дүйнө жүзүн көрөбү?
Атаңдын көрү Мааникер,
Арам өлүп союлгур,
Кузгун куран окугур!
Жору көзүң чокугур!
Кызыталак Мааникер,
Кыштын күнү болгондо,
Жал, куйругуң тарадым,
Бир адамга ишенбей,
Бир күндө үч жолу карадым!
«Кыштын суугу өтөт» – деп,
Үртүктү кабат жаптырдым,
Ак сарайга бактырдым.
Минтип баккан мал элең,
Жайдын ысык чилдеде
«Күн аптабы тиер», – деп,
Тунук булак тоо башы,
Муздак жайга токтоттум,

Тогуз-Төбө оттоттум!
«Ушундай баккан мал элең»,
Ачууланып Көкөтөй,
Чоң бүлдүргөн камчыны
Кармай калып имерди,
Каң дедире Көкөтөй
Мааникердей тулпарды
Касага тартып жиберди.
Каарданып тырышты,
Мааникер менен урушту,
Баспай коюп Мааникер,
Кан Көкөтөй карынын
Башына салды шумдукту!
Күп-күп этип күүлөнүп,
Күрсүлдөдү Көкөтөй,
Мааникерге сүйлөнүп,
«Тели оору чалдыбы?
Эмине болдуң, Мааникер,
Тегиңди кудай алдыбы?
Багалчагың бир тутам,
Бака болуп калдыңбы?
Согончогуң бир тутам
Чочкодой болуп калдыңбы?»
Улутунуп ич тартып,
Турган экен Мааникер.
Кан Көкөтөй ошондо,
Мааникерди жемелеп,
Мааникер турду ошондо,
Кара жерди тебелеп.
Калк аманын каалаоа,
Кан Көкөтөй караса,
Ээр белдей нагыстан,
Ат өтпөгөн жапыстан,
Оргуп чаңы бөлүнөт,
Оргуган чаңды караса
Төө султаны кызыл нар,
Касиети бир далай.

Кан Көкөтөй абакең
Жыл маалында кызыл нар.
Кызыл нарды көрчү эле,
Кызыл нарды көрбөсө,
Куса болуп өлчү эле.
Көкөтөй анткен себеби
Ойсул ата кызыл нар
Ойсулуңдун өзү ошол,
Өзү турмак кызыл нар
Карарган кара көзү ошол,
Касиети башынан
Озуп чыккан кези экен,
Айтайын десе тили жок,
Кан Көкөтөй карыны
Тосуп чыккан кези экен.
Билген жанга бир кадыр
Түнгө* салар кези экен,
Ааламда жок жакшылык
Күнгө салар кези экен!
Мураа болуп кызыл нар
Келе турган кези экен.
Өркөчүндө баланы
Кан Көкөтөй ээсине
Бере турган кези экен.
Көкөтөйдүн кызыл нар,
Маң-маң-маң басып,
Чуудаларын чаң басып,
Төрт аягын тең басып,
Эки өркөчүн коркойтуп,
Өрдөктөй мойнун койкойтуп,
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы эрдин шалпайтып,
Көкөтөйдүн келгенин
Көргөн экен кызыл нар,
Көкөтөйгө бала таап
Келген экен кызыл нар.
Көкөтөйдү көргөндө

Касиеттүү кызыл нар
Чуудалары бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Көкөтөйгө келгенде,
Чөгүп берди кызыл нар,
Көздүн жашын көл кылып,
Төгүп берди кызыл нар.
Өөдө кылбай, тумшугун
Катып алды кызыл нар.
Камчылаcа турбастан,
Жатып алды кызыл нар.
Көкөтөй турду тырышып:
«Караан калган буларга
Эмине болуп кетти?» – деп,
Кызыл нар менен урушуп.
Кызыл нардын эсебин
Тапмак болду Көкөтөй,
Кызыл нарды ошондо
Кылыч менен үч бөлүп
Чапмак болду Көкөтөй,
Эсесин эми табарда,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Ал кызыл нар өркөчтө
Бир куржун турат көрүнүп.
Ал куржунду көргөндө,
Кан Көкөтөй карынын
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Көкөтөй карып бир байдын,
Баласы жок бул жандын.
Ичинен чыгат чоң бузук,
Куржундан чыкты бир кызык.
Бар-бар-бар ыйлайт,
Баркырап бала бек ыйлайт.
Баланын үнүн укканда,
Бай Көкөтөй карынын
Көңүлү кетти бөлүнүп,

Көзүнүн жашы төгүлүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Мааникердин үстүнөн
Учуп түштү жүгүрүп,
Кызыл нарды карата
Көкөтөй барат калдактап,
Басып барат далдактап.
«Эркек бекен, кыз бекен?
Ата көтөк татай!» – деп,
Куржундагы баланы
Ала коюп караса,
Калтасына караса
Кембагалдын кабындай,
Чочогуна караса
Айбалтанын сабындай.
Кайыптан бала табылып,
Кан Көкөтөй байындын
Абийири минтип жабылып,
Бала көрбөс куу баш жан,
Бала көрүп турганда,
Бото көрбөс Көкөтөй,
Бото көрүп турганда,
Сүйүнгөндөн кызарып,
Канаты карыш узарып,
Эт жүрөгү болкулдап,
Дене бою солкулдап,
Сүйүнгөндөн чыдабай,
Көкөтөй ыйлай баштады!
«Өнүмбү,– деп,– түшүмбү?»
Кан Көкөтөй ошондо
Малдан кечип таштады.
Ала коюп баланы,
Маңдайынан бир жыттап,
«Чырагым,– деп, тукум,– деп,
Баш мүлжүрүм ушу»,– деп,
Болжолдуу атын баланын:
«Бокмурун» – деп койду эми.

Муну менен ал бала
Көкөтөй уулу болду эми.
Мойнуна курун салынып,
Жаратканга жалынып,
Кыйшык өркөч кызыл нар
Баабединге чалды – дейт.
Кайра тартып ошондо,
Кары бабаң Көкөтөй
Ыйлап жүрөт ошондо,
Койнундагы жаш бала
Ыйлап жүрөт ошондо,
Баабединин бат айтып,
Ай туякка ат айтып,
Кайыптан бала табылып,
Кан Көкөтөй шордуунун
Абийири минтип жабылып.
«Ээсиз малды көп жыйдым,
Не муразга жетейин,
Айтуякка бул жерде
Атымды чалып кетейин!
Тилегеним кашыма
Келип калган көрүнөт.
Сураганым бир кудай
Бере турган көрүнөт
Малым түмөн, балам жок,
Балалуу болуп турганда,
Каран калган көп малды
Аяп калар чамам жок»,–
Мааникер көздөй умтулуп,
Чаламын деп жутунуп,
Ат көзүнө карабай,
Мал бүткөндүн баарысын
Мал экен деп санабай,
Мааникерге жетерде,
Чылбырдан кармап аларда,
Эми жетип Көкөтөй
Айтуякка чаларда,

Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Ак селдеси казандай,
Айкырса үнү азандай,
Ичкеде жолду төтөлөп,
Камбар ата Бозайгыр,
Алган экен жетелеп,
Айгырды алып келген жан –
Олуяттын өзү экен.
Мааникердин ошондо
Канын сурар кези экен:
«Кубанып көөнүң толуптур,
Бир башың эки болуптур,
Баатыр, арбайып канжар алыпсың,
Айбандан башка Мааникер
Айтуякка чалам» – деп,
Калабаны кызык салбаңыз,
Уят болот мунуңуз,
Ошо жерге туруңуз.
Кагышка минер Мааникер
Карып кылып салбаңыз.
Түпөктүү найза колго алып,
Түйшүккө минер Мааникер.
Кандуу кылыч колго алып,
Кайраттанып баатырлар
Казатка минер Мааникер,
Бай Көкөтөй карыя,
Мааникер сойбо чунайып.
Ушу тулпар Мааникер
Балаң Бокмурунга ылайык!
Кынсыз кылыч байланып,
Кыргынга минер мал экен,
Кырк күнчүлүк чөл келсе,
Суусабастан Мааникер
Чыдап берер мал экен.
Айткан тилди алыңыз,
Олуяттын өзү элем,

Камбар ата Бозайгыр,
Бозайгырды чалыңыз!»
Бай Көкөтөй карыя
Олуят тилин алганы,
Кармап алып Бозайгыр
Бозайгырды чалганы.
Муну менен Мааникер
Аман-эсен калганы.
Олуят чал муну айтат,
Ойлосо кыйын шумду айтат:
«Төөдөн тогуз миңди сой,
Баландын аты Бокмурун,
Байкап атын билип кой!
Мойнуна тумар тагыңыз,
Бирөө душман болбосун,
Колуң менен багыңыз.
Деген сөзгө көнүңүз,
Жетиге бала чыккыча,
Жети жүз кара торпокту
Ар күн эрте, Көкөтөй,
Садагага бериңиз!
Сан казына, көп малды
Сарып кылып үрөңүз.
«Өлгөндө көргөн балам» – деп,
Өмүрүн жакшы тилеңиз!
Артык болду мунуңуз,
Аман болсун уулуңуз!
Жазы белес кыядан
Жалгыз болду уядан.
Аккан тунук булактан
Мааникер атың сугарар
«Кан Көкөтөй ашы» – деп,
Аман болсо бул уулуң
Ааламга атың чыгарар...»
Олуят чал муну айтып,
(Олуят берген Бозайгыр
Көкөтөй союп койгону),

Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Алиги турган олуят
Көздөн кайым болгону.
Мына ошондо Көкөтөй
Баабединин бат айтып,
Мунажатын жат айтып,
Айлын карай жөнөдү,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Айлына жетип келгени,
Байбичеси Күлканыш,
Журтуна кабар берди эми.
«Бала көрбөс Көкөтөй,
Бала көргөн экен» – деп,
Асманга учту топурак,
Адам кайнап топурап,
Кары-жашы жүгүрүп,
Калың эли сүйүнүп,
Бээ баштаган беш минди
Береки тойго сойду – дейт.
Муну менен Бокмурун
Көкөтөй уулу болду – дейт.
Муну мындай таштайлы,
Төштүктөн кабар баштайлы.

## ТӨШТҮКТҮН САРГЫЛ АТТЫ ТААП АЛГАНЫ

Элемандын эр Төштүк
Чыканактап уйку алып,
Чырым этип тынч алып,
Жатып жамбаш талдырып,
Уктап уйку кандырып,
Беринин кызы Айсалкын,
Бейбагы түшүп эсине,

Уйкудан чочуп ойгонсо,
Катыны турмак кайыбы жок,
Беризаада бейбактын
Кайда кеткен дайны жок!
Эр сырттаны эр Төштүк,
Уйкудан туруп ээлигип,
Жана жүрдү желигип,
Желгенине жел жетпей,
Басканына чаң жетпей,
Колуна таяк таянып,
Сырттаның, кайдан аянып,
Ээр белдей дөбөнү эңкейип
Төштүк барды эле.
Асмандан мунар бөлүнөт,
Чыйырчыктай сарала
Жана жылкы көрүнөт,
Ал жылкыны караса
Мал аманын кааласа,
Элемандын сан дүйнө
Төштүктөн мурун төгүлүп,
Элемандын көп жылкы
Кеткен экен бөлүнүп,
Ал жылкынын ичинде
Канаты бар кара бээ
Жылкыны баштап кетиптир.
Буурусун тийген чийин жок,
Суур чукуган ийин жок,
Эркин өсүп жатыптыр.
Ал жылкынын сөөлөтү
Ашып-ташып жөнөптүр,
Канаты бар кара бээ
Теке саргыл тулпарды
Элемандын Төштүккө
Ылайыктап төрөптүр.
Теке саргыл бууданы
Жашы асыйга толуптур,
Саргылдын жайы ушундай:

Кең көкүрөк, тайкы жал,
Керишке минер мал экен,
Элемандын Төштүгү
Кең ырыстуу малды таап,
Теги ырысы бар экен.
Айбандыгы абыдан
Озо чыкты Саргылдын,
Элемандын Төштүгүн
Окуранып окшондоп,
Тозо чыкты Саргылың,
Ал Төштүктү көргөндө,
Бугудай мойнун бурганы,
Эр Төштүктүн алдына
Мойнун тосуп турганы.
Жүгөн катып караса,
Мал аманын кааласа,
Айбандан бөлөк түрү бар,
Жаралат экен мындай мал:
Куйругу саяң, жалы бар,
Ошондой сулуу жаныбар,
Туягында туура жок,
Туура тулпар өзү экен,
Туш келтирип жараткан
Эр Төштүктүн өзүнө
Алып келген кези экен.
Элемандын Төштүгү
Бээ баштаган беш тогуз,
Баабединге чалды – дейт.
Жоголткон жогу табылып,
Теке саргыл бууданды
Минейин деп камынып,
Токум салып караса,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Карап турса жаныбар,
Опол-тоодой көрүнүп,
Чочуп намаз окунуп,
Чоң кызылды токунуп,

Жоо кийимин кийинип,
«Ай, кудай» – деп сүйүнүп,
Жалгыз дарты Төштүктүн
Айсалкын таппай күйүнүп.
Дүңгүрөтүп жылкыны,
Түгөл айдап алды – дейт,
Эртеги кеткен эсил мал
Эми жолго салды – дейт.
Ашуу ашып, таш басып,
Аныктап айдап калды – дейт,
Тоңкойгон ылдый коо кечип,
Топойгон бийик тоо өтүп,
Аянбастан жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Ат талыгып зерикпей,
Арстан Төштүк эрикпей.
Адыр-күдүр баткалга
Айдап келди жылкыны
Агалары жатканда,
Ободон жылдыз жошулуп,
Элемандын сырттаны
Ашуу ашып, таш басып,
Агаларына кошулуп,
Жаккан отун өчүрүп,
Агалардын баарысын
Жан-жабылта көчүрүп.
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бери жагы,
Көрөсөн талаа жер тапты,
Көрсөң кыпчак эл тапты.
Олуят берген батасын,
Элемандын сырттаны
Аман тапты атасын.
Элеман жайы оң болду,
Тогуз уулу он болду.
Дөөлөтү ташып чоң болду,
Тогуз уулдун сырттаны

Тоодой Төштүк зор болду.
Топосу токсон сан болду,
Дөөлөтү жерге батпастан,
Эсеби жок Элеман
Кыпчак журтка кан болду.
Ордо күтүп кан болуп,
Орунтуктуу жан болуп.
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйналып,
Жоголгон мал-баш табылып,
Жоругу минтип жабылып.
Азган бир мал-баш табылып,
Абийири минтип жабылып,
Кең талааны жердеген,
Кең кыпчак журтту ээлеген,
Элеман бай болду – дейт,
Элемандын мал-мүлкү
Жер үстүнө толду – дейт.
Баатыр Төштүк уулу бар,
Чалды кудай колдоду,
Элемандын эшикке
Майкөл, сүткөл орноду.
Кулак угуп, көз көргөн
Жанда мындай болбоду.
Баласы арбын, малы көп,
Байкаса чыкпайт мындай жан,
Эң ырыстуу дөөлөтман.
Эселек туулган мындай кан,
Мал жыйнаган санаасы,
Бойдок экен баласы,
Мал эсеби санда жок,
Бузулган экен санаасы.
Баласы арбын Элеман,
Тарыктыгын койбоду.
Бул жалганды мал менен
Күтсөмбү деп ойлоду.
Төштүк тапкан сан кара

Жалгыз тайдай ойлоду.
Акылы кыска, бейли тар
Ал Элеман чоң байдын
Абийири кеткен кандай кан?
Бул жалгандын баарысын
Ээлеймин деп Элеман,
Өлүм бар деп ой кылбай,
Балдары келсе той кылбай.
Айылдаш экен Саранбай,
Алыс экен Аланбай.
Аланбайдын байлыгы
Элеманча бар экен,
Телегейи тең экен,
Куруп калган Аланбай,
Ичин карап олтурсаң,
Жер жүзүнөн кең экен.

## АЛАҢБАЙ ДЕГЕН КОҢШУЛАШ БИР БАЙДЫН ТӨШТҮКТҮН КЕЛГЕНИНЕ ТОЙ БЕРГЕНИ ЖАНА ЭЛЕМАН УУЛДАРЫН СҮННӨТКӨ ОЛТУРГУЗГАНЫ

Куруп калган Аланбай:
«Ада кыпчак элимдин
Дөөсү Төштүк келди, – деп,
Алакандай бул журтту
Азаптан сууруп алуучу
Ээси Төштүк келди, – деп,
Азгана кыпчак бул элдин
Мээси Төштүк келди – деп,–
Сактап алуучу бул элди
Ээси Төштүк келди,– деп,
Өөдө чыксак тогонок
Өбөк Төштүк келди,– деп,
Ылдый түшсөк таяныч
Жөлөк Төштүк келди,– деп,

Башкача болуп жаралган
Бөлөк Төштүк келди,– деп.
Маңдайга бүткөн бараан жок,
Байкагыла, калайык,
Төштүктөн бөлөк караан жок!
Калкка кабар салалык,
Жер дүйнөнү басалык,
Жерге кирсин тапкан мал,
Баарын бирдей чачалык!
Ат чаптырып, той кылып,
Ай-ааламды чогултуп,
Артык кызык ой[1] кылып,
Калкка кабар салалык,
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Асыл сырттан Төштүктү
Кан көтөрүп алалык!
Төштүк бизге кан болсо,
Бармактуулар батабы?
Тырмактуулар тиеби?
Чокморлор сүйрөп чоңсунуп,
Чоңсунган душман баарысы
Чоңсунуп бизге киреби?
Элемандын сырттаны
Деген сөзгө көнбөйбү?
Кан көтөрүп биз алсак,
Алакандай кыпчакка
Коргон болуп бербейби?..»
Айтып турган Алаңбай
Акылы башка бөөдө экен.
Элемандан Алаңбай
Аркан бою өөдө экен.
Бээ баштаган беш тогуз
Бегиликке сойду – дейт,

[1] Ò¿ï íóñêàäà – «òîé». Áèðîê ñàëòòûê ôîðìóëà áîþ í÷à äà, êîíòåêñò áîþ í÷à äà áóë æåðãå «îé» äåãåí ñºç òóóðà êåëåò.

Төө баштаган он тогуз
Той кылууга койду – дейт.
Ала-Тоодой эт кылды,
Ала-Көлдөй чык кылды,
Кулак угуп, көз көргөн
Жандын баарын бет кылды.
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы,
Кең талаанын ою экен,
Алаңбайдын тою экен.
Такалуудан тай калбай,
Такыр койбой жыйылды.
Токсондогу чал калбай,
Томолонгон баладан
Такыр калбай бүпбүтүн
Ушу тойго жыйылды.
Тулпар буту жетүүчү
Жердин баары келди – дейт,
Кулак угуп, көз көргөн
Элдин баары келди – дейт.
Алп-дөөлөрү тең келип,
Алаңбайдын тоюна
Адам көркү сел келип,
Келгендерден кеп укту,
Элемандын тогуз уул,
Эң кичүүсү эр Төштүк:
«Кыпчактардын Алаңбай
Той кылып жатат» – деп укту.
Ошо тойду көрүүгө,
Журт каадасын бөлүүгө,
Элемандын эр Төштүк
Сырттан туулган бул өзү,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси,
Элемандын эркеси,
Көк темирден тон кийип,
Текесаргыл ат минип,

Көк ала калкан байланып,
Көк темирден найза алып,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көк жал тууган эр Төштүк,
Сырттандык түрү көрүнүп,
Ала-Тоодой заңкайып,
Ак кулжадай маңкайып,
Өткүр да экен, шер да экен,
Өзү сырттан эр да экен,
Тогуз экен агасы,
Тополоңдоп жарышып,
Тойго кетишти карачы!
Агалардын улуусу
Аксакал болуп калыптыр,
Ортончусу булардын
Көк ала сакал чалыптыр,
Эң кенжеси булардын
Кара сакалга барыптыр,
Баары бойдок ушулар,
Кудай уруп салыптыр.
Той дегенде томпоңдоп,
Аңырандап жарышты.
Агаргандын ар жагы,
Бозоргондун бер жагы,
Алаңбайдын айлына
Азыр барып жетерде,
Чынар терек түбүндө,
Аккан суунун боюнда,
Сейилге чыккан сексен кыз,
Кызык болуп өзүнө,
Кыз көрүндү көзүнө.
Ошо кыздын ичинде
Какылдаган кара кыз,
Текилдеген сары кыз,
Бейжай экен, долу экен,
Бейтаалайдын бири экен.
Жаактууга жай бербейт,

Жайдак атка бой бербейт,
Тили ачуу, кеби заар,
Тилегиң каткыр кандай жан?
Элемандын тогуз уул,
Эң кенжеси эр Төштүк,
Сексен кыз чыгып жолугуп,
Жолун тосуп калганы.
Элемандын Төштүккө
Чоң мүшкүлдү салганы.
Оңбогон кыз оңбоду,
Сырттан бала Төштүктү
Акыйнек айтып кордоду.
Чечендигин билгизди,
Ченебеген Төштүктүн
Ченебеген сөздөрдү
Сай-сөөгүнө тийгизди:
«Атыңдын оозун бура тур, Төштүк!
Айбанга жолдош болупсуң,
Алдыңкы жайга тура тур, Төштүк!
Чогойно куурай чоорун тарт, Төштүк,
Чоёктобой ары тарт, Төштүк,
Чоң жыргал көргөн эмедей, Төштүк,
Чоң атаңдын боорун тарт, Төштүк!
Эрбең-сербең толгонсуп, Төштүк,
Эми эле киши болгонсуп, Төштүк!
Кордоо сөз айтам, муну бил, Төштүк,
Ашка барбай, апат бол, Төштүк!
Тойго барбай, топот бол, Төштүк!
Арак ичпей, таш ичкин, Төштүк!
Атаңдын канын кошо ичкин, Төштүк!
Элди, журтту көрдүңбү
Тойго жыргап баратат, Төштүк.
Элемандын кесилбеген топ аңги,
Кайда салып баратат, Төштүк?
Кесилди бекен, жок бекен
Катар бир туруп көрсөтчү, Төштүк.
Капа болсоң өлсөңчү Төштүк!»

Акыйнек айтып ал кыздар,
Куйрук-башы былкылдайт,
Жолдон чыккан сексени
Катар туруп тыркылдайт.
Элемандын Төштүгү
Карагандан түнөрдү,
Кызарып көзү жайнады,
Ардангандан эр Төштүк
Кыпынча алы калбады.
Агаларын жыйнаса,
«Кестиби?» – деп сураса,
Кара сакал онжоюп,
Аксакалды карады,
Аксакалы ошондо
Качып-качып тарады.
Кесилбеген топ бүрүк
Аңги экени чын экен,
Ай-талаада оттогон
Маңги экени чын экен.
«Атакебиз Элеман
Малга кароо бай экен.
Сарандыгы атамдын
Ала-Тоодой бар экен.
Малга кароо, эң битир
Эселек туулган жан экен.
Тоюң менен топот түш,
Тоюна барып нетели?
Бир адамга билинбей,
Бир кишиге көрүнбөй,
Агалар, жүрү, кетели!
Адам туруп курган жан
Айбан болгон экенбиз.
Баарыбыз болуп топ аңги,
Болбой калган экенбиз!
Адам деген санда жок,
Оңбой калган экенбиз.
Аш жебейли, таш жейли,

Ашына барып нетели?
Азыр эле баарыбыз
Кайра тартып кетели!
Бузулупсуң түшүндөн
Кутулалык, агалар,
Жаман атты кишинден
Тирүү жүрбөй өлөлү,
Мунтип тирүү жүргүчө,
Туубай туна чөгөлү!
Басып жүрбөй өлөлү,
Аңги атанып жүргүчө
Акыретти көрөлү!
Айбандык артык билинди,
Көрдүңөрбү, агалар?
Элге «аңги» дедиртип,
Баарыбыздын моюнга
Токонаалат илинди.
«Кезек аңги» дедиртип,
Дууга калган экенбиз,
Айыкпаган жаман ат
Чууга калган экенбиз!
Эл ушактан дуу кылчу,
Дууга калган экенбиз
Элден шылдың көрүппүз,
Эми ойлойлук агалар,
Тири болбой өлүппүз!» –
Катуу арданып эр Төштүк,
Кайра тартты талаадан,
Өлөмүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыялбай,
Ардыккандан эр Төштүк
Ал дүйнөгө кете албай.
Көк жолборстой чамынып,
Көрөр болсоң сырттанын
Элеманга таарынып,
Каарданып жайланып,
Каңырыгы эң түтөп,

Өлүм жакка камданып.
Ач арстандай төштөнүп,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Төштүк эми ошондо
Элеман бүгүн өлгөнсүп,
Ал дүйнө жүзүн көргөнсүп,
Чындап белин курчанып,
Чылгый балаа Төштүктүн
Чылгый ичи от жанып,
Безеленип желигип,
Бек капа болуп ээлигип,
Элемандын боз дөңгө,
Таарынып түштү ал жерге.
Ээр-токумду жазданып,
Кыймылдабай, былк этпей,
Кыйын оору дарттуудай,
Солкулдабай жатты – дейт,
Эр Төштүктүн азабын
Элеман бай тартты – дейт
Энекеси Күлайым
Элден ушак кеп угуп:
«Төштүк баштап тогуз уул,
Кесиле элек баарысы
Аңги чалыш, – деп угуп,
Каарданып жайланып,
Элеманга камданып:
«Айтканымды азыр бил,
Малың менен жерге кир, как баш,
Байдасыз малды жыйыпсың, как баш,
Тогуз уулдун баарысын, как баш,
Такыр бүрүк кылыпсың, как баш!
Жакшы уулуң Төштүк куттукку, как баш,
Каран калган малдарың
Каарына алса, жуттуку, как баш!
Эр уулуң Төштүк доонуку, как баш!
Айдап жүргөн сан караң, как баш!
Кыйкырса бир күн жоонуку, как баш!

Сенин малың арбын, акыл жок, как баш!
Адамда сендей бакыл жок, как баш!
Толгон малды жыйыпсың, как баш!
Топ уулуң бүрүк кылыпсың, как баш!»
Муну укканда Элеман
Кайратты катуу баштады,
Сан каранын баарысын
Такыр кечип таштады.
Айдап жыйды топтотуп,
Түзөңдөгү төөлөрдү
Түгөл жыйып алды – дейт
Төрт түлүк малдын баарысын
Төптөп жыйып калды – дейт.
Текеден сойду бир тогуз,
Букадан сойду бир тогуз,
Кочкордон сойду бир тогуз,
Бууpадан сойду бир тогуз,
Айгырдан сойду бир тогуз
Төрт түлүктөн төрт тогуз
Элеман бай кырды – дейт.
Эсеби жок калың той,
Калк чакырып берди – дейт.
Калайыктын баарысы
Келген экен ал тойго,
Калайыктын баарысы.
Адам кайнап топурап[1],
Асманга учуп топурак,
Аябай той болуптур.
Элемандын тогуз уул,
Эң кенжеси Төштүктү
Балта менен бастырып,
Керки менен кестирип,
Адам тапкыс ой кылып,
Тогуз уулга той кылып,

---

[1] Ò¿ï íóñêàääà óøóë ñàïòàí êèéèí àéòóó÷ó àø ûê÷à æà¢ûëû ø êàéòàëàíãàí «Êàëàéûêòûí áààðûñû» äåãåí ñàï áàð.

Тогуз уулду адалдап,
Төштүктүн ойлоо түшүнөн,
Куткарган экен Элеман
Аңги деген ишинен.

## «ТОГУЗ УУЛУҢА КАТЫН АЛЫП БЕР»,– ДЕП ТӨШТҮКТҮН АТАСЫ ЭЛЕМАНГА АЙТКАНЫ

Кебез-Тоонун бер жакта,
Кең Кашкардын ары жакта,
Эң көңүлдүү жай экен,
Элеманга катарлаш
Сараңбай деген бар экен,
Ал Сараңбай той кылды.
Калкка кабар салууга,
Элемандын Төштүгүн
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,
Кан көтөрүп алууга,
Кулак угуп, көз көргөн
Журттун баарын бет кылды.
Беттешкендер тоюуга
Ала-Тоодой эт кылды.
Ай-ааламды бет кылды,
Беттешкендер тоюуга,
Ала-Көлдөй чык кылды.
Калк дүрбөтүп, той жыйнап,
Калың тойду кылды – дейт.
Кулак угуп, көз көргөн
Калктын баарын жыйды – дейт.
Калк жыйылчу той болуп,
Катуу кабар салыптыр,
Ошо тойго барууга
Элемандын Төштүгү
Жана чу деп калыптыр.

Токтоно албай ээлигип,
Агасы тогуз, эр Төштүк
Жана кызга кезигип,
Кыздын баары чуу туруп,
Торгоп чыкты Төштүктү
Акыйнегин айтышып,
Кордоп чыкты Төштүктү.
«Кыз балдардын оймогу,
Төштүк болбой куруп кал,
Элемандын бойдогу,
Коко куурай чоорунду
Кокуйлатпай ары тарт, Төштүк!
Атаң Элемандын боорун тарт, Төштүк!
Каптап бир каптап отун ал, Төштүк!
Кадырың табар катын ал, Төштүк!
Теңдеп бир теңдеп отун ал, Төштүк!
Теңинди таап катын ал, Төштүк!
Бука болуп булкунба,
Бул кылыгың бөлөк кыл, Төштүк!
Элди-журтту карачы,
Тойго чаап баратат,
Элемандын топ аңги
Кайда чаап баратат?..»
Элемандын эр Төштүк
Жана мүшкүл иш көрдү,
Каарданып бакырып,
Агаларын чакырып,
Кагып койгон эмедей,
Катар тура калганы.
Аңгемени курады,
Ачууланып ошондо:
«Катынынар барбы?» – деп,
Агалардан сурады.
Агалардан сураса,
Кудайдын кылган иши экен,
Баштагыдан көп мүшкүл,
Тогузу тең таптакыр

Катыны жок киши экен.
«Жинди болбой баарыбыз,
Маӊги болгон экенбиз!
Баарыбыз теӊ таптакыр
Аӊги болгон экенбиз!
Элеман атам барында
Оӊбой калган экенбиз,
Такыр аӊги атыгып,
Болбой калган экенбиз!
Туубай туна чөксөкчү,
Бул көрөкчө өлсөкчү,
Элемандын тогуз уул[1],
Биздей жандар болобу?
Биз өӊдөнгөн жандарды
Жан деп айткан оӊобу?
Катын алып бербеген
Элемандай капыр жок,
Алдымда тогуз агалар
Баарында тегиз катын жок!
Агалардын баарысын
Такыр карап олтурсам,
Баарысында катын жок».
Караргандан түнөрдү,
Катуу кайрат кылды эми,
Агаларды теӊ айдап,
Элемандын алдына
Жана барып турду эми.
«Тогуз уул күткөн мен атам,
Кагыраган сайда өскөн,
Каран калган атакем,
Каада билбей кайда өскөн?
Ойлосок күйөт биздин ич,
Уктаса болбойт ушу түш!
Баарыбыз бойдок аӊги айгыр

[1] Óøóë ñàïòàí êèéèí «Ýìè áîëóï àëû ïïûç» äåãåí àéòóó÷ó æà¢ûëûø àéòêàí àøûê÷àñàï áàð.

Ааламда болбойт ушул иш.
Арак бир ичпей, таш ичкин,
Атаңдын канын кошо ичкин.
Берен кылып туубасың, ата!
Тогуз уулдун бирине
Ак жоолук башын буубапсың, ата!
Букалар союп, той кылдың, ата!
Тогуз уулуң бой кылдың, ата!
Байлапсың базар жолумду, ата!
Башыма салдың сонунду, ата!
Сындырдың кашка тишимди, ата!
Сыздаттың жаман ичимди, ата!
Казыпсың калың орумду, ата!
Калкка бойдок дедиртип,
Кайнатыпсың шорумду, ата!
Көргөзүпсүң көзүмө,
Адам көрбөс сонунду, ата!
Журтка кылдың кызыкты, ата,
Көөнүмө салдың бузукту, ата!
Мойнума салдың айбымды, ата,
Кыздарга шылдың бир кылып,
Баарыбызды бой кылып,
Арылбаган чыр кылдың, ата,
Өчкөн отум тамызгын, ата,
Жыгылган жанды жөлөгүн, ата,
Тогуз уулга катын бир издеп жөнөчү, ата,
Чачып ий илек малыңды, ата,
Күйгүзбөгүн жанымды, ата,
Кыздардан кызык кеп уктум, ата,
«Топ аңгилер»,– деп уктум, ата,
Тоюма бука соёсуң, ата,
Топ аңги атка коёсуң, ата,
Айткан сөзгө көнүңүз ата,
Аңги аттан куткарып,
Зайып алып бериңиз, ата.
Зайып алып бербесең,
Тогуз жакка кетебиз,

Балалыктан безебиз, ата!»
Төштүк мындай дегенде,
Төрө атасы тил алды:
«Көнөйүн, балам, көнөйүн,
Тогузуңа бир тогуз,
Катын алып берейин.
Тогуз уулум, сен үчүн,
Малдан ачам баарды,
Кыдырам кыйла шаарды!
Ат бороюн сыдырып,
Жердин баарын кыдырып,
Жел өтпөс торко кийбесем,
Желбеген жорго минбесем,
Кулак угуп, көз көргөн
Жерге чейин жүрбөсөм,
Кимде тогуз кыз болсо,
Ошону алып бербесем.
Сан дүйнөмдү чачпасам,
Кулак угуп, көз көргөн
Жердин баарын баспасам.
Тогуз уулум мен эми
Дегениңе көнүүгө,
Зайып алып берүүгө,
Чачпасам чогуу жыйганды,
Сарып кылбасам бул малды,
Кетирейин алымды,
Кемитейин малымды,
Адам кайра тартпаган,
Барса-келбес жер болсо,
Ошого чейин барайын,
Аябайын малымды,
Ай, балдарым, сен үчүн
Чачайын бардык малымды.
Бул сөзүңө көнбөсөм,
Тогуз уулум, баарыңа
Катын алып бербесем,
Ат байлаган мамыдай,

Такыр болуп кетейин.
Жүзүм көрбөй кудайдын,
Кыркылып кетсин сакалым,
Капыр болуп кетейин.
Жылкыдагы миң тулпар
Муну коштоп тизейин.
Төөдөн күчтүү лөгүмдү,
Сарып кылып көрөйүн,
Арбын дүйнө көбүмдү.
Алтынды күлдөй чачайын,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Эрикпестен басайын!
Адам көрүп жан баспас
Жердин баарын басайын,
Малдан ачып баарды,
Кыдырып кыйла шаарды,
Кетирейин алымды,
Балдарым үчүн арбын дүйнө малымды», –
Деп ошонтип Элеман,
Элеман жайы ушундай,
Элден чыккан бай эле,
Элемандын колунда
Сан казына, санкара
Баары чогуу кашында.
Аты Элеман болуптур,
Жердин кыйла жерине
Элеман малы толуптур.
Кутуруп кеткен Элеман
Кубаттуу бай болуптур.
Бай Элеман чамынып,
Балдарынын баарына
Катын алып берүүгө
Азыр турду камынып.
Жел өтпөс торко кийди – дейт,
Желбеген жорго минди – дейт,
Нарга алтын арттырып,
Алып жүргөн тулпарды

Асемдетип жаптырып,
Малдан ачты баарды,
Кыдырмак болду Элеман
Эми кыйла шаарды.

## ЭЛЕМАН БАЛДАРЫНА КЫЗ КАРООГО АТТАНЫП ЧЫККАНЫ

Топ кылып токтолуп,
Нар куйругун түйдү – дейт.
Сан дүнүйөнүн баарына
Жоболонду салды – дейт.
Тандап туруп кыпчактан
Беш жүз[1] жолдош алды – дейт.
Күлүктөрүн байлатып,
Күлазыкты жайнатып,
Эндей торко кийгизип,
Эпсиз жорго мингизип,
Баары беш жүз жолдошу.
Кызылдан буурул ат минип,
Кыл куйругун шарт түйүп,
Керней-сурнай тарттырып,
Нарга алтынын арттырып,
Ат арытып, эл чалып,
Төө арытып, жер чалып,
Чиймек болду сызыкты,
Тогуз уул үчүн Элеман
Көрмөк болду кызыкты.
Кулак угуп, көз көргөн
Элдин кызын көрдүрдү.
Кызы жакпай калганга
Сакадай алтын бердирди.
Дилдени төөгө жүктөтүп,

[1] Ûðäû ûðãààãû æàíà êèéèíêè ñàïòàðäàí êºð¿íãºíäºé, êàò÷û «Æ¿ç» äåãåí ñºçä¿ æàçáàé êåòêåí.

Жибектен аркан тарттырып.
Баарыга берип көп дүйнө,
Байлыгын журттан арттырып.
Жактырса да көңүлгө,
Жалгыз кызды ала албай,
Бир адамдын колунан
Тогуз кызды табалбай,
Тозок тартты Элеман.
Бир жандан тогуз кыз издеп,
Тополоң болгон кандай жан?
Ай эсебин алган жок,
Күн эсебин алган жок,
Күндө тынып калган жок.
Келин издеп, кыз издеп
Кеткен экен, Элеман!
Көл жайнаган такыр суу
Көлдү көрдү, Элеман,
Жандар өлөр акактап,
Чөлдү көрдү, Элеман.
Адам басып баргысыз
Жерди көрдү, Элеман.
Тирүүлүктөн башкача
Көрдү көрдү, Элеман.
Төөнү жуткан кара мар
Жылан көрдү, Элеман,
Кумдуу чөлдүн бери жагы,
Токсон жолдун түгөнүш,
Токсон суунун куюлуш,
Суу түгөнүп жоголгон,
Боз дөңгүлгө барды эле,
Боз дөңгүлдүн ары жакта,
Кароол дөбө көрүнөт,
Ал дөбөнү көргөндө,
Элемандай байындын
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Ал дөбөнү жердеген,
Эңкейип бенде жеңбеген,

Изденип адам барбаган,
Көргөн адам таң калган,
Касиеттүү жан экен,
Бөрүдөй жети уулу бар
Зеркер[1] кемпир бар экен.
Ич этинен суп көйнөк
Ошол кемпир кийүүчү экен,
Күн чыгыш менен күн батыш
Токтобой жүрүп турчу экен.
Берендиги белгилүү
Ал кемпирдин ордого,
Элеман жакын калганда,
Төөнүн баары бүгүлүп,
Тулпар аксап жүгүнүп.
Элдин байы Элеман
Алдыга чыгып караса,
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Зеркер кемпир көрүнөт,
Зеркер кемпир муну айтат:
«Атыңдын оозун бура тур,
Кыз издеген Элеман,
Алдыңкы жайга тура тур!
Ай-ааламды кыдырып
Жүргөн кемпир биримин,
Жетимиш уруу адамды
Билген кемпир биримин.
Угар кулак, көрөр көз
Ушундай жандын өзүмүн.
Желбегей торко кийгемин,
Жети жылдык болорду

---

[1] Áóë ñºç ò¿ï íóñêàäà «çåðãåð», «çåðêåð» äåï ýêè ò¿ðä¿¿ æàçûëãàí. Ýïîñòóí 1956-æûëêû áàñûëûøûíäà áàðäûãû «çåðãåð» äåï î¢äîëóï, àãà «àëòûí æå ê¿ì¿øòºí ò¿ðä¿¿ êîîçäóêòà áóþì æàñàé òóðãàí óñòà» – äåï òóóðà ýìåñ ò¿ø¿íä¿ðìº áåðèëãåí. Ýïîñòî çåðãåð (óñòà) æºí¿íäº ýìåñ çåðêåð (ñûéêûð÷û, çåð÷è) æºí¿íäº áàÿíäàëàò, îøîíäóêòàí áèç áàðäûê æåðäå «çåðêåð» äåãåí áèð ò¿ðã º êåëòèðäèê.

Жетик ойлоп билгемин.
Олуяттын өзүмүн,
Зеркердин анык көзүмүн.
Мен ичпеген булак жок,
Мен көрбөгөн мазар жок.
Мен баспаган тоо да жок,
Мен жатпаган коо да жок.
Мазарга басып түнөдүм,
Элеман, сени келет – деп,
Эчак билип жүргөмүн.
Жети күнчө мен кемпир
Жердин үстүн чалуучу элем,
Айбандардын, адамдын,
Арам менен адалдын,
Эсеби канча алчу элем.
Жети күндө мен кемпир
Жердин астын чалуучу элем,
Жар астында шумдуктар
Алардан кабар алуучу элем.
Жер алдында Көкдөө бар,
Ал Көкдөөнүн колунда
Өзүндө жети башы бар.
Эң сыйкырчы карасаат
Кара тажаал кемпир бар.
Каны Көкдөө алдында
Сейилдикке келиптир,
Элемандын эркеси,
Бир кудайдын бендеси,
Эр Төштүктөй сырттандын
Жөнүн айта бериптир.
«Колуңузга берем,– деп,
Элемандын сыртганын
Жер үстүнөн азгырып,
Эптеп алып келем»,– деп,
Ай эсебин алды – дейт,
Алек болгон ал кемпир
Ай эсептеп калды – дейт,

Күн эсебин алды – дейт,
Күйүп өлгөн ал кемпир,
Күн эсептеп калды – дейт.
Айтсам, кызык мунум бар,
Ай Элеман, угуп ал!
Жети жылы быяктан
Жети баштуу куу кемпир,
Сырттан тууган Төштүктү
Эптеп колго алууга,
Жердин үстүн чалды – дейт,
Бүтүн сырын Төштүктүн
Баарын билип калды – дейт.
Бай Элеман, сен элең,
Зеркер кемпир мен элем.
Менин жайым сурасаң,
Кыйлага чыккан жан элем
Так өзүмдөн туулган,
Жети уулум бар эле.
Жети уулумду сурасаң,
Жети жердин билгичи.
Чын олуя кеменгер,
Ааламдан чыкпайт андай эр!
Көздөрү көрөт алыстан,
Көп адамдан даанышман.
Жети уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси.
Найзакердин ыктуусу,
Адамзаттын мыктысы,
Чын олуя балама,
Чын кезиккен ал кемпир,
Ал баламдын мингени –
Жылкыдан тулпар Кулагер,
Кулагер минип алыптыр,
Кутурган ошо кемпирге
Курган балам учурап,
Карсылдашып калыптыр.
Маңдай-тескей турушуп,

Бакандашып урушуп,
Жети күн беттеп турушуп,
Жетик кыйын урушуп,
Ошондой болуп жумушу,
Ийрек минген ал кемпир
Баладан жаман шашты – дейт,
Жан соогалап качты – дейт.
Баланын баатыр экенин
Ошо кемпир билиптир,
Жер алдына кызыталак
Желген бойдон кириптир.
Зеркерден туулган жети уулум
Аты угулат, өзү жок,
Бек сыйкырчы ал кемпир
Дуба байлап сыйкырдап,
Балдарыма жетти – деп,
Муну менен жети уулум
Кайып болуп кетти – деп,
Ушу кезде кообум бар,
Билбегенди билгизип,
Билдирип айтып берүүчү
Эң башкача сообум бар.
Төштүктүн сырттан экенин
Эчак ойлоп билгемин.
Жолугуп калса Төштүккө,
Кемпир бирди кылат – деп,
Ошону ойлоп жүргөмүн!
Адыр-күдүр ак кайкаң,
Көз айныган көк тайпаң,
Көк тайпанды жердеген,
Көп алптардын баарынан
Сарыбай кыйын эр деген.
Беттеп бенде барбаган,
Бенде назар салбаган.
Казына толук, ичи кең,
Караса чыкпайт андай эр.
Этеги жайык, ичи кең

Эзелде чыкпайт андай эр.
Арыктар барып жал күткөн,
Ал Сарыбай көк жалдан
Азгандар барып мал күткөн.
Топосу токсон сан болгон,
Сарыбай жайы ушундай
Көл дайрадай кан болгон.
Сан дүйнөдө бедер жок,
Сарыбайдын колунда
Нелер бар да, нелер жок!
Малдап ачты баарды,
Ошо Сарыбай көк жалың
Кыдыртты кыйла шаарды.
Көргөндөрдөн көп угам,
Келгендерден мен угам,
Сарыбайдын колунда,
Тогуз кызы бар – деп угам.
Тогуз кызын Сарыбай
Тогуз уулдуу адамга
Берет экен – деп угам.
Тогуз уулдуу жан таппай,
Жердин жүзүн кыдырып
Карып болду – деп угам.
Ошо көк жал Сарыбай
Тогуз кыздын айынан
Арык болду – деп угам.
Карып болгон себеби
Тогуз кыздын улуусу
Аппак чачтуу болду – дейт,
Ортончусу кызынын
Көк ала чач болду – дейт,
Кичи кызы Сарыбайдын
Эгер алса бир күйөө
Эне катын болду – дейт.
Тогуз кыздын кенжеси,
Артык сулуу Кенжеке
Өз колу менен Сарыбай

Чачын майлап өрөт – дейт,
Тогуз уулдан да бул кызын
Абыдан өөдө көрөт – дейт.
Кенжекени тууганда,
Тоюна токсон союптур,
Калк жыйылып чогулуп,
Атын Кенжеке бейбак коюптур.
Сарыбайдын Кенжеке
Тогуз кыздын кенжесин
Чылк алтынга бөлөйт – дейт,
Кенжекени ким алса,
Көлдөй толкуп ошонун
Ырыскысы жөнөйт – дейт.
Ал Кенжеке такырдын
Кылпылдаган капырдын
Беризаада жан деди,
Бейбак туулган Кенжеке
Билгичтиги бар – деди.
Жез оймоктун ыктуусу,
Ургаачынын мыктысы,
Сөйкө салар жан ошол,
Сырттан балаң Төштүккө
Алып берер бала ошол.
Кубанып уккун сөзүмө,
Келин кылсаң Кенжеке
Кутман болор өзүңө.
Менин сөзүм алыңыз,
Канаттуу кара бээнди
Чалгынга минип алыңыз,
Көл дарыядай Сарыбай
Конокко мурун барыңыз.
Кудалашып, мал берип,
Тогуз уулга тогуз кыз
Баштарын байлай салыңыз.
Кайра тарта көчкөндө
Жерди байкайконуңуз,
Кереметтүү Кенжеке

Сөзү менен болуңуз.
Ала көөдөн Элеман,
Сөзүмө кулак салбасаң,
Бул тилимди албасаң,
Капталарсын бузукка
Жолугарсың кызыкка».
«Зеркер кемпир макул», – деп,
Аны жолго салды – дейт,
Бул айтканың акыл – деп.
Билбегенди билдирип,
Билип жолго салды – дейт
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго салды – дейт.
Муну укканда Элеман,
Сарыбай көздөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Кемпирден кызык кеп угуп,
Толкуп жаткан Сарыбай
Тогуз кыздуу деп угуп,
Бар дүйнөсүн аябай
Барган экен Элеман.
Сарыбайдын көк өзөн,
Көк өзөнгө барганда
Күткөн малы чогуу экен.
Элемандын сан кара
Ал Сарыбай байыңдын
Бир бурчунча жок экен.

## ЭЛЕМАН САРЫБАЙДЫН ТОГУЗ КЫЗЫН КӨРҮП, КУДАЛАШЫП АЛЫП ЖӨНӨГӨНҮ

Сарыбайдын ордого
Салып жетип барганда,
Минип барган кара бээ
Мамысына чалды эле,
Кол куушуруп барбайып,

Сарыбайдын үстүнө
Элеман кирип барды эле.
Элеман, Сарыбай эки бай
Адамзаттын кеби ошол,
Тогуз уулдуу Элеман,
Тогуз кыздуу Сарыбай
Кудалашкан жери ошол.
Оң капшытын караса,
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Карап турса Элеман
Тогуз сөйкө көрүнөт.
Ал сөйкөлөрдү көргөндө:
«Анык экен бул кеп»,– деп,
Ал Элеман байыңдын
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Амандашып тургуча,
Андай-мындай дегиче,
Айтып оозун жыйгыча,
Аңгеме дүкөн курады,
Элемандын Сарыбай
Ал-абалын сурады:
«Үйгө келдиң сен, адам!
Урааның ким, дайның ким?
Уругуң ким, айлың ким?
Түрүң качып, түн катып,
Мундуу жашың көрүнөт,
Ашуу ашып, таш баскан,
Акылыңдан эң шашып
Алсыз жайың көрүнөт.
Атың болуп ыргайдай,
Битиң болуп торгойдой,
Мунеткен жайың көрүнөт,
Каалаганың эмине?
Караганың эмине?
Жоготконуң эмине?
Сөзүмдү угуп алыңыз,
Жөнүңдү айта салыңыз,

Менин жайым сурасаң,
Атым болгон Сарыбай,
Байлыгым болгон бир далай,
Мен Сарыбай болголу,
Кумурскадай кыжылдап,
Кууураган мал толголу.
Казаным толук, кардым ток,
Мал жагынан капам жок.
Кызым тогуз, эркек жок,
Аккан суу менен чыккан чөп
Мындан бөлөк касым жок.
Мал арбыды, дүмөгүм,
Тогуз кызга тогуз уул
Күйөө таап ала[1] албай,
Күйүт тартып жүрөмүн.
Кыздарымдын улуусу
Саамай чачы ак болду,
Эрге берсем эчени
Тууй турган чак болду.
Элден тогуз уул таппай,
Эсим кетти мен Сарыбай
Тогуз күйөө табылбай,
Убара болдум Сарыбай.
Тогуз уулдуу адам кабылбай
Тогуз уулдуу адам табылса,
Кандыра калың жебестен,
Казыр берем кызымды!
Тогуз уулдуу адам табылса,
Токтобой берем кызымды,
Тогуз кыздын кенжеси,
Бир кудайдын бендеси,
Ургаачыдан узум бар,
Кенжеке деген кызым бар.
Өзү кадыр түн эле,
Касиеттин бири эле.

[1] Óøóë ñºçä¿ øàøûï æàçãàíäà à¢äîîñòîí òàøòàï êåòêåí.

Баакы кыздардын баасы,
Жалпы кыздардан жайдары,
Балбылдаган чолпону,
Кадыр түн болуп кабылса,
Кенжекенин өзүнө
Ылайык күйөө табылса,
Дегенине көнөмүн,
Аны да кошо беремин.
Чечилбеген санаам бар,
Кенжеке аттуу балам бар.
Кенже күйөөм эр болсо,
Кенжекеге тең болсо,
Андай[1] болгон адамга
Байлыгымды билгизем,
Айбан туруп сүйлөгөн,
Жылкыдан башка Чалкуйрук,
Кенжекеге мингизем!
Табылгы жакса чок өтпөс,
Жазайыл атса ок өтпөс,
Чайиңги деген тонум бар,
Кенжекеге кийгизем.
Айтсам сонун мунум бар,
Байлыгым башка Сарыбай,
Балдарыма дүнүйөнү
Батыра берем тарыбай.
Жолсуз жерге жол салган,
Болот өгөөм ошо бар.
Өкчөп койсом, ат болгон
Алтын сакам кошо бар.
Сан дүнүйөдө бедер жок,
Күйөө таппай мундуумун,
Андан башка Сарыбайда
Нелер бар да, нелер жок?
Көп дүнүйөм ошо бар,
Жайып ийсе мал болгон

[1] Êàò÷û «àíäà» äåï æà¢ûëûø æàçãàí.

Бакты килем кошо бар,
Кетирдим беттен наарымды,
Күйөө таппай мен Сарыбай,
Кыдырдым кыйла шаарды,
Минтип күйөө таппадым.
Тогуз уулдуу бирөө жок,
Тогуз кыз алчу күйөө жок.
Көчүгүмдү жооруттум,
Көңүлүмдү ооруттум!
Кулак угуп, көз көргөн
Элге кабар айткамын,
Тулпар чарчап чайлаган
Жерге кабар айткамын.
Көп кетирдим алымды,
Көп сарып кылдым малымды,
Үйгө келген сен мейман,
Тынч алып аман кайтыңыз.
«Тогуз кызды Сарыбай
Тогуз уулдуу адамга,
Кыздарынын баарысын
Токтотпой эле берет экен,– деп,
Калкка кабар айтыңыз!»
Муну укканда Элеман,
Баабединин бат айтып,
Ай маңдайы жарылып,
Коё берди Элеман
Сарыбайга жалынып:
«Менин атым Элеман,
Эл кыдырып келемин!
Элеман аттуу бай элем,
Мен Элеман колунда
Тогуз уулум бар эле.
Бир адамдан бир тогуз
Кыз табалбай жүрөмүн.
Айтканымды угуп ал,
Ай Сарыбай, билип ал!
Элден тогуз кыз таппай,

Арык болуп келемин.
Ат арытып, жол жүрүп,
Карып болуп келемин.
Тогуз уул жайын айтайын:
Катын албай баарысы,
Аксакал болду карысы.
Тогуз кызың бар экен,
Менин тогуз уулума
Ылайыктуу табы экен...
Сенин кенжең Кенжеке,
Менин кенжем эр Төштүк
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси.
Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Баатырдыгы башкача,
Балбандыгы эң башка.
Беттеп бенде барбаган,
Бенде назар салбаган.
Тоюна токсон союлган,
Аты Төштүк коюлган.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаалдуу Төштүк уулум бар,
Кыз издедим чунайып,
Кенжекеге Төштүгүм
Болот экен ылайык!
Кызыңа сөйкө салайын,
Кулдук уруп калайын.
Кыйналып жүргөн Элеман
Бар экен менин таалайым,
Канаты бар кара бээм
Буга кебез байлайын.
Айтсам кызык мунум бар,
Калыңга берер малым бар.
Токсон кара нарым бар,
Токсон нарга артылган,
Алтын, күмүш аралаш

Калыңга берер зарым бар.
Токсон төөнүн алтынын
Калың кылып алыңыз,
Кудалашып май чайнап,
Кучакташып калыңыз!»
Элеман бай, Сарыбай
Эми куда болду – дейт.
Эл ортого толушуп,
Эсеби жок тамаша
Эми кыйын болду – дейт.
Калайыкты жыйышып,
Катуу дүрбөөң кылышып.
Элеман бай, Сарыбай
Эми куда болду дейт.
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калды – дейт.
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калды – дейт.
Чоң ордого конушуп,
Чогулуп куда болушуп,
Оюнду кызык кылды – дейт.
Тогуз уулга тогуз кыз,
Токтотпой нике кыйды – дейт.
Элемандын сөзүнө
Көнбөй калган кези экен,
Элемандын эр Төштүк
Келбей калган кези экен.
Дүйнөсүн артып төөлөргө[1]
Артык экен Сарыбай
Энчисин берип күйөөгө,
Мал көзүнө карабай,
Малын берди аябай,
Тон көөнүнө карабай,
Тонун берди аябай.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «ò°°ã°» äåï êàòà æàçûëãàí, àíäàé áîëãîíäî ûðäàûí ûðãààû áóçóëàò, àíûí ¿ñò¿í° Ñàðûáàé ñåïòè ò°°ë°ðã° æ¿êò°éò.

Ар кимиси күйөөлөр
Миңден-миңден жылкы алып,
Жебилгеси жер чийип,
Жетик кылды Сарыбай,
Тогуз кыздын баарына,
Жашы менен карыга
Жел өтпөс торко кийгизип,
Желбеген жорго мингизип.
Ар шайманын бүктөтүп,
Алтын менен күмүштү
Атан төөгө жүктөтүп.
Кыз-келиндин баарысы
Кызылдан жорго ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Келинге кете* кийгизип,
Кете тондун этегин
Керилтип жерге тийгизип,
Кулак угуп, көз көргөн
Калктын баарын чуу кылып,
Басылбаган дуу кылып.
Кыздарга кызыл кийгизип,
Кызыл тондун этегин
Кыйгачтап жерге тийгизип.
Кыйын экен Сарыбай,
Кызматын журтка билгизип.
Кыздарынын баарына
Кырктан жылкы куну бар,
Кызылдан тулпар мингизип,
Сарыбайдын салтанат,
Эрге берген кызына
Төөгө жүгүн арттырып
Санатын журттан арттырып,
Сарыбайдын чоң эшик,
Чоң эшиктен дүрбөшүп,
Күйөө, кыз чыгып калды – дейт
Тогуз кыздын кенжеси,
Жараткандын бендеси,
Жалжал көздүн сулуусу,

Жан бүткөндүн нурдуусу.
Толгон айдай толукшуп,
Сарыбайдын Кенжеке,
Ак казандай болукшуп,
Саамай чачы самсаалап,
Тоту жүндөй бөлүнүп,
Сарыбайдын эрке кыз
Күн тийгендей көрүнүп,
Акылы башка Кенжеке
Далай кыздын башы экен,
Акылкарачач экен.
Ыйманы калың, акыл мол,
Азапка салат ушул жол.
Бери берген көйнөктү
Ич этинен белсенип
Кийген жандын бири экен.
Алты айчылык болорду
Азыр эле Кенжеке
Билген жандын бири экен.
Акылы артык бир башка,
Ааламдан чыккан көйкашка,
Кадыр түн экен Кенжеке,
Кай жоругун айталы,
Касиеттүү жан экен,
Көз жумса сүйлөп берүүчү,
Айтуучусу бар экен.
Сарыбай кызы Кенжеке
Же Төштүктү көргөн жок,
Күйөөлөп Төштүк келген жок.
Берген тонун кийген жок.
Бай Сарыбай көк жалдын
Берген атын минген жок.
Келин баштап бир миң жан:
«Кий тонуң»,– деп[1] камынды,

[1] Ò¿ï íóñêàäà áóë ñºç æîê. Ûðäûí ûðãààãû íà êàðààãàíäà êàò÷û øàøûï æàçãàíäà òàøòàï êåòêåí.

Кенжекеге жабылды,
Мында долу кийген жок,
Келиндердин баарысын
Кебелип тилин алган жок,
Теңтушка назар салган жок.
Ак байбиче энеси,
Алтымыш катын баарысы,
Ак сакалдуу карысы:
– Аттангын! – деп жалынды,
Анда долу болгон жок.
Атакеси Сарыбай,
Акылмандын баарысы,
Ак сакалдуу карысы,
Катар кирип жалынды,
Мында да долу болгон жок.
Агарып бети суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп,
Ыйлап жатып алды – дейт.
Анда турган адамга
Чоң дүмөктү салды – дейт.
Бөгөсүнөн бөктү – дейт,
Көздөн жашын төктү – дейт.
Кенжеке каар баштады,
Журттун байы Сарыбай
Малдан кечип таштады.
Кенжеке ыйлап турганда,
Туурага толгон мал
Тутамга келбей кайран жан,
Сакалы кетип суюлуп,
Эки беттен аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп
Сарыбай кирди сабылып,
Санаасын бөлүп жалынып:
«Жанымды коюп, малымды ал,
Тогуз кыздын кенжеси,
Кенжеке балам, тилимди ал!

Кыз ыйласа төркүндө,
Кыйла мүшкүл дечү эле.
Урук менен тууганын
Ырым кылып ыйласа,
Соруп таштайт дечү эле.
Ыйлаба, балам, ыйлаба,
Атаңдын жанын кыйнаба!
Балам, каалаганың алып кет!
Дүйнөмдү сенден аябайм,
Экөөмдү коюп, бирөөмдү ал,
Өгөөмдү таштап, бүлөөмдү ал!
Чаар инген таштап малымды ал,
Чалкуйрук коюп, жанымды ал!
Көп ыйлабай сөзүмдү ал,
Керек болсо өзүмдү ал!
Топозум токсон сан эле,
Мен Сарыбай мүлкүм бар эле.
Энчиге бердим, малымды ал.
Айтканым ушул көнүп ал, балам!
Ар түлүктүү малымдын
Барып көбүн бөлүп ал!
О, үйлөрүм ушул билип ал, балам!
Карыганда атаңды
Шүмшүк кылбай тилин ал, балам!
Жапаага салбай сөзүмдү ал,
Керек болсо өзүмдү ал, балам!
Айткан тилимди алып бер, балам!
Эр сырттаны Төштүккө,
Эби келсе барып бер, балам!
Үзүлгөнүн улап бер, балам!
Чачылганын жыйнап бер, балам!
Ак сарайга конуп бер, балам!
Аташкан жар болуп бер, балам!
Каалаганың алып кет, балам!
Каалаадым Төштүк сырттанга,
Ошону карай басып кет, балам!
Тели куш учат тегине,

Кыз бала кетет
Тие турган эрине, балам!»
Атасы минтип турган соң,
Ушундай кепти кылган соң:
«Сенин тилиң алайын, ата!
Эр сырттаны Төштүккө
Сен кааласаң барайын, ата.
Менин казыла турган орум бар, ата!
Ыйлай турган шорум бар, ата!
Ишим толук, бушман көп, ата.
Элеман уулу Төштүктү
Аңдып жүргөн душман көп, ата!
Элеман уулу Төштүккө,
Сен кааласаң барайын, ата!
Сенин тилиң алайын, ата!
Ажалым жетсе, өлөйүн, ата!
Элеман уулу Төштүккө
Караан болуп берейин, ата!
Өгөөндү берсең алайын, ата,
Берен Төштүк күйөөмө, ата,
Белек кылып барайын, ата!
Айтканым ушу көнүңүз, ата,
Касиеттүү саканы, ата,
Кааладым, ага бериңиз, ата!
Төөнүн лөгү чаар инген, ата!
Чаар инген бергин алайын, ата!
Анан Төштүк барайын, ата!
Энелигиң чын болсо, апа,
Чайыңги тонду кийгизгин, апа!
Бала экен деп санасаң,
Чалкуйрукту мингизгин, ата!
Он төрт жашка келгенде,
Сейилге чыгып көргөндө,
Чалкуйрукту мен көрдүм, ата,
Актулпар тууду, мен билдим, ата,
Жылкыда алты ай мен жүрдүм, ата!
Айбан туруп сүйлөгөн,

Бул сонуну бар эле,
Элеман уулу Төштүккө
Ылайыктуу мал эле, ата!
Керишке минер Чалкуйрук,
Кетмен туяк, кең соору,
Кулжа моюн төгөрөк
Куугунга минер мал эле.
Басканынан чаң чыккан,
Дүбуртүнөн жан чыккан,
Туу куйругу бир тутам
Тулпар эле жылкыдан.
Тайгаланбайт бийиктен,
Так эле басса кем эмес,
Ташка баскан кийиктен.
Тогуз кыздын кенжеси
Сарыбайдын эркеси[1]
Бул Кенжеке бейбагың,
Чалкуйрук сурап турганы,
Берекелүү Сарыбай:
«Бербеймин», – деп айталбай,
Бейбактын сөзүн кайтарбай,
Өөдө-төмөн туйлады,
Чалкуйруктун айынан
Өкүрүк салып ыйлады.
Көңүлү кетип бөлүндү,
Айбандан тулпар Чалкуйрук,
Сарыбайдын көзүнө
Баласындай көрүндү.
Дарттуу болгон эмедей,
Ал Сарыбай кулады.
Он бир күнү болгуча
Орундан Сарыбай турбады.
Кабырга сөөгү сөгүлдү,

[1] Ò¿ï íóñêàäà «êåíæåñè» äåï êàòà áåðèëãåí. «Òº øò¿êòºã¿» òóðóêòóó ôîðìóëà áîþí÷à «ýðêåñè» äååãåí ñºç îðäóíà êîþëóï òàêòàëû.

Көздөн жашы төгүлдү,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Оозунан түтүн буркурап,
Энеси чыдап туралбай,
Чайыңги тонду кийгизди,
Атасы чыдап туралбай,
Чалкуйрук атты мингизди.
Алтын сака, өгөөнү
Энеси берди жана алды.
Төө ичинде чаар инген,
Атасы берди, буну алды.
Чаар инген жайы ушундай,
Касиеттүү мал экен.
Чаар ингендин өзүндө
Миң төөлүк күчү бар экен.
Чаар ингендин үстүнө
Сарпайыны бүктөдү.
Аз болгондо ингенге
Сарыбайдын толгон мүлк
Тең жарымын жүктөдү.
Бай Сарыбайдын
Жаккан отун өчүрүп,
Тогуз кыз тең аттанып,
Жалпы баарын көчүрүп,
Төөдөн мыкты чаар инген,
Тулпардан мыкты Чалкуйрук,
Кыздардан мыкты Кенжеке,
Көк тизеден конушка
Конуп чыгып келатат.
Кызык жыргал оюну
Болуп чыгып келатат.
Элемандын дүнүйө
Сандап катар артылып,
Минден катар көбөйүп
Толуп чыгып келатат.
Элемандын тогуз уул
Катын алып олукту,

Ал Элеман байыңыз
Кадыр түнгө жолукту,
Төө арканын чечишип,
Айлап-жылдап көчүшүп,
Куркулдаган кузгун жок,
Каркылдаган карга жок,
Ээн талаага конду эле.
Ал булактын боюнда
Жети күн өрүүн болду эле.
Көлүк оонап, чөп толкуп,
Конуп жаткан кези экен,
Жайкалып шибер куттанып,
Бейиштин жыты жыттанып
Оңуп жаткан кези экен,
Кызыр эмди тай союп,
Аш-тамагын жай коюп,
Журттун байы Элеман
Дүнүйөнү жайнатып,
Аш-тамагын кайнатып,
Оңуп жаткан кези экен.

## АЙСАЛКЫН КЕНЖЕКЕГЕ ЖОЛУГУП КАРГАГАНЫ

Беризаада бейтаалай,
Билгичтиги бир далай.
«Сарыбай кызы Кенжеке,
Эр Төштүктүн зайбына
Куттук айтам»,– деп өзү
Тозуп жаткан кези экен.
Бир адамга билинбей,
Бир адамга көрүнбөй,
Беризаада бейтаалай,
Белестен чыгып оолукту,
Беринин кызы бейтаалай
Кенжекеге жолукту.

А да Төштүк зайбы экен,
Бу да Төштүк зайбы экен.
Билер-билбес экөөндө
Күнүлүгү бар экен.
Кенжекени көргөндө,
Куурусундай мойнун бурганы,
Куттук айтып турганы:
«Минген атың Чалкуйрук,
Кутмаарек болсун, кут болсун, долу!
Кийген тонуң чайыңги
Кутмаарек болсун, кут болсун, долу!
Жетелегениң чаар инген
Кутмаарек болсун, кут болсун, долу!
Тийүүчү эриң эр Төштүк,
Бир өзүңө жуп болсун, долу!»
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай Кенжеке,
Берини тилдеп таштады:
«Астымдан тосуп оңупсуң, долу.
Аташканың Төштүккө
Алты күн катын болупсуң, долу.
Жетик ойноп келипсиң, долу.
Тууп алган баланды
Көкөтөй байга берипсиң, долу.
Астымдагы Чалкуйрук,
Атакем берди, мен миндим,
Сеникин тартып алдымбы, долу?
Үстүмө кийген чайыңги
Энекем берди, мен кийдим,
Сеникин тартып алдымбы, долу?
Жетелегеним чаар инген
Атакем берди, мен алдым,
Сеникин тартып алдымбы, долу?
Менин күйөөм эр Төштүк
Атакем кошту, мен тийдим,
Сеникин тартып алдымбы, долу?
Күчөнөр болсоң бек сүйлө, долу.

Жөнүңдү таап тек сүйлө, долу.
Сен Чук-Терек жатып калганың, долу.
Маңдайга бүткөн эр Төштүк
Менин мүлкүм алдадың, долу,
Сенин алдамчың ушу эмеспи, долу,
Кана, Төштүккө тийип алганың, долу.
Жолумдан кебиң кыласың,
Жолоочуга жол кошуп,
Шакаба кылып турасың, долу.
Эмгекке калдымбы, долу,
Эстенип сүйлөп тургудай
Сенин эриңди тартып алдымбы, долу.
Сен кутмаарек айтып тургудай,
Жолумду тосуп тургудай
Кара доого калдымбы,
Сенин эриңди тартып алдымбы, долу?
Талаада эркек көрбөдүм,
Дардайып тууп талаада
Баламды сатып жүрбөдүм долу.
Касиет өгөө буюмду
Атакем берди, мен алдым,
Сенин бабаңдан сурап албадым,
Балакетке калбадым, долу.
Эренге керек сакамды
Энекем берди, мен алдым,
Сеникин сурап албадым, долу.
Азаптуу доого калбадым, долу,
Сен барып конуп, жериң тап, долу!
Тие турган эриң тап, долу!
Кебез-Тоо сага жер болбойт, долу,
Эр Төштүк сага эр болбойт, долу!
Эр Төштүк берчү мен эмес,
Ала койчу сен эмес.
Алдырчу бейбак мен эмес,
Түмөн сөз айтсаң көнбөймүн,
Бул башым жерге кирбесе,
Курбалдашым сырттанды

Сендейлерге бербейм, долу!
Беринин кызы Айсалкын
Касиеттүү жан экен,
Эрдинде сөөлү капкара,
Тилинде мөөрү бар экен.
Каргышы ката кетпеген
Кара саат жан экен.
Күйүп бышып чок болду,
Беринин кызы Айсалкын
Аш кайнамдай токтолду.
Бөтөгөдөй кара көз
Бөлөк-бөлөк жаш кетти,
Карагаттай кара көз
Камчы бою жаш кетти.
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Чылгый ичи өрт жанып,
Чыдай албай Айсалкын:
«Элеман уулу Төштүккө,
Бул дүйнөдө тийбеймин.
Жети күндүк жалганга
Убара болуп жүрбөймүн, долу.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Алдап жүрөт бендени,
Атаңдын көрү дүйнө бок.
Элемандын сырттаны
Бул дүйнөдө сеники,
О дүйнөдө меники долу!
Куттук менен мен келсем,
Кулжуктадың уруштуң, долу.
Кең Кашкардын ары жагы,
Кең өзөндүн бери жагы,
Кең талаа бойлоп конуп кал, долу!
Сырттан эрден айрылып,
Жети жылы саргарып,
Тирүүлөй жесир болуп кал, долу!
Өлбөй-житпей кайрылчы, долу,

Сырттаныңдан айрылчы, долу,
Сырттан эр кетсин талаага, долу,
Сенин дүнүйөң калсын балаага, долу!
Күйбөстөн мурун күйгүзүп,
Бышпастан мурун бышырып,
Башыма салдың сонунду, долу!
Кайнатып ийдиң шорумду, долу,
Казып ийдиң орумду!
Ичиме салдың бузукту, долу,
Талаада кылдың кызыкты, долу!
«Кутмаарек» – деп мен айттым,
Сен куураткандай кеп айттың, долу!
Элемандын эр Төштүк
Эрдигинен оолуксун, долу!
Эмгекке башы жолуксун, долу!
Ардактаган Төштүгүң
Жер үстүнөн айрылып,
Жер астында кор болсун, долу!
Арка чачың өрбөй кал, долу,
Аташканың сырттанды
Алты жыл катар көрбөй кал, долу!
Бир мүшкүлгө жолугуп,
Аташканың сырттаның
Жер астына кетсинчи, долу!
Айтканың башка жетсинчи, долу!
Жети жылы кар болгун, долу,
Сырттаның көрбөй зар болгун, долу!
Элким басып оңуп кал, долу!
Эр үчүн какшап зарланып,
Тирүүлөй жесир болуп кал, долу!
Ордумча айтсам оңбодуң, долу!
Оңурандап болбодуң, долу,
Күйбөстөн мурда күйгүздүң,
Бышпастан мурун бышырдың, долу,
Калың бир кастың алдымды, долу,
Кашайтып ийдиң жанымды, долу!» –
Деп ошентип Айсалкын,

Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Көздөн кайым болду эми.
Муну укканда Кенжеке
Жаккан отун өчүрдү,
Жанын койбой атасын
Конгон журттан көчүрдү.
Каар салып бакырып,
Кайнатасы Элеман
Бейбак долу Кенжеке
Алган экен чакырып:
– Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө мүшкүл иш көрдүм,
Кабылдык каардуу улукка, ата,
Түшүп кеттик түбү жок кара кудукка.
«Ку» десең, конбой колуңа,
Шуңкарың кетти бир жайга, ата!
Бул жерге туруп нетели, ата?!
Жүрүңүз элге кетели, ата!
Жүгөнү жок бош көрдүм,
Чалкуйруктай тулпарды, ата!
Жагоосу жок бош көрдүм,
Уулуңуз Төштүк шуңкарды, ата!
Муну айтканда Элеман,
Тополоңдоп калышып,
Токтобостон нарларга
Толгон аркан тартты – дейт.
Апат болгон көп дүнүйө
Чаар ингенге артты – дейт.
Кыз кенжеси Кенжеке,
Кенжекенин үбү бар,
Чаар ингендин үстүндө,
Миң каймалдын жүгү бар,
Көчүп шашып оолукту,
Батып кетер чоң баткак
Кыйын ишке жолукту.

Тегеренсе ыраак жол,
Тешип өтсө жакын жол,
Жакын жолго салганы,
Асман жактан чаркырап,
Ач айкырык угулду.
Мүлк жүктөгөн чаар инген
Баткакка батып жыгылды.
Ал чаар инген жаныбар,
Чаар ингендин үстүндө,
Ай-аалам мүлктүн баары бар.
Эр кайраты жашыды,
Тогуз келин, тогуз уул,
Карысы, жашы чогулуп,
Кырк сегиз күнү ташыды.
Ташыган менен болбоду,
Сырттандын жары Кенжеке
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ай айлана бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа бир келип,
Зыркырап ыйлап күйүнүп,
Сырттанынан түңүлүп.
Болкулдап ыйлап Кенжеке
Мурдунун суусун арыта албай,
Көзүнүн жашын тарталбай:
«Баткакка жатып чаар инген,
Кайрылып калат экемин.
Жети жылы көрбөстөн
Айрылып калат экемин!
Чаар ингени курусун,
Белде калар бекемин?
Какылдаган карга жок,
Куркулдаган кузгун жок,
Чөлдө калар бекемин?
Жетик элем Кенжеке
Жер конуш бойлой кономбу?

Жетигиме жете албай,
Жер каранды боломбу?» –
Деп ошентип Кенжеке,
Күйүккөндөн чыркырап
Сырттанга күйүп буркурап.
Айлана басып күйүнүп,
Асылынан түңүлүп.
«Түз жерден чыкты казган ор,
Ушундай экен биздин шор!
Эми байланган экен биздин кол!»
Элүү күн болот дегенде,
Чаар ингенди баткактан
Өлгөндө алды сууруп.
Кайын атасы Элеман,
Айласы жок, акыл жок
Малга кароо бай экен,
Бул сыяктуу бакыл жок.
Кетели десе болбоду,
Келиндин жолун торгоду.
Жүрөлү десе болбоду,
Элеман эми оңбоду.
Төө тикенек талаага
Төөлөрүн айдап салды – дейт.
Бетегелүү ыраңга
Бээлерин байлап салды – дейт.
Элеман бай курусун,
Малга кароо жан экен.
Элеманга жолугар
Кудайдын каары бар экен.
Жети баштуу желмогуз
Жердин үстүн чабыттап,
Элеманга жолугуп,
Мүшкүлдү салар чагы экен.
Элемандын Төштүгүн
Сурап алар табы экен.

## ЖЕЛМОГУЗ КЕМПИРДИН ЭЛЕМАНГА ЖОЛУККАНЫ

Элеман бай ошондо,
Кырк кулачтай укурук
Кармап колго түкүрүп,
Адырдагы малдарын
Айдап жыйып калды – дейт,
Жылгадагы малдарын
Жыйып айдап калды – дейт.
Чоң кисени* чалынып,
Чоң айбалта колго алып,
Кырк кулач укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Кабакка салып барды – дейт.
Аккан суунун боюна
Ал Элеман барганда,
Элеманы курусун
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Суу үстүндө калдактап,
Агып келет ошондо
Бир калкайган өпкө көрүнөт.
Ал өпкөнү көргөндө,
Малы келбей эсине,
Агып келген бул өпкө
Элемандын көзүнө
Дүнүйөдөй көрүнөт.
Өпкөнү көрүп Элеман,
Өлгүчө жаман мактанат:
«Берейин деген кулуна
Белен кылат жолуна.
Бербейин деген кулуна,
Сатса келбейт булуна.
Агып келет бул өпкө,
Олжо кылып тунайын,
Суудан кармап алайын,
Канжыгага салайын,

Даңгыт менен Маңгытты
Бир тоюнтуп салайын»,–
Деп ошондо Элеман,
Дүйнө тапкан эмедей,
Укурукту колго алып,
Көк айгырды бир салып,
Ал өпкөнү сайды эле,
Көтөрүп аны калды эле.
Өпкө кетти жарылып,
Акты төмөн ал жылып.
Андан кармап алалбай,
Мындан кармап алалбай,
Эл байкабас, жан көрбөс
Кабакка кирип барды эле,
Жана сайды Элеман
Жана Элеман сайганда
Өпкөдөн көрдү бузукту,
Агып келген ал өпкө
Элемандын өзүнө
Көрсөтмөк болду кызыкты.
Олжо күндүү Элеман,
Оңурандап өпкөнү
Эми карай салганы
Карай салса Элеман
Боюнда жети башы бар
Кемпир болуп калганы.
Жети баштуу ал кемпир
Көрсөтмөк болду кызыкты!
Салмак болду башына
Адам кылбас кызыкты.
Көргөзмөк болду зордукту,
Элемандын башына
Кылмак болду кордукту.
Кетирмек болду чараны,
Сурамак болду ал кемпир
Сырттан Төштүк баланы.
Ана-мына дегиче,

Ачып көздү жумгуча,
Шап этектен алганы,
Ал Элеман байынды
Көмө тартып салганы.
Кыраан алптай илгени,
Илген жерде, бул кемпир
Элемандай байындын
Ак төшүнө мингени.
Минген жерде, ал кемпир
Элемандай байындын
Мурутун булкуп ыргытып,
Сакалын жулкуп ыргытып,
Желип-желип койду эле,
Элеманы курусун,
Кылбады иштин дурусун,
Олжодон көрдү кордукту,
Опсуз көрдү зордукту,
Төшкө кемпир мингенде,
Зыкылдатып киргенде,
Кабырга кетти быркырап,
Мурунунан кара кан
Агып кетти шыркырап.
Желип-желип[1] койду эле,
Ооз, көтүнөн кан кетти
Элемандан ал кетти,
Өлмөк болду жан татты.
Сакалы кетти зирилдеп,
Муруту кетти бириндеп,
Көзү кетти алактап,
Бүткөн бойдун баарысы
Кыйрап кетти шалактап.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà (êûçûï êàëãàí àéòóó÷óíóí òåìïèí áàñïàé) æà¢ûëûø æàçûëãàí, ì¿ìê¿í, êàò÷û àãà æåòå æàçûø ¿÷¿í òîêòîòêîíäî àéòóó÷ó ì¿ä¿ð¿ë¿ï, êàòà àéòêàí. «Äàãû êåìïèð êîéäó ýëå» äåãåí ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóãó æîê ñàï áàð. Ëîãèêàëûê æàêòàí àëãàíäà òóðóêòóó ôîðìóëà – «Æåëèï-æåëèï êîéäó ýëå».

Каарды кемпир баштады,
Кыл чыгарбас Элеман
Мал менен жандын баарынан
Такыр кечип таштады.
Зыкылдатып ал кемпир
Элемандан кеп сурайт,
Жанын кыйнап бек сурайт:
«Өлбөй-житпей, Элеман,
Дегениме көнгүн,– дейт,
Аман калам сен десең
Сураганым бергин,– дейт.
Менин жайым ушундай:
– Желгениме жел жетпейт,
Басканыма мал жетпейт.
Денемде жети башым бар,
Жаны жок соку атым бар,
Ал сокуну айдаган
Сок билегим дагы бар.
Сендейден сексен миң чал келсе,
Соро турган алым бар,
Айтканыма көнөсүң,
Каалаганым бересиң!
Айтканыма көнбөсөң,
Каалаганым бербесең,
Алдымда жаткан, Элеман,
Азыр менден өлөсүң!
Түгөтөмүн жашыңды.
Чымчыктай кылып, Элеман,
Азыр үзөм башыңды.
Көргөзөмүн сонунду,
Үзөмүн буту-колуңду.
Дегениме көнөсүң,
Сырттаныңды бересиң,
Сырттаныңды бербесең,
Дегениме көнбөсөң,
Чыгарамын кээнди,
Жайылта муштайм мээнди!

Не дегеним баарына
Сен, Элеман, көнөсүң
Эменеңди бересиң?
Элемандын оозунан
Өжөк-өжөк кан кетти,
Өкүрүгү таш жарып,
Элемандан ал кетти.
Үңүлдөгөн үн калды,
Үксөйүп сакал жүн калды.
Элеман кепти баштады,
Сан каранын баарысын
Ортого коюп таштады.
Айласы кетип сабылып,
Ал кемпирге жалынып:
«Айланайын байбиче,
Эч ким билбес жаным бар,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт курчаган малым бар.
Топозум токсон сан эле,
Толгон мүлк менде бар эле.
Өрүш толгон жылкым бар,
Матоо толгон төөм бар,
Короо толгон коюм бар,
Желе толгон уюм бар,
Койбой баарын берейин,
Аласыңбы баары малымды,
Айланайын байбиче,
Коёсуңбу жанымды?!»
Анда кемпир күүлөнүп,
Элеманга сүйлөнүп:
«Сен өлгөндө сан малың
Меники эмей кимдики?»
Кайра кемпир желди эле,
Кайра баштан Элеман
Бут жыялбай тозокту
Абыдан катуу көрдү эле.
Күчөп кемпир желди эле,

Күчкө сала берди эле,
Бул жалгандын азабын
Элеман бай көрдү эле.
Каарды кемпир баштады,
Эламанды ал кемпир
Соруп ийе таштады.
Элеман туруп күйүндү,
Эми жандан түңүлдү:
«Олжо кылып өпкөнү,
Көргөлү келген экемин,
Тирүү калбай катындан,
Каарданган капырдан
Өлгөлү келген экемин!
Кулак угуп, көз көргөн,
Жалпы журттун баарына
Мен Элеман бай болдум,
Бир өпкөгө кызыгып,
Бул кемпирден жай болдум!
Азапка өзүм тутулдум,
Ажалдан кантип кутулдум?
Кыяматтын кыстоосун
Көргөлү келген экемин!
Кызыталак куу жалган,
Ай-талаада арманда
Өлгөлү келген экемин?
Бул жалганды күтөм,– деп,
Ойлоп жүргөн экемин
Каран калган дүйнөгө
Тойбой жүргөн экемин!
Сандап жаткан сан кара
Дүнүйөм жолдош болдубу?
Ай-талаада арманда
Түйтөйгөн кемпир сойдубу?
Алсаң боло малымды,
Айланайын байбиче,
Койсоң боло жанымды?!
Дагы дүйнөм дагы бар,

Дагы кемпир угуп ал!
Кудай сүйүп, журт каалап,
Коюлган аты Күлайым,
Кулайым менин байбичем,
Бармактайда баш кошуп,
Биттейимде бириккен,
Кенедейде кезигип,
Бармактайда баш кошкон.
Ургаачынын төрөсү,
Тогуз уулдун энеси.
Күткөн үйдүн кутманы,
Ургаачынын сырттаны,
Ак байбиче Күлайым,
Алган зайбым бул эле.
Айтканыңа көнөйүн,
Байбичемди берейин,
Коёсуңбу жанымды?»
Анда кемпир муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Сен өлгөндө катынын,
Мен сыяктуу капырың
Меники эмей кимдики?» –
Деп ошонтип бул кемпир,
Желип-желип койду эле,
Оозунан кетти кара кан,
Көтүнөн кетти сары зил.
Бүткөн бойдон кан кетти,
Элемандан ал кетти.
Чымындай жаны чыркырап,
Кабырганын баарысы
Кетмек болду быркырап.
Кайран жандан түңүлүп,
Жана Элеман муну айтат:
«Бере турган мунум бар,
Коёсуңбу жанымды,
Берерге тогуз уулум бар».
Сен өлгөндө тогуз уул,

Меники эмей, кимдики?
Жана кемпир желди эле,
Ал Элеман байыңдын
Жазасын чогуу берди эле.
Элеман турду өлгөлү,
Кыямат жүзүн көргөлү,
А дээрге алы калган жок,
Азыр өлсө арман көп.
Баштамак болду кызыкты,
Кылмак болду бузукту.
Бузмак болду санааны,
Бермек болду кемпирге
Сырттаны Төштүк баланы:
«Албай койдуң малымды,
Коёсуңбу, ой кемпир,
Чымындай менин жанымды?!
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси,
Найзакердин ыктуусу,
Алп-дөөлөрдүн мыктысы,
Топ балдардын чыгааны,
Толгон уулдун сырттаны,
Элемандын эрени,
Кечээ сакалымдын агында,
Сапарым чукул чагында,
Сапарым кетип талаага,
Зарланып көргөн Төштүгүм,
Балдарымдын баасы,
Туура бойлуу, кең далы,
Сырттан уулум Төштүк бар,
Дегениңе көнөйүн,
Төштүгүмдү берейин,
Коёсуңбу жанымды?!
Элеман мындай дегенде,
Кемпир туруп муну айтат:
«Сөзүңө кулак салайын, как баш!

Төштүктү берсең алайын, как баш!
Оңбогон, как баш, оңбойсуң,
Баскан жерден Төштүк – деп,
Атагын атап койбойсуң, как баш!
Айтканыма көнбөсөң, как баш!
Азыр Төштүк бербесең, как баш!
Өлтүрөт элем өзүңдү, как баш!
Чукуйт элем көзүңдү, как баш!
Эми, сени өлтүрүп нетейин, как баш?
Төштүктү берсең кетейин, как баш!
Төштүктү аяп олтуруп,
Кыяматтын кыстоосун
Көрүп кала таштадың,
Өтүң чыгып оозуңда
Өлүп кала таштадың, как баш!
Арадан жерден кеп айтсаң, как баш,
Беремин деп[1] сен айтсаң, как баш!
Кутулуп алып өзүмдөн,
Керегe бутуң артпагын, как баш!
Керней күүң тартпагын, как баш!
Кайдагы кемпир дебегин, как баш!
Калжырап бокту жебегин, как баш,
Өлбөй-житпей мен болсом, как баш!
Өрүшүң тозуп аламын, как баш!
Сураса бербес Төштүгүң
Суук колумду саламын, как баш!
Кааласа бербес Төштүгүң
Какшатып тартып аламын, как баш!
Топурагың тос кылып,
Токтотпой чогуу кырамын,
Тогуз капка эшигиң,

[1] Êàò÷û àéòóó÷óíóí òåì ïèíå ¿ëã¿ð¿ï æàçûø ¿÷¿í øàøûë-ãàíäà «äåïòè» æàçáàé êåòêåí. Ûð ñàáûíûí ûðãààãû áîþí÷à äà, îéäóí ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóãó áîþí÷à äà áóë æåðãå «äåï» äåãåí ñºç êåðåê.

Тоорулуп өзүм чаламын, как баш!
Чоңдугу тоодой сырттаның
Мына минтип аламын, как баш!
Төштүгүңө кат бергин, как баш,
Кечиктирбей бат бергин, как баш!
Баатыр болсо Төштүгүң, как баш!
Байлачу темир торум бар, как баш!
Кермеге байлар ат бергин, как баш,
Кечиктирбей бат бергин, как баш.
Жеткилең белим бубамын,
Төштүгүңдү бербесең,
Жети жылы тынбай кубамын, как баш!
Айтканыма мындай көн,
Төштүктү берсең, мындай бер,
Тогуз кыздын кенжеси,
Келиниң аты – Кенжеке,
Эң акылман даанышман,
Артык билгич эме экен,
Келиндердин башы экен,
Акылкарачач экен.
Акылы тереӊ ыктуу экен.
Ургаачыдан мыкты экен,
Төштүгүмдү берем – деп,
Одураңдап айтпагын, как баш!
Айтып койсоң аныгын, как баш,
Азыр барам жаныңа, как баш!
Жилигинди чагамын, как баш!
Төбөңдөн жерге кагамын, как баш!
Айтканымды билип ал, как баш!
Өлбөс болсоң тилимди ал, как баш!
Ал Кенжеке келиниң
Сарамжалдуу жан экен,
Кенжекенин колунда
Алтын сандык бар экен,
Алтын сандык түбүндө,
Жыйнап койгон үбүндө*,
Эрге ылайык ал экен,

Болот өгөө[1] бар экен.
Болжоп көрсөм ошону,
Эр Төштүк уулуң жаны экен.
Караргандан түнөрүп,
Үтүрөйүп бара көр, как баш!
Кабагың карыш салынсын,
Келиндер качып жабылсын,
Сен кан ичмеңди карматкын, как баш!
Каардуу жиниң сала көр, как баш!
«Камчы үзүлүп калды», – деп,
Кенжекенин колунан
Өгөөнү сурап ала көр, как баш!
Өгөөнү берсе келиниң,
Эртеги кептен сала көр, как баш!
Унуткарып билгизбей,
Өгөөнү эптеп ала көр, как баш!
Өгөө колго тийгенде,
Таш тулганын бетине,
Коломтонун четине,
Ал өгөөнү сайып кет, как баш!
Өгөөгө Төштүк келүүчү,
Аңгеме кептен салармын,
Эсебин өзүм табармын,
Эл сырттаны уулуңду
Эптеп кармап алармын, как баш!
Төштүктү көргөз көзүмө, как баш!
Эгөөнү көргөз көзүмө, как баш!
Көргөзбөсөң көзүмө,
Жолотпосоң өзүмө
Малыңдан кармап аламын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарамын!
Өзөндө сууң бурамын,
Тукумуңдун баарысын
Уу ичкендей кыламын,

[1] Ò¿ï  íóñêàää óøóë ñºç «ýãºº», êýýäå «ºãºº» ò¿ð¿ íäº  æîëóãàò.

Жалган дебе сөзүмдү,
Жаман дебе өзүмдү,
Айтсам кызык мунум бар,
Так он алты уулум бар,
Жетиктеп белиң бууймун,
Ал Төштүктү бербесең,
Жетимиш жылы кууймун...»
Орою чочуп күйүнүп,
Элеман бай ошондо,
Өз жанынан түңүлүп:
«Макул, макул»,– деп эми,
Макулдан башка сөз айтпай:
«Төөлөрүм алып, малым кой, кемпир,
Төштүгүм алып, жаным кой, кемпир!
Зарланган Төштүк балага,
Жанымдан Төштүк садага!
Өлбөс күнүм көрөйүн,
Каалап калсаң Төштүктүн
Эгөөсүн алып берейин.
Айтканыңа көнөйүн,
Күн мезгили жети күн,
Калтырбай Төштүк берейин.
Айбатың салбай Төштүктү ал, кемпир!
Ачууңду коюп, баламды ал, кемпир!
Каарды мага баштаба, кемпир,
Мал менен мүлктөн тегеле
Кыпындай мага таштаба, кемпир»,–
Деп, ошентип Элеман,
Айтканына уулу Төштүктү
Ал кемпирге берүүгө
Кенжеке көздөй келди – дейт.
Ал Кенжеке келинге
Калп эле ооруй берди – дейт.
Күрсө-күрсө жөтөлүп,
Калтаңдап башын көтөрүп,
Калп эле ooру болду – дейт.
Дүпө-дүпө жөтөлүп,

«Дүнүйө ай – деп онтолоп,
Мындай оору болду – дейт.
Мына ошондо Кенжеке:
«Мал башкарган кайын атам
Балакет оору болду»,– деп,
Басып барып турду эле.
Онтологон Элеман
Опот болуп кетчүдөй,
Дүйнөдөн азыр өтчүдөй,
Эми кепти урду эми,
Онтологон капыр чал
Өгөөнү сурап аларда:
«Эми өлүп кетем»,– деп,
Керээзин айтып турду эми:
– Э-эй, балам Кенжеке,
Атакеңдин башы ооруйт,
Өлчөлүү жерим катуу ооруйт,
Дүйнөдөн өтөт экемин,
Өлөр мүчөм баары ооруйт
Кабыргамдын бети ооруйт,
Калбайт окшойт биздин жан,
Өпкөмдүн бир жак чети ооруйт.
Ооруган атаң өлүүчү,
О дүйнө жүзүн көрүүчү.
Элемандын өзүндө
«Ү» деген жалгыз үн калды,
Үксүйгөн жалгыз жүн калды.
Кабыргасы быркырап,
Жаны кетти чыркырап.
Талаада өлүп Элеман
Белде калмак экемин,
Төштүгүмө жете албай
Жерде калмак экемин!
Ай келиним, Кенжеке,
Мында туруп нетели,
Батыраак элге кетели.
Барса атаң өлбөйбү,

Калк жыйылып чогулуп,
Атакеңди көмбөйбү,
Атакеңдин сан дүйнө,
Карып-мискин бөлбөйбү,
Элеман атаң өлгөндө,
Кыямат жүзүн көргөндө,
Тогуз келин, тогуз уул
Токтотпой чачып малымды,
Зыйнатыма* турсун де,
Төштүгүмө айта көр,
Кызматым мыктап кылсын де.
Жаккан отуң өчүргүн,
Бул жерге турбай, кулунум,
Жан-жабылта көчүргүн!
Журт ушактап күлбөсүн,
Иттигимди билбесин!
«Ара жолдо Элеман,
Ушинтип өлмөк эле» – деп,
Калың журттун баарысы
Шылдың кылып күлбөсүн!
Ой, Кенжеке кулунум,
Көнө көргүн сөзүмө,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси
Өлгөндө көргөн Төштүктү
Көргөзө көргүн көзүмө!
Ай-талаада мен өлсөм,
Иш билбеген тогуз уул
Билгендерин кылбасын,
Кызматымды кылбастан,
Көздөрүн бекем жумбасын,
Ай, кулунум Кенжеке,
Шул жагына сак болгун!
Кенжеке балам, сага айтам.
Толуп жаткан малым бар,
Топозум токсон сан эле,
Толгон дүйнө, сансыз мүлк

Элеманда бар эле.
Сырттан уулум Төштүгүм
Айтканга кулак салсын де!
Сандап жаткан дүнүйөгө
Ээ болуп өзү калсын де!
Оо, кулунум, Кенжеке
Керээз айтам, кеп ушул,
Элеман мындай деди ушул.
Жети күндүк жашым бар,
Жерге кирер башым бар.
Арбын дүйнө мүлк калды,
Төрт түлүк малым бүт калды.
Ай, Кенжеке, угуп тур:
– Теке саргыл баш болуп,
Атканада миң тулпар,
Адырда бар сан буудан
Ойлосом ичим чоң күйөт,
Малдарга көзүн салсын де,
Сырттан уулум Төштүгүм
Баарысын ээлеп алсын де!
Өрүш толгон көп жылкы,
Короо толгон кой калды,
Желе толгон уй калды,
Матоо толгон төө калды,
Төштүк балам дөө калды.
Жети күндүк алакчы*
Арбын дүнүйөм ээн калды.
Ай, Кенжеке кулунум,
Жаккан отуң өчүргүн,
Тогуз уулдун баарысын
Жан-жабылта көчүргүн.
Түн ичинде уйку алба,
Күндүзүндө тынч алба,
Бели ооруду атакең,
Белинен кармап бүктөй көр,
Кара нарга жүктөй көр!
Уга көргүн сөзүмө,

Уул баатыры Төштүктү
Көргөзө көргүн көзүмө.
Атакеңе бул өлүм
Тоорумай салып жетиптир,
Атаңын кара жаак булдурсун
Башы чыгып кетиптир.
Айтканыма көн, балам,
Төштүктүн болот өгөөсүн,
Бекитейин, бер балам...»
Дартман болуп Элеман
Чалды кудай урганы.
Бербеймин деп айталбай,
Атанын көөнүн кайтарбай,
Ары карап кыңкылдап,
Бери карап мыңкылдап,
Сүлөөсүндөй керилип,
Сүйлөргө сөздөн эринип,
Аркардай таңы кылайып.
Ак эмгечи булайып,
Акырын сүйлөп муңайып,
Алтын сандык ичинен,
Үшөнчүктүн түбүнөн
Ал Элеман байыңа
Алып берди өгөөнү.
Ал өгөөнүн өзүндө
Касиети бар экен,
Анык болот бул өгөө
Кан Төштүктүн жаны экен.
Жаны татты Элеман,
Өлүмгө кыйып Төштүктү,
Тажаалдыгы бар экен.
Асыл туулган Кенжеке
Ургаачыдан кең бейил
Кереметтүү жан экен.
Эр Төштүктүн башында
Чоң кырсыгы бар экен.
Ал Кенжеке ошондо

Өөдө-төмөн карабай,
Өз уулуна Элеман
Жоо болот деп санабай,
Кара көзү кашайып,
Калган экен Кенжеке,
Өгөөнү ойлоп санабай
Акылман туулган Кенжеке,
Жаккан отун өчүрүп,
Тогуз келин, тогуз уул
Жалпы баарын көчүрүп,
Өөдө-төмөн жүгүрүп;
«Керээз айткан атакем,
Кокус өлүп кетет» – деп,
Элемандан түңүлүп,
Дүнүйөсү бир тоодой
Жалпы баарын бүктөтүп,
Чаар ингенге жүктөтүп,
Ырастап жүгүн арттырып,
Бышыктап аркан тарттырып,
Жашы менен карысы
Элемандан коркондон
Үркүп көчтү баарысы.
Элеманы курусун,
Көөдөнү кеткен кирилдеп,
Сакалы кеткен бириндеп.
Элемандан ал кетет,
Өөдө болсо оозунан
Өжөк-өжөк кан кетет.
Ал Элеман байынды
Белден кармап бүктөдү,
Кара нарга жүктөдү,
Ашып-шашып көчтү – дейт.
Төштүктүн болот өгөөсүн
Ал Элеман байыңыз
Коломтонун түбүнө
Өгөөнү катып кетти – дейт.
Көчүп алган Кенжеке

Өрүүн болуп токтобой,
Керектүү болот өгөөнү
Кайда экенин жоктобой.
Өгөө кетип эсинен,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Сырттанынан Кенжеке
Айрылчуудай көрүнүп,
Көңүлдүн баарын оорутуп,
Көлүктүн баарын жоорутуп,
Аман барып конду – дейт,
Калың кыпчак элине,
Аман жетип жерине,
Аман-эсен кошулду,
Сырттан Төштүк эрине.
Төштүк менен Кенжеке
Асмандагы жылдыздай
Жошулушуп калды – дейт,
Айкалышып асылдар
Кошулушуп калды – дейт.
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушуп турду – дейт.
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп турду – дейт,
Бир табактан эт жешип,
Бир төшөктөн беттешип,
Жети күн өмүр сүрүшүп,
Жетик кадыр билишип,
Катын алып, той кылып,
Калктын баары чогулуп,
Нардан тандап төө союп,
Жылкыдан тандап бээ союп,
Баары дүнүйөнү тең коюп,
Жети күндүк жыргалдар,
Жетимиш жылча болгону.
Атакеси Элеман
Калк жыйылып турганда,

Чалды кудай алды эле,
Журтта калган өгөөнү
«Унуттум!» – деп ал как баш,
Кабарын айта салды эле.

## ЭЛЕМАН ЖУРТТА КАЛГАН ӨГӨӨСҮНӨ ТӨШТҮКТҮ ЖИБЕРГЕНИ

Тирик эмес, өлүкмүн, балдар,
Кыямат жүзүн көрүпмүн, балдар!
Өлүмгө сапар баштапмын, балдар!
Кара көзүм кашайып,
Өгөөнү унут таштапмын, балдар!
Тирүүлүктөн өтүпмүн, балдар,
Өлүмгө катар жетипмин, балдар!
Өгөөнү таштап кетипмин, балдар!
Опсолоң атаң ооруду, балдар,
Ойлосом кудай тооруду, балдар!
Кымыз деген аш ичтим, балдар,
Кылыгымды кошо ичтим, балдар!
Ооруга опсуз жолуктум, балдар,
Оюмдан танып оолуктум, балдар!
Акылдан танып калыпмын, балдар,
Өгөөнү таштап салыпмын, балдар.*
Жумган көзүм ачылбай
Түргө келип калыпмын, балдар!
О дүйнө кетип калчудай,
Күнгө келип калыпмын, балдар!»
Атасы мындай деген соң,
Элемандын эр Төштүк:
«Кайгырбачы ата, кайгырба,
Кайгы төлөө болобу?»
«Өгөө журтта калды» – деп,
Кайгырган адам оңобу?
Ал өгөөгө барайын,
Эңише чыккан жоо болсо,

Эсебин өзүм табайын.
Ажал жетсе өлөйүн.
Атыша чыккан жоо болсо,
Алты ай тынбай салышып,
Алпурушуп көрөйүн
Өгөө жайы ушундай,
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Керемет өгөө ал экен.
Бул Төштүктүн жаны экен,
Кайгырба, ата, кайгырба,
Акылыңдан айрылба!
Кайгы төлөө болобу,
Кайгырган адам оңобу?
Күрдөөлүү күчүм барында,
Өгөөнү кантип берейин?
Күрөшкө чыккан жоо болсо,
Мен бир күрпөңдөшүп көрөйүн.
Өгөөнү бербей дөө чыкса,
Орто жерден жоо чыкса,
Жыгып жерге ныктайын,
Нар кесме кара кылычты
Сугарып канга чыктайын!
Эренин кармап соёюн,
Эчтемесин куткарбай,
Кыргын кылып коёюн!
Алда Таалам жол берсе,
Өгөөнү таап аламын,
Мыкташып чыккан жоо болсо,
Былкылдак куурай бышкыча,
Мийзамдын гүлү учкуча,
Мыкташып алты ай салышып,
Кыргын кылып саламын,
Өз кайратым барында,
Өгөөнү тартып аламын.
Чалышкан жоого чалдырсам,
Чалкамдан түшүп алдырсам,

Бир адамга билинбей,
Бир кишиге көрүнбөй,
Кайып болуп кетемин.
Элемандын эр Төштүк
Ааламды бузар шер Төштүк
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Талак кылып дүнүйөнү,
Безген эрдин биримин,
Жортуп жүрүп дүнүйөнү,
Жолун койбой баарысын
Кезген эрдин биримин.
Кагышарга эр таппай,
Кармашарга шер таппай,
Сырттан Төштүк мен атым,
Тирүүлүктөн күйүнөм,
Өлүм десе сүйүнөм!
Өлүмдөн корккон оңобу,
Өлбөй калчу жалганда
Темир жандуу адам болобу?
Ал өгөөгө барамын,
Табалбасам өгөөнү,
Ааламга бузук саламын!
Балбандырмын, эрдирмин,
Ааламга бой бербес
Сырттан Төштүк мендирмин.
Отко салса күйбөгөн,
Элеман уулу Төштүктүн
Ойрондугу дагы чын,
Сууга салса батпаган
Назарын салып найза уруп,
Найза тешип кетпеген,
Элемандын Төштүккө
Мандай-тескей турушса,
Мылтык атып, жаа тартып,
Мандайлашып урушса
Чапса кылыч кеспеген

Чалгырлыгы дагы бар.
Жаралган адам уулунан
Алгырлыгы дагы бар.
Кабагы бийик, өңү саз,
Катылган аман калбаган,
Кармашып бенде барбаган,
Жоо дегенде дегдеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Эңкейтип душман албаган,
Элемандын Төштүккө
Эч ким чыдап барбаган.
Каарданып күйүнүп,
Өгөөгө барат дегенде,
Элемандын Төштүгү
Кашкая күлүп сүйүнүп,
Жай-жарагын салынып,
Жаратканга жалынып,
Унут калган өгөөгө
Сапар жүрүп камынып,
Көрсөң Төштүк ушундай
Как көк жалдай чамынып.
Берендик жайы көрүнүп,
Кайра басты сырттанын,
Атасынан бөлүнүп,
Эр Төштүктү көргөндө,
Эл-журтунун баарысы
Кабыргасы сөгүлүп,
Атакеси Элеман
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Атасы ыйлап турганда,
Калайык ыйлап, калк ыйлап,
Калк башчысы жалпы ыйлап.
Убайымды жеп ыйлап:
«Сырттан Төштүк бул асыл
Келер бекен» – деп ыйлап.
Калың журттун баарысы,
Жашы менен карысы,

Ыйлап турган себеби:
«Элемандын Төштүгү
Келди, кетти кайран эр,
Бизге туулган дөө эле,
Жалпы журтка ээ эле,
Асман жарган чуу чыкса,
Жер өрттөнгөн дуу чыкса
Атаганат дүнүйө,
Жарап берчү эр эле!
Карааны жүрсө Төштүктүн,
Калайыктын баарына
Калап койгон чеп эле.
Маанайы башка, заары күч
Бизге ылайык эр эле.
Каза таап өлбөдүк,
Кайран Төштүк эрдигин
Ээрчип жүрүп көрбөдүк.
Бекилбей калды бейарман,
Атаганат дүнүйө
Ушундай экен шум жалган.
Эл сырттаны Төштүктү
Айгайлашкан эң кыйын
Чуугa салып көрбөдүк,
Чаң-тополоң аламан
Дуугa салып көрбөдүк.
Бийиксинген, белсинген
Жерге салып көрбөдүк,
Ааламды бузуп жок кылар
Эрге салып көрбөдүк!
Арка кылып Төштүктү
Ааламга азап салбадык.
Ченебеген Төштүктү
Кан көтөрүп салбадык».
Арман кылып, журт чуулап,
Алган экен Төштүккө,
Сырттан Төштүк эрениң
Азганакай журтуна

Сыр билгизбей беренин:
«Арманда болдук өзүбүз,
Келесиңби, жоксуңбу?
Ачылбай барат көзүңүз!
Эрдигиңди бир көрбөй,
Армандабыз өзүбүз!
Каалабайбыз биз сени
Ал өгөөгө барууга,
Кудай билет өгөөнү
Аман таап алууга.
Кудай билет өгөөдөн,
Аман-эсен келишти,
Кудай билет өгөөдөн,
Барар замат өлүштү.
Арзар болуп турабыз,
Айланы кантип кылабыз?
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак,
Атаңдан азап кеп уктук,
Ал баруучу өгөөнү
Жалаңкыч алды деп уктук.
Барса-келбес жол окшойт,
Баатыр Төштүк маңдайга
Чийип койгон шор окшойт!»
Журту минтип чуу турду,
Журту мындай дегенде,
Элемандын Төштүгү
Айбаттанып сүксөйдү.
Кебин угуп кенебей,
Айткандардын баарысын
Бучкагына теңебей,
Кайран Төштүк үксөйдү.
Бул кабарды укканда,
Элемандын Төштүгү
Өрттөй көзү жайнады,
Жоо-жарактын баарысын
Орду-ордуна жайлады.

Теке саргыл тулпарды
Эми Төштүк токунду.
Төштүк минтип турганда,
Көңүлдөгү көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Кыркы келин, кыркы кыз,
Сексен сулуу ичинен
Кереметтүү Кенжеке
Эми чыкты көрүнүп.
Нур чырайлуу кызыл бет,
Уйгу-туйгу жаш кетип,
Кан чырайлуу кызыл бет,
Камчы бою жаш кетип,
Көк дүрүйө көйнөгү
Сан-сан болуп бөлүнүп,
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Тасмадай бели ийилип,
Эликтен бетер түйүлүп,
Элден бөлөк Кенжеке
Келет эми жүгүрүп.
Кенжеке менен эр Төштүк,
Жети күн мурун кошулуп,
Болуп калган ашыгы,
Көргөн адам жашыды.
Ал жашыган себеби,
Төштүк менен Кенжеке
Кучакташып өбүшүп,
Мыктап алып ошондо,
Ай тамактан өбүшүп,
Эки ашыкты көргөндө,
Кара көңүл эр ыйлап:
«Кандай болор экен?» – деп,
Кары-картаң тең ыйлап,
Көрүп турса иш кыйын.
Кереметтүү Кенжеке

Көк куржундун ичинен
Көк чайиңги бир буюм
Көрүп турган көз ушул.
Кенжекенин сөзү ушул:
«Айтканым азыр билип ал,
Аташкан төрөм тилимди ал!
Айбан басып, куш учпас
Жерге кетип барасың,
Адам каттап, журт укпас
Элге кетип барасың!
Адам түшсө, чыккысыз
Орго кетип барасың,
Чалынсаң кайта кутулбас
Торго кетип барасың.
Барсаң кайра келбейсиң,
Базар үйүң көрбөйсүң,
Кетсең кайра келбейсиң,
Кенжекенди көрбөйсүң.
Намыс кылбай, кеп кылбай
Катын тону дебесең,
Чайиңгини кийиңиз,
Катын аты дебесең,
Чалкуйрукту миниңиз!
Айтсам кызык мунум бар,
Ай, Төштүк төрөм, угуп ал!
Атакемдин колунан,
Алып келдим мен сурап,
Алтын сакам мунум бар.
Бул саканын өзүндө
Сан кара малдын куну бар.
Күн кайнаган жер болсо,
Адам суусап акактап,
Мээ кайнаган чөл болсо,
Керек болот бул сака,
Өкчөп койсоң, көлөкө
Терек болот бул сака.
Агыны катуу суу келсе,

Астына салган көпүрө
«Ай Төштүктүн мүлкү» – деп,
Кыйла жандар өкүнөт,
Бет алышкан жоо келсе,
Бейпайлашкан доо келсе,
Байда болот бул сака!
Маңдайлаша калганда,
Найза болот бул сака!
Бир чымындай жаныңа,
Байда болот бул сака.
Жоготуп ийсең саканы,
Жолу кабыл келбесин.
Кенжекеге жаман ат,
Жоготпой кел саканы.
Сырттаным сизге аманат!
Менин атам Сарыбай,
Ааламдан чыккан бай эле.
Төрт түлүгү шай эле.
Эң кымбат жакшы буюмдан,
Эмки кымбат бар эле.
Төштүк, сенин жортооруң
Келбестен мурун билгемин,
«Төштүккө керек экен» – деп,
Долуланып чаңырып,
Ыйлап жатып алгамын.
Атам менен энемден
Сака менен өгөөнү
Каалап сурап алгамын!..»
Бир кудайга зар ыйлап,
Төштүккө сака арынап
Минтип ыйлап Кенжеке
Деген сөзгө көндү – дейт.
Аманат артык саканы
Эр Төштүккө берди – дейт.
«Айт-куйт минсе чарчабас,
Чалкуйрук сиздин малыңыз,
Көөдөндө ысык жаныңыз.

«Айым бейбак айтты» – деп,
Көөдөнгө муну салыңыз.
Жана берем бир буюм
Аманат кылып алыңыз.
Ургаачылык уз кезде,
Мен бейтаалай кыз кезде,
Тулпар минип селкилдеп,
Ата менен энеме
Артык жүрдүм эркелеп.
Өзүм бала секелек,
Өрүмгө чачым жете элек.
Ошондо мен Кенжеке
Он экиден өтө элек
Менин атам Сарыбай,
Сарамжалдуу бай эле,
Миң жылга жетер күлазык
Камдап жүргөн жан эле.
Менин атам Сарыбай
Улук да экен, бай да экен,
Арбын дүнүйө казына
Сарыбайда бар экен.
Артыгыраак акылман
Чоң даанышман жан экен.
Келер менен кетерди
Билип турган жан экен.
Калайык көчүп дүркүрөп,
Калк жайлоого конгондо,
Бетеге ыраң жык болуп,
Малдын майы толгондо,
Жылкыдан кармап миң бээни,
Атам шордуу союптур,
Эрге керек күлазык,
Менин атам Сарыбай
Эчак камдап коюптур.
Суусасаң суусун кандырат,
Ачсаң курсак тойгузат,
Сенделген жанды сергитет,

Арык жанды семиртет.
Ынана көргүн сөзүмө,
Керек болот өзүңө!
Кол башындай ак баштык,
Ал Төштүккө чак баштык.
Ичинде бар күлазык.
Алып келди Кенжеке:
«Аманат кылып алыңыз,
Кисеңизге салыңыз!
Башка мүшкүл иш түшсө
Көңүлгө мени алыңыз.
Сырттаным, уккун сөзүмдү,
«Кантсе балаа көрөт» – деп,
Эчак-эчак билгемин,
Эрге керек буюмду,
Мен кара бет Кенжеке,
Эчак камдап жүргөмүн.
Жана кызык мунум бар,
Төштүк төрөм угуп ал!
Ичим жалын, боорум чок,
Кенжекенин колунда
Нелер бар да, нелер жок,
Болорун билип мен бейбак
Көңүлүм эчак бөлүнгөн,
Көзүмдөн жашым төгүлгөн.
Минер атың Чалкуйрук
Кыл куйруктун тулпары.
Жылкынын кыйын күлүгү.
Төрт буту бар дебесе,
Бул жаныбар Чалкуйрук
Канаты бар мал эле,
Касиеттүү ал эле.
Чалкуйрукка ылайык
Ой сырттаным, угуп ал,
Бир буюмум бар эле!
Алыс сапар жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң,

Кыясы кымбат бел болсо,
Кырк күнчүлүк чөл болсо,
Ошол чөлгө барганда,
Ай караңгы түн түшсө,
Азаптуу башка күн түшсө,
Эр башына күн түшүп,
Өтүк менен суу кечсе,
Ат башына иш түшүп,
Ооздук менен суу ичсе,
Кырсык чалып Чалкуйрук,
Ооруп-жооруп кетер – деп,
Ачка болсо жаныбар,
Карыптык алга жетер – деп,
Ашагандан-машадым
Чалкуйрукка ылайык
Артык жабуу жасадым,
Була менен жибекти,
Аралаш ийрип талдырдым,
Табылгынын былкылдак
Көк чыбыктан кестирип,
Мээр чөптөн аралаш
Ал жабууга салдырдым.
Айтсам керек мунум бар,
Сырттаным Төштүк, угуп ал!
Өз башыңа күн түшсө,
Жан калтада күлазык
Ат башына иш түшсө,
Жабууда бар күлазык.
Деген сөзгө көнүңүз,
Жабуудагы мээр чөп,
Четинен сөгүп жиберип,
Ар күнүндө бир тутам
Чалкуйрукка бериңиз.
Семирбесе арыбайт,
Күчөбөсө талыбайт.
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминсең,

Чалкуйруктун кеби бар,
Учуп кетер жери бар.
Бул жагына сак болгун!»
Элемандын сырттаны
Катын аты дебестен,
Чалкуйрукту минди,– дейт,
Катын тону дебестен,
Чайыңги тонду кийди дейт.
Айтып турса иш кыйын,
Аташканы Кенжеке
Алып чыкты бир буюм.
Алып чыккан буюмдун
Сом алтындан сабы бар,
Адам билбес кабы бар,
«Айтсам кызык мунум бар,
Арстаным Төштүк, угуп ал!
Аз болгондо карандын
Алты жүз нарлык куну бар,
Көп адамдар сураган,
Атын койгон Наркескен,
Жуурганда каранды,
Бир миң уста кураган.
Арстан тилим алыңыз,
Аманат кылып ушуну
Оң жагына салыңыз!
Жортконуң узак жол болор,
Жолдош кылып алыңыз!
Жүрө берсе жанында
Тил сүйлөбөс болжошуң,
Кыйкырган жоого киргенде
Кыбанды жазар жолдошуң!»
Деген сөзгө көндү эле,
Эр Төштүктүн колуна
Наркескенди берди эле.
Төрөсү сырттанга
Жоо-жарак, тонду кийгизип,
Акылы башка Кенжеке

Кылдаттыгын билгизип,
Кериле басып бөлүнүп,
Кереметтүү Кенжеке
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Келесиңби, жоксуңбу?
Келберсиген сырттаным,
Арзар күмөн оюмда,
Арстаным сенден бир белек,
Калып калды боюмда.
Эркек болбой, кыз болсо,
Дегениңе көнөмүн,
Ыйлабас жерге беремин.
Көп зарлабай Кенжеке,
Аркандан мен да өлөмүн!
Кокустан эркек уул болсо
Бек ардактап багамын,
«Беренден калган туяк» – деп,
Медер кылып аламын!
Туягың эркек болсо
Катын башым эр кылып
Мерсентиңди багармын,
Келериңди билербиз.
Кереметтүү мен бейбак,
Жети жылы күйөрбүз,
Чаар инген менен Кенжеке,
Ак тулпар бээ – үчөөбүз
Сени күтүп жүрөрбүз!
Сапарыңдан келсеңиз,
Аман бизди көрсөңүз,
Анан кийин төрөрбүз» –
Деп ошентип Кенжеке,
Колунан кармап кор жыттап,
Коркурата бек жыттап,
Козголтуп жолго салды – дейт.
Кебез тоонун бери жагы,
Кең Кашкардын ары жагы,
Чоң талаадай жеринен,

Элемандын сырттаны
Ажырап чыкты ошондо
Калың кыпчак элинен.
Айрылып чыкты эр Төштүк
Аташканы күлжары,
Кенжекедей зайбынан.
Адыр-күдүр бел ашып,
Ашуу ашып, таш басып,
Кашкардын кара тоосун жакалап,
Жалгыз жолду бакалап,
Эрикпей Төштүк жол жүрүп,
Эсеби жок мол жүрүп,
Куланы арбын, аркар көп
Ээн талаага келди эле.
Бу жак жагын караса,
Тоонун башы көрүнбөйт,
Бу жак жагын караса,
Талаанын учу билинбейт.
Элемандын сырттандын
Болоттон найза колунда
Болоттон кылыч жонунда,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Элемандын сырттаны
Опол-тоодой көрүнүп.
Береленип белсенип,
Бери ургандай теңселип
Төштүк жайы ушундай,
Кара жаак айбалта
Кармап колго иле албай,
Калып калган өгөөнүн
Кайда экенин биле албай,
Аң-таң калып жүрдү эми.
Караса көзгө илинбей,
Душман кайда, эл кайда?
Кайсы экени билинбей.
Ээр белдей белести
Ашып барып эр Төштүк,

Чалкуйрук оозун бурду эле,
Чардап жерди турду эле.
Мына ошондо караса,
Калк аманын кааласа,
Күн бүткөндөн түн бүтүп,
Астындагы Чалкуйрук
Адамча сүйлөп турду эми.
Чалкуйрукка тил бүтүп,
Улутунуп Чалкуйрук,
Бугудай мойнун бурду – дейт,
Эр Төштүккө ошондо
Адамча сүйлөп турду – дейт:
«Эрдигиң бар, эсиң жок, Төштүк!
Эчтеме менен ишиң жок, Төштүк!
Айлаң жаман, акыл жок, Төштүк!
Адамда сендей баатыр жок, Төштүк!
Айбан да болсом мен жолдош,
Айтканым ушул билип ал, Төштүк!
Чалкуйрук аттын тилин ал, Төштүк!
Тил албасаң өлөсүң, Төштүк!
Кыямат жүзүн көрөсүң, Төштүк!
Айтканым кыйла билип ал, Төштүк!
Акылыңа түйүп ал, Төштүк!
Акылыңа түйбөсөң, Төштүк,
Айтканымды билбесең, Төштүк,
Азапты артык көрөрсүң, Төштүк,
Ажалдан мурун өлөсүң, Төштүк!
Мен билгенди, билдиңби, Төштүк?
Мен туйганды, туйдуңбу, Төштүк?
Туйбасаң мен айтайын:
– Казып койгон ор келет, Төштүк!
Кара жанга зор келет, Төштүк,
Нээти жаман, бейли тар,
Бендеден андай жан чыкпайт, Төштүк!
Денеде жети башы бар, Төштүк!
Жансыз соку аты бар, Төштүк!
Бурулган бузук сөзү бар,

Жалаңкычтын өзү бар, Төштүк!
Мен туйганды туйдуңбу?
Мен көргөндү көрдүңбү?»
Анда Төштүк муну айтат:
«Ай Чалкуйрук бууданым,
Айбан да болсоң, тууганым.
Сен туйганды, туйбадым.
Сен көргөндү, көрбөдүм.
Көрбөй турган себебим:
Түнөргүрдүн көзүнө
Түк эчтеме көрүнбөйт,
Түн ичинде суу ичип,
Көзүмө чыгып кеткенби?
Караргырдын көзүнө
Карчалыңкы көрүнөт,
Караңгыда суу ичип,
Көзгө чыгып кеткенби?..»
«Караган кара көзүңө
Карчалыңкы көрүнсө,
Мен айтайын, сен уккун, Төштүк,
Ысык жарың Кенжеке,
Атасынан көчкөндө,
Жетелеген Чаар инген
Жети күн баткак батыптыр, Төштүк,
Суура алышпай жатыптыр.
Атакең төөнү чалыптыр, Төштүк,
Өпкөнү суудан алыптыр, Тештүк!
Өпкөнү суудан алганда,
Балакетке калыптыр, Төштүк!
Жети баштуу кемпирдин
Дегенине көнүптүр, Төштүк!
Сурап алып өгөөнү,
Желмогузга бериптир, Төштүк!
Эгөөнү көзү көрүптүр, Төштүк,
Мээнети башка озуптур, Төштүк!
Жети баштуу желмогуз
Сени атайы тозуптур, Төштүк!

Кара жаак булдурсун
Кармай калып имергин, Төштүк,
Катуу тартып жибергин, Төштүк!
Каргыш тийгис карасан,
Катыра камчы чаба көр, Төштүк!
Койдой этим бөлүнсүн, Төштүк!
Коёндой жонум түзөлсүн, Төштүк,
Тайдай этим бөлүнсүн, Төштүк!
Тайгандай жонум түзөлсүн, Төштүк.
Араандай оозум ачылсын, Төштүк!
Кан аралаш ак көбүк
Омуроомо чачылсын, Төштүк!
Бүрүшүп калган туягым
Чоң чарадай ачылсын, Төштүк!
Булуттуу көктүн астынан,
Буралган шибер үстүнөн,
Бурулбай алып учайын,
Канатты катуу жаяйын
Катуу күчкө салайын,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кемпирге алып барайын.
Ал кемпирге барганда,
Адамдан артык билгич бол, Төштүк,
Кыргыйдан кыраан илгич бол, Төштүк!
Мен бугудай моюн бурайын,
Өгөөгө жакын турайын, Төштүк,
Бой жашырып коёюн,
Өгөөгө жакын болоюн, Төштүк!
Кемпирге барып муну айткын, Төштүк!
Адам билбес шумду айткын, Төштүк!
Кемпирге барып алдагын:
«Ассалоома алейким,
Эне киши» – деп айткын.
«Алеким салоом алеки,
Бала киши» – деп кемпир айтат.
«Энеке, өгөөнү алып берчи» – де!

«Турсам, отура албайм, балам,
Отурсам, кобо албайм, балам,
Белим мекчейген балам,
Көзүм чекчейген, балам!
Тишим сары болгон, балам,
Өзүм карып болгомун, балам!» –
Деп кемпир жооп айтат.
Сен анда мындай де:
«Түшсөм мине албайм,
Минсем жерге түшө албайм,
Ашка жетпей чала болдум,
Өзүм жетим бала болдум,
Өгөөнү сен эле алып бер!» – деп сен айткын.
Оңбогон кемпир оңбосо,
Одурандап болбосо,
Карды карыш бырышар,
Желмогуз кемпир урушар
Сени кармап алууга
Амал кылып тырышаар.
Анда сен муну айта көр:
«Ат бороюн сыдырыпсың,
Аалам жердин баарын кыдырыпсың.
Жети күнү жердин астын чалыпсың,
Жети күнү жердин үстүн чалыпсың,
Жортуп жолуң мол болсун,
Өзүңүз го өзүңүз,
Көкмончок менен Акмончок,
Кыздарыңа жол болсун?!» –
Деп сен айткын.
Анда кемпир мындай дейт:
«А-пий татай-көтөк,
Эси жок туулган эки кыз,
Эл кыдырып келдиби?
Эр кыдырып келдиби?» –
Деп ошондой дегенде,
Мойнума камчы баса көр,
Өгөөнү чапчып кача көр, Төштүк!

Антандап шашпагын, Төштүк!
Абайлап оозум тарта көр, Төштүк!
Менин капталдан чыгат канатым,
Күн чыгыш менен Күн батыш –
Аркырап учмай адатым, Төштүк!
Абайлап оозум жыя көр, Төштүк!
Өз акылың өзүңө, Төштүк!
Кирегөр айткан сөзүмө, Төштүк!
Айткан тилге кирбесең,
Акылымды билбесең,
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиң кара төбөңө, Төштүк!
Сени аңдыган кемпирдин
Амалы артык, заары күч,
Колуна тийсең, кылат түз, Төштүк!
Кемпирдин тийсең колуна,
Чумулдуң кара шоруна, Төштүк!
Таласа тарпты койчу эмес, Төштүк!
Шимирсе канга тойчу змес
Айтканым ушу билгин»,– деп,
Айтпай койду Чалкуйрук[1].
Элемандын эр Төштүк
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Ажалы жетсе өлүүгө,
Ажалы жетпей бар болсо,
Ал өгөөнү көрүүгө
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерип,
Камчы чаппас кара сан
Катуу тартып жиберди.
Тулпар экен Чалкуйрук,
Баскан жери быркырап,
Аркардай арыш чойгондо,

[1] Îé òîëóê àÿãû íà ÷ûãà àéòûëààé êàëãàí. Êîíòåêñòòå «×àë-êóéðóê áèëèï òóðóï àéòïàé êîéäó» äåáåãåí äåãåíäåé îé àéòûëãàí.

Учуучудай дыркырап,
Томуктун учу бөлүнүп,
Камчы таамай тийгенде.
Койдой эти бөлүнүп,
Казандай оозу ачылып,
Капталдан канат чачылып
Караса көзгө илинбей,
Закым болуп жер жүзү,
Кайсы экени билинбей,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Көз ирметпей бөлүнүп,
Закым болуп көрүнүп,
Буудан экен Чалкуйрук,
Бугудай мойнун бурду эле,
Чалкуйрук айткан кемпирге,
Сырттан тууган эр Төштүк
Эми барып турду эле.

## ТӨШТҮК ЖЕЛМОГУЗ КЕМПИРДИН КАШЫНА ЧАЛКУЙРУК МЕНЕН БАРЫП[1], ӨГӨӨНҮ АЛА КАЧКАНЫ

Элемандын Төштүгү
Күч-кубатын кааласа,
Ал кемпирди караса:
Куудай аппак чачы бар,
Бир башында кемпирдин
Санаса жети башы бар,
Жаны жок соку аты бар.
Таң калып Төштүк тамшанды,
Соку минип ал кемпир
Сок билектен камчы алган

[1] Ò¿ï íóñêàäà óøóë ñºçäºí êèéèí «æåòèï» äåãåí àøûê÷à æàçûëãàí ñºç áàð.

Сыягы башка, заары күч,
Ал капырдан күдөр үз.
Чекеси кетип тырышкан,
Көрүнгөн менен урушкан,
Беттеп бенде келбеген,
Төштүк, Төштүк болгону,
Төштүк атка конгону,
Балакет мындай көрбөгөн.
Көк кементай жонунда,
Ийреги бар колунда.
«Ор ийрегим, оргун» – деп,
Оруп ием тырманган.
Оройлугу бир башка
Ал кемпирди көргөндө,
Элемандын сырттаны
Көңүлү жаман бөлүндү,
Жан алгычтай көрүндү.
Мүшкүл экен, шум экен,
Жан алуучу бул экен,
Жакындап барып туруууга
Ою кетти Төштүктүн
Жанагыдай кылуууга:
«Ассалоому алейким, жети баштуу, энеке!»
Анда кемпир муну айтат:
«О алакиме салоом алеки,
Желмогуздай балаке!»
Күчөп кемпир муну айтат,
Желмогуздай шумду айтат.
«Оо, балам, жоготконуң эмине?
Жоолаганың ким эле?
Жолуң болгон, чунагым,
Айта койчу тим эле!»
Кемпир мындай дегенде,
Төштүк туруп муну айтат:
«Жоготконум бир нерсе,
Жоолаганым бир эме,
Караганым бир нерсе,

Каалаганым бир эме.
Астымда тулпар канатым,
Камына чыга жоо келсе,
Талкан кылар адатым,
Элемандын кенжеси,
Менин жайым сурасаң,
Бир кудайдын бендеси.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Алгыр Төштүк тынармын,
Кармашууга жоо таппай,
Капа болуп турамын.
Жаактуугa жай бербес,
Жайдак атка бой бербес,
Элемандын эр Төштүк,
Эр Төштүктүн өзүмүн,
Керишерге жоо таппай,
Кезип жүргөн көзүмүн
Деген сөзгө көнүңүз,
Кары адам экенсиз,
Кары киши экенсиз
Өгөөнү алып бериңиз!»
Анда кемпир муну айтат:
«Эй, балам, жалындуу экен көзүңүз,
Керек болсо өгөөнү
Өзүңүз ала коюңуз.
Эй, балам, тириликтин азабын,
Өлбөй жүрүп көргөмүн,
Менин жашым сурасаң,
Эки жүз жашка келгенмин.
Эрге кызмат кыла албайм,
Эңкейип өөдө тура албайм.
Сөзүңө кулак сала албайм,
Отурсам, өөдө тура албайм.
Турсам кайта отурбай
Белим калган мекчейип,
Көзүм калган чекчейип,

Карылыктын айынан
Отурамын окшоюп,
Улуган иттей соксоюп.
Бөгүп калган кезимде
Бөкчөйүп өөдө тура албайм.
Турсам, мен отуралбайм,
Өгөөнду алып бере албайм.
Өзүң түшүп ала кой,
Бул сөзүңө көнө албайм!
Анда бала муну айтат:
«Оой, энеке, ашык жашка барганың,
Абыдан карып калганың!
Айткан менен тил албайм,
Атка минсем, түшө албайм[1],
Түшсөм кайра мине албайм,
Менин жайым ушундай,
Деген сөзгө көнүңүз,
Өгөөнү алып бериңиз,
Жети күнгө, энеке,
Жердин үстүн чалыпсың,
Жети күнү, энеке,
Жер алдына барыпсың,
Өзүңүзгө жол болсун,
Жол болгондо мол болсун!
Кыдырыпсың кыйланы,
Сен баспаган жер калбай,
Сен көрбөгөн эл калбай,
Ааламды кыдырып
Ашкан экен узуңуз!
Көкмончок менен Акмончок,
Эмине кылып келатат
Аркаңызда кызыңыз?!»
«Апий көтөк-татай! – деп,

[1] Êî íòåêñò áî þ í÷à òóóðàñû æîãîðêóäàé ñàëòòûê ôîðìóëà, áè-ðîê ò¿ï íóñêàäà ÷àòàøóóãà æîë áåðèëèï: «Àòòàí ò¿øñºì ìèíå àëáàéì», – äåï áåðèëãåí.

Бөгүп калган кезимде
Бөкчөйүп өөдө тура албайм.
Эби кеткен талпактар,
Мен кеткенде ээленип,
Эр издеген экен – деп,
Эр издешип бейбактар,
Экөө катар кошулуп,
Тең издеген экен»,– деп,
Чочугандан ал кемпир,
Бейбак кепти салганы.
Оңурандап-окшондоп,
Артын карай калганы.
Элемандын Төштүгү
Ыктуулугу башкача,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Коломтодо өгөөнү,
Чапа илип калганы.
Оңолуп кемпир аңгыча,
Сокусун минип алгыча,
Ийрегин колго алгыча,
Шамдагайы болжолсуз,
Кайран Төштүк канетет
Жоголгон өгөө табылып,
Абийири минтип жабылып,
Колуна өгөө тийген соң,
Кубаларын билген соң,
Элемандын эр Төштүк,
Чалкуйрукка камынып.
Мына ошондо Чалкуйрук,
Өгөөнү илип алганда,
Бугудай мойнун бурады,
Буйдалбай аттап чурады.
Чалкуйругу курусун,
Басып өткөн таштары,
Кат-катынан быркырап,
Жолум үйдөй* даңканы

Кемпирди көздөй зыркырап,
Чу койгондо бөлүнүп,
Тулпарлык сыны көрүнүп,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Чалкуйрук
Көк түтүн болуп бөлүнүп,
Чалкуйрук оозун жайганы,
Төштүк качып калганы.
Жети баштуу ал кемпир
Сокусун минип соксоктоп,
Сокбилек менен сокусун
Камчылана токмоктоп:
«Ор, ийрегим, оргун – деп,
Оручу болсоң, ийрегим,
Элемандын Төштүгүн
Аты менен соргун – деп.
Ал, ийрегим, алгын,– деп,
Элемандын Төштүгүн[1]
Эки бөлүп салгын» – деп,
Кемпир келет күүлөнүп,
Эр Төштүккө сүйлөнүп:
«Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана куубасам,
Кемпир болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!
Медияндын беш бурчун
Беш айланта куубасам.
Сары изиңе чөп салып,
Саргара кууп өтпөсөм,
Адам барбас таптакыр
Жерге чейин куубасам.
Кулак угуп, көз көргүс
Элге чейин куубасам,
Жайбасам аппак чачымды,

[1] Ò¿ï íóñêàäà «Ýëåìàíäûí ÷àëãûí – äåï» ÷àòàøóóãà æîë áåðèëãåí.

Чыгарайын денемден
Так эле жети башымды.
Күүлөнүп күчүм албасам,
Сени союп салбасам!
Жети баш кемпир дедиртпей,
Бул көркчө өлөйүн,
Же каныңды төгөйүн!
Атыңдын оозун бура тур,
Арстан болсоң сен, Төштүк,
Алдыңкы жайга тура тур!
Бирөөбүзгө бирөөбүз
Баатырлыкты билгизип,
Айкырышып урушуп,
Кезектеп найза салалы,
Армансыз болуп калалы».
Айтып кемпир какылдап,
Кууп келет такымдап.
Жети баштуу ал кемпир:
«Ор, ийрегим, оргун»,– деп,
Жана үндү салды эле
Каарды жаман баштады,
Капырыңдын ийреги
Эми анча болбосо,
Элемандын Төштүгүн
Оруп кете таштады.
Ийректин күүсүн көргөндө,
Элемандын Төштүктүн
Билегинен сап кетти,
Жүрөгүнөн кан кетти.
Адам жүрүп, жан баргыс
Чөлгө кире качты эле,
Оңбогон кемпир оңбоду,
Ого төтөн Төштүктүн
Чымындай жанын койбоду.
Кемпир чындап жүгүрдү,
Элемандын сырттаны
Чымындай жандан түңүлдү.

Чыдабай эле эр Төштүк,
Кайып басып токтогус
Тоого чыга качты эле,
Жору консо токтогус
Зоого чыга качты эле,
Түгөнгөн кемпир оңбоду,
Такымдап эми койбоду.
Түлкү шимшип жойлобос
Жерге сала качты эле,
Күндүз адам адашар
Белге сала качты эле.
«Кутулсам» – деп Төштүктүн
Көзү кетти кызарып,
«Ор, ийрегим, оргун!» – деп,
Ойрон кемпир айтканда,
Ашып келет узагып,
Жер менен көктү желпиниш
Жетик качып калды эми.
Жер жарыгы тозокко
Жакын кирип барды эле.
Жарыкка жакын калганда,
Көңүлү кетип бөлүндү,
Көт жагынан кемпири
Койбоочудай көрүндү.
Элемандын эр Төштүк
Орою чочуп, ич күйүп,
Кара жаак камчыны
Кармай калып имерди:
«Караң калгыр, канткен?» – деп,
Чалкуйруктай тулпарды
Такымга тартып жиберди.
Камчы тийбес Чалкуйрук
Катуу камчы тийгени.
Кайраттанып жаныбар
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроого чачылып,

Этине келген Чалкуйрук,
Башын жерге салды эле,
Кара жерди токмоктоп,
Канатты күүлөп калды эле.
Мурундан буусу буркурап,
Элемандын Төштүктү
Алып учту дыркырап.
А дегенде бир көрдү,
Андан кийин ким көрдү.
Жети баштуу жез кемпир,
Сыйкырчы экен, зерчи экен,
Жердин үстүн, жер алдын
Жетик байкап көрчү экен.
Эпсиз экен ал кемпир,
Элемандын Төштүктү
Эрикпей кууп алганы.
Жер тешиги чуңкурга
Бута бою калганы.
Мына ошондо бул кемпир
Амалы катуу артты эми,
Жер танабын тартты эми.
Колундагы ийректи
Ондоп колго алды эми.
«Бөлүнгүрдүн кара жер,
Бөлүнө берип өткүн! – деп,
Жарылгырдын кара жер,
Жарылып жатып калгын!» – деп,
Бул амалды кылды эле,
Колундагы ийректи
Эр Төштүктүн башынан
Алыс келип урду эле.
Жарыла берип дем өттү,
Тегеренип жер кетти,
Оңурайып жер өттү,
Оодарылып жер кетти.
Чалкуйрук оозун бура албай,
Жер үстүнө тура албай

Көт жагынан куркурап,
Төштүк кирип кетти эми,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Кулак сулкуп, чач жалкун[1]
Жерге кирди, эр Төштүк,
Жарыкчылык шоола жок
Көргө кирди, эр Төштүк.
Айгай кулак тундурган
Дуугa кирди, эр Төштүк.
Айыкпаган чоң тозок
Чуугa кирди, эр Төштүк.
Адам кайра чыккысыз
Орго кирди, эр Төштүк.
Жандуу адам кайрылгыс.
Жолго кирди, эр Төштүк.
Арылбаган эң жаман
Шорго кирди, эр Төштүк.
Жалыны өчүп койбогон
Корго кирди, эр Төштүк
Кудай билет өлүштү,
Кудай билет эр Төштүк
Өлбөй аман келишти.
Түштү кемпир оруна
Төштүк кетти зымырап,
Барса-келбес жолуна.
Элемандын эр Төштүк
Эр сырттаны кайран эр
Короюп чыгып келатат.
Кенжеке берген аманат,
Астындагы Чалкуйрук,
Тутам-тутам чалдырып,
Берип чыгып келатат.

[1] Ìàà í èñè ò¿ ø¿ í¿ êñ¿ ç. Êàò÷û êàòà æàçãàà í áîëóó êåðåê. Êî í-òåêñòêå êàðààãà í ää «Êóëàê ÷óëãó ï, ÷à÷ æóëêó ï» áîëóøó ûêòû-ìàë.

Эр Төштүктүн өзүнө.
Түк эчтеме көрүнбөйт,
Түнөрүңкү көзүнө.
Чама чарчап ал кетет
«Өө!» дегенде оозунан
Өжөк-өжөк кан кетет.
Жер алдына жетпестен,
Төштүк кайдан токтоду?
Башына түшүп чоң мүшкүл,
Кенжекенин күлазык
Сырттан Төштүк жоктоду.
Жан калтанын ичинен,
Ак баштыктын түбүнөн
Ала коюп колуна
Таңдайына салды эми.
Элемандын сырттаны
Шимирип жатып калды эми.
Шимиргенде Төштүктүн
Уюган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Адам барбас эң жаман
Жерге түштү, эр Төштүк.
Көз айныган мунарык
Чөлгө түштү, эр Төштүк.

## ТӨШТҮК ЖЕЙРЕН СЕКИРТПЕС МААМЫТКА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Чөлгө барып түшкөндө,
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Маңдайында боз дөбө
Эр Төштүккө көрүнөт.
Такыядай дөбөгө
Салып Төштүк барды эле,
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Төгөрөктүн төрт бурчун

Төрт айланта кыдырып
Төштүк карап турду эле.
Караса көзгө илинбейт,
Боз мунарык күйгөн чаң
Кайсы экени билинбейт.
Кукулдаган кузгун жок,
Какылдаган карга жок,
Бүгүн көргөн эртең жок,
Ушундай экен дүйнө бок.
Мунарыктын ар жагы,
Бозоргондун бер жагы,
Эрбең-сербең көрүнөт,
Карап туруп эр Төштүк
Көңүлү жаман бөлүнөт:
«Элчилиги бар болсо,
Жолдош кылып алайын.
Жоочулугу бар болсо,
Тындым кылып салайын»,–
Деп ошентип эр Төштүк,
Салып барып караса,
Тикилдеген сөзү бар,
Тик караган көзү бар,
Жан казандай башы бар,
Кылдай ничке мойну бар
Кылымда болбойт мындай жан.
Кылымга тиет бүлүгү,
Көккө, жерге бир тийген
Кызыталактын күлүгү.
Арыш уруп чуркаса,
Адам kууп жеткисиз
Күлүктүгү билинген,
Тегирмендин бир ташы
Мойнуна илинген.
Анталандап бул өзү,
Өөдө-төмөн жүгүргөн.
Элемандын эр Төштүк,
Чалкуйрук оозун бурду эле.

Чамасы кыйын, заары күч
Чалып ийчү эмедей,
Чакчайып барып ал жандын
Жайын сурап турду эми:
«Өөдө-төмөн желигип,
Өпкөң көпкөн сен кимсиң?
Душмансыңбы, элсиңби?
Жиндисиңби, жөнсүңбү?
Ыргып кетет башыңыз,
Түгөнүп кетет жашыңыз,
Айтканды анык угуңуз!
Эзелде чыкпайт сиздей жан
Чынынды айтып туруңуз?»
Анда күлүк муну айтат,
Адам билип, журт туйгус
Аябаган шумду айтат:
«Кабарчыдан кеп угуп,
Жер үстүнөн Төштүктү,
Жети баштуу жез кемпир
Зыйкыр окуп, көз байлап,
Жер алдына Төштүктү
Алып келди деп угуп.
Тогуз уулдун кенжеси,
Жараткандын бендеси
Астындагы Чалкуйрук
Артык тулпар чоң күлүк,
Элемандын Төштүгү
Бул жерге салса чоң бүлүк,
Каарды катуу салат – деп,
Чалкуйруктун дүбүртүн
Уккан жан өлүп калат – деп,
Шашкандыгым дагы чын.
Алапайым табалбай,
Качкандыгым дагы чын.
Билсең, мындай баркым бар,
Жүгүргөн учкан жандарды
Куткарбай турган наркым бар.

Желгениме жел жетпейт,
Басканыма мал жетпейт.
Куланды куусам куткарбайм,
Жейрен качса секиртпейм.
Эр кадырын билемин,
Элемандын сырттаны
Төштүк келсе бул жерге,
Жөө күлүк болуп берсем – деп,
Ошону каалап жүргөмүн».
Жейрен Маамыт муну айтып,
Айтып оозун жыйганча,
Анда Төштүк муну айтат:
«Өлүм орток, жан бирге
Күлүк болсоң сен, Маамыт,
Уккун айткан сөзүмдү,
Кел эмесе, Маамытым
Мураа болгун өзүмө.
Асмандагы жылдыздай
Козголуша калалык,
Кол кармашып экөөбүз
Дос болуша калалык.
Өлсөк бирге өлөлү,
Жети күндүк дүнүйөнүн
Кызыгын бирге көрөлү.

## ТӨШТҮКТҮН ЖЕР ТЫҢШАР МААМЫТКА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Андан ары бастырса,
Такыядай боз дөбө,
Урчугу чыгып көрүнөт,
Ал дөбөнү көргөндө,
Элемандын сырттаны
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Ал дөбөгө барганда,
Чоңдугу борчук сеңирдей,

Кармаша кеткен адамды,
Тири койбой жегидей.
Жерди тыңшап желигип,
Өөдө-төмөн тоңкондоп,
Качып жүрөт ээлигип.
Жерди тыңшап байпайлап,
Дөбөгө чыкпайт сай-сайлап,
Ашып-шашып жүгүрүп,
Ата, эми кандай болом – деп[1],
Көзү кеткен алактап,
Буту кеткен салактап,
Элемандын сырттаны
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Сөз сурап анык билүүгө
Жанына барып турду эле.
«Акылыңдан айрылып,
Шашып жүргөн сен кимсиң?
Ары-бери антаңдап
Качып жүргөн сен кимсиң?»
Анда тыңшаар муну айтат:
«Акылымдан айрылып,
Шашкандыгым дагы чын,
Корголоорго жер таппай,
Качкандыгым дагы чын.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кармашканды жегидей,
Төштүк келет – деп уктум,
Каарланса ал Төштүк
Кашайта көздү оёт – деп,
Тебелеп кетсе Чалкуйрук,
Бөөдө өлтүрүп коёт – деп.
Айлам кетип антаңдап,
Шашкандыгым дагы чын.
Корголорго жер таппай,
Качкандыгым дагы чын.

---

[1] Êàò÷ûäàí êåòêåí êàòà, ò¿ï íóñêàäà «äåï» äåãåí ñºç æàçûë-ááé êåòêåí.

Жерди тыңшап карасам,
Тилегимди бир кудай,
Берип калган көрүнөт.
Эл аманын кааласам,
Элемандын Төштүгү
Келип калган көрүнөт.
Ошол Төштүк сен болсоң,
Төштүккө кызмат кылуучу
Жер тыңшаар Маамыт мен болсом,
Коркунучум бар түз эле
Бир жараткан Алдадан
Тилегеним ушу эле.
Казба менин орумду,
Кайнатпагын шорумду,
Айтканым ушул билип ал,
Арстан Төштүк, тилимди ал!
Кулак сал айткан сөзүмө
Мураа болом өзүңө.
Айтканыңа көнөмүн,
Күн чыгыш менен Күн батыш
Эмине кабар угулса,
Азыр айтып беремин.
Жоого кирсең болжошмун,
Жобогон күндө жолдошмун.
Өөдөгө чыксаң өбөкмүн,
Ылдыйга түшсөң жөлөкмүн.
Бир өзүңө керекмин!»
Элемандын Төштүгү
Ак жылкыдан боз болуп,
Аныкташып дос болуп,
Талаадан тыңшар табылып,
Абийири мындан жабылып,
Үзүлгөнү уланып,
Элемандын сырттаны
Жолдош таап кубанып
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Эки Маамыт жолдош таап
Эми Төштүк турду эле.

## ТӨШТҮК КУЮНКӨТӨН МААМЫТКА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Атка минсе кишидей,
Жөө жүрсө, оңбогур
Желмогуздун тишиндей.
Карыш болгон бою бар,
Ааламдын баарысын
Биле турган ою бар.
Адамдан жеңил эң эптүү,
Сүйлөп турса, бал кептүү,
Жана келди бир адам:
«Оо, ботом, көрбөсөм да билбесем
Тогуз уулдун кенжеси
Бир кудайдын бендеси,
Мында келип жолуккан,
Берен Төштүк, эсенби?
Келериң каалап билгемин,
«Төштүк келер бекен?» – деп,
Алда Таала кудайдан
Ушуну сурап жүргөмүн.
Атка жеңил, тайга чак
Куюнкөт Маамыт өзүмүн.
Менин жайым ушундай:
– Акылым эң көп, алым аз,
Көкдөө менен Кара кан
Жер алдынын баашасы,
Жерге киргир, бизге кас.
Кейиш менен көп жүрдүк,
«Элемандын сырттаны
Келер бекен?» – деп жүрдүк.
Төштүк келип кашыма,
Абийирим минтип жабылып,
Кымбатым Төштүк табылып,
Мындан ары Көкдөө бар,
Келгендерден кеп угам,
Көкдөөнүн кызы Күлайым

Элемандын Тѳштүккѳ
Ашык экен деп угам.
Күлайымды аларбыз,
Азапка нечен каларбыз.
Ал Кѳкдѳѳнүн жолдошу,
Жети баштуу жез кемпир.
Жез кемпирдин колунда
Темир ийрек тору бар,
Түшкѳн кайра чыккысыз
Кѳкдѳѳнүн казган ору бар.
Куюнкѳтѳн Маамыттын
Тѳштүккѳ айтар сѳзү бар.
Балбандардын баарысы
Башында жалгыз кѳзү бар,
Билсең Кѳкдѳѳ каны бар,
Балбандардын баары бар.
Барган жан кайтпаган
Кырк кулак казан дагы бар.
Бизге душман кыйын бар!
Бул кебимди угуп ал!..»
Кучакташып дос болуп
Куюнкѳтѳн турганы.

## ТѲШТҮК КѲРѲГѲЧ КѲЗ МААМЫТКА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Андай-мындай дегиче,
Ачып кѳздү жумгуча,
Кѳкдѳѳнү угуп Тѳштүктүн
Кѳңүлү кетти бѳлүнүп,
Бет алдынан бир киши
Жана келди кѳрүнүп,
Кѳрѳгѳч Маамыт ѳзү экен,
Карарган кара кѳзү экен,
Элемандын Тѳштүккѳ
Жолдош болор кези экен.

Алп мүчөлүү эр экен,
Күн чыгыш менен Күн батыш,
Тиктеп көрүп берүүчү
Көрөгөчтүн өзү экен.
Балбандыгы башкача
Баатырдыгы бир канча
Эр Төштүктүн келерин,
Ал көрөгөч көрүптүр,
«Элеман уулу Төштүккө
Өлгөнчө жолдош болом» – деп,
Кудайдан сурап жүрүптүр.
Элемандын Төштүккө
Жолдош да экен, бел да экен,
Баары-жоктун баарысын
Көрүп берер эр да экен.
Элемандын Төштүгү
Жер алдына түшкөндө,
Төрт Маамыт келди табылып.
Сырттан Төштүк баатырдын
Абийири минтип жабылып.

## ТӨШТҮК ЖОЛБОРСКО ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Андан ары жол жүрсө,
Ат аябай мол жүрсө,
Элемандын Төштүгү
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Өрттөй болуп көз жайнап,
Өмөлчү* журттан айрылып,
Өлөйүн деп шор кайнап.
Ээр белдей белести
Эңкейип Төштүк турду эле:
Чыр-чыр-чыр чыгат,
Чыркырап үн бек чыгат,

Чыркыраган ачуу үн
Кулак-мурун жеп чыгат.
Салып барып караса,
Бул кудайдын кылганы
Адамча айтып тил сүйлөйт,
Ошо жолборс турганы:
«Өчкөн бир отум тамызчы, Төштүк!
Өлгөн жаным тиргизчи, Төштүк!
Суусап кеттим суу берчи, Төштүк!
Эңкейип барам эт берчи, Төштүк!
Жакшылыгың көп берчи, Төштүк!
Бугу куудум, баш жедим, Төштүк!
Маралды куудум, таш жедим, Төштүк!
Томугум болду жарадар, Төштүк!
Жатамын эчен талаада, Төштүк!
Кароол карап кайрылдым, Төштүк!
Кайран буттан айрылдым, Төштүк!
Чын бугу жебес ак жолборс
Чымын таппай зар болдум, Төштүк!
Эрдигим кетти колумдан, Төштүк!
Даакым түшпөй жонумдан, Төштүк!
Дандан жебес курган жан,
Кулан жебес курган баш,
Кууураган башка зар болдум, Төштүк!
Кабымды таап, кан берчи, Төштүк!
Жанымды зоолап, жан берчи, Төштүк!»
Жолборс минтип турганда,
Элемандын сырттаны
Көңүлү кетип бөлүндү,
Буту жара ак жолборс
Тууганындай көрүндү.
«Элимен азган мен – арстан,
Бутунан азган бул – арстан.
Чалкуйрук оозун бурайын,
Ушул кайран арстанга
Бир жакшылык кылайын»
Деп ошентип эр Төштүк,

Тизеси жерге бүгүлүп,
Чалкуйруктун үстүнөн
Чуркап түштү жүгүрүп.
Барып Төштүк караса,
Ал жолборстун бутуна
Чөмөр кирип кетиптир.
Бул чөмөрдүн киргени
Бир кыйлага жетиптир.
Жортуп жүрүп аш таппай
Арык болуп кетиптир.
Элемандын сырттаны
Жанында болот кестигин
Кындан сууруп алды эми,
Ал жолборстун таманын
Жонуп жатып калды эми.
Жонуп жатып эр Төштүк,
Чөмөрдү сууруп салды эми.
Чөмөрдү сууурган жеринен,
Ириң менен кан кетти.
Ал жаралуу жолборстун
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды.
«Жолуккан жоого кез болсоң,
Жолдош болуп беремин,
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Айтканыңа көнөмүн.
Элемандын Төштүгү
Дегениңе көнөйүн,
Катуу мүшкүл иш көрсөң,
Караан болуп берейин.
Элемандын Төштүгү,
Эрге мүшкүл бир келет,
Эрге мүшкүл келгени,
Кырсык чалып, шор кайнайт,
Кыраанга келген кырсыгы
Азык таппай көз жайнайт.
Мурутун булкуп калды эми.

«Түтөтсөң даяр болом» – деп
Төштүккө бере салды эми.
Бул мурутту түтөтсөң,
Көрүнөм, Төштүк, көзүңө,
Азыр өлүп кеткиче
Жолдош болом өзүңө,–
Муруттун жыты билинсе,
Күн чыгыш менен Күн батыш
Жеткен жерге барамын,
Айткан анык сөзүңө
Жолугамын өзүңө», –
Деп ошентип, ак жолборс
Көздөн кайым болду эле.

## ТӨШТҮКТҮН АЮУГА ЖОЛУККАНЫ

Андан ары жол жүрсө,
Мунарыктын алдында
Бурч токойдун жанында[1]
Өкүргөндөн бакырып,
Ал токойго барганда
Адамча сүйлөп бир аюу:
«Оой, Төштүк!» – деп чакырат.
Үстү камыш, асты ор,
Чубама экен жалгыз жол,
Олоңдогон ал аюу
Орго түшкөн кези экен.
Кайра чыккыс эң кыйын
Торго түшкөн кези экен.
Ошо түшкөн чуңкуру
Асты балчык, бети муз,
Аюу жатып кайгырып,
Чыгамын деп бечара

---

[1] Êàò÷ûäàí êåòêåí êàòà. Ò¿ï íóñêàäà «àëäû íäà» äåï æà-çûëãàí.

Тырмагынан айрылып.
Анча Төштүк барбаса,
Кыяматтын кыйноосун
Көрө турган болуптур.
Ор ичинде кокоюп
Өлө турган болуптур.
Айбандары тил сүйлөп,
Адам ай, кызык мунабу иш,
Ал аюуну көргөндө,
Элемандын Төштүгү
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Карааргандан түнөрүп,
Сырттан баатыр Төштүктүн,
Бакырлык келди башына.
Коюнун жууду жашына.
Жеринен экен бул бакыр,
Жолунан азган бул жакыр.
Кырк кулач кыл арканды
Аюуга таштай салганы
Аюуга коюп кыл аркан
Аюу белге чалганы.
Арстандыгы абыдан,
Андай-мындай дегиче
Ачып көздү жумгуча,
Ордо калган аюуну
Ордон сууруп алганы.
Самсаландап сабылып,
Аюу сүйлөйт адамча
Эр Төштүккө жалынып:
«Өлгөн жанды тиргизген,
Өчкөн отту тамызган
Жер үстүнөн ырайым
Жеткирип сени көргөзгөн.
Карып болгон аюудан
Бүгүн кетти убайым.
Чамам келип, ал жетсе,

Сизге кызмат кыламын.
Башыңа кыйын иш түшсө,
Маңдайыңда турамын.
Айтканым ушу билип ал,
Сырттаным Төштүк, тилимди ал!»
Аюунун айткан сөзүнө
Арстан Төштүк көндү эми,
Сырттанына ал аюу
Мурутун жулуп берди эми.
Аманат кылып сырттаның
Аюунун алды мурутун
Жан калтага салганда,
Ордон чыккан ал аюу
Сырттандын досу болуптур.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей
Аюу кайып болуптур.

## ТӨШТҮК КУМУРСКАГА ЖОЛУГУП, ЖОЛДОШ КЫЛГАНЫ

Дагы Төштүк жол жүрдү,
Төрт Маамытты ээрчитип,
Ат аябай мол жүрдү.
Түнөргөндөн карарган
Түз талаага кез болуп,
Ал талаанын боюнда
Оргуп түтүн бөлүнөт,
Уюгу менен кумурска
Өрткө кеткен көрүнөт.
Элемандын сырттаны,
Кумурсканы көргөндө
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Элемандын Төштүгү,
Тизеси кетип бүгүлүп,
Чалкуйруктун үстүнөн

Чуркап түштү жүгүрүп:
«Айланайын төрт Маамыт,
Эрендикти эрдикти
Кумурскага салалык,
Күйүп жаткан байкушту,
Ажыратып алалык».
Жейрен секиртпес Маамыт,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче
Сууга салып бир кийиз
Эр Төштүккө берди эле.
Күйгөн отту жолотпой,
Төштүк сабай берди эле.
Сүйлөй турган тили бар,
Адамдан эстүү Чалкуйрук,
Эр Төштүктүн канаты,
Качан болсо сооп издейт
Жаныбардын адаты.
Чалкуйрук жайы ушундай,
Ары буудан, ары тынч
Жаныбарым Чалкуйрук
Маамыт менен желгени,
Сууга салып токумун
Эр Төштүккө бергени.
Туура жагын Жер тыңшаар,
Алып келип берди эле.
Алкым жагын Көрөгөч
Талап келип берди эле.
Бери жагын эр Төштүк
Сабап келип берди эле.
Күйгөн отту өчүрүп,
Эрдикти эпсиз салды эле.
Кумурсканы ал өрттөн
Аман алып калды эле.
Бөлөгүнөн тазасы,
Өрттөнүп жаткан кумурска
Кумурсканын баашасы:

«Элемандын эркеси,
Бир кудайдын бендеси,
Түбүмө чогуу жетерде,
Түгөл өрттөп кетерде,
Күйгөн отту өчүрдү.
«Күйгүзбөй калдың жанымды,
Алып калдың баарымды,
Айта берсем иш кыйын,
Оюма келет бир буюм,
Баатыр Төштүк, кебимди ук,
Жер алдына кабылып,
Бакыр боло берипсиз.
Кайгырба, Төштүк сырттаным,
Көрө турган азап бар
Казып койгон оруң бар,
Кайнатылуу шоруң бар.
Тийише турган эриң бар,
Ошол эрге барганда,
Керек болор жерим бар.
Белекке берем бутумду,
Берени Төштүк алыңыз,
Мээнеттүү башка иш түшсө,
Белекке берген бутумду
Бир түтөтө салыңыз.
Кумурскаларды кубалап,
Дал өзүнө жетемин,
Жоболоп башка иш түшсө,
Жолдош болуп кетемин»,–
Деп ошентип кумурска,
Берен Төштүк баатырдын
Берендигин көрдү эми,
Жулуп алып бир бутун,
Сырттан Төштүк баатырга
Аманат кылып берди эми.
Андан өтүп жол жүрдү.
Элемандын Төштүгү
Ат аябай мол жүрдү.

Ээрчиткени төрт Маамыт,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе талаада
Куланды аңдып, аркар кууп,
Курган Төштүк көк жалың
Ойной турган күнү тууп,
Мекен кылды талааны.
Берен Төштүк сырттаның
«Кук» эткенден кузгун жок,
«Как» эткенден карга жок,
Ээн талаада жатышты.
Эр Төштүктүн мингени
Чалкуйрук тулпар сал моюн,
Эр Төштүк менен төрт Маамыт
Ээн талаада салды оюн.
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Тараза жылдыз батыптыр,
Таң кашкайып атыптыр,
Уйкудан Төштүк ойгонуп
Оң жагына толгонуп,
Жер тыңшаар Маамыт кеп айтат:
«Өөдө бол, Төштүк! – деп айтат,
Жердин алдын сураган,
Көкдөө деген каны бар,
Зордугу тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей
Ааламдын баарысын,
Жеке кыраар алы бар.
Ал Көкдөөнүн колунда,
Темир аркан торунда,
Ургаачынын узу бар,
Үч кызынын кенжеси
Күлайым деген кызы бар.
Элемандын эркеси
Эрдигин эчак билиптир,
Кумар болуп сөзүнө,

Кусадар болуп өзүңө,
Тийгени сага жүрүптүр.
Ошо сенин айыңдан
Дегенине көнүптүр,
Ат башындай алтынды
Ала кел деп сырттанды
Кемпирге бара бериптир.
Дуба окуп көз байлап,
Жер астына сиздерди
Азгырып алып кетиптир.
Кумар болгон өзүңө
Бейтаалайдын өзү экен.
Быйыл Төштүк өзүңө
Тийгени жүргөн кези экен.
Баштагы аты Күлайым,
Көкдөө деген капырдын,
Кайраты катуу баатырдын,
Үч кызынын кенжеси.
Алууга эми барып кел,
Жолугуп келгин өзүнө,
Көрүнүп келгин көзүнө!
Төштүк, сени санаса,
Эбегейсиз эзилет,
Эт жүрөгү сөгүлөт
Уктап жатса, уйку жок,
Басып жүрсө тынчы жок.
Акыреттик төрт Маамыт
Бул жерге таштай салыңыз.
Ала турган колуктуң
Ашыктан кабар алыңыз.
Эрендерсиң, шердирсиң
Өзүң жоонун айласын
Абдан билген эрдирсиң,
Жер таңшаар аман бар болсо,
Бардыгын билип өтүүчү,
Аман болсо төрт Маамыт,
Демге калбай жетүүчү...»

## ТӨШТҮК КӨКДӨӨНҮН КЫЗЫ КҮЛАЙЫМГА ЖОЛУККАНЫ

Көрөгөчтөн кеп угуп,
Күлайым бар деп угуп,
Ажал жетсе өлүүгө,
Сулуусу күндөй Күлайым,
Айкалышып көрүүгө,
Көкдөө эрдин шаарына
Эми Төштүк жол жүрдү.
Өткөн иштин жайынан,
Күлайымдын айынан,
Эрикпей Төштүк жол жүрүп,
Эсеби жок мол жүрүп
Күн кеч кирип, түн бүтүп,
Чалкуйрукка тил бүтүп,
Бугудай мойнун бурганы,
Кишиче сүйлөп турганы:
«Элемандын эр Төштүк,
Эрдигиң калың, эсиң жок,
Энөө Төштүк экенсиң,
Улуу дүмөк, үлкөн жол
Жүрбөгөн Төштүк экенсиң.
Эндей этек, жайык төш
Эчтемени ойлонуп
Билбеген Төштүк экенсиң,
Мен көргөндү көрбөсөң
Мен билгенди билбесең,
Тетиги мунарык болуп бурчтанган,
Булуң болуп учтанган,
Мунарыкты көрдүңбү?
Мунарыктын этеги
Карарганды көрдүңбү?»
Анда Төштүк муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Ай, чалгырым бууданым,
Айбан да болсоң жаныбар,

Өлүм орток тууганым!
Карарган Төштүк көзүнө,
Карчалыңкы көрүнөт,
Айтпадым беле мен бая,
Укпадык беле сен бая,
Караңгыда суу ичип,
Көзүмдү кудай уруптур,
Түнөргүрдүн көзүнө,
Түк эчтеме көрүнбөйт,
Түндө жолду көп чалып,
Мени кудай уруптур...»
Чалкуйрук эми муну айтат,
Адам билгис шумду айтат:
«Кокуй Төштүк жан досум,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири темингин,
Кара болот ооздукту,
Көмөкөйгө кагайын,
Тал жибектей куйрукту
Чаткаякка чабайын,
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Айта-буйта дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Алып жетип барайын,
Күйүккөн чериң басайын,
Кабагың күндөй ачайын.
Беризаада Күлайым,
Көрсөтөйүн көзүңө,
Жолотоюн өзүңө,
Мен көргөндү көрбөсөң,
Мен билгенди билбесең,
Көкдөөнүн эли көчүптүр,
Коргол санап, күн өтүп
Кордук тартып күн санап,
Алуучу жарың Күлайым,
Капаланып кайгырып,

Ал байкуштун башынан
Эчен азап өтүптүр.
«Кантсе Төштүк келет» – деп,
Салынган алтын сөйкөсүн
Журтуна таштап кетиптир.
Демге калбай бара көр,
Тилекти кудай берүүчү,
Сөйкөсүн издеп Күлайым,
Өзү жалгыз келүүчү.
Ээн жерде бейбакка
Кошуласың кайтасың,
Үзүр-мазыр кебиңди
Күлайымга айтасың.
Дарт-кумарың баса көр,
Умачтай көзүң ача көр.
Түртүп ийип түйүлтүп,
Түпкүч кылып ийилтип,
Шибеге салып кубулткун, Төштүк,
Жердин үстүн унуткун, Төштүк,
Кызга жакын калганда,
Сөйкөгө жетип барганда:
«Кубул, Чалым кубул», – деп,
Чылбырдан кармап силксең сен
Алтын сака болом мен,
Каткан ээм сен болгун, Төштүк.
Көкдөөнүн кызы Күлайым,
Көрсөң көрөр кызык бар, Төштүк,
Көп жерден көрөр бузук бар, Төштүк.
Алуучу зайбың Күлайым
Кадыр түндүн өзү экен,
Касиеттүү күң экен.
Олуязаада ал экен
Кыздыгын алып кызык кыл.
Мураа болор өзүңө,
Кулак сал айткан сөзүмө!
Үзүлгөнүн улайт го,
Чачылганың жыйнайт го,

Өлгөнчө сени сыйлайт го, Төштүк,
Айтканым ушу билип ал, Төштүк!
Аңкоо болбой тилимди ал, Төштүк!
Окоро түйгөн ак тизгин,
Тартпастан оозум жая көр,
Камчы тийбес кара сан
Катуу бир камчы чаба көр, Төштүк!
Бул кабарды укканда,
Кара жаак айбалта
Кармай калып имерди,
Каң дедире Чалкуйрук
Такымга тартып жиберди.
Окоро түйгөн ак тизгин,
Оробой оозун жайды эле,
Канаты бар буудандын
Оюна коё салды эле.
Каран калган Чалкуйрук
Баскан жери быркырап,
Жолум үйдөй даңканы
Сырттаның Төштүк баатырдын
Төбөсүндө чыркырап.
Адегенде бир көрдү,
Андан кийин ким көрдү?
Булуттуу көктүн астынан,
Муундуу чөптүн үстүнөн,
Аркырап алып жүрдү – дейт.
Ок жыландай октолуп,
Түйүлгөндө жок болуп,
Бугудай мойну бултулдап,
Чакмактай көзү жылтылдап,
Адам барып, эл көргүс
Жерге барды эр Төштүк.
Алмасы аттын башындай
Көрүнгөн бейиш ашындай
Жерге барды эр Төштүк.
Барып туруп караса,
Сөйкө аманын каалаcа,

Чынар терек, Чук-Терек,
Касиеттүү теректи
Ал Күлайым билиптир,
«Кантсе Төштүк келет» – деп,
Ал теректин бооруна
Сөйкөнү илип жүрүптүр,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Ат башындай ак сөйкө
Сырттан эрге көрүнөт.
А «кудай» деп сөйкөнү
Сырттан Төштүк алды эле,
Ала коюп ошондо,
Жан кисеге салды эле.
Жаныбарым Чалкуйрук
Биттейинде биригип,
Бармактайдан баш кошкон,
Бир адамга билинбей,
Бир эле жанга туйгузбай,
Дегениме көнгүн – деп,
«Такоол болуп бергин» – деп,
Чылбырдан кармап ошондо
Өкчөп туруп калды эле.
Тоодой болгон Чалкуйрук
Бир чымындай жанына
Сака болуп калды эми.
Ала коюп эр Төштүк,
Жан калтага салды эми.
Чынар терек оюнан,
Чук-Теректин боюнан,
Эми Төштүк тургуча,
Оң жак жагын караса,
Ээр белдей мойноктон
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Баабединин бат айтып,
Эр Төштүктөн жан чыгат.
Оргуган чаңды караса,
Кара кашка аргымак,

Аргымактын чаңы экен,
Куса болуп Төштүккө,
Эбедейи эзилген,
Эт тырмагы созулган,
Үстүндөгү мингени
Күлайымдай жары экен.
Куса болуп ал байкуш,
Эр Төштүктү көрүүгө
Алда кайдан сурап жүргөн чагы экен.
Бели кындай, бети айдай,
Мелтиреген кара бет,
Бал шекердей татты сөз,
Мелтиреген кара көз,
Эр Төштүктү көргөндө,
Шумдуктуу сөздөн баштады,
Эчен түрдүү сөз айтып,
Өлүп кете таштады.
«Өңүмбү – деп,– түшүм – деп,
Дал ушундай жан эле.
Самаган Төштүк кишим – деп.
Көз алдыма көрүндү,
Ак экен менин ишим – деп,
Кечээ жашым чыкканда[1]
Кабыл болуп ыйманым,
Алты кожо, беш эшен,
Түнүндө нике кыйганы.
Тамашага батканбыз,
Ойноп-күлүп жатканбыз,
Көйнөктү чечип ыргытып
Тамашага батканбыз,
Тар төшөктүн ичинде
Таза ойноп жатканбыз
Уйкудан чочуп ойгонсом,
Оң жагыма толгонсом,

[1] Óøóë ñàïòà Ê¿ëàéû ìäû í æàø û í ê°ðñ°òê° í ñàí æàçûëááé êåòêåí.

Көрүп жаткан түш экен,
Алда Таала кудурет
Бир жиберген иши экен.
Ошол тамашага батканым,
Көрсөм, сиздей киши экен.
Көрүндүң, Төштүк, көзүмө,
Кудай айдап туш кылып,
Алып келди өзүмө.
Төрөм Төштүк, мен сага,
Ашык болуп күйгөмүн.
Бул жалганчы дүйнөдө
Көрбөймүн деп жүргөмүн.
Төштүк сени көп сурап,
Түн ичинде уйкум жок,
Күндүзүндө тынчым жок,
Жүрөгүм күйүп, боорум чок,
Эчен жыл күттүм саргарып,
Өлөйүн десем арга жок,
Чылгый ичим өрт жанып,
Чыдай албай шордуу жан,
Алапайым табалбай,
Атам дөөнүн алтын так,
Басып барып карасам,
Айланасы чынар бак.
Атакемдин багында
Айтсам сөзүм зар эле.
Денеде жети башы бар,
Сыйкырчы кемпир бар эле.
Эл азгырып бүлдүргөн,
Абыдан аяр жан эле
Ийрек, соку аты бар,
Шамалдай учкан каркыбар,
Жети күнү ал кемпир
Жердин астын чалчу эле.
Жети күндө ал кемпир
Жер үстүнө барчу эле.
Басып барып кемпирге,

Мен мойнумду бургамын:
«Элемандын Төштүгүн
Алып келе көргүн» – деп,
Көп жалынып тургамын.
Казына оозун ачкамын,
Атакемдин көп алтын
Аябастан чачкамын.
Күйүп, жанып чок болдум,
Ушу жалган дүйнөдө.
Сени көрбөй эр Төштүк,
Кантип тирүү токтолдум!
Эр Төштүк эрте камынып,
Эптеп мени алыңыз,
Эр сырттаны сен болсоң
Менин атам Көкдөөгө
Бир эрликти салыңыз.
Менин атам Көкдөөнүн,
Эрдиги кыйын, заары күч,
Шек алдырып сен койсоң,
Эсил жандан күдөр үз.
Казып койгон ору бар,
Кайнатылуу шору бар.
Күн чыгыш менен Күн батыш
Танаптап тартар тору бар.
Бир чокмору бир тоодой,
Балбандан канча зору бар.
Менин атам Көкдөөгө,
Келген адам көп болгон,
Кеткен адам жок болгон,
Катылган эрдин шору бар,
Кайраным Төштүк, кебимди ук,
Барса-келбес жолу бар.
Кайнаган калың бузукту,
Көрөбүз эчен кызыкты.
Найзага камбыл маш болгун, Төштүк!
Аркама минип сен эми,
Азыркы кейпиң жоготуп,

Ылжыраган таз болгун, Төштүк!»
Күлайым бейбак сулууңуз,
Эр Төштүк экөө биригип,
Жети күн оюн салды эле,
Күлайымдай сулуунун
Бир этегин жер ачты.
Бир этегин берениң Төштүк эр ачты,
Ай-талаада кезигип,
Ак буудайдын унундай
Жуурулушуп калды – дейт.
Ак бөкөндүн кылындай
Суурулушуп калды – дейт.
Адырдагы булактай
Жошулушуп калды – дейт.
Аркар менен кулжадай
Кошулушуп калды – дейт.
Жанбаштап жанды тындырып,
Жатып уйку кандырып
Ээн талаага конушуп
Көрүшпөгөн эки ашык
Эрди-катын болушуп.
Кереметтүү Күлайым
Ургаачынын узу экен.
Жер алдында Көкдөөнүн,
Абыдан эрке кызы эле.
Эр Төштүккө жолугар
Кааласа кадыр түн экен.
Мелтиреген бейтаалай
Беризаада күң экен.
Касиети башкача,
Көп билгич жандын бири экен.
Ушуну айтып Төштүккө
Кең баштыктын түбүнөн,
Кетеченин* ичинен,
Алып чыкты бир буюм,
Ошо кезде иш кыйын,
Кереметин билгизди

Ал баштыктын ичинен
Эр Төштүктүн үстүнө
Бир керектүү тонун кийгизди.
Ал Күлайым байкуштун
Атасы Көкдөө кас болду,
Керемет тонун кийгенде
Элемандын Төштүгү
Бир ылжыраган таз болду.
Көкдөөнүн кызы Күлайым
Кереметин билгизип,
Кара кашка аргымак
Артына мингизип,
Алып жүрүп калды – дейт.

## КҮЛАЙЫМ ТӨШТҮКТҮ АТАСЫНЫН КАШЫНА АЛЫП БАРГАНЫНДА КУБУЛУП ТАЗ БОЛУП, КӨКДӨӨНҮН УЮН БАГЫП ЖҮРҮП, УЙЧУ КАРА ТАЗДЫ ӨЛТҮРГӨНҮ

Ошо көчкө барганда,
Көкдөө жайын сурасаң,
Зордугу тоонун теңиндей,
Көрүнгөндү жегидей.
Тоодой тулпар ат минген,
Карагайдай камчы алган,
Кынсыз кылыч байланган.
Кышкы шамал, буркактай
Каары бетине айланган.
Төштүк, Төштүк болгону,
Төштүк атка конгону,
Нык чоңоюп, зор өскөн
Элден сонун көрө элек,
Адам басып жүрбөгөн
Жерден сонун көрө элек.
Көргөндө көңүл бөлүндү,
Ал Көкдөөнүн жанында

Элемандын Төштүгү,
Байкап өзүн караса,
Короолудай көрүндү.
Көк эренче жамынып,
Көрөр болсо Көкдөөнү
Көк жолборстой чамынып,
Көк болот чокмор колго алып,
Көк тулпар санга бир салып.
Төбө чачы үксөйүп,
Муруттары түктөйүп,
Каарданып күүлөнүп,
Күлайымга сүйлөнүп.
«Ырыска туулган кулунум,
Аркандагы мингениң
Түрү суук кандай таз?
Касиеттүү баламдын
Аркасында арбайып,
Таз мингени эмне?
Чын эсебин табайын,
Чыркыратып бул таздын
Азыр башын чабайын».
Чокмор алып күркүрөп,
Көкдөө жетип келди эле.
Күлайымдын энеси,
Ал Көкдөөнүн катыны
Чаптырбастан Көкдөөнү,
Чап чылбырдан алды эле.
Чылбырына чырмалып,
Чыңырып ыйлап ошондо
Каарданган Көкдөөнү
Коё бербей калды эле.
Ал Көкдөөнүн катыны
Ачууланып муну айтат:
«Оңбогон, как баш, оңбойсуң,
Каарданып чамынып,
Кайратыңды койбойсуң.
Кылчылдаган как башым,

Кызыңа тийсең оңбойсуң.
Кызына тийсең сен, как баш,
Эгерде эки болбойсуң.
Ургаачынын узуна,
Чамынба, как баш, кызыңа,
Таздын көөнү жок болсо,
Кыздын көөнү жок бекен?
Намыс кылып баратсаң,
Ушу турган Күлайым
Ургаачынын узу эле,
Кереметтүү кыз эле,
Талаадан тапкан бул тазды
Кызың тапты, саа берди
Уй көтүнө салыңыз,
Уйчу кылып алыңыз.
Төө артына салыңыз,
Дөөдүрөгөн бул тазды
Төөчү кылып алыңыз.
Көп казына бул керек,
Сан түмөн малды багууга
Так ушундай кул керек».
Энеси мындай деди эле,
Тазды артынан түшүрүп,
Уй кайтарган кара таз
Жолдош кылып берди эле.
Элемандын Төштүгү
Уйчу болду Көкдөөгө.
Жыйып уйду курады,
Уйга сайгак тийгенде,
Суугa айдап киргенде,
Элемандын сырттаны,
Жатып алып ошондо,
Баштагы уйчу тазынан
Көкдөөнүн жайын сурады:
«Сырдаш болдук, сырыңды айт, тазым,
Көргөн-билген чыныңды айт, тазым.
Жумурдагы сырыңды айт, тазым,

Уйлар кечкен дарыя,
Кечинде кантип айдайсың, тазым?
Уюңду кантип айдайсың, тазым?
Малыңды кантип жайлайсың, тазым?
Кара таз анда муну айтат:
«Таякты таамай колго алам, тазым,
Уюмду айдап кетемин, тазым,
Дарыя, көлгө жетемин, тазым,
Дарыяга барганда,
Кереӊ уй кечүү башта дейм, тазым.
Жорго торпок жолду башта дейм, тазым.
Дарыядан ошондо
Жоон санга чыкпай суу калат.
Дарыядан анда кечемин, тазым.
Үйүмө анда жетемин тазым.
«Байлангыр уюм, байлан» дейм,
Байланып уюм бир калат.
«Саалгыр уюм, саал» дейм,
Саалып уюм бир калат.
Күн калкылдап батканда,
Элдин алды жатканда,
Көкдөөнүн эле үч кызы
Кубанычын кандырсам,
Карын-карын май берет.
Уй кайтарган жазыгым,
Ошол май менин азыгым».
Кылык менен жоругун
Уй кайтарган ал таздан
Койбой сурап алды эми,
Башка сөзгө салды эми:
«Эл каалабай, журт көрбөй,
Эрикмек болдук талаада, тазым.
Чоң оюнду салалы, тазым.
Эриккендин баарысын
Эми жазып алалы, тазым.
Чертишмек ойноп калалы, тазым.
Мен турайын, сен черткин, тазым,

Сен турганда мен чертип,
Кумарды жазып алалы, тазым».
Төштүк турду, таз чертти,
Зыңгырап Төштүк кенебейт,
Канчалык чертсе кара таз,
Бучкагына теңебейт.
Кара таз тура калды эле,
Төштүк чертип салды эле.
Уй кайтарган кара таз
Башы кетти быркырап,
Жаны кетип чыркырап.
Элемандын Төштүгү
Кара тазды сойду – дейт,
Терең казып ошондо
Кара тазды койду – дейт.
Күн мезгили толгондо,
Күн кечкирип болгондо,
Элемандын Төштүгү
Уйду кууп кудутуп,
Дарыяга келгенде,
Элемандын Төштүгү
Кара таз айткан сөздөрдүн
Такыр кебин унутуп
Өөдө-төмөн сайгактап,
Уйлар качат соксоктоп,
Элемандын Төштүгү
Ал уйлардын бардыгын
Такыр уруп токмоктоп
Мында да уйлар кечкен жок,
Ал дайрадан өткөн жок.
Эр сырттаны Төштүктүн
Эми жини кайнады
Төштүк тийген уйлардан
Торпок тана калбады.
Мына ошондо эр Төштүк
Каарданып зыргытты,
Колуна тийген уйларды,

Көкдөөнү көздөй эр Төштүк
Койбой топтоп ыргытты.
Өйүздөн Көкдөө бакырды,
Каратаздап чакырды:
«Кутурган таз, сени! – деп,
Уйдун баарын ыргытып,
Кууратмак болдуң мени» – деп.
Кеби жамаң акмак таз,
Кечүү башта! – деп айда.
Жосуну бөлөк акмак таз,
Жорго торпок! – деп айда,
Кылт эсине түшкөнү,
«Кереӊ уй, кечүү башта» – деп,
Көк өгүздү чапты эле.
Кереӊ уй кечүү баштады
Келберсиген дарыя
Тушарга чыкпай калды эле.
Жорго торпок жол баштап,
Канаттуу өтпөс дарыя
Шыйбылчакка чыкты эле.
«Байлан уюм, байлан» – деп,
Бакырыкты салды эле,
Көкдөө кандын көп уюу
Байланып жатып калды эле.
«Саал уюм, саал» – деп,
Жана доош салды эле,
Саалып уюу калды эле.

## ТӨШТҮК ЖАЛГЫЗ КӨЗДҮҮ ЖЕЛМОГУЗДУ ӨЛТҮРГӨНҮ

Бир жагына караса,
Мейманкана беш сарай,
Оң жагына караса,
Бөлөгүнөн чоң сарай,
Берен калган сарайдын

Бекемдиги бир далай.
Элемандын сырттаны
Ал сарайдын оозуна
Басып барып караса,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Адамдан башка сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар,
Төөдөй балбан көрүнөт.
Ал балбанды көргөндө,
Элемандын сырттаны,
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Төштүк, Төштүк болголу,
Төштүк атка колголу,
Мындай эме көрө элек,
Мындай эме туя элек.
Жер үстүнөн түшкөндө,
Аябаган чоң кордук
Көргөнү келген экемин.
Ажалдан мурун мен өзүм,
Өлгөнү келген экенмин, –
Деп ошентип эр Төштүк,
Ал балбанды көргөндө,
Эси кетип турду эле.
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Бугудай басып торолгон,
Бутуна чачы оролгон,
Кермаралдай керилген,
Сүйлөргө сөздөн эринген.
Бир адамга билинбей,
Бир кишиге көрүнбөй,
Жебеден мурун жүгүрүп,
Эр Төштүккө келди эле.
Амандашып көрүшүп,
Ага колун берди эле.
Эр Төштүккө эл болгон
Быйты күндүн өзү экен,

Өзү эмес, Быйтынын
Карарган кара көзү экен.
Олуязаада өзү экен
Элемандын Төштүктүн,
Өң көзүнүн бири экен.
Быйты келди кеп баштап,
Элемандын сырттанга
Акырын айтып бек таштап:
«Чогоно куурай чоорун тарт, Төштүк,
Чоң баатырдын өзү элең, Төштүк,
Чочубай жортуп, түн каткын Төштүк,
Алтындап өргүн чачымды, Төштүк,
Азат кылгын башымды, Төштүк!
Жер үстүндө туруучу
Кайып кандын кызы элем,
Жети баштуу кемпири,
Азгырып мени алды эле, Төштүк,
Жер алдына салды эле, Төштүк,
Ушинтип кудай урду эле, Төштүк.
Жалгыз көздү капырга
Зордуктап нике кыйды эле.
Темир аркан капырдын
Торунда турам көрдүңбү, Төштүк?
Жалгыз көздүү желмогуз
Колунда турам көрдүңбү, Төштүк?
Айланып учар канат тап, Төштүк,
Артыкча болсо өнөр тап, Төштүк!
Алдыңда тоодой көрүнгөн
Ал Көкдөөнүн балбаны,
Алышса жанды түк койбойт,
Өлтүрбөсөң түк болбойт.
Тындым кылып койбосоң,
Сыйпалган балбан жан койбойт.
Адам билбес сөзү бар,
Башында жалгыз көзү бар.
Жети күнү болгунча,
Жердин үстүн чалчу эле,

Жана дагы жети күн
Жердин астын чалчу эле.
Жана он төрт күн өткүнчө
Ушунтип уктап калчу эле.
Ал уйкудан ойгонуп,
Темир шиш колго алуучу.
Төөдөн төрттү саюучу,
Төрт төөнү кактап бышырып,
Абыдан тоюп алуучу.
Сырттан элең эр элең,
Темир шиш колго ала көр,
Жалгыз көзгө мала көр.
Башын кесип, ушуну
Тындым кылып сала көр.
Бул балбанды өлтүрсөң,
Бизге кудай бергени,
Өлтүрбөсөң балбанды
Бизди кудай урганы,
Тирүү турса, бул дөөнү
Эңкейип бенде алалбайт,
Эч ким жакын баралбайт.
Айтканым ушул билип ал,
Азыр каалап тилимди ал.
Төрөбүз Көкдөө бакырса,
Төө тосбос кулда көт болбойт.
Кашыкка чыкпас каным бар,
Эмине кылар алым бар?!
Кыпкызыл темир жанында,
Кыябын таап бек кармап,
Көз ортого мала көр.
Көп өчтү минтип ала көр...»
Сырттан Төштүк муну угуп,
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Кыпкызыл мунар шиш темир,
Кыйынды колго алды эле,
Тегерегин карабай,

Теги жанын аябай:
«Жер үстүнөн куюгуп,
Келген жайдын бири элем,
Тирүү болбой мен эми
Өлгөн жандын бири элем,
Төө моюнундай шиш темир,
Кара жанды аябай,
Жалгыз көздүн олуна[1]
Муштап келип жиберди.
Көздө темир тийгенде,
Көздөн суусу дыркырап,
Улук болсун, алп болсун
Башы кетти быркырап,
Жаны чыкты чыркырап.
Тоо кураган эмедей
Уктаган көзгө сайдырып,
Тоңкоюп кулап кетти эми.
Элемандын сырттаны
Камбылдыгы бир далай,
Асыл катын Кенжеке,
Аманат берген кан төгөр,
Кармай калып сабынан[2],
Сууруп алып кабынан,
Айры шили ортого
Кан төгөр менен салды эле,
Тээп сууруп алды эле.
Алты кулач ак шамшар,
Ала коюп ошондо,
Жүрөгүнүн ортого
Түбү менен малды эле,
Жана сууруп алды эле,
Оргуп чыккан кара кан,
Чуркап жетип Быйты күң

[1] Óøóíäàí êèéèí «Áàø û êåòòè áûðêûðàï» äåãåí ò¿ï íóñêàäà àø ûê÷à ñàï áàð.
[2] Ò¿ï íóñêàäà «êàáû íàí» äåï êàòà æàçûëãàí.

Кочуш менен чеңгелдеп,
Үч жолу жутуп алды эле.
Үшкүрүп ийсе Быйтынын
Оозунан чыгат көк түтүн:
«Жалгыз жаның миң болсун, Төштүк,
Жаткан ордуң жай болсун, Төштүк,
Жамбашың сергип май болсун, Төштүк.
Бет алган аман болбосун, Төштүк.
Сени бейорун айткан оңбосун, Төштүк.
Өрттөнгөн жүрөк бастың го, Төштүк,
Умачтай көздү ачтың го, Төштүк!
Тилегиме жеттим ээ, Төштүк.
Чымындай болгон бир жанды,
Желмогуздун өзүнөн
Бир куткарып кеттиң, ээ Төштүк!»
Элемандын сырттаны
Быйтынын тилин алганы,
Тоодой жалгыз көздүүнү
Күлүн өрттөп сапырып,
Тындым кылып салды – дейт.
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Жалгыз көздүү желмогуз
Жудай кылып салды – дейт.
Жалгыз көз балбан өлүптүр,
Жалгыз көздүн өлгөнүн
Жалгыз адам көрбөптүр,
Жалгыз киши туйбаптыр.

## ТӨШТҮК КӨКДӨӨНҮН КЫЗЫ КҮЛАЙЫМДЫ АЛГАНЫ

Ай бөксөрүп, күн өтүп,
Көкдөөнүн кызы Күлайым
Артык жакшы алмадан
Үчөөн таап алыптыр.

Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде
Бир жоолукка түйүптүр,
Эрге тийбей жүргөнгө
Бул кыз жаман күйүптүр.
Басып барып булакка
Ал жоолукту салды эле.
Алма менен жоолукту
Көкдөө кармап алды эле.
Көрүп чечип жоолукту
Көрүп алып алманы,
Көкдөө туруп таң калды.
Бул алманы көргөндө,
Атагы кыйын ал Көкдөө
Түп көтөрө эл-журтун
Баарын чогуу жыйнады:
«Бул алма жөнү кандай?» –
Калайыктан сурады.
«Бул алма жайын билгиле!» –
Деп ошентип ал Көкдөө
Каарды катуу салды эле.
«Кандай кылат бизди», – деп,
Каарына чыдабай,
Калайык шашып калды эле.
Каарына чыдабай,
Аксакалдар бурулуп,
Кара сакалды карады.
Кара сакал баарысы,
Боз балдарды карады,
Боз балдары ошондо
Качып-качып тарады,
Айбаттанып айкырып,
Алып ийүүчү эмедей,
Азапты салды эр Көкдөө
Турабы карап ошондо
Каары катуу ал Көкдөө
Бөрүдөй көзү жайнады.

Буура төөдөй кырчылдап,
Жаак-башты чайнады.
Бул капырдын каарынан
Үркүп кетип баарысы,
Жанында бир жан калбады.
Ал Көкдөөнүн катыны
Жанына басып барганы.
Көкдөө жандын капыры,
Чын өзүнөн өөдө экен
Катынынын акылы.
Катыны басып барганы,
Ал алманын жөндөрүн
Катынга айта салганы:
«Кайыбынан кабылды,
Бери кара, ой катын,
Шумдуктуу алма табылды.
Башкы алмасын карасам,
Баары колго токтобой,
Баары-жогу эзилди,
Орто алмасын карасам,
Орто жери эзилди.
Кичи алманы карасам,
Бышып калган табы экен,
Адам жээр чагы экен.
Бул эмине болуучу?
Бул алманын жөн жайын
Абыдан таап жоручу!»
Анда катын муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Эрдигиң калың, эсиң жок, как баш,
Эчтеме менен ишиң жок, как баш!
Деген бир сөзгө көнбөдүң, как баш,
Кыздарды эрге бербедиң, как баш!
Эзилген алма сурасаң,
Улуу кызың Урпайым, как баш,
Жаагын буурул чалыптыр, как баш,
Эрге тизе тийбей жукарып,

Кемпир болуп калыпыр, как баш,
Ортончу кызың Булбулбек, как баш.
Өзү эрге баралбай, как баш,
Даап бирөө алалбай,
Жарты өмүрү калыптыр, как баш.
Сенин кичи кызың Күлайым,
Күйөөгө тиер табы экен, как баш,
Эми жыргаар чагы экен, как баш.
Үч кызга бергин үч алма, как баш,
Сан карадан аябай,
Сапырылтып соё көр, как баш.
Ала-Тоодой эт кылгын, как баш,
Тулпар буту жетүүчү
Жердин баарын чакыргын, как баш.
Кулак угуп, көз көргөн
Элдин баарын чакыргын, как баш,
Калк жыйылып келгенде,
Чубатуугa салалы, как баш.
Алма менен бир урса,
Мейли сокур, же чолок,
Жинди, төкөр болсо да,
Күйөө экен деп табалы, как баш»...
Каарын басып ал көкдөө,
Айтканындай кылды – дейт,
Калайыкты жыйды – дейт,
Калк чогулуп калды – дейт,
Калктын баарын ошондо
Чубатууга салды – дейт.
Калктын баары чуркурап,
Чубап берип турду эле.
Чубургандар ичинен,
Улуу кызы Урпайым
Кандын уулу Канбача,
Канбачаны урду эле,
Ортончусу Булбулбек
Бектин уулу Бекбача,
Бекбачаны урду эле,

Ортончусу, улуусу
Күйөө таап турду эле
Кичи кызы Күлайым,
Маралдай басып торолуп,
Башына чачы оролуп,
Бугудай басып торолуп,
Бутуна чачы оролуп,
Мелтиреген бейтаалай
Кериле басып кенебей,
Жыйылып келген көп жанды
Бучкагына теңебей,
Жатып алды Күлайым.
Кумурскадай жайнатып,
Элдин шорун кайнатып,
Кайра-кайра чубатып,
Мында күйөө таппады.
Толкутуп айдап калкты,
Токсон кайра чубатты,
Мында күйөө таппады.
Ал Көкдөөнүн мунара,
Бийиктигин сураба.
Сөлөкөтү-сөөлөтү,
Ал Көкдөөнүн келбети,
Алтымыш балбан, кырк желдет –
Ал Көкдөөнүн жөкөрү.
Мунарадан чамынып,
Буйрук кылып чакырды:
«Жер бетинен жан койбой,
Баарын айдап келгин» – деп,
Каар салып ошондо,
Балбандарга бакырды:
«Атаңдын көрү калайык,
Ак сакалдуу карың кел,
Акыл билген баарың кел.
Буйгат конуп буйткада,
Бул жарлыкты укпастан,
Калып калган бар бекен?»

Көкдөө антип турганда,
Тилегин кудай бериптир,
Кабар угуп туюнуп,
Төрт Маамыты келиптир.
Жер тыңшачу Маамыты,
Жетик экен, эр экен,
Ал Маамыты муну айтат:
«Ойдо Көкдөө арстаным,
Келбеген жан аз калды,
Өз уюнду кайтарган,
Уй өстүргөн таз калды».
Алты балбан, кырк желдет,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумганча,
Алып жетип калды эле,
Чубатуугa салды эле.
Көкдөө кызы Күлайым,
Колундагы алмасын,
Барган тазга салды эле
«Кандын кызы жаңылды...»
Бардык журттун баарысы
Чуулдашып калды эле.
Кайра-кайра калк чубайт,
Кайра урат Күлайым,
Дагы-дагы эл чубайт,
Дагы урат Күлайым,
Бөлөгүнө кайрылбайт,
Эр Төштүктөн айрылбайт.
Сүйүп токмок салганы,
Көрүп туруп Көкдөө кан,
Жини келип калганы:
«Ырыска тууган кулунум,
Тазга тийчү бул беле?
Таз алуучу кул беле?» –
Деп ошентип Көкдөө кан
Өкүргөндөн бакырып,
Айкырыгы таш жарып,

Мүшкүл тартып турду эле.
Басып келди ошондо,
Ал Көкдөөнүн катыны:
«Көкдөө болбой куруп кал,
Баатыр сендей болобу,
Сени баатыр деген оңобу?
Элди жыйып алганың,
Чубатууга салганың,
Каалады кызы тийбейби,
Анык өзү сүйбөйбү,
Каарданып болбойсуң,
Кайратыңды койбойсуң.
Минтсең, как баш, оңбойсуң!
Таздын көөнү жок болсо,
Кыздын көөнү жок бекен?!»
Улуусунун тийгени –
Кандын уулу Канбача,
Ортончусу тийгени –
Бектин уулу Бекбача,
Кенжесинин тийгени –
Ылжыраган таз болду.
Каарданып бакырып,
Ал күйөөгө кас болду.

## КӨКДӨӨ ЖАКШЫ КҮЙӨӨЛӨРҮН[1] КУЛАН, КИЙИК-ТЕКЕ АТЫП КЕЛҮҮГӨ ЖУМШАГАНЫ. ТӨШТҮК ДА БАРЫП, АЛ ЭКӨӨНӨ ТАМГА САЛГАНЫ

Бир күнү жатып ал Көкдөө
Каарданып бакырды,
Күйөөлөрдү чакырды:
«Кандын уулу Канбача,

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «Ê¿é⁰⁰ë⁰ð¿í⁰í» äåï æàçûëãàí. Êàò÷ûäàí êåò-êåí êàòà ⁰¢ä⁰í⁰ò. Ñ¿éë⁰ìä⁰ã¿ ìààíèñèíå êàðààíäà – «ê¿é⁰⁰-ë⁰ð¿í».

Казыр келсин бул күйөөм,
Бектин уулу Бекбача,
Белен келсин бул күйөөм.
Же кандыра калың бербеди,
Же тойдура той бербеди,
Токтолбой бат келсин – де,
Кызмат кылып берсин! – де,
Ой кийигин субалап.
Тоого айдап солосун,
Тоо кийигин кубалап,
Ойго айдап солосун.
Деген сөзгө көнсүн де,
Тун куландын өзүнөн
Токсонду атып берсин де,
Деген сөзгө көнбөсө,
Куландан атып бербесе,
Көрүнбөсүн көзүмө,
Жолобосун өзүмө.
Бул ишимди кылсын де,
Бул ишимди кылган соң,
Күйөө болуп турсун де».
Көкдөө кандын желдеттер
Жетип чогуу барганы,
Күйөөлөрдүн баарына:
«Дегенине көнгүн, – деп,
Кулан атып бергин!» – деп,
Катуу кабар салганы.
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Күйөөлөрдүн баарына,
Ок өтпөс тон кийгизди,
Ок жетпес ат мингизди.
Жай жарагын шайлады,
Күйөөлөрдүн баарынын
Жанына саадак байлады.
Кичи кызы Күлайым,
Кыз ордуна көргөн жок,

«Уй кайтарган тазым», – деп,
Күйөө ордуна көргөн жок.
Ардыккандан Күлайым,
Болжолу жок күйгүзгөн.
«Таз күйөөгө тийди» – деп,
Уйканага киргизген.
Чыдай албай Күлайым,
Чылгый ичи өрт жанып,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Чыңырып ыйлап чыркырап,
Көкдөө кандын үйүнө
Ат сурап кирди буркурап:
«Деген сөзгө көнүңүз, ата.
Ала кылбай четтетпей,
Менин да күйөөмө бир ат бериңиз, ата.
Бир кудайды караңыз, ата,
Күйөөмө бир ат бериңиз, ата,
Күйөөңдөн күйөөм кем эмес, ата.
Кемите коёр эр эмес, ата!»
Атасы турду күүлөнүп,
Күлайымга сүйлөнүп:
«Талаадагы куланды
Таз атып алар жөн барбы?»
Ал Көкдөөнүн катыны
Эми чыкты күүлөнүп,
Көкдөөгө карай сүйлөнүп:
«Деген сөзгө көнсөңчү, как баш,
Күлайымды ыйлатпай,
Койго жетпес Коңурбоз,
Коңурбозду берсеңчи, как баш!
Берсең жаман таз күйөөң,
Бастыра албай белде өлсүн,
Мээ кайнаган чөлдө өлсүн, как баш.
Жобону жолборс баштасын,
Качырып чыгып ошондо,
Камандар чалып таштасын.

Кызындын көөнүн мокоткун,
Таздын көзүн жоготкун, как баш,
Амал менен сойсоңчу, как баш,
Качырган кара бууранЫ
Как жолуна койсоңчу, как баш.
Коңурбоз жүрбөй калбайбы, как баш.
Кара буура албайбы, как баш.
Эки бөлүп салбайбы, как баш.
Эсебин буура таппайбы, как баш,
Эндилеген жаман таз,
Энтигип өлүп жатпайбы, как баш!»
Дегенине көндү – дейт,
Койго жетпес Коңурбоз,
Күлайымдын колуна,
Эми Көкдөө берди – дейт.
Бейлин көргөн чочуду,
Коңурбоздун үстүнө
Курумшу, куурдан токуду,
Көкдөөнү кудай уруптур,
Таз күйөөнү жутууга
Мындай кылык кылыптыр.
Качыр кара бууранЫ
Как жолуна коюптур,
Жер алдына коюптур,
Элемандын Төштүктүн
Көргөнү мындай болуптур.
Койго жетпес Коңурбоз
Элемандын сырттаны
Уйканага байлады,
Эликмеси чоң кармап,
Өкчөп ийип саканы,
Чалкуйрукту минди – дейт.
Чайиңгини кийди – дейт,
Элемандын сырттаны
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Кийик көздөй ошондо

Салбырын жүрүп калды – дейт,
Жүрүп келген чалгынды,
Качыр кара буурасы
Как алдынан чыкканы,
Башын жерге салганы,
Баса калчу баштанып
Эр Төштүктү карата
Калжаң уруп калганы.
Оозун ачса ал буура,
Карарып оозу көрүнөт.
Капчыгайлуу буткулдай,
Элемандын Төштүгүн
Аты менен жуткудай.
Ал бурааны көргөндө,
Элемандын сырттаны
Эми жини кайнады.
Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
«Айбан жоо болсун, – деп,
Алы келсе бул буура,
Атым менен сорсун» – деп,
(Кызыталак Көкдөөнүн
Кыйын экен санаты,
Кыйыгына тийгенди,
Бул буурага чайнатып,
Кыла берген адаты).
Кайраттанып сырттанын,
Кара жаак булдурсун
Кармай калып имерди,
Каң дедире бурааны
Капталга тартып жиберди.
Качыр кара буурасы
Үч жыгылып, үч турду
Берен Төштүк баатырдын
Сырттандыгы көрүндү.
Калжаң урган ал буура
Он эки түгөй кабырга

Бирөө калбай бөлүндү.
Өөдө болбой ал буура,
Өлүүчү түрү көрүндү.
Жердин жүзүн нуратып,
Чалкуйрук менен чуратып,
Жетип барып караса,
Кеткен жерди кааласа,
Аркар эмес ошондо,
Чычкан таппай дөөдүрөп,
Бектин уулу Бекбача,
Белесте тентип жүрүптүр.
Кандын уулу Канбача,
Кулан турмак, куулук жок,
Куру эле тентип жүрүптүр.
Элемандын сырттаны,
Кулан кууп кутуруп
Көнгөн Төштүк эмеспи.
Аркарды атып адырдан
Көнгөн Төштүк эмеспи.
Айбандардын жазасын,
Берген Төштүк эмеспи.
Саадак чоюп, жаа тартып,
Көнгөн Төштүк эмеспи.
Ой кийигин кубалап,
Тоону көздөй шылады,
Тоо кийигин кубалап,
Ойду көздөй кулатты.
Эриккенден эр Төштүк,
Эсепсиз оюн кылды эми.
Кулан, аркар баарысын
Ала тоодой жыйды эми.
Канаты бар Чалкуйрук
Чынарга аса байлады,
Чылгый казы, ширин эт,
Жан казанга кайнатып,
Ар тамакты жайнатып,
Казы кертип, жалды жеп,

Жая кертип баарын жеп,
Албан түрдүү майды жеп,
Бектин уулу Бекбача,
Кандын уулу Канбача,
Аттан түшүп сабылып,
Кулдук кылып ошондо,
Эр Төштүккө жалынып:
«Баатыр болсоң, эр болсоң
Казып ийсең ор мына,
Кайнатар болсоң шор мына,
Серүүн кылба сөзүбүздү,
Шерменде кылба өзүбүздү
Деген сөзгө көнүңүз.
Сырттандыгың чын болсо,
Толуп жаткан кийиктен
Бизге соогат бериңиз».
Анда Төштүк муну айтат:
«Көнөйүн, баатыр, көнөйүн,
Аркар менен куландан
Айтканыңдай берейин.
Дегениме көнбөсөң,
Айтканымды бербесең,
Бул кийиктен бербеймин.
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Кумарымды кандыргын,
Ыштаныңы шыпырып,
Көтүңө тамга салдыргын.
Айтканыма көнсөңөр,
Сураганым берсеңер,
Ушул аткан кийиктен
Жарты кол алсам оңбоюн
Эгерде эки болбоюн...»
Төштүк мындай дегенде,
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Көңүлү кетип сөгүлүп,

Эки-экиден бөлүнүп,
Шыбырашып алышып,
Бөлүнүшүп калышып,
Чуу-чуу кептен салышып,
Баатыр Көкдөө жакырга,
Каары катуу капырга,
Ок өтпөгөн тон берсе,
Ок жетпеген ат берсе,
Кандыра калың бербестен
Тойдура той бербестен,
Эки бирдей кыз берсе,
Карын таппай, эт таппай,
Каардуу Көкдөө баатырдын
Кантип жүзүн көрөбүз?
Уят болуп жүргүчө,
Андан көрө өлөбүз.
Ушу келген куу таздын
Сураганын беребиз,
Бет күйгүчө көт күйсүн,
Көрүнбөс жерди беребиз...»
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
«Көндүк, баатыр, көндүк» –
Көттөрүн тосуп берди эле,
Тосконун Төштүк көрдү эле,
Оттогу кызыл темирди,
Оңдоп кармай калды эле,
Тыш эттериң «убал» – деп
Ич эттерин бал бол – деп,
Бул экөөнүн көтүнө
Оңдурбай тамга салды эми.
Бектин уулу Бекбача,
Кандын уулу Канбача,
Бөрү көтүн үзгөндөй
Мөңкүп жатып калды эми.
Экөөнө тамга тең салып,
Элемандын сырттаны

Дегенине көндү эле
Эттин баарын ошондо
Такыр артып берди эле.
Бир адамга билинбей,
Бир эле жанга[1] көрүнбөй,
Элемандын сырттаны
Эми үйүнө келди эми.
Ич эттердин баарысын
Күлайымга берди эми.
Дүнүйөсүн жайнатты,
Күлайым бейбак ошондо
Ширин кылып кайнатты.
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Ал экөөнүн үйүнө,
Баягы Көкдөө келиптир.
Күйөөлөрдүн үйүнө
Конок боло бериптир.
Кыяматтын кыстоосун
Көрмөк болуп ошондо,
Каары катуу ал Көкдөө,
Кара боорун как жарып,
Өлмөк болду ошондо.
Карынынан кан кетип[2],
Ал Көкдөөдөн ал кетип,
Катуу оору болду эми.
Кенже кызы Күлайым,
Ич этти ширин бал кылып,
«Атаке, муну ооз тий», – деп,
Алып жетип барды эми.
Көкдөө турду күүлөнүп,
Күлайымга сүйлөнүп:
«Ой, Күлайым, кулунум,

[1] Ò¿ï íóñêàäà áóë ñºç æàçûëáàé êåòêåí.
[2] Êàò÷û áóë ñºçä¿ æàçááé êåòèï, ûð ñàáûíûí ìàíèñè á¿äº-ì¿ê, «Êàðûíûíàí êàí êåòèï» áîëóøó ì¿ìê¿í.

Көрүнбөгүн көзүмө,
Бектин уулу Бекбача,
Кандын уулу Канбача,
Кадырлап берген тамагы
Жакпай жатат өзүмө.
Тарып турган ичиме,
Таздын ашы болобу?
Көмүлгөн таздын атакең
Ашын жесе оңобу?
Ошо тазга кеткенде
Балалыктан кечкемин».
Мына ошондо Күлайым
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көздөн жашы төгүлүп,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыялбай,
Кызы минтип турганда,
Энеси турду күүлөнүп,
Көкдөөнү көздөй сүйлөнүп:
«Оңбогон, как баш, оңбойсуң,
Эгерде эки болбойсуң,
Башканын көөнү жок болсун,
Кыздын көөнү жок бекен?»
Кемпир мындай дегенде,
Кебин алып чоң Көкдөө,
Күлайымдын ашына
Чыпалагын малды эле,
Оозуна салды эле,
Таттысына кызыгып,
Өзүнүн колун ал Көкдөө,
Кошо чайнап салды эле
Анда Көкдөө муну айтып:
«Ай, кулунум, Күлайым,
Ырыска туулган жан балам,
Кешикке туулган жан балам,
Касиеттүү жан элең,
Ырыска туулган бала элең.

Күйөө тап десем оолуктуң,
Манжарасын агызган
Акмак тазга жолуктуң.
Жерге сыйбас малымдан,
Өлүп кетем арымдан.
Калың журт өсөк кеп кылат,
Кан эркеси Күлайым,
Тазга тийди деп кылат».
Ал сөздү айтып ал Көкдөө:
«Дегенине көнгүлө,
Таз күйөөгө күн өтсүн
Таза жай таап бергиле!»

## КӨКДӨӨ ЖАКШЫ КҮЙӨӨЛӨРҮНӨ «ЧААР БЭЭНИН 40 ЖЫЛДАН БЕРИ ЖОГОЛГОН КУЛУНДАРЫН ТААП КЕЛГИЛЕ»,–ДЕП БУЮРГАНЫ. ТӨШТҮК ДА БАРЫП АЖЫДААРДЫ ӨЛТҮРҮП, АЛП КАРА КУШ МЕНЕН ДОСТОШУП, КУЛУНДАРДЫ ТАПКАНЫ

Ал сөздү айтып чоң Көкдөө,
Көк торкосун жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Каарданып кыйгачтап,
Калк ичине сөз баштап.
Тегереги чынар бак,
Ортосунда алтын так,
Алтын тактын түбүндө,
Мамы орноткон чоң майдан.
Көкдөө доош салганда
Журт жыйылды ар кайдан.
Журт жыйылып келген
Каарданып бакырды,
Калкына жар чакырды.
Көкдөө кепти баштады,

Көрүп турган калайык,
Жандан кечип таштады,
«Ак сакалдуу карың кел,
Акылмандар, баарың кел!
Сөзгө кулак салыңар,
Сөзүмдү угуп алыңар.
Даанышманың, карың бар,
Баарын билип алыңар.
Сан казына, дүйнө мүлк,
Дүнүйөмдө бедер жок,
Мен Көкдөөнүн колунда
Нелер бар да, нелер жок?!
Кечээ жер солкулдап, чаң басып,
Жети жыл тынбай жорткондо,
Барса-келбес алыстан,
Таап алган чаар байтал
Жылкыда мындай тулпар жок.
Артыктыгы бар эле,
Быйылкы жыл менен баарысы
Кырк тулпар туур чагы эле.
Ичи күйгөн Көкдөөнүн
Кантип иши оңолот?
Жалгыз жанга көрүнбөй,
Кулундардын баарысы
Кайып болуп жоголот.
Караса көзгө илинбейт,
Ошо күндөн ушу күн
Тулпар тууган кулундар
Кай кеткени билинбейт.
Кыйын-кымбат мал эле,
Калайык журт, ойлочу,
Ошо тулпар чаар бээ
Бүгүн туур чагы эле.
Чыканактап тынч албай,
Чырм этип уйку албай,
Дегениме көнбөйбү,
Күйөөлөрүм кулунду

Аман сактап бербейби?!
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Кандыра калың берген жок
Тойгуза той берген жок,
Деген сөзгө көнбөйбү.
Жоголуп кеткен кырк тулпар
Кабарын алып бербейби?
Айтканыма көнбөсө,
Тулпарды таап бербесе,
Жолобосун өзүмө,
Мындан кийин күйөөлөр
Көрүнбөсүн көзүмө.
Тору ала жорго тай минбей,
Томуктуу жилик эт жебей,
Жөн эле бердим кызымды.
Бүгүн туучу кулунду
Көргөзсүн де көзүмө,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Алып келсин өзүмө.
Бул кызматты кылбаса,
Чыдабасын каарыма,
Жолобосун жаныма.
Сегиз там толгон казына
Казына оозун ачсын де,
Көкдөөнүн Көкдөө экенин
Көсөр күйөө билсин де,
Атканада миң тулпар
Алардан тандап минсин де,
Тонумдан айып болбосун,
Атымдан айып болбосун,
Өзүмдөн айып болбосун
Деген сөзгө көнсүн де.
Мына ушинтип күйөөлөр,
Кызмат кылып берсин де.
Каарым келип какайдым,

Казыр табам дарысын.
Көргөзбөсө кулунду,
Такыр кырам баарысын.
Кан аккан кызыл кылычтын
Алты мизин чубатам,
Алганда кын чуулатам».
Күүлөнгөндөн сүйлөнүп,
Кызыталак ал Көкдөө
Түн жалаңкыч түрдөнүп,
Берендиги белгилүү
Бейли тардын өзү экен.
Шылтоолоп чаар бээсин,
Туткабы кармап ал Көкдөө
Күйөөлөрүн таптакыр
Кыра турган кези экен.
Кыла турган себеби
Кыялы бузук, заары күч,
Ал Көкдөөдөн күдөр үз.
Беттеп бенде баралбайт,
Беттешкен жеңип алалбайт.
Каарданып сүксөйүп,
Көкдөөнүн жини кармады.
«Кантээр экен чочко» – деп,
Көргөндөр алы калбады.
«Жети катар темир үй
Ичиндеги чаар бээ
Бүгүн туучу кулунун,
Жоготпостон житирбей,
Жолу болгурлар баксын де,
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Калышпай бери чапсын де».
Каарданып күркүрөп,
Көргөндөрдүн баарына
Каарды катуу билгизди,
Кадырдуу эки күйөөгө
Ок өтпөс тондон кийгизди,

Ок жетпес тулпар мингизди,
Элемандын сырттаны
Каттоочудан кеп укту,
Каарын төгүп ал Көкдөө,
Күйөөлөрдүн баарысын
Каарып жатат деп укту.
Кабардап Төштүк уккуча,
Камынып сырттан чыккыча,
Тилегин кудай бергени
Акыреттик төрт Маамыт
Азыр жетип келгени,
Акыреттик Төштүккө
Кучакташа бергени.
«Төрт Маамытым катарым,
Үзүлгөнүм улап бер,
Чачылганым жыйнап бер,
Күндүзүндө болжош бол,
Түн ичинде жолдош бол.
Жер билбеген Төштүктү
Ээрчитип жүрүп эр кылгын,
Эр уулу менен тең кылгын.
Угар кулак Маамытым,
Төгөрөктүн төрт бурчу
Не кабарын угуп бер».
Жерди тыңшар Маамыты
Жерди тыңшап калды эле.
Жер бетинде болгонду
Түгөл угуп алды эле.
Ал көрөгөч Маамыты
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төгөрөтө чалды эле,
Төптөп көрүп алды эле.
Жейрен секиртпес Маамыт:
«Төгөрөктүн төрт бурчун,
Кыбыланын кырк бурчун,
Азыр чалып келем» – деп,
Чуркап жүрүп калды эле.

Атка жеңил тайга чак,
Куюн көтөн Маамыты
Ушу болгон сапардан,
Бул жолу куру калды эле.
Элемандын эр Төштүк
Эрикпей жорткон алп Төштүк,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси,
Каарданып бакырып,
Күлайымды чакырып,
Эми кептен салды эми.
«Ой, байбичем Күлайым,
Менин атым[1] алып кел,
Көкдөө канга барып кел.
Сапар кылам мен эми,
Минүүчү тулпар алып кел.
Андай-мындай барбай кел,
Бээ саамынан калбай кел!»
Муну айтканда Күлайым,
Атасын көздөй жүгүрдү:
«Бир кудайды карачы, ата,
Балалыкка саначы, ата,
Деген сөзгө көнүңүз, ата,
Бизге бир ат бериңиз, ата.
Таап берип жарасын, ата,
Кырк тулпарың карасын, ата», –
Ушуну айтып Күлайым,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Көзүнүн жашын тыялбай,
Мурдунун суусун тарталбай,
Көрүнөө ыйлап турду эми.
Кудай бардыр ал Көкдөө
Зың-зың этип кенебейт,
Таз күйөөнү ал Көкдөө,

[1] Áóë ñºç ò¿ï íóñêàäà æàçûëãàí êåòêåí.

Бучкагына теңебейт.
«Бектин уулу Бекбача,
Берен күйөөм таппаса,
Сенин бекер күйөөң жарайбы?
Кандын уулу Канбача,
Канкор күйөө таппаса,
Сенин кара таз күйөөң жарайбы?»
Көкдөө антип турганда,
Катыны чыкты күүлөнүп,
Капталынан сүйлөнүп,
«Бек да күйөө, таз күйөө,
Кимиси сизге кас күйөө?
Кыз койнуна жаткан соң,
Кызыгына баткан соң,
Артыкча күйөө таз күйөө.
Дегениме көнүңүз,
Бир тулпарды бериңиз.
Таздын көөнү жок болсо
Кыздын көөнү жок бекен?»
Мына ошондо чоң Көкдөө
Дегенине көндү эми,
Төөгө жетпес Жоргобоз,
Жоргобузду берди эми.
Жоргобузду эр Төштүк,
Той ордуна союптур,
Төрт Маамыт келип төрт жактан
Жоргобуздун этине
Чогулуп баары тоюптур.
Көрөгөчү муну айтат:
«Көрүп келдим кызыкты,
Жаргыч куштун мыктысы
Алп кара куш бар экен,
Жети күнү толгуча,
Жердин үстүн чабыттап
Өзү кыраан жан экен.
Жети күнү өткөндө,
Жердин астын чабыттап

Мындай өнөрү бар экен.
Кырк жылдан бери[1] кыраан куш
Терекке уя салыптыр,
Балдарынын баарысын
Ажыдаар соруп алыптыр.
Төрөм Төштүк келерин
Алп кара куш билиптир.
Ошондон пайда тиет – деп,
Кудай Таала жалгыздан
Сизди сурап жүрүптүр.
Укканым ушу болду, – деп,
Угар кулак муну айтты:
«Элемандын эр уулу
Жер үстүнө келер – деп,
Жер алдына Көкдөөгө,
Чатакташа берер – деп,
Кырк тулпардын артынан
Бир күнү Төштүк келер» – деп,
Сизди күтүп жүрүптүр.
Сизден пайда тиет – деп,
Кырк тулпар билип алыптыр.
Алып барып кара куш
Эркин төргө багыптыр.
Ал аңгыча болгон жок,
Жел жетпес Маамыт муну айтат:
«Бүгүн алп кара куш
Жердин астын чалыптыр.
Бүгүн туур кулунун
Дагы илип кетүүгө
Даярданып калыптыр.
Чырм этип уйку алба, Төштүк,
Чыканактап тынч алба, Төштүк,
Коңуругуң басылсын, Төштүк,
Умачтай көзүң ачылсын, Төштүк!
Уга көргүн сөзүмдү, Төштүк,

[1] Ò¿ï íóñêàäà «áåðè» äåãåí ñºç æîê.

Ача көргүн көзүңдү, Төштүк!
Эрдикти эпсиз саларсың, Төштүк,
Эштенсең алып каларсың, Төштүк,
Жаа тарта турган ыктуу элең, Төштүк,
Жаанды кезген мыкты элең, Төштүк.
Сырттан элең, эр элең, Төштүк,
Чаар бээнин кулунун
Ажыратар сен элең, Төштүк».
Бул кабарды укканда,
Чайинги тонду кийди эле,
Чалкуйрукту минди эле.
Жай-жарагын жайланып,
Кылычты кынсыз байланып,
Алтын жаак айбалта
Билекке кынай чалынып,
Элемандын сырттаны
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Опол-тоодой көрүнүп,
Салып барып караса,
Чаар бээнин өзү экен,
Толготуп жүргөн кези экен.
Элемандын сырттаны
Чалкуйрук оозун бурду эми,
Чыканактап тынч албай,
Чырм этип уйку албай,
Байланганы Төштүктүн
Алтын жаак сыр жебе,
Толготуп турган ал бээден
Көрмөк болду аңгеме.
Таң аткыча Төштүккө,
Караса көзгө илинбейт,
Түк эчтеме билинбейт.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Супу садык чалганда,
Таң сөгүлүп калганда,
Чаар бээ тууп салганы.

Кудай бетин көрсөтпө,
Зордугу тоонун теңиндей,
Чаар бээ менен Төштүктү
Бир кармаса жегидей.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Алп кара куш жетти эле.
Жакын кирип келгенде,
Элемандын эр Төштүк
Колундагы алганы
Алтын жаак сыр жебе,
Эми салды аңгеме,
Алп кара куш келгиче
Аңдып турган эр Төштүк
Бармагынан май чыгып,
Тырмагынан кан чыгып,
Кулак, моюн узарып,
Кузгундай көзү кызарып,
Өөдө-төмөн карабай,
Өкүм тууган кургуруң
Өлөмүн деп санабай,
Жер айрылып дүркүрөп,
Кара куш жакын калганы
Каарды катуу баштады.
Канатынын күүсүнөн
Элемандын сырттаны
Учуп кете таштады.
Төштүк, Төштүк болгону,
Төштүк атка конгону,
Мындай эме көрө элек.
Мындай эме туя элек,
Көзү кетип алактап,
Эси кетип шалактап,
Карай салса ал куштү,
Сол жагында кырк бугу,
Жүргөн экен салактап,
Жебеден мурун жеткени,

Чаар бээнин кулунун
Ошо келген кара куш
Жетип илип кеткени.
Көтөрүлө берерде,
Өрттөн кайра качпаган,
Ажалдан кайта качпаган,
Элемандын сырттаны:
«Куйругунун алды – деп,
Бөтөгөнүн өзү» – деп,
Тартып туруп калды эми.
Алп кара куш балбанга
Жаанын огу жетти эле,
Колундагы кулундун
Куйругун үзүп кетти эле.
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Кайып болду кара куш,
Темир таман үзгөнү
Теппей ыргып минди эми.
Алдындагы Чалкуйрук,
Олбуй-солбуй камчылап,
Оң-тетири теминип
Сары изине чөп салып,
Саргара муну куубасам
Куу изине чөп салып,
Кубара муну куубасам,
Төштүк болбой өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн», –
Деп ошентип эр Төштүк
Ээликкенден ээликти,
Элемандын сырттаны
Кутургандай желикти.
Күндөп-түндөп жол жүрүп
Ат аябай мол жүрүп,
Аркар уулап, бугу кууп,
Элемандын сырттаны
Ойной турган күнү тууп.

Жер соорусу жер экен,
Сексен адыр, миң булак
Сергип жатар жер экен.
Бастырбастан сандалды,
Баатыр Төштүк таң калды.
Чырпыгы бар чынардай,
Чымчыктары улардай,
Алмасы чирип көң болгон,
Ар кандай сонун жер болгон,
Жаңгагы кулап сай болгон,
Төштүк барган ал жерде
Ар кандай сонун жан болгон
Талынын башы ийилген.
Кумунун үстү чийилген,
Бугу, марал, куланы
Каршы-терши түйүлгөн.
Адырда теке топтогон,
Мындай кызык жок болгон.
Жылуу ызгаар жел аргы,
Туш-тушунан бөлүнөт,
Жапырылган түрдүү чөп
Алтын сындуу көрүнөт.
Жер сонунун көргөндө,
Элемандын сырттаны
Эси ооп эндиреп,
Эми көөнү бөлүнөт.
Туурасына көз жетпес,
Бет алдында чоң мунар
Эми көзгө көрүнөт.
Ал мунардын боруму,
Дүйнөдө жок сонуну.
Түшүп кеткен асманды
Тиреөчүдөй көрүнөт.
Ошо турган чоң мунар,
Чоң мунарда кызык бар.
Ал кызыкты караса,
Жаныбарды каалаcа,

Бир бутакка мунардын
Ала карга ал тууган,
Бир бутагын караса,
Коко тамак чар тууган.
Бир бутагын караса,
Ала моюн таан тууган.
Бир бутагын караса,
Ала моюн сары тууган.
Ушу турган мунарга
Жан бүткөндүн баары тууган.
Төгөрөгүн караса,
Ар сонун жыт жыттанат,
Кудай кылса буйрукту,
Көрбөй турган жер бекен?
Сөөктөрү шалдырап,
Өлбөй турган жер бекен?
Таң-тамаша кызыкка
Батпай турган жер бекен?
Салбырындап сан күнү,
Жатпай турган жер бекен?
Жан көрбөгөн аңдарды,
Атпай турган жер бекен?
Элемандын сырттаны
Бейиш катар жер көрүп,
Башкача сонун тең көрүп
Алдындагы Чалкуйрук
Ээрин алып жайдактап,
Бутун тушап баймактап,
Көлөкөлүү мунарга
Аса байлап салды эми.
Ээр-токумун жазданып,
Кыбыланы баштанып,
Чайиңгини жамынып,
Жаратканга жалынып,
Өтүк чечип, бут сунуп,
Элемандын сырттаны
Алп уйкуну салды эле.

Күнү-түнү ал жерге
Уктап жатып калды эле.
Эчен күн уктап олтуруп,
Көз чуңкурун толтуруп,
Жатып жанды тындырып,
Жамбаштап уйку кандырып,
Уктаган уйку басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Ыргып туруп караса,
Жан аманын каалаcа,
Оң жагына караса,
Алты ай минсе чаалыбас,
Алтымыш асый болгуча
Азуусун өйкөп карыбас,
Чын Чалкуйрук мал аман.
Кыймылдаса сырттандын
Кымбат жаны дагы аман.
Мунар башын караса,
Көңүл кетип бөлүнөт,
Мүйүзү бар башында,
Токсон кулач узуну,
Бир ажыдаар көрүнөт.
Жыты сасык, өңү чаар,
Өлчөсө болбойт мындай жан.
Алп кара куш баласын
Билип калган кези экен.
Эми барып сооруга
Жүрүп калган кези экен.
Кара болот кан төгөр
Ал Төштүктүн кылычы,
Кайран катын Кенжеке
Төштүк балаа тартарын
Көрүп калган кези экен,
Аманат кылычты
Сырттан Төштүк колуна

Берип салган кези экен.
Ажыдаарды көргөндө,
Элемандын сырттаны
Дене бою зирилдеп
Өлөмүн деп санабай,
Өлүмдөн жанын аябай,
Дене бою тик туруп
Арстандай көзү жайнады.
Кан ичмеси кармады,
Каалгадай кашка тиш
Сырттан Төштүк ошондо
Качырата чайнады.
Кара болот кылычты
Кармай калып сабынан[1],
Сууруп алып кабынан,
Кыя тартып шилтесе,
Кызуусун көрдү кылычтын,
Шилтегенде курч болот
Ажыдаарга барды эле
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Мүйүз баштуу ажыдаар
Эки бөлүп салды эле.
«Атым Төштүк мен болсом,
Алп кара куш баласын
Атайы каалап көрөйүн,
Баласына алп куштун
Ушу турган ажыдаар,
Алты бөлүп берейин».
Кайра байлап капшырып,
Алты бөлүп ажыдаар
Тизеге байлап жапшырып,
Ал мунардын башына
Чыгып барып караса,
Алп кара куш баласын

[1] Áóë ñºç ò¿ï íóñêàää «êàáû íàí» äåï æà¢ûëû ø æàçûëãàí.

Сырттан Төштүк кааласа,
Алп кара куш балдары
Оозун ачып сабылып,
Адамча сүйлөйт, ой тобо,
Эр Төштүккө жалынып:
«Кызыкты кызык мокоттуң, Төштүк,
Кыркышкан жоону жоготтуң, Төштүк,
Андыган жоону алдыңбы, Төштүк?
Абийирин ачып салдыңбы, Төштүк?
Жуткучту туура сойдуңбу, Төштүк,
Куу жанды аман койдуңбу, Төштүк?
Энекем боздоп кеп айткан:
«Балдардын аман калары,
Төштүктөн деп айткан, Төштүк,
Ошо Төштүк сенсиң го?»
Анда Төштүк мындай дейт:
«Ошо Төштүк өзүмүн,
Караган кара көзүмүн».
«Өлгөн жанды тиргиздиң, Төштүк
Өчкөн отту тамыздың, Төштүк.
Жер алдынан жетилсек,
Жеткилең күчкө саларбыз,
Жер үстүнө биз чыгарып саларбыз, Төштүк.
Ажал жетсе өлөрбүз,
Башыңа чындап күч келсе,
Караан болуп беребиз».
Балдар минтип турганда,
Жыргалды кызык баштады,
Ажыдаардын өлүгүн
Балдарга эми таштады.
Көчүк этин талашып,
Эки бала тойду эле,
Башын балдар жебестен,
Энесине койду эле.
Төштүккө балдар муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Энемдин жайын сурасаң,

Кырк жылы бала төрөптүр,
Ушу капыр ажыдаар
Кырк жылы удаа жутуптур.
Кара көздөн кан агып,
Капа болуп эне калыптыр.
Баласын быйыл сордурса,
Ташка тийип өлүүгө,
О дүйнө жүзүн көрүүгө,
Убада кылып салыптыр.
Шордуу энем жайын сурасаң,
Жети күнү тынбастан,
Жердин үстүн чалчу экен,
Жеткилең кабар алчу экен.
Менин энем байкуштун
Келе турган кезеги.
Энем шордуу келерде,
Күндүн көзү бүлбүлдөп,
Булут басып жабылат,
Колот жерден ошондо
Жөө тумандар табылат
Көк бузулуп дүркүрөйт,
Жер айрылып күркүрөйт.
Менин энем келерде
Жыгач, таштар кыбырайт,
Туш-тушка түшүп мунарык,
Бөксөгө мөндүр дыбырайт,
Бөксөнүн баары мөндүрлөйт,
Жаканын баары жамгырлайт.
Күн бузулуп мөндүр жаайт.
Антип келген себеби:
«Балдарды ажыдаар келип сорду – деп,
Уям куру болду» – деп,
Ажыдаар артык кас ошол.
Ошо болгон доол, жаан
Энемдин көз жашы ошол.
Жыгачтар силкинип, таш кулап,
Антип келген себеби

Шордогон энем байкуштун:
«Балдарым кандай болду? – деп,
Катуу келе жатканда,
Канаттардын күүсү ошол.
Энем жакын келгенде,
Боконо сөөгүң болкулдайт, Төштүк,
Бокту ичегиң солкулдайт, Төштүк.
Билегинден сап кетет, Төштүк
Жүрөгүңдөн кап кетет, Төштүк.
Козголуп коркпой, жөн тургун, Төштүк,
Текөөрү болот, заары күч
Жандуулар андан күдөр үз,
Жандуулар жандан түңүлөт,
Ушу турган чоң мунар,
Энем келип конгондо,
Түндүктөй болуп ийилет,
Башы жерге үч тийип,
Кайта өөдө үч чыгат,
Камырап анда коркпогун,
Кайтарып алчу биз барбыз, Төштүк.
Чалгыны болот энемден
Чарк кетип эсиң чыкпасын, Төштүк».
Балдары мындай дегиче,
Күн күркүрөп, мөндүр жаап,
Жер титиреп кеткени.
Жыгачтар баары былкылдайт,
Тоо-таштар баары солкулдайт.
Күн күркүрөп, мөндүр жаап,
Желдер болуп кыбырлап,
Асмандан алты сан мөндүр шыбыргак,
Балдары эми сүйүндү,
Байкуш Төштүк күйүндү,
Мунун алп экени билинүү.
Бир тырмактын өзүндө
Кырктан бугу илинүү.
Мунарга келип конду эле,
Чыбыкча болбой ал мунар,

Бүктөлүп келип ийилди.
Элемандын сырттаны,
Карап туруп ошондо,
Эми жандан түңүлдү.
Алп куш конгон мунардын
Башы жерге үч тийди.
Көтөрүлүп үч чыкты,
Силкингенде жүнүнөн
Ар кандай шуулдап үн чыкты.
Аманат жандан түңүлүп
Эр Төштүктөн жан чыкты.
Алп кара куш ошондо,
Балдарына муну айтат,
Байкап турса шумду айтат.
«Ээ, кагылайын балдарым,
Өңүм бекен, түшүмбү?
Кантип аман калдыңар?
Мен энекең бейтаалай
Азык издеп кетчү элем.
Мен кайрылып келгиче,
Ажыдаар түпкө жетчү эле.
Кырк жылы тууп мен өзүм,
Баарын катар сордурдум,
Жакшылык барбы, өрт барбы, балдар?
Ак ниет барбы, өч барбы, балдар?
Канатым кетти кайрылып, балдар,
Силерди аман көргөндө,
Жүрөгүм кетти айрылып, балдар.
Эрип кетип барамын, балдар,
Курсагың ачса бугу же, балдар,
Кардың ачса муну же, балдар!»
Анда балдар мындай дейт:
«Бугуңду жеп нетели, эне?
Бир тилекке жетели, эне.
Агарып таңдар ачылды, эне,
Жакшылык бизге чачылды, эне.
Күйүттү каалап сындыргын, эне,

Жыргалды каалап сен тургун, эне».
Анда энеси муну айтат:
«Жыргал деген сылык сөз,
Кууралды көзгө көрсөтчү, балам,
Күлкү деген арзан сөз,
Күйүттү көзгө көрсөтчү, балам,
Ажыдаар башын көрсөтчү, балдар».
Алп кара куш ошондо
Алп дедире сугунду.
«Шордонгон энең күйүндү, балдар.
Кырк балам бүгүн тирилди, балдар.
Курсагым бүгүн тоюнду, балдар.
Желмогуз душман союлду, балдар.
Кайгылар ичтен чачылды, балдар,
Кабагым бүгүн ачылды, балдар»,–
Деп ошентип энеси,
Үшкүрүнүп силкинип,
Үрпөйүп жүндү жайды эле.
«Жыргалың кандай болучу?
Алып келгин өзүмө, балдар,
Көрсөтүп койгун көзүмө, балдар!»
Энеси мындай дегенде,
Канатынын астынан
Төштүктү алып чыкты эле.
Көрө салып ошондо,
Алп кара куш токтобой,
Сырттан Төштүк баатырды
«Балп» дедире сугунуп,
«Курк» дедире жутту эле.
Балдары ыйлап чыркырап,
Коё берди чуркурап:
«Эне болбой жерге кир,
Жакшылыкка жамандык,
Кылган жандан экенсиң,
Кантип балаң өлбөсүн?
Ажыдаардын кордугун
Кантип жаның көрбөсүн?

Эне болбой жерге кир,
Төштүктү аман бергин!» – деп,
Эки бала жабышты,
Жабышканда ал балдар,
Так жемсоодон алышты.
Түбүнө чогуу жетүүгө,
Аз калган экен балдары
Жара тартып өтүүгө.
Багелек жүнүн зыргытып,
Төш жүнүн чапчып ыргытып:
«Оңбогон, балдар, оңбой кал,
Шаштырып ийдиң энеңди,
Эгерде эки болбой кал.
Элемандын сырттанын
Мен да кудуреттен тиледим.
Жасайт элем сөөгүн
Элемандын сырттанын
Курч темирдей ширетип.
Суруга салса Төштүктү
Батпагыдай кыларда,
Кылычтаса Төштүккө
Өтпөгүдөй кыларда.
Ата-а балдар, шаштырдың,
Мына Төштүк, мына» – деп,
Өө! – деп кусуп койду эле.
Эми ошондо сырттаның
Он эки мүчө толуптур,
Баштагыдан ошондо
Эки эсе Төштүк болуптур.
Алп кара куш сабылды,
Сырттан эрге жалынды:
«Өчкөн отум тамыздың,
Өлгөн жаным тиргиздиң.
Кубандырдың санаамды,
Ажыдаарды кесмелеп,
Алып калган экенсиң
Эки түгөй баламды.

Айткан сөзүң угамын,
Жер үстүнө өзүңдү
Айланып алып чыгамын, Төштүк.
Кайгыңдын баарын кетирем, Төштүк,
Мураадыңа жеткирем, Төштүк,
Күйүтүңдү басамын, Төштүк.
Кабагың жарык ачамын, Төштүк.
Ажыдаардын айынан,
Артыкча дажаал салгамын, Төштүк.
Чаар тулпардын кырк кулун
Кырк жылы эңип алгамын Төштүк.
«Адамдан байда тиер – деп,
Абыдан издеп келер» – деп,
Кырк бир тулпар баккамын, Төштүк.
Кечээ таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Чаар бээнин кулунун
Эңкейип эңип алганда.
Сен жаа менен тартып калганда,
Кулундун куйругун жулуп кетти эле.
Менин төш этимди көсөп өттү эле.
Эрдигиң анда билгемин.
«Элемандын сырттаны
Бир байдасы тиет» – деп,
Ошону ойлоп жүргөмүн, Төштүк.
Башыңа мүшкүл иш келсе,
Чымындай жанга күч келсе, Төштүк,
Сен ушуну түтөтсөң,
Мен жаныңа барамын, Төштүк».
Дос болушуп Төштүккө,
Алп кара куш ошондо,
Канатын жулуп берди – дейт.
Алып келген кырк тулпар
Кырк тулпардын баарысын,
Дагы кошо берди эле
Кырк тулпары ат болуп,
Алп кара куш зор кушка

Кыяматтык дос болуп,
О дүйнөлүк бата алып,
Ошонтип, Төштүк аттанып,
Чайиңгидей тон кийип,
Чалкуйруктай ат минип,
Кырк бир чаар күлүк ат айдап,
Көкдөө канга барбастан[1],
Сырттаның жолдо келе жатып
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Бажаларды таап калды эми.
Бектин уулу Бекбача,
Кандын уулу Канбача,
Кол куушуруп сабылып,
Эр Төштүккө жалынып,
Айтып турган кеби бул:
«Серүүндөтпө сөздөрдү, Төштүк,
Шерменде кылба биздерди, Төштүк.
Айткан тилди алалык, Төштүк,
Аттарыңды бажалар
Биз да айдашып баралык, Төштүк».
Намыс кылбай, ар кылбай,
Жигит болуп калалык, Төштүк.
Айткан бир сөздү билип ал, Төштүк,
Сырттан бир болсоң тилди ал, Төштүк».
Элемандын эркеси
Деген сөзгө көндү – дейт,
Бажаларга айдатып,
Кырк тулпарды берди – дейт,
Бирдей тулпар ат айдап,
Бултулдатып бат айдап,
Сейил курган багыңа,
Айдап барды ал экөө
Көкдөөнүн алтын тагына.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà óøóë ñàïòàí ìóðóí «Êºêäºº êàíãà áàðäû ýìè» – äåï æà¢ûëûø, àøûê÷à æàçûëãàí ñàï áàð.

Калк жыйылып чогулуп,
«Капырай, кайдан тапты?» – деп,
Күйөөлөргө таң калды,
Эки күйөө мактанып,
Ого бетер шаңданды.
«Кырк бир тулпар ат издеп,
Кыйла азапты көрдүк – деп,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырып,
Төрө атанын тулпарын
Өзүбүз таап келдик» – деп,
Чаначтай мурду дардайып,
Карааны тоодой калдайып,
Көкүрөгүн ургулап,
Көп ичинде турду эми.
Көрүп жаны өрттөнүп,
Төштүктү кудай урду эми.

## ТӨШТҮК КАНБАЧА МЕНЕН БЕКБАЧАНЫН САНЫНА САЛГАН ТАМГАНЫ КӨКДӨӨГӨ ЖАРЫЯЛАГАНЫ

Алтын жаак айбалта
Билегине чалды эле
Комокойлуу* сыр найза
Колойто сунуп калды эми.
Кынсыз кылыч байланып,
Каар жүзүнө айланып,
Чайиңги тонду жамынып,
Каарданып ошондо
Көк арстандай чамынып,
Карargандан түнөрүп,
Калк кайнаган чогууга
Кан Төштүк кирип барды эле,
Жарагы шай баатырга
Жалпы эл көңүл бөлдү эми.

Төштүктүн Төштүк экенин
Төрөлүү журт көрдү эле.
Кээ бирөөлөрү шашышып,
Кээ бирөөлөрү ошондо
Анталашып качышып,
Кээ бирөөлөр жыгылып,
Көрбөгөндү көрдү эми.
Кээ бирөөлөр тим эле
Жүрөгү чыгып өлдү эми.
Карап бенде туралбай,
Как жарылды дыркырап.
«Кайдан келген эрен?» – деп,
Аң-таң калды чуркурап.
Анда Төштүк муну айтат:
«Качкыным келди, кармап бер,
Кууганымды чыгаргын,
Кандын уулу Канбача,
Качкан менин качкыным,
Бектин уулу Бекбача
Мага назар салбасаң,
Бул тилимди албасаң,
Шыпкай баарың кырамын,
Чылбыр чайноо кыламын.
Кырк атымды таптырбай,
Бекер туруп нетемин?
Дүмүрчөгүн түз кылып,
Түгөл кылып кетемин.
Деген сөзгө көнүңүз,
Чатакташпай, чырдашпай
Кырк тулпарды бериңиз.
Канга ылайык калың журт,
Ишенбесең, уурумдун
Сандарында тамга бар.
Азыр ачып көрүңүз!»
Төштүк мындай дегенде,
Ал Көкдөөнүн алдында
Кароолчусу көп жандар,

Ал Көкдөөнүн алдында
Карап турган көп балбан,
Көп балбандын ыктуусу,
Акыл тапчу мыктысы,
Конокбай деген балбаны,
Конокбайдын ичинде
Толуп жатат арманы.
Төштүктүн Төштүк экенин,
Ал Конокбай билчү экен.
«Сырттанга сырдаш болсом» – деп,
Ошону сурап жүрчү экен.
Төштүк мындай дегенде,
Конокбайдын балбандын
Тизеси жерге бүгүлүп,
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Ал экөөнүн алдына
Конокбай жетти жүгүрүп.
Бектин уулу Бекбача,
Бекбачаны ошондо,
Берен тууган Конокбай
Белден кармай калды эле.
Көп ичинде тоңкойтуп
Көтүн сыйрып салды эле.
Калайыктын баарысы,
Таңыркашып караса,
Тагы турат бетинде,
Тамгасы турат көтүндө.
Ал тамганы көргөндө,
Журт чуркурап дуу турду,
Эл айындап чуу турду,
«Өзүбүз таап келдик» – деп,
Айтканы бир кеп экен.
Эр Төштүктүн тулпарын
Уурдаганы апанык
Сырттанын айткан сөздөрү
Суудан таза кеп экен.

Төштүк менен бир жортуп,
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Баргандыгы чын экен.
Кара баскан буларга
Сырттан Төштүк талаада,
Сандарына тамганы
Салгандыгы чын экен.
Кандын уулу Канбача,
Бектин уулу Бекбача,
Ууру экени билинди.

## КӨКДӨӨ ТӨШТҮККӨ КӨПЧҮЛҮКТҮН АЛДЫНДА ЖЕТИ МӨРӨЙДҮ ТАПШЫРГАНЫ. АЛАРДЫН БИРИНЧИСИ – ТЕМИР ДӨҢГӨЧТҮ КИЙИЗ БАЛТА МЕНЕН ЧАПТЫРЫП ЖАРДЫРГАНЫ

Мына ошондо кырк тулпар
«Өзүм таап алдым», – деп,
Элемандын сырттаны
Эбин таап алды – дейт.
Ошону көрүп чоң Көкдөө
Эр Төштүккө чамынып
Каары жаман кармады.
Карап турган жандардын
Кылайып алы калбады.
Кызын өзү алчудай,
Кызыталак бул Көкдөө,
Элемандын сырттанга
Жок балааны камдады,
Каарданып бакырып,
Эр Төштүктү баш кылып,
Калың элди чакырып:
«Кызым сүйдү Кара таз,
Таз десем, Төштүк өзү экен,

Карарган кара көзү экен.
Алдап кызым алууга
Элемандын Төштүгү
Мында жүргөн кези экен.
Бир адамга билинбей,
Бир эле жанга туюнбай,
Алдап кызым алганы,
Жашынып жүргөн куу экен.
Калың журтум, сөзүмдү ук,
Төштүк эмес, мен өзүм
Ааламга жетер күчүм бар.
Балбандыгым башкача,
Баатырлыгым бир канча,
Ай-ааламга калайман
Салгандыгым дагы бар.
Кыбыраган бендени
Кыргын кылып баарысын
Алгандыгым дагы бар.
Атактуу Көкдөө мен болсом,
Элемандын Төштүгү,
Жер үстүнөн тентиреп,
Жетип келген сен болсоң,
Кызымды кантип берейин?
Кутурган экен бул Төштүк,
Мен бир кулжуңдашып көрөйүн.
Кичи балам Күлайым,
Ургаачыдан уз эле,
Жер астынан Көкдөөсү
Эркелеткен кыз эле.
Уурдап кызым алгыдай,
Уялбайт экен бул Төштүк?
Көкдөө айткан бул сөзгө
Көнөт бекен бул Төштүк?
Айтканымды аныктап,
Берет бекен бул Төштүк?
Айтканыма көнбөсө,
Кызматым кылып бербесе,

Дегенине көнбөймүн,
Кызым эмес, Төштүккө
Кыпындай эме бербеймин.
Кылам десең, жообуңду айт,
Кылбаймын десең, чыныңды айт,
Бул сөзүмө көнбөсөң,
Кырк аркан салса бойлогус
Кыйын чуңкур орум бар,
Ааламдын алы жетпеген,
Колумда беш миң колум бар.
Жер үстү менен жер астын
Жеке жүрүп билүүчү
Зыйкырчы кемпир зорум бар.
Кирген адам кутулгус
Темир капкан торум бар.
Жети жыл удаа көрүүчү
Менден көрөр кызык бар.
Толукшуган баламдан
Тоё кана той жебей,
Томсоруп кантип берейин.
Элемандын Төштүгү,
Чоң кызматың мен көрүп,
Анан кызым берейин.
Тентигенге кыз берген,
Теги жок Көкдөө дейсиңби?
Элемандын Төштүгү,
Мен да сени билемин.
Болот өгөө жаның бар,
Чалкуйруктай атың бар,
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Жердин алдын кыдырып,
Көргөнү келген экенсиң,
Тирүү жүрбөй сен, Төштүк,
Так өзүмдүн колумдан
Өлгөлү келген экенсиң!
Өлгөлү жүрүп кыз алган,

Өлчөсөм болбойт сендей жан.
Таз болуп өзүң кубулган,
Тастайган сулуу кыз алып,
Эченге салдың чуулган.
Дегениме көн, Төштүк,
Жети мөрөй беремин,
Ошону кылып бер, Төштүк.
Эрдикти эпсиз сал, Төштүк,
Анан кызым ал, Төштүк!
Бул эрдикти кылбасаң,
Балбандарды жиберип,
Бастырып башың аламын,
Бул дүйнөгө тургузбай,
Тындым кылып саламын.
Жол үстүндө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарамын.
Бул мөрөйгө бар, Төштүк,
Бул тилимди ал, Төштүк!
Бул мөрөйгө жарасаң,
Дегениңе сенин да,
Былкылдабай көнөмүн.
Жеке эле бир кызды эмес,
Оюңа келбес кызыкты
Так өзүңө беремин...»
Каарды төгүп чамынып,
Көкдөө минтип турганы,
Эр Төштүктүн эрдигин
Эл-журт карап көргөнү.
Эми туруп ал Көкдөө
Баш мерөйүн бергени.
Каарын салып кайкайып,
Кайран Көкдөө турганда,
Эр Төштүккө эң бир дос
Эр Конокбай балбаны,
Эр Төштүктүн кашына
Конокбай жетип калганы.
Конокбайы муну айтат,

Адам билбес шумду айтат:
«Мен билгенди билбесең,
Каардуу Көкдөө келүүчү,
Ушуну жара чапкын»,– деп.
Темирден дөңгөч берүүчү.
Кийизден кылган балта бар,
Ошону менен чапкын – деп,
Сени кыйнай берүүчү.
Сени кыйнап коёрун
Эбак эле билгемин.
Тышы кийиз, ичи курч,
Саа берсем эми – деп
Эчак эле камдап жүргөмүн.
Көкдөөнүн берген балтасын,
Таштап ийип ошондо,
Менин балтам ала көр,
«Эзилген темир жарыл!» – деп,
Керилип туруп сала көр.
Менден берген бул балта
Болот балта болуучу.
Ал Көкдөөнүн балтасы
Чириген дөңгөч болуучу.
Зың-зың этип кенебе, Төштүк,
Көкдөөнүн жети мөрөйүн
Бучкагыңа теңебе[1], Төштүк.
Улуктугуң сында жок, Төштүк.
Жер үстүндө көп журтуң,
Канчалык айтсаң, мында жок, Төштүк.
Ак буладай боз болчу, Төштүк,
Мен Конокбай балбанга
О дүйнөлүк дос болчу, Төштүк.
Жети мөрөй бүткөндө,
Каарданган Көкдөөнүн
Кашайта көзүн оюп кет, Төштүк.

---

[1] Êàò÷û òàðààáû íàí «òå¢ååáå» äåãåí ñºç æàçûëáàé êåòêåí.
[2] «Êîþï» äåãåí ñºçä¿ êàò÷û æàçáàé êåòêåí.

Талкан кылып союп кет, Төштүк!
Бул Көкдөөнүн ордуна
Мен Конокбай досуңду
Кан көтөрүп коюп кет, Төштүк.
Кууураган ишти оң кылгын, Төштүк,
Кул башымды чоң кылгын, Төштүк.
Жер алдында даң кылгын, Төштүк.
Кара башым кан кылгын, Төштүк.
Айтканым ушу билип ал, Төштүк,
Арстан болсоң, тилимди ал, Төштүк.
Сени каалап билгемин, Төштүк,
Дос болголу жүргөмүн, Төштүк».
Өчкөн отум үйлөп кет, Төштүк,
Кор болгон жаным күүлөп кет, Төштүк.
Жалчыдан жанды жашартсаң, Төштүк,
Жапаадан башты куткарсаң, Төштүк.
Сенин келгениң бээлеп билгемин,
Куурап жүргөн кулдуктан,
Сырттан Төштүк жолукса,
Куткарар деп жүргөмүн, Төштүк».
Конокбай айтып турганда,
Кучакташып ошондо,
Козголушуп калды – дейт,
Кыяматтык ошондо
Дос болушуп калды – дейт.
Эми Төштүк муну айтат:
«Берсе кудай акыр – деп,
Кан көтөрөм, баатыр» – деп,
Айтып оозун жыйгыча,
Андай-мындай дегиче,
Кудай бетин көрсөтпө.
Көкдөө салды чоң жаңжал,
Көтөргөнү көп балбан,
Чың темирден дөңгөчүн
Мунаранын түбүнө
Көтөрүп алып келди – дейт.
«Мына, Төштүк, чапкын» – деп,

Туура тартып берди – дейт.
Ошондо турган көпчүлүк,
Көрүп туруп бул ишке,
Айран азыр калды эле.
«Эсебин кантип табат? – деп,
Темирден дөңгөч бул болсо,
Кийизден балта ал болсо,
Кантип жара чабат? – деп.
Атаңдын көрү заман ай,
Сырттан Төштүк баатырды
Карап турган бул Көкдөө
Азыр башын алат – деп,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарат» – деп.
Калайык дүргүп жүгүрүп,
Сырттан эрден түңүлүп,
Мына ошондо эр Төштүк
Сырттандыгы билинип,
Балтаны алып колуна,
Туура койгон дөңгөчтү
Чабууга Төштүк жүгүрүп.
Карчыгадай чамынып,
Кайыптан акыл табылып,
Ал дөңгөчтүн жанына
Сырттан Төштүк ошондо
Чабууга барды камынып,
Конокбай берген балтанын
Тышы кийиз, ичи курч:
«Эр сырттаны мен болсом,
Ириген темир сен болгун».
Каарданып эр Төштүк,
Эсебин эми тапты эле,
Алдында жаткан дөңгөчтү
Керилип туруп чапты эле.
Төштүктүн сырттан экени
Көпчүлүккө билинди.
Балта тийип ал дөңгөч,

Быт-чыт болуп бөлүндү.
Күч менен бекем чапканда,
Жер айрылып солк этти,
Коркоктон жүрөк болк этти.
Омуртка сөөгү зыркырап,
Күч келгенде Төштүктүн
Бир боконо сөөгү
Кеткен экен быркырап.
«Алды Төштүк мөрөйдү!..»
Деп ошондо токтобой,
Конокбай калды жүгүрүп,
Илинип турган дөңгөчкө
Эр кадырын эр билет.
Конокбай балта алды эми,
Токтолбостон күл кылып,
Конокбай чаап салды эле.
«Мөрөйдү Төштүк алды, – деп,
Темир болот дөңгөчтү
Жара чаап салды» – деп.
Журт чуу туруп калды эле.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Сырттан эрдин кашына
Күлайым келди жүгүрүп.
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Бул бечара Күлайым
Көзүнүн жашы он талаа,
Кең баштыктын ичинен
Кетеченин түбүнөн,
Алып чыкты бир буюм,
«Апы» деген бир даары,
Акыректин түбүнө,
Азыр сыйпап калды эле.
«Себеп» деген дарыны
Ичинен бере салды эле.
Элемандын сырттандын

Умачтай көзү ачылды,
Ооруган жери басылды.
Жан ордуна келгенде,
Каары катуу капырдын,
Кайран Көкдөө баатырдын
Мөрөйүн алып бергенде,
Төштүктүн кыйын экенин,
Ошо Көкдөө көрдү эми.
Өрттөнгүрдүн өзү экен,
Каарын сала берди эми.

## КӨКДӨӨ ӨЗҮНҮН КӨКТУЛПАРЫ МЕНЕН ЧАЛКУЙРУКТУ ЖАРЫШТЫРГАНЫ

Каарын салып бакырып,
Жети баштуу кемпирди
Бери кел! – деп чакырып:
«Берен Көкдөө мен элем,
Сыйкырчы кемпир сен элең.
Акылым каалап айлам тап,
Алдырып ийдим мөрөйдү,
Мелдеш кылып атың чап.
Артык күлүк ал эле,
Арстан кыйын Көкдөөгө
Арынаган мал эле.
Дүмөктү азыр салып чык
Көктулпарды алып чык!»
Муну укканда куу кемпир,
Энтелеңдеп жүгүрүп,
Эликтей ыргып түйүлүп,
Шапа-шупа ат чечип,
Шамдагайы болжолсуз,
Шапылдата бат чечип,
Алып келди Көктулпар,
Жылкыдан бөлөк ал экен,
Канаты бар мал зкен.

Оозун жайса тим эле,
Учканы турат закымдап.
Тулпарды сынап ошондо,
Тулпарлыгын билди эми.
Биле коюп кубанып,
Мыйыгынан күлдү эми.
«Ушу менин тулпарым,
Башын жерге салар – деп,
Бир балаа басып кетпесе,
Азыркы болгон мөрөйдү,
Уят кылбай алар – деп,
Сээрчи кемпир, сак болгун,
Катуулап оозун жайбагын,
Как талаада калбагын.
Октос берип кокустан,
Бөөдө учуп кетпегин.
Ажал азыр жетпесин,
Куп жерине жеткиче,
Кум салынып ал, кемпир,
Жан чыдабай, ит өлүп,
Калуучу жерге бар, кемпир.
Эр Төштуктүн Чалкуйрук
Чоң жарышты сал, кемпир.
Тарткан жерде бөлүнсө,
Арам өлгөн Көктулпар
Алды менен көрүнсө,
Чоң мөрөйдү аламын,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Элемандын Төштүктү
Кур марттыкка чаламын».
Каарданып кеп кылып,
Өлүп кетер шерт кылып,
Күпүлдөдү ал Көкдөө,
Жети баштуу ал кемпир,
Көктулпарга камынды.
Андай-мындай дегиче,

Ачып көздү жумгуча,
Эр Төштүктүн төрт Маамыт
Азыр келип жабылды.
Элемандын Төштүгү
Төрт Маамытка айтты кеп,
Айткан кеби мындай деп:
«Атаңдын көрү төрт Маамыт,
Азып келдим алыстан,
Акыреттик болушуп
Жер алдынан табышкан
Бассам-турсам Маамыт – деп,
Силерди санап жүрөмүн.
Жетик Төштүк башына
Жети мөрөй иш түштү,
Жетип таппай акылды,
Ушу ишиңерге күйөмүн,
Силерге жолдош жан бирге,
Конокбай балбан эр таптым.
Төрт Маамыттай жан достум,
Конокбай менен бешөөбүз,
Мени менен алтообуз,
Тирүү болсок баарыбыз
Бир дөбөдө бололук,
Өлүп калсам кокустан,
Бир чуңкурга тололук.
Билбей турам өлүштү,
Билбей турам мен эми,
Жан досторум, силерди
Кайтып аман көрүштү.
Билбей турам мен эми
Өлбөй аман калышты.
Бул Көкдөөнүн мөрөйүн
Калтырбай баарын алышты,
Бул мөрөйүн албасак,
Каарданса ал Көкдөө,
Калтырбай кырып салгыдай,
Кызык кылып сойлотуп,

Кылычтап башты алгыдай.
Чалкуйрукту минүүгө,
Чайиңги тонду кийүүгө,
Көк кандын Көктулпар
Жан аябай жарышып,
Мөрөйлөшүп келүүгө,
Кааладым, кимиң барасың?
Кимиң мөрөй аласың?
Жан жолдошум Чалкуйрук,
Кааладым, кимиң чабасың?
Кимиң акыл аласың?
Төрт Маамыт, катар турасың,
Чалкуйруктай тулпарды
Кимиң минип чабасың?»
Айтып турган төрт Маамыт,
Төртөө тең керек жан экен.
Төрт Маамыттын кенжеси
Куюнкөт Маамыт бар экен.
Атка жеңил, тайга чак
Күлүктүгү бар экен.
Артык жеңил, дардаң күү
Эң чандаяк жан экен.
Эр Төштүктүн Чалкуйрук
Чаба турган баланын,
Ылайыгы бар экен.
Көкдөөнүн алты мөрөйү,
Бир мөрөйү бул болду,
Бир мөрөйү шум болду.
«Адам угуп, жан көргүс,
Жерден барып келгин» – деп,
Бирөөнүн аты Чалкуйрук,
Бирөөнүн аты Көктулпар,
Кемпир менен Куюнкөт
Калмак болду жарышып.
Жер сүрөөгө барууга,
Анан жарыш салууга,
Айбандар аттап, жан баспас

Белде кетип баратат.
Какыраган эң ысык
Чөлдө кетип баратат.
Кээ жерде бул экөө
Жакындаша калышып,
Кээ бир жерде бул экөө
Камчы үйрүшө калышып,
Кээ бир жерде түктөңдөп,
Кээ бир жерде бул экөө
Үтүрөңдөп үксөңдөп
Айткан жерге жеткенде,
Күн мезгили өткөндө,
Ат сергитип ийгенде,
Куюнкөт түшүп сийгенде
Жети баштуу куу кемпир.
Анык жетик сээрчи экен,
Учурашкан жандардын
Көздөрүн байлай берчү экен.
«Эки күн уктап алгын – деп,
Анан тура калгын» – деп,
Жети баштуу бул кемпир
Жерден топо алыптыр,
Бетине үйлөп салыптыр.
Чалкуйрук турду жаныбар,
Боор жүнү болукшуп,
Куюнкөт Маамыт ошондо,
Уктап жатты ошондо
Эки күнү толукшуп,
Булардын мындай болгонун
Ал жети баш көрүптүр.
Ашыгып катуу жүрүптүр.
Каарданып зыргытып,
Кумду алып ыргытып,
Өөдө тарта бергенде,
Көкдөө кандын тулпары
Кең аягын керди эми.
Ылдый карай тартканда,

Оозун коё берди эми.
Жер айрылып такылдап,
Жети баштуу ал кемпир
Учуп келет закымдап.
Элемандын сырттаны,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Алган жары Күлайым
Көзүнөн жашы төгүлүп,
Жерди тыңшаар Маамыты
Жерди тыңшап калды эми.
Көрөгөчү Маамыты,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Бекем тиктеп калды эми.
Жер тыңшаган Маамыты,
Жерди тыңшап ошондо,
Сакалын сабап дыргытып
Мурутун булкуп ыргытып,
Алаканын шак коюп
Көтүн жерге так койду:
«Чыйраксыган куюнкөт
Кемпир алдап коюптур, достор,
Куюнкөтүң өлүптүр, достор.
О дүйнө жүзүн көрүптүр, достор.
Чалкуйрук турат толукшуп, достор,
Боор жүнү болукшуп, достор,
Окуранып жер чапчып,
Ойгото албай туруптур, достор,
Амалы анык куруптур, достор,
Кекселик ойго албаптыр, достор,
Бир сактанып калбаптыр, достор,
Караргандан түнөрүп
Кашайып калган ал Маамыт
Катуулап уктап калыптыр, достор.
Каарданган жети баш
Жол ортого жетиптир, достор.
Жер тыңшаган мен Маамыт
Акылым баштан кетиптир, достор,

Кайгыландым, күйүндүм, достор,
Кайран жандан түңүлдүм, достор!..»
Жер тыңшаар мындай дегенде,
Көрөгөч эми муну айтат:
«Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Мен айтайын сонунду, достор,
Тилекти кудай бериптир, достор,
Айбандан эстүү Чалкуйрук
Оң кулагын жапырды, достор,
Кара жердин кыртышын
Маамытты көздөй сапырды, достор,
Күрсүлдөп жерлер казылды, достор.
Куюнкөт көзү ачылды, достор.
Кемпирдин узап кеткенин
Тура замат билиптир, достор.
Ашып-шашып ал Маамыт,
Чалкуйрукка миниптир, достор,
Чаңдатып жолго түшүптүр, достор.
Илгери кеткен кемпирдин
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп калыптыр,
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп алыптыр, достор.
Айбандан тулпар Чалкуйрук
Алтындуу куйрук жайыптыр, достор.
Аябай учуп алыптыр, достор.
Баскан ташы быркырап,
Асманга учуп чыркырап,
Куландай кулак жапырып,
Куюндай жерди сапырып,
Арышты арбын баштаптыр,
Арбын жерди таштаптыр, достор,
Мурундан буусу буркурайт,
Капталда канат зыркырайт,
Өр таяна бергенде
Аркардай көзү кызарат.

Адырмакка келгенде,
Алмадай мойну узарат.
Атаганат Чалкуйрук
Арбыта чуркап алыптыр.
Алдыңкы сыйкыр кемпирге
Аралашып калыптыр.
Ичи күйгөн куюнкөт,
Куюнкөттүн кеги көп,
Айтып берген кеби көп,
Кара жаак айбалта,
Кармай калып имерди,
Каң дедире кемпирди
Төбөгө тартып жиберди.
Жер үстү менен жер алдын,
Тойлогон, кемпир, сенсиңби?
Көкдөөнүн тилеп тилегин,
Ойлогон кемпир, сенсиңби?
Жаныңа келген адамды
Сыйкыр окуп уктатып,
Бузган, кемпир, сенсиңби?
Алдап салып Маамытты,
Адырандап Көкдөөгө
Сызган кемпир сенсиңби?
Канатым аман Чалкуйрук, кемпир,
Кан сырттан аман, эр Төштүк, кемпир,
Эр Төштүгүм турганда,
Каардансам соёрмун,
Кашайта көзүн оёрмун.
Кедеңдейсиң, койбойсуң,
Жердин баарын азгырып,
Бузуктукка тойбойсуң,
Куюнкөтөн ошондо
Кара боолуу укурук,
Кармап колго түкүрүп,
Учунан кармап имерди.
Куюнкөтөн ошондо
Орой чоку төбөгө

Эми тартып жиберди.
Ай жаныбар Чалкуйрук
Айбандан башка ошондо,
Артыктыгы көрүндү.
Көктулпардын алдына,
Ал Чалкуйрук жаныбар
Сегиз бута бөлүндү.
Чалкуйрук чыгып барды – дейт,
Чоң мөрөйдү алды дейт.
Чалкуйрукту ошондо
Төштүктүн жары Күлайым,
Ооздуктан алып жетелеп,
Тогуз төбө, ак сокто
Толгон чөптөн чалдырды.
Толкуп аккан булактан
Суусунун эми кандырды.
Мөрөйүн Төштүк дагы алды,
Көкдөө куру да калды.

## КӨКДӨӨ, ТӨШТҮК МЕНЕН ЖӨӨ КИШИНИН ЧАБЫШКАНЫ

Мына ошондо Көкдөө кан,
Каарданып бакырып,
Калың элин чакырып,
Каарды катуу баштады,
Каарынан капырдын,
Карап турган көпчүлүк
Кырылып кете таштады.
«Элемандын Төштүгү
Сайган мөрөй баарысын,
Алат деген эмине?
Уят болуп чоң Көкдөө,
Калат деген эмине?
Бул Төштүктүн кыйынын
Жана сынап көрөйүн.

Кызыталак Төштүккө
Жана мөрөй берейин.
Кыла турган ишим бар,
Кыйын күлүк жөө желдет
Жел жетпес деген кишим бар,
Желгенине жел жетпес,
Жети кесеп табамын:
Бир мөрөйүм дагы ушу,
Жөөдөн күлүк чабамын.
Күлүктөн чыкса күлүгү,
Дегенине көнөмүн.
Азып келген Төштүккө
Ачууланбай, ардыкпай,
Анан кызым беремин.
Артта калса күлүгү,
Байлап алам тим эле.
Кошулуп кетти тигиге,
Конокбай балбан чоң дөөсүн,
Чыгарамын тим эле.
Капкайдагы кээсин,
Төрт Маамытын койбостон,
Жайната муштап мээсин.
Кыйноону кызык саламын,
Артта калса адамы,
Элемандын Төштүктүн
Кылычтап башын аламын.
Чыгып келсе жөө күлүгү
Чатак кылбай, чыр кылбай,
Кызымды бере саламын.
Капыяда калбасын,
Мыкты болсо эр Төштүк,
Жөө күлүгүн камдасын.
Айтканыма көнсүн де,
Жөө күлүк чаап берсин де!
Дегениме көнбөсө,
Элемандын Төштүгү
Азыр менден өлсүн де».

Кайын атасы Көкдөөнүн
Каары жаман көрүндү,
Карап туруп ошондо,
Кайран Төштүк сырттандын
Көңүлү жаман бөлүндү.
Жаны күйбөс Төштүктүн
Ичи күйүп кетти – дейт.
Жаны күйбөс Төштүктүн
Жаны күйүп кетти – дейт:
«Күркүрөгөн Көкдөөгө
Багынып берер бейлим жок,
Кармалаша кеткенге,
Канетейин куу дүйнө
Канаты карыш элим жок.
Жапжалгыз кол салсам
Көңүлүм ооп бөлүнөт,
Кызыталак Көкдөөнүн
Кызы татты көрүнөт.
Чапчыша турган чамам жок,
Алыша турган айлам жок,
Дегенине көнөйүн,
Мунун жети мөрөйүн
Баарын кылып берейин.
Казылган экен биздин ор,
Кайнаган экен биздин шор.
Жер алдынан чоң Көкдөө,
Жаралган экен аты улук,
Корчулук түштү башыма,
Кызыталак бул Көкдөө
Болгон экен макулук».
Капа болуп кайгырып,
Сырттан Төштүк турду эле,
Жейрен секиртпес Маамыты
Жетип барып Төштүккө,
Ушу сөздү кылды эми:
«Баатыр Төштүк сырттаным,
Тобокел деп калыңыз,

Жейрен кууса куткарбас
Мен Маамытты чанбаңыз,
Кудай берсе абийирди,
Сырттаным, минтип табыңыз.
Кейибесең чоң мүшкүл
Жаман болот мунуңуз.
Тобокел! – деп, сырттаным,
Кайрат кылып туруңуз.
Тобокел түбү жел кайык,
Түшөрсүң да, желерсиң.
Кайгынын түбү – чоң мүшкүл,
Түшөрсүң да, кетерсиң.
Бир абийирди табыңыз,
Күлүгүң Маамыт мен мына,
Капа болбой чабыңыз.
Мойнумдагы кара таш,
Алып салып чуркасам,
Секиргенде мен өзүм,
Көккө тийген башым бар.
Күлүктүгүм жан билбейт,
Өзүм эле билемин.
Секиргенде мен өзүм,
Көк менен жерге тиемин.
Капталымда канатым,
Чапса чапсын жөө киши,
Ала жүргөн адатым»,–
Деп ошентип Маамытың,
Жетик күлүк ал экен,
Жараткан айдап туш кылган
Күлүк Маамыт бар экен.
«Башты жерге саламын, Төштүк,
Бул мөрөйдү аламын, Төштүк.
Капанын баарын чачамын, Төштүк,
Кабагың минтип ачамын, Төштүк,
Дарт кумарың басамын, Төштүк,
Айтканымды билип ал, Төштүк,
Сырттан болсоң тилим ал, Төштүк.

Баатыр болсоң, озо көр Төштүк,
Учка-түпкө бир тием,
Байкушуңду тозо көр, Төштүк.
Амалым артык кетпесин, Төштүк,
Ажалым бөөдө жетпесин, Төштүк.
Жибектен торуң жая көр, Төштүк,
Куюндай учам мен эми,
Кайып кылып жибербей,
Эптеп кармап ала көр, Төштүк.
Көкдөө камдап чыгыптыр.
Жөө желдет деген күлүгүң, Төштүк,
Аман турсаң көрөрсүң,
Бул Көкдөөнүн бүлүгүн, Төштүк,
Жөө желдети желе албайт, Төштүк.
Кайран башым өлбөсө,
Маамыттан чыгып келе албайт, Төштүк.
Айтканымды билип ал, Төштүк.
Сырттан эр болсоң тилимди ал, Төштүк.
Кыйла айтар менин сөзүм бар, Төштүк,
Мөрөйүң алып берүүчү,
Күлүк Маамыт өзүм бар, Төштүк,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жейренге андып жетчү элем,
Бура тарта бергиче,
Эки-үчөөн илип өтчү элем.
Капаланбай карап тур,
Кабагың күндөй ачармын, Төштүк.
Жөө желдет менен барайын,
Үйүң күйгөн ит менен
Бир жарышып калайын.
Чыгамбы деп ойлоймун,
Бутумду таңып койсо да,
Жөө желдетин койбоймун, Төштүк
Жөө Маамытты сынап тур
Күлүктүгүн күчүн карап тур, Төштүк».
Жөө желдет менен Маамытты

Чабуугa айдап келди эми.
Дөңгектеги мунара
Мунарага келгенде
Журт чуркурап көрдү эми.
Мына ошондо чоң Көкдөө
Каарын сала берди эми.
Каарды катуу баштады,
Төштүк эмес, ал капыр,
Калың журттун баарысын
Соруп ийе таштады.
Каарданып күркүрөп:
«Байге кылып жөө чаптым,
Баатырлыгын көрөмүн,
Желдеттен чыкса күлүгү,
Мөрөйүмдү берейин.
Эгерде чыкса Жөө желдет,
Балакетке саламын.
Элемандын Төштүктүн
Башын кесип аламын.
Кыйла журтум, угуп ал,
Кыстоону кызык саламын.
Кызыталак Төштүктүн
Кыйып башын аламын.
Чын кыйыгым кармаса,
Азып келген эмеге
Аябай кордук саламын,
Элемандын Төштүгү
Дегениме көнбөсө,
Айткан жети мөрөйүм
Түгөл жасап бербесе,
Балбандарым башкача,
Бул Төштүктүн башына
Балакетти саламын», –
Деп ошонтип ал Көкдөө,
Кыйлага жетер бүлүгү
Көкдөөнүн камдап чыкканы
Жөө желдет деген күлүгү.

Эр Төштүктүн чабары –
Жейрен секиртпес күлүгү.
Жетмек болду Көкдөөнүн
Ааламга бүлүгү.
Оңбогон Көкдөө оңбоду,
Адам билип бүтүргүс,
Жети мөрөй койгону,
Мөрөйүнөн алдырса,
Элемандын Төштүгүн
Тындым кылып сойгону.
Журт дүрбөтүп жайнатты,
Чабуучу жөө күлүктү
Тулпардан бетер айдатты.
Жан кезигип чыгалгыс
Чөл өткөрүп айдады.
Ашып бенде өткүсүз
Бел кечирип айдады.
Өтмөлүктөн өткөрдү,
Кечмеликтен кечирди,
Адам эмес канаттуу
Өлүүчү жерге жеткирди.
Жети баштуу кемпири
Желбегей торко кийиптир.
Жел жетпес жорго миниптир.
Маамыт менен Жөө желдет
Бул кемпир айдап жүрүптүр.
Коё берер жерине
Экөө жакын калганда,
Кемпир жакын барыптыр
Эң сыйкырчы, чоң серчи,
Кызыталак бу кемпир.
Өзү жердин танабын
Абыдан билген куу кемпир
Бир айкырып ошондо,
Жерден топо алганы,
Эсинен абдан тануугa,

Эки күн[1] уктап калууга,
Жейрен секиртпес күлүктүн
Бетине үйлөп салганы.
Шамалдай болгон ал Маамыт,
Кулак тунуп, ич күйүп,
Куруган экен ал Маамыт.
Эки күн уктап талаада,
Турган экен ал Маамыт
Эки күнү болгуча,
Сунган бутун тартпаптыр,
Жумган көзүн ачпаптыр.
Эки күнү өткөндө,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Чү койгондо, дыр коюп,
Маамыт чуркай баштады.
Мойнуна илген кара таш
Такыр алып таштады.
Дыр койгондон чү коюп,
Чуркагандан түйүлүп,
Закым болуп баратат.
Эки күнү эң мурун,
Эчак кеткен Жөө желдет
Жакын болуп баратат.
Жейрен секиртпес эр Маамыт,
Артык балбан жөө күлүк,
Жөө адамдан мөрөй чаап,
Ааламда болбойт мындай иш.
Эр Төштүктүн башына
Ал Көкдөө салды чоң бүлүк.
Мөрөйүн тегиз кылбасаң,
Аманат жандан күдөр үз.
Жейрен секиртпес ал Маамыт
Ыраак чыгып келди – дейт
Жөө мөрөйдү алыптыр.
«Жейрен секиртпес Маамыт

---

[1] Êàò÷û «ê¿í» äåãåí ñºçä¿ æàçáàé êåòêåí.

Желгенине жел жетпей
Жетик чуркап алыптыр
Жөө күлүктүн мыктысы
Секиртпеске жетели.
Токтотуп туруп чуркаса
Булутка жетип кетеби
Маамыт айткан кеп эле:
«Этим кызып калганда,
Токтоно албай мен өзүм,
өлүм болом» – деди эле.
Күлүк экен Маамытка
Эми көздү салалык.
Айланайын Жер тыңшар,
Жибек аркан тор камда,
Эптеп кармап алалык!»
Төштүк мындай дегенде,
Көрөгөч менен Жер тыңшар,
Куюнкөт менен үч Маамыт
Жибек торду алды эле.
Эр Конокбай чоң балбан,
Эр Төштүктүн жөкөрү,
Керме аркан тозо калды эле.
Күлүк Маамыт канетет,
Жибек тор үзүп жайланды,
Конокбайдын кермеге
Чалынып келип байланды.
Элемандын Төштүгү
Кучактап кармап калганы.
Тегирмендин бир ташын
Мойнуна аса салганы.
Муну менен ал Маамыт
Аман-эсен калды эми.
Жөө жарыштын мөрөйүн
Жана Төштүк алды эми.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Кудай бетин көрсөтпө,

Жер солкулдап дүркүрөп,
Каарына жан турбай
Кара жер кетти айрылып,
Ары жагынан чоң Көкдөө
Кайраттанды күркүрөп.
Кабагы бийик, заары күч,
Ал капырдан күдөр үз.
Чамынганы ошондо
Ач арстандай күрүлдөп,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Төштүк эмес, ааламды
Төбөңдөн тийген ал капыр
Бир ооносо жегидей.
Каарданып зыргытып,
Кармагандын баарысын
Камгактай жулуп ыргытып.
Каарды катуу баштады,
Карап турган көп жанды
Каттам кыла таштады.

## КӨКДӨӨ ЖЕРГЕ ТАРУУ ЧАЧТЫРЫП, ТӨШТҮККӨ ТЕЗ ТЕРДИРГЕНИ

«Элемандын сен, Төштүк,
Өтө кыйын эр болсоң
Бүгүн менден өлөсүң.
Үмүт кылсаң жаныңдан,
Тогуз кап кара таруу бар,
Ушу турган өрөөнгө
Айландыра чачамын.
Деген сөзгө көнөсүң,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көзду жумгуча,
Бирөөн жерге калтырбай,
Такыр терип бересиң.
Бул сөзүмө көнбөсөң,

Бул мөрөйдү кылбасаң
Каратпай тешем көзүңдү,
Каргантпай кесем тилиңди,
Жалынсаң укпайм сөзүңдү,
Жаткырып мууздайм өзүңдү.
Бул мөрөйгө көнөсүң,
Бирдемесин калтырбай
Такыр терип бересиң».
Ал сөздү айтып чоң Көкдөө,
Каарданып капыр дөө,
Каяша айткан бир жан жок:
«Билгениң кылгын баатыр дөө!»
Катылып бенде барбаган,
Каяша айтар калбаган.
Чындап жини кармаса,
Чыркыратып жанды алган,
Кармалаша баргандан
Өлбөй адам калбаган.
Төштүк эмес, ал чочко
Эчен алпты жалмаган.
Кыйкырганда капырдан,
Кыйла жан кызык көрүүчү,
Эчен момун билбес жан
Жүрөгү чыгып өлүүчү.
Көкдөө буйрук кылганы,
Балбандары баарысы,
Жашы менен карысы,
Кан төгүүчү капырлар –
Баары даяр турганы.
Ал аңгыча болгон жок.
Жети баштуу кемпири
Көкдөөдөн буйрук алды эле,
Тогуз кап экен таруусу
Каптын оозун ачты эле,
Жети баштуу куу кемпир
Тегерете ал жерге,
Таруунун бүт чачты эле.

Дөөнү кудай урганы.
Таруу термей чыгарып,
Төштүккө азап кылганы.
Элемандын Төштүгү
Аң-таң калып турганы:
«Таруу чачып, «мөрөй» – деп,
Тарыган экен бул чочко.
Оңбогон Көкдөө оңбоду.
«Батыраак таруу тергин» – деп,
Ушинтип мени кордоду.
Жер үстүнө жүргөндө
Элеман уулу дээр эле,
Бул өңдөнгөн дөөлөрдүн
Эченин басып жээр эле.
Жер үстүнөн кордукту,
Көргөлү келген экемин.
Каары катуу Көкдөөдөн,
Канетейин дүнүйө,
Өлгөлү келген экемин.
Жер үстүндө турганда,
Тоюма токсон союлуп,
Атым Төштүк коюлуп,
Сырттан болдум, эр болдум,
Бул Көкдөөгө жолугуп,
Кара жер менен тең болдум.
Каары катуу капырдын
Айтып турган сөзүнө
Канеткенде көнөмүн?
Тогуз капта таруусун
Кантип терип беремин?» –
Капырдын жети мөрөйү.
Кабары кыйын, заары күч.
Каарданган бул капыр
Каттам кылып, кылат түз», –
Деп ошентип эр Төштүк,
Капа болуп турганы.
Күн кечкирип түн бүттү,

Айбандан эстүү Чалкуйрук,
Чалкуйрукка тил бүттү.
Айбан да болсо Чалкуйрук,
Эми туруп муну айтат,
Элемандын сырттанга
Адам билбес шумду айтат:
«Эрдигиң калың, эсиң жок,
Эми Төштүк, кантейин?
Акылың бар, арың жок,
Азаптуу, Төштүк, кантейин?
Жер үстүнөн айрылып,
Жер алдында калганда,
Кабарыңда жок беле
Токумду сууга салганда?
Күйүп жаткан кумурска
Ажыратып алганда.
Кумурсканын баатыры
Ошол айткан кеп эле,
Жулуп берген бир буту,
«Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Ушу бутту түтөтсөң,
Демге калбай мен өзүм,
Даяр болом» – деди эле.
Убадалаш болсоң, эр болсоң, Төштүк,
Ааламдан ашык сен болсоң, Төштүк,
Менин тилим ала көр, Төштүк!
Кумурсканын ошол бут,
Түтөтүп отко сала көр, Төштүк.
Дегенине көнбөйбү, Төштүк.
Жер жайнаган таруусун
Кумурска терип бербейби, Төштүк?»
Элемандын эр Төштүк
Эми түштү оюна,
Кумурска берген аманат
Жанынан сууруп алды эле,
Жанып турган бир отко,
Кумурсканын ал бутун

Билер-билбес салды эле,
Отко тийип ошол бут,
Түтөп жатып калды эле.
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Кумурска жайнап жетти эле.
Тоодой болуп үйүлүп,
Элемандын Төштүгүн
Тегеректеп кетти эле.
Кумурска эми муну айтат:
«Күйгөн отту өчүрдүң, Төштүк,
Өлгөн жанды тиргиздиң, Төштүк,
Дегениңе көнөйүн, Төштүк,
Айткын кандай жумушуң,
Азыр кылып беремин, Төштүк!
Жашы менен карыбыз,
Айтканың үчүн биз эми
Кырылып кетет баарыбыз, Төштүк!»
Анда Төштүк муну айтат:
«Ой, кумурскам, кулак сал!
Казылуу калың ор жатат,
Кайнатылуу шор жатат.
Деген сөзгө көнүп бер,
Көкдөөнүн чачкан таруусун
Бирин койбой терип бер!»
Айткан сөзгө кумурска
Азыр эми көнгөнү.
Анда-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Тогуз кап чачкан таруусун
Такыр терип бергени.
Артык серчи көз байлооч
Көкдөөнүн капыр кемпири,
Элемандын Төштүккө
Кумурска кызмат кылганын
Ал желмогуз көрдү эми.
Көрүп алып ошондо

Таруусун жоктой берди эми.
Бир таруусу жок экен.
Бир таруунун жоктугун
Митаам кемпир билиптир,
Бутун берген кумурска
Ошол жалгыз таруусун
Көтөрө албай жүрүптүр.
Элемандын сырттаны
Дегенине көнүптүр.
Бир таруусун калтырбай,
Такыр терип бериптир.
Бул байгенин атынан
Башы ачык акыл калбады,
Балакеттүү ал Көкдөө
Жана мөрөй камдады.

## КӨКДӨӨ ТӨШТҮКТҮ ЖОЛБОРС МЕНЕН КҮРӨШТҮРГӨНҮ

Көкдөө чыкты чамынып,
Мөрөй камдап камынып,
«Элемандын эр Төштүк,
Деген сөзгө көн, Төштүк,
Ардактап баккан жолборс бар,
Айтканыма көн, Төштүк,
Ак жолборс менен сен эми
Күрөш кылып бер, Төштүк.
Жыгылып калсаң жолборстон,
Айтканыма көнөрсүң,
Жара тартат жолборсум,
Ажалдан мурун өлөрсүң.
Сырттан болсоң, эр болсон,
Жер үстүнөн биз жакка
Түшүп келген сен болсоң,
Дегениңе көнөмүн,
Айдай балам Күлайым,

Анан сага беремин.
Жети мөрөй өткөрбөй,
Кордугуңа көнбөймүн.
Тору жорго ат минбей,
Томуктай жилик эт жебей,
Чолпон кызым Күлайым
Төштүк, сага бербеймин.
Мөрөйүмдө бедер жок,
Мен Көкдөөнүн колунда
Нелер бар да, нелер жок?
Жолборс менен кармашкын,
Калк чогулуп бүт турсун,
Бул сөзүмдү угуп бер,
Бул мөрөйдү кылып бер,
Бул жолборсту жыгып бер!
Бул тилимди албасаң,
Бул мөрөйгө барбасаң,
Элемандын сен Төштүк,
Каарды катуу көрөсүң,
Калбай менден өлөсүң.
Кара таз болуп кубулуп,
Менин кызым Күлайым
Сен эле ала бересиң.
Жолборско туура барасың
Адамдар баары карасын
Айкырып күрөш салып бер!»
Ал сөздү айтып
Калк чогулуп көп турду,
Бул мөрөй кылганы
Кесепеттүү ал Көкдөө
Дагы кудай урганы.
Элемандын сырттаны,
Күрөш кылар жолборсун
Басып барып караса,
Ал жолборсту андаса,
Коё берсе ал жолборс,
Адамга чуркап жеткидей,

Миң жаны болсо башында
Жара тартып өткүдөй.
Жолоп бенде барабы,
Жолуккан аман калабы?
Бул мөрөйдү көргөн соң,
Элемандын эрени,
Эрикпей жорткон берени.
Кисесинен жолборстун
Мурутун сууруп алды эле,
Жолборс айткан кеп эле,
«Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Түтөткүнүң» – деди эле.
Муну Төштүк түтөтсө,
Эр Төштүктүн жолборсу
Эми жетти жанына.
Жолборс туруп муну айтат:
«Ооруган жанды басылттың,
Өлгөн жанды тиргиздиң,
Кезигип сага дос болуп,
Келдим, Төштүк, жаныңа.
Ашкере айтчы сырыңды, Төштүк.
Айтып салчы чыныңды, Төштүк!
Каалаган жакка барайын, Төштүк,
Кармашты катуу салайын, Төштүк,
Кабылган жоону чалайын, Төштүк!
Айттың тилиң алайын, Төштүк,
Айдаган жакка барайын, Төштүк!
Жорттурган жакка жойлоюн, Төштүк!
Жоолаган жооңду койбоюн, Төштүк.
Жалансам канга тойбоюн, Төштүк!»
Анда Төштүк муну айтат:
«Жер үстүндө турганда, арстан,
Менин болот өгөө жан үчүн,
Чалкуйрук минип оолуктум,
Кайраты катуу, заары күч
Жер алдына келгенде,
Бул Көкдөөгө жолуктум.

Ай-талаадан кезигип,
Күлайым кызын алыпмын,
Күйүткө мыктап калыпмын.
Жети мөрөй иш кылды Көкдөө,
Жетик башка күч кылды Көкдөө.
Ааламда болбос иш кылды Көкдөө.
Болоттон кылган дөңгөчтү
Кийизден кылган балтага
Колума берип чаптырды,
Көкдөө Боконо сөөгүм кыйрады.
Кудайга үнүм угулду жолборс.
Кызыталак Көкдөөнүн
Жолборсу он беш төлдөптүр,
Жолоп адам келбептир.
Катылып адам баргысыз,
Кармашкан аман калгысыз.
Мөрөйгө күрөш кылууга
Жолборсун каалап ал тынды
Көкдөөнү минтип ант урду.
Жолборсу жыгып бизди алса,
Жоболонду салгыдай,
Токтотпой башты алгыдай,
Курмандыкка чалгыдай,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жаргыдай.
Чылгый балаа Көкдөөнүн
Чындап жини арбыды,
Эрендин баарын шайлады,
Күрөшкө жолборс камдады,
Бул мөрөйүн көргөндө,
Төштүктө кенедей акыл калбады.
Жан бирге үчүн, мен үчүн
Жолборсуна барып бер,
Күрөштү мыктап салып бер!
Бешинчи мөрөй бул болор,
Жолборсун жыгып жиберип,
Төштүккө мөрөй алып бер!»

Эми жолборс муну айтат:
«Барайын, Төштүк, барайын,
Жолборско күрөш салайын.
Эрдигиң калың, эсиң жок,
Энөө адам экенсиң,
Эмине корктуң Көкдөөдөн
Төштүк жолугуп келдим өзүңө,
Жолборстон корксом оңомбу?
Саман курсак жолборсун
Заманасын куурайын,
Кармаша кетсем жолборсун,
Борбуюн тиштеп суурайын.
Как Көкдөөнүн алдына
Көтөрүп туруп урайын!
Күндө кан жеген мен жолборс,
Камоодо күндө ал жолборс,
Бул Көкдөөнүн жолборсу
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Булкуша кетсе жолборсун,
Моюндан тиштеп алайын.
Заманасын куурайын,
Кокосун тиштеп суурайын,
Байгең менен аралаш,
Балбаны экен ал жолборс,
Байкап тур, кызык кылайын.
Жолугуп сен кеткенде,
Бугудан жүздү баскамын.
Кайгысы жок кан ичип,
Ээн токойдо жаткамын.
Кабырга жиксиз жапканмын».
Айтып болуп ал сөздү,
Эми чыкты балбанга,
Чоң Көкдөөнүн мунара
Күрөш кылчу майданга,
Көкдөөнүн сакчы балбаны
Жолборсун кармап жетелеп,

Майданга жетип барганы,
Жолборско балбан салганы
Ал Көкдөөнүн жолборсу
Байлоодогу кутургур
Күркүрөдү чамынып,
Эр Төштүктүн жолборсу
Күрөшүүгө камынып.
Элемандын сырттанга
Жолборстон балбан табылып.
Көкдөөнүн калкы чуу туруп,
Карап турду жабылып.
Элемандын Төштүгү
Сырттан да экен, шер да экен,
Телегейи тең да экен.
Жалгыз ат, бой жүрүп,
Олуя чалыш жан экен.
Ар жандардан бир-бирден
Жолдоштору бар экен.
Колу болсо колунда
Ушу турган Көкдөөгө
Кармаш кылчу жан экен.
Ушу турган чоң Көкдөө
Эби жок кордой берет го,
Эртең Төштүк сергисе,
Талкан болуп өлөт го?
Күтүп турган көп мүлкүн
Таптакыр бойдон берет го?
Кызыкты кыйын көрөт го,
Кызы турмак бул Көкдөө
Сырттан Төштүк баатырга
Кылымдын баарын берет го».
Аң-таң калып калайык,
Айтып оозун жыйгыча,
Жолборсуна жолборсу
Бет алыша калганы.
Эки жолборс ошондо
Чоң тамаша салганы.

Кармашып канга тоёбу,
Саман курсак жолборсту
Берки жолборс коёбу?
Моюндан тиштеп турду эле
Эр Төштүктүн алдына,
Ал Көкдөөнүн жолборсун
Көтөрүп келип урду эми.
Ал Көкдөөнүн жолборсу
Өлүп жатып калды эле,
Элемандын сырттаны
Муну менен Көкдөөнүн
Беш мөрөйүн алды эле.
Айтканынан Көкдөөнүн
Эки мөрөй калды эле.

## КӨКДӨӨ АЮУСУН ТӨШТҮКТҮН АЮУСУ МЕНЕН КҮРӨШТҮРГӨНҮ

Мына ошондо чоң Көкдөө
Зордугу тоонун теңиндей,
Каарданып чамынса,
Калктын баарын жегидей.
Кабары кыйын, заары күч,
Бул капырың чоң Көкдөө,
Катылышса кылат түз,
Өкүргөндөн бакырып,
Көкдөө чыкты чамынып.
Элемандын эр Төштүк,
Элинен азган сен, Төштүк,
Дегениме көнөсүң,
Айткан жети мөрөйүм
Баарын камдап бересиң.
Багылуу турган аюум бар,
Аюума салып аюудан
Күрөштүрүп көрөсүң.
Бул мөрөйүм кылбасаң:

«Кылбаймын» – деп, сөзүңдү айт,
Кыргынды кызык көрөсүң!
Кыпының калбай, Төштүгүм,
Кыргын болуп өлөсүң!
Жутуп канга тойбоймун,
Айткан жети мөрөйдүн
Бирөө калса болбоймун!» –
Деп ошентип чоң Көкдөө,
Мөрөйгө келип салууга
Балбанын эми камдады,
Элемандын сырттандын
Эсине түшүп аюусу
Мурутун жулуп алганы,
Мурутту Төштүк түтөтсө,
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Сырттан эрге дос болгон
Аюу жетип калганы
Ал аюуну көргөндө,
Эми Төштүк муну айтат:
«Какайыңкы кайран бел
Бүктөлгөндөн чакырдым,
Алмадай болгон асыл баш
Күч келгенден чакырдым.
Душманым калың, элим жок,
Кайран жанга күч келди,
Өзүңдөн бөлөк эшим жок,
Жакын болсоң, эл болсоң,
Жамандыкта жолуккан
Жакын аюум сен болсоң,
Жумшаган жакка барып бер,
Аюусун жыгып Көкдөөнүн
Бир мөрөйдү алып бер!
Күчтүү болсо аюусу,
Уят болдук баарыбыз.
Жыгылып калсаң кокустан,
Өлүм болдук баарыбыз,

Жер үстүнөн кулаган
Учкан Төштүк мен элем.
Бул токойдон кез болуп
Калган аюум сен элең».
Төштүк мындай дегенде,
Аюу туруп муну айтат:
«Көнөйүн, Төштүк көнөйүн,
Аюусу менен Көкдөөнүн
Бир күрөшүп берейин.
Күрөштөн корксом оңомбу,
Күркүрөгөн Көкдөөнүн
Күптүү болгон аюусун
Күрөшө кетсем коёмбу?
Бул Көкдөөнүн аюусу
Байлоодо турат алы жок,
Бул жел курсак аюусу
Чарпыша турган алы жок.
Мен өндөнүп ал аюу,
Суур улап, май жебей,
Эркин оттоп жайлоодо,
Чөп тамырын жай жебей,
Чөөлүгүп* аюусу,
Бир күрөшүп көрөйүн,
Кучакташып калайын,
Чалкасынан салайын.
Кудай алсын аюусун,
Бир мөрөйүң алайын,
Кааладың, кармаш салайын».
Аюусуна аюусу
Кампайып басып барды эле.
Камтыша кармап ошондо,
Аюулар күрөш салды эле.
Төштүктүн жапан аюусу
Өз билгенин кылды эле.
Көкдөө кандын аюусун
Көпчүлүктүн алдында
Көтөрүп келип турду эле.

Элемандын сырттаны,
Алты мөрөй алды эле.
Элемандын сырттанын
Көрдү Көкдөө баатырын.
Чылгый ичи от болуп,
Чыдай албайт капырың,
Элемандын сырттандан,
Эптеп кызын ала албай,
Эчен мөрөй кылганы,
Көкдөөнү кудай урганы.
Эптеп кызын ала албай,
Элемандын сырттанын
Тындым кылып сала албай,
Каарын чачып какайып,
Капа болуп туруптур.

## КӨКДӨӨ ТӨШТҮКТҮ: «БАРСА-КЕЛБЕСТЕГИ КЫРК КУЛАКТУУ КАЗАНДЫ АЛЫП КЕЛ»,– ДЕП ЖУМШАГАНЫ

Эң кийинки мөрөйүн
Эң эле катуу кылыптыр:
Барса-келбес жак экен,
Ал Көкдөөнүн өзүндө
Кырк кулак казан бар экен:
«Сырттан болсоң, эр болсоң,
Ааламды буй кылган
Аябаган шер болсоң,
Тогуз уулдун кенжеси,
Элемандын эркеси,
Сырттан Төштүк, сен болсоң,
Зордугум тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей.
Кайнатаң Көкдөө мен болсом,
Кечээ жер үстүнөн токсон алп,
Жер алдынан токсон алп,

Жыйын кылып калганда,
Кырк кулактуу казанды
Колумдан тартып алганда,
Ит ичпестин Ала-Көл
Алып барып салганда,
Колумдан кетти казаным,
Казандын өттү азабы,
Ал казанга барып кел,
Казанды мында алып кел.
Айткан тилди албасаң,
Ал казанга барбасаң,
Көрүнбөгүн көзүмө,
Жолобой кет өзүмө.
Казан жайын сурасаң,
Кырк кулагы кырк жакка
Тилек тилеп ачылган,
Ал казандын үстүнө
Бакты килем жазылган.
Кайнагын! – деп казанга,
Кабар берип турганда,
Дүйүм тамак бар болуп,
Дүнүйөсү жайнаган,
Кайнаса ашы коюлган,
Аалам журттун баарысы
Бир казандан тоюнган.
Кереметтүү кең казан
Эмине айтса бул болгон
Телегейи тең казан.
Андай казан кабылбайт,
Адамга мындай табылбайт.
Ал казанга барып кел,
Куру келбей алып кел!
Касиетин көрүп кел,
Ала албасаң казанды,
Тирүү жүрбөй өлүп кел.
Кандыра калың бербесең,
Тойдура той бербесең,

Сенин Төштүгүң кайда экен?
Кырк кулактуу казанды
Көрсөтпөсөң көзүмө,
Кыйноону кызык көрөсүң
Кызыталак сен, Төштүк,
Ажалдан мурун өлөсүң.
Элемандын сырттаны
Өлбөймүн деп жүрдүңбү?
Өлбөсүңдү билдиңби?
Казанга жарап келбесең,
Казылуу жаткан оруң бар,
Кайнатылуу шоруң бар.
Сени кармап союуга,
Балбаным бар, эрим бар,
Бул башым жерге киргиче,
Элемандын Төштүгү,
Арбын жерде кегим бар!
«Жетинчи мөрөй ушу» – деп,
Айтып берди чоң Көкдөө.
Элемандын Төштүгү
Бул мөрөйүн кылууга,
Ал казанга барууга,
Каза жетсе өлүүгө,
Кармаш кылып алп менен
Казанды алып келүүгө,
Казанга чама келбесе,
Элемандын сырттаны,
Кайып болуп жоголуп,
Ошо бойдон өлүүгө.
Кыяматты көрүүгө,
Элемандын сырттандын
Кара көзүн кан чалып,
Кандуу бетин нур чалып:
«Өткөн иштин казабы
Өтүп кетти артыкча
Бул Көкдөөнүн азабы.
Кай жорукка көнөйүн?

Кызыталак Көкдөөнүн
Казанын алып берейин.
Алалбай калсам казанды,
Ошондон ары өлөйүн!»
Кайраттанып карарып,
Кайран жанды аябай,
Эр сырттаны кайран эр
Желикмек болду ошондо
Элемандын Төштүгү
Ээлигип токтобой
Ок өтпөгөн чайиңги
Күндө силкип кийди – дейт.
Ок жетпеген Чалкуйрук
Күндө баптап минди – дейт.
Төштүк минтип турганда,
Эрдикти эпсиз кылганда,
Күлайым менен Быйты күң,
Кабарчыдан кеп угуп:
«Элемандын сырттаны
Казанга барат»,– деп угуп,
Быйты күң менен Күлайым
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көздөн жаштар төгүлүп,
Караргандан түнөрүп,
Какшап ыйлап чыркырап:
«Канча сөз айтам, тилимди ал, Төштүк,
Какшаттырбай билип ал, Төштүк!
Жер алды сага жер эмес, Төштүк,
Бул Көкдөө сага эл эмес, Төштүк!
Кулак угуп, көз көргүс
Белге жумшап жатыптыр, Төштүк.
Барган жан кайра тарткысыз
Жерге жумшап жатыптыр, Төштүк.
Чалынган кайта чыккысыз
Торго жумшап жатыптыр, Төштүк.
Жыгылган кайра чыккысыз
Орго жумшап жатыптыр, Төштүк.

Барганыңдан келбейсиң, Төштүк,
Базарыңды көрбөйсүң, Төштүк.
Кеткениңден келбейсиң, Төштүк,
Кербениңди көрбөйсүң, Төштүк!
Кайтканыңдан келбейсиң, Төштүк,
Кара бетиң көрбөйсүң, Төштүк.
Кыл куйрук жылкы чыдагыс
Чөлгө кетип барасың, Төштүк.
Кыйналып эрен кечпеген
Селге кетип барасың, Төштүк.
Мындан ары жол жүрсөң,
Ат аябай, мол жүрсөң, Төштүк,
Кырк күндүк кызыл чөлү бар, Төштүк,
Ит жүрбөс мойнок бели бар, Төштүк.
Андан ары барганда,
Ит баспастын бели бар, Төштүк,
Андан ашып түшкөндө,
Ит ичпестин көлү бар, Төштүк.
Ошол көлдүн четинде,
Кайтпастын кара ташы бар, Төштүк.
Канча дөөнүн башы бар, Төштүк.
Сөзүмө кулак сала көр, Төштүк.
Чалкуйрук сөзүн ала көр, Төштүк.
Айтканым ушул билип ал, Төштүк!
Кулайымдын тилин ал,
Күйүткө салбай билип ал, Төштүк!
Казанга сапар баштапсың, Төштүк.
Кулайым менен Бийтыны
Такыр каран таштапсың, Төштүк!
Саламат барып, сак келгин, Төштүк.
Сагындырбай, бат келгин, Төштүк!
Кырк күнү күйүп көрөрмүн,
Ал кырк күндөн сен калсаң,
Ажалдан мурун өлөрмүн, Төштүк.
Казандын иши – каран иш, Төштүк,
Кайрылып кайта келгиче,
Башыма түшөт каран иш, Төштүк,

Боздоттурбай, кубартпай,
Болжошум эсен келе көр, Төштүк!
«Алыс жолго кетти»,– деп,
Ай сырттаным, мен эми
Алтымыш күнү күйөрмүн, Төштүк.
Алтымыш күндөн сен калсаң,
Ажалдан мурун өлөрмүн, Төштүк.
А дүйнө жүзүн көрөрмүн, Төштүк!
Сырттан элең, эр элең,
Казанды барып сен алсаң,
Айтканына көнбөгүн, Төштүк,
Көкдөө канга бербегин, Төштүк.
Көкдөөгө берсең казанды,
Эгерде сени оң кылбайт,
Эзелде сени соо кылбайт, Төштүк
Менин атам Көкдөөнүн,
Буйткасы турат сөзүндө
Бузугу турат көзүндө, Төштүк,
Чалыры турат көзүндө, Төштүк,
Чалгырты турат сөзүндө, Төштүк!
Көкдөө менен оң болбо
Көп уруш кылып соо болбо, Төштүк!
Менин атам бул Көкдөө,
Эңкейип билчү эр эмес, Төштүк,
Эзилип бирге жүрүүчү,
Сени менен эл[1] эмес, Төштүк.
Сен казандан кайтканда,
Арык болуп ал кетип,
Кайра бери тартканда,
Менин атам бул Көкдөө
Жолдон кармап алууга,
Кесип башын салууга
«Кол камдады,– деп уктум, Төштүк,

[1] Êàò÷û øàøûï æàçãàíäà «ýë» äåãåí ñºçä¿ òàøòàï êåòêåí. Ýïîñòîãó òóðóêòóó ôîðìóëà êàòàðû äà ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóê, ûðäûí ûðãààãû áîþí÷à áóë æåðäå «ýë» äåãåí ñºç áîëóøó çàðûë.

Калтырбай балбан, баатырын
Мол камдады,– деп уктум, Төштүк,
Түшүрүп сени ийүүгө
Ор камдады»,– деп уктум, Төштүк,
Айтканым ушу, билип ал,
Сырттан болсоң тилимди ал, Төштүк!»
Анда Төштүк муну айтат:
«Жети жыл болду нак быйыл
Жер азабын көргөнмүн,
Жер үстүнөн түшкөндө,
Ошондо мен өлгөмүн.
Тирүү эмес, өлүпмүн,
Алты жыл болду нак быйыл,
Атаңдан кордук көрүпсүң» –
Деп, ошентип эр Төштүк, –
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаар булуттай,
Элемандын Төштүгү
Каар бетине айланып,
Ажалы жетсе өлүүгө
Амалы болсо казанды
Койбой алып келүүгө.
Көкдөөнүн жети мөрөйүн
Түгөл кылып берүүгө,
Арыстандай чамынып,
Артыкча акыл табылып,
Ал казанга барууга,
Элемандын сырттаны
Эми чыкты камынып.
Төштүк жөнөй бергенде,
Быйты күң ыйлап буркурап,
Күлайым ыйлап чыркырап,
Төрт Маамыттын баары ыйлап,
Конокбай балбан дагы ыйлап,
Ал Конокбай муну айтат,
Эр Төштүктүн өзүнө
Адам билгис шумду айтат:

«Баатыр Төштүк сырттанын,
Каражолтой казанга
Барган бенде көп болгон,
Барган жандын баары өлүп,
Келген бенде жок болгон.
Каражолтой казанга
Кубарлап канча кан өлгөн.
Каттаган жандын баары өлгөн.
Кезиккен кайра тартпаган,
Баргандар аман кайтпаган.
Кайын атаңыз бул Көкдөө
Өзү каардуу күнүндө,
Элемандын Төштүгү,
Сизге душман зилинде.
Кызыталак Көкдөөгө
Жолоп бенде барбаган,
Жолуккан өлбөй калбаган.
Кайра тартпас өлүмгө,
Каражолтой бул Көкдөө
Каалаганын көрдүңбү?
Кайра тартпас өлүмгө
Баалаганын көрдүңбү?
Элемандын эркеси,
Сырттан да элең, эр да элең,
Кай жорукка көнөсүң?
Эми Төштүк, аман бол,
Казанга барсаң, өлөсүң!
Өлбөсөң да, сырттаным,
Өлгөнчөлүк балааны
Ал казандан көрөсүң.
Кайран Төштүк жан досум,
Этиң калар көк жашык,
Каның калар бир кашык,
Кечээ жер үстүнөн токсон алп,
Жер алдынан токсон алп,
Бирөө калбай жыйылган,
Ал казанды алалбай,

Токсон алптын баарысы
Бирөө калбай кырылган.
Алптар барган, эр барган,
Сенден мурун, эр Төштүк,
Албан түрдүү шер барган.
Чакташып чама келбеген,
Кызыталак казандан
Кыйланын баары сордурган.
Уламадан уласак,
Билгичтерден сурасак,
Бир кулагы казандын -
Жандарды сорчу ажыдаар.
Бир кулагы казандын -
Ааламдын баарын өрттөгөн,
Кудайдыр жети каары бар.
Бир кулагы оолугат,
Оолукканда кулагы,
Барган жандын баарысы
Өлүмгө чындап жолугат.
Сапар жүрдүң казанга,
Кудай билет келишти,
Кудай билет өлүштү,
Атың тулпар, өзүң эр Төштүк,
Айласыз сырттан ургурсуң, Төштүк.
Айласын тапсаң, өзүң тап, Төштүк,
Жоголсоң, мүшкүл жаманат, Төштүк,
Жаратканга сырттаным,
Жалгыз башың аманат, Төштүк.
Камоодо жаткан эрендин
Кайгысын жазган сен элең, Төштүк.
Бекүүдө жаткан берендин
Белин чечкен сен элең, Төштүк.
Элемандын эри – деп,
Эгемден сурап жүрүүчү элек, Төштүк,
Кааладым, билдим өзүңдү, Төштүк,
Мага чаптыра кеткин көзүңдү, Төштүк.
Ал казанга барып кел, Төштүк,

Чамаң келсе чапчышып,
Казанды мында алып кел, Төштүк.
Казандан аман сен келсең,
Бир жакшылык көрөрбүз, Төштүк.
Аман келбей сен калсаң,
Тирүү болбой өлөрбүз, Төштүк.
Казандын жайы ушундай,
Кабары кыйын, жолу күч,
Кабылганды кылган түз, Төштүк,
Чалкуйрук чаркы келбесе
Өз жанындан күдөр үз, Төштүк,
Деген сөзгө көнө көр.
Кенжеке берген күлазык,
Бара замат токтотпой,
Чалкуйрук атка бере көр, Төштүк.
Атышып алыш кылуучу,
Найзалашып туруучу
Анык адам жоо эмес, Төштүк!
Өткөрө жуткуч, чоң кыргын
Өлүмдү каалап калыпсың, Төштүк»,–
Конокбай айтып мындай сөз
Элемандын сырттанын
Коштошуп жолго салды дейт.
Дагы айтты Конокбай:
«Казанга сапар баштаба, Төштүк,
Казанга сапар баштасаң,
Төрт Маамытты таштаба, Төштүк.
Бир Маамытың, сырттаным,
Ажалды угуп көрүүчү.
Бир Маамытың, сырттаным,
Азаптын баарын билүүчү.
Бир Маамытың, сырттаным,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Тегиз чалып берүүчү.
Жанындагы жарагың,
Ушу турган төрт Маамыт
Жаныңа жолдош караанын».

Конокбай мындай дегенде,
Элемандын сырттаны
Чайиңгидей тон кийип,
Чалкуйрук сырдуу ат минип.
Ээрчиткени Маамыттар
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Ээрчиткени төрт Маамыт,
Адыр-күдүр белди ашып,
Боз мунарык күйгөн кум
Адам өлөр чөл басып,
Чөлдү басып оолугуп,
Элемандын эр Төштүк
Ит ашпастын жонуна
Эми жетти жолугуп.
Ит өтпөс белин ашты эле,
Ары жагында Ала-Көл,
Ала-Көлдү басты эле.
Ала-Көлгө барганда,
Кайыпчы кара таш экен,
Кара ташта каты бар:
«Жер үстүнөн токсон алп,
Жер алдынан токсон алп,
Бул казанды алууга
Баары келип жыйылып.
Кыргын болду», – деп жазган,
Кара ташта аты бар.
Кайыпчы кара таш экен,
Тегерегин караса,
Калдырап куурап жыйылган
Алп-дөөлөрдүн башы экен.
Төштүк оозун жыйгыча,
Күн бүткөндөн, түн бүтүп,
Чалкуйрукка тил бүтүп,
Артыкча тулпар мал экен,
Адамча сүйлөп Чалкуйрук,
Элемандын Төштүккө

Кыямат жолдош мал экен.
Чалкуйрук анда муну айтат,
Элемандын Төштүккө
Жан билбеген шумду айтат:
«Жолдош да элең, эр да элең,
Элемандын Төштүгү,
Жолугуп минген сен элең,
Мен билгенди билдинби?
Мен көргөндү көрдүңбү?
Күбүнгөндө мен өзүм
Күндө жүнүм чачуучу элем.
Терең болгон дайраны
Кургак жердей басчу элем.
Оозумда жайсам мен өзүм
Учуп жүргөн адатым.
Самаган жерге жеткирген
Капталымда канатым.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Ар качандан бир качан
Жолдош болгон адатым.
Ээримди алып жайдакта,
Эми карап туруңуз,
Эми ойлоң ар ишти
Энөөлүк болот мунуңуз.
Чалкуйрук эсен чыгарын
Эгемден сурап туруңуз.
Кара болот оздук,
Кайышы мыкты жүгөндү
Башымдан тартып калыңыз.
«Аманат» – деп өзүмдү
Айдап көлгө салыңыз.
Энөөлүк болот мунуңуз,
Ак тасма менен оролтуп,
Кулакты бекем бууңуз.
«Курбалдаш эле Чалкуйрук,
Кургурум кантер экен?» – деп,
Ошону сурап туруңуз.

Кырк кулактуу казаның
Ушу дайра түбүндө,
Ал казанга барышам,
Казан менен алышам,
Мыкты болсо көрүшөм,
Ары-бери тебишем.
Казан менен мен эми
Абыдан жатып челишем.
Элемандын сырттаны,
Чоң эстенип жатыңыз,
Өрттөнгөн ошо казандын
Серпиндиси тийбесин,
Жаныңды эсен катыңыз.
Энөө Төштүк, оңбой кал,
Эгерде эки болбой кал.
Эрдигиң бар, эсиң жок.
Энөө Төштүк экенсиң.
Тамашага батканда,
Күлайым менен экөөңөр
Эч бир уйку көрбөстөн,
Ойноп-күлүп жатканда,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Уйкуга көзүң кетиптир,
Ошол кезде баякы
Сыйкырчы кемпир жетиптир.
Көкдөө жумшап көп берсе,
Ал тозоку жетиптир,
Жаның болот өгөөнү,
Тының* болот өгөөнү
Кемпир уурдап алыптыр.
Кырк кулактуу казанга
Тутанып өлгөн ал кемпир
Туура бере салыптыр.
«Төштүктүн жаны экен», – деп,
Муну менен өгөөндү
Казан басып калыптыр.

Аны билип ал Көкдөө,
«Барса Төштүк өлсүн, – деп,
Кыямат жүзүн көрсүн», – деп,
Казанга жумшап салыптыр.
Мен киремин казанга, Төштүк,
Катып калган казанга
Калайманды саламын.
Ал казандан өгөөнү,
Өлбөсөм жулуп аламын.
Бекип жаткан казанга
Мээнетти бекем саламын.
Көлдөн көбүк кан чыкса,
Өөдө-төмөн жүгүргүн,
Ошондо менден түңүлгүн.
Көбүк кара кан чыкса,
Чалкуйрук тулпар өлгөнү,
Кыямат жүзүн көргөнү.
Агарган көбүк оргуса,
Кадиктүү тулпар Чалкуйрук
Казанды сүйрөп келгени,
Тилекти кудай бергени.
Казан суудан көрүнсө,
Камбылдыгың сала көр, Төштүк,
Төрт Маамыт менен бешөөлөп,
Бир болушуп кала көр!..»[1]
Чалкуйрук мындай дегенде,
Айтканын кылып эр Төштүк,
Ээрин алды жайдактап,
Элеман уулу эр Төштүк
Моюнга курун салынып,
Бир кудайдын бендеси,
Чалкуйруктай тулпардын
Жүгөнүн алып турду эми,

---

[1] Óøóë ñàïòàí êèéèí îéäóí ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóãó ¿÷¿í «Êàçàíäû òàðòûï àëà êºð» äåãåíäåé ûð ñààáû êåëñå òóóðà áîëìîê.

Кулагын мыктап бууду эми.
Көкүлүн көк шайы менен бууду эми,
Куйругун куу шайы менен шүйдү эми.
Элемандын сырттандын
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа:
«Кагылайын Чалкуйрук,
Кара кылып отурган
Алыста калды тууганым,
Айбан да болсо жаныбар,
Каралашкан бууданым.
Өлүм орток, жан бирге,
Сенден калып айрылып,
Кантип тирүү турамын?
Көкдөөнүн мөрөй казанын
Албай калсак жаманат,
Ай жаныбар бууданым,
Бир Алдага аманат.
Көкдөөнүн мүшкүл тозогун
Көргөлү келген экемин,
Кор болуп жүрүп, мен эми
Сенден калып айрылып,
Өлгөлү келген экемин.
Тозок тартып бул жерге,
Кеткели келген экемин.
Кыйналып жүрүп мен эми,
Кызыталак дүйнөдөн
Өткөлү келген экемин.
Казанга айбан жолуккан
Кабарда болбойт мындай иш.
Убара болгон экемин,
Уктаса кирбейт мындай түш.
Учарына куйрук жок,
Канаттан чогуу айрылсам,
Кандай күн болот, Тоштүккө
Чалкуйруктан айрылсам?!

Кыямат[1] жүзүн көрөбү?
Элемандын эркеси
Кысталып жүрүп өлөмбү?
Чалкуйруктан айрылсам,
Кармап минер буудан жок,
Азып шордуу мен болдум,
Же кара кылар тууган жок,
Шорго чумуп баратсам,
Тартып алар ага жок.
Эңкейип кетсем казандан,
«Эсил атам кайда?» – деп,
Эсине алар балам жок.
Корчулук келип башыма,
Ичим кайнап, боорум чок.
Эңкеймек болдум мен Төштүк,
Алда Таала кудурет,
Өзүңдөн башка алы* жок,
Көңүлүм жаман бөлүндү,
Каражолтой бул казан
Кайсачуудай көрүндү.
Чалкуйрук мурун өлөбү?
Жер силкинип, көл толкуп,
Төштүгү менен таптакыр
Төрт Маамытты соробу?
Капырдын каардуу казаны,
Катуу болду азабы.
Тик басып чыгар тоо эмес,
Тиктеше кетер жоо эмес.
Барган жан кайта кайтпаган
Балакет казан соо эмес.
Казаны бизге жоо болгон
Капырай Көкдөө соо эмес.
Бендеңе жыргал заман кыл,
Бендем десең, Төштүктү
Чалкуйругум аман кыл.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «êûéàò» äåï êàòà æàçûëãàí.

Чалкуйруктан айрылса,
Өлүүчүдөй Төштүк кайгырса,
Бел ашалбай көз жайнап,
Белде калар бекемин?
Суу табалбай акактап,
Чөлдө калар бекемин?
Чалкуйруктан айрылсам,
Жаным чыкпай алайып,
Белде калар бекемин?..»
Зарын айтып эр Төштүк,
Чалкуйруктай тулпарды
Көкүлдөн кармап бек жыттап:
«Кайта айланып келгиче
Төштүгүндү көргүчө
Аман болгун, – деп жыттап,
Ай Чалкуйрук бууданым,
Сен өлгөндө, мен өлдүм,
Адам жүрбөс ач белде,
Кузгун учпас куу чөлдө,
Сен экөөбүз тең өлдүк.
Акылдашым, сырдашым,
Акыр заман салдың го
Айбанда болсоң сырдашым.
Жаныбарым Чалкуйрук,
Кошулуштук жашында.
Акыр заман саландап,
Азыр турат, Чалкуйрук,
Бул Төштүктүн башында.
Капа болуп кайгырсам,
Караан кылып отурган,
Чалкуйрук, сенден айрылсам,
Какшаган кызыл тилибиз,
Караан кылган бир жан жок,
Тутам болду күнүбүз!»
Зарланып Төштүк ошондо
Далайды айтып калды эми.
Бенде келбес азапка,

Кырк кулактуу казанга
Чалкуйрукту салды эми.
Отко салса күйбөгөн,
Суугa салса батпаган,
Элемандын сырттаны
Эси кетип, ич күйүп,
Чалкуйруктай тулпарды
Эми суугa салды эми.
Чалкуйругу курусун,
Караса көзгө илинбейт,
Кайсы экени билинбейт,
Кайып болуп калды эми.
Жер тыңшаган Маамыты
Жер танабын билүүчү.
Жерди тыңшап калды эми.
Тыңшап турган ал Маамыт,
Алаканын шак оюп,
Көтүн жерге так коюп,
Байкуш Маамыт канетсин,
Мурутун булкуп ыргытып,
Сакалын жулкуп ыргытып:
«Үч Маамыт менен эр Төштүк,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Сормо көлдүн түбүнө,
Сопол куйрук, сом туяк
Ал Чалкуйрук барыптыр,
Чалкуйрукка ал казан
Азапты артык салыптыр.
Талкалашып тебишип,
Талыкпастан урушуп,
Канаттары кайрылып,
Катуу мүшкүл иш көргөн,
Жаныбарым Чалкуйрук
Күч-кубаттан айрылып,
Ал Чалкуйрук буудандын
Каны калган бир кашык,

Эти калган көк жашык...»
Капа болуп чуу туруп,
Жөө эле күлүк Маамыты
Өөдө-төмөн жүгүрүп,
Көрөгөч менен куюнкөт
Эки бирдей Маамытты
Эми жандан түңүлүп.
Элемандын сырттаны
Болкулдай басып аянып,
Боз балтаны таянып,
Эң тиштенип ич күйүп,
Эсеби жок эрикти,
Кылган экен эр Төштүк,
Эл билбеген эрдикти:
«Кызыталак сен казан,
Ит ичпестин Ала-Көл,
Кыргынды кызык салбасам,
Бака чардап жатуучу,
Баткактуу чалчык кылбасам,
Төштүк болбой өлөйүн,
Туубай туна чөгөйүн!..
Дегениме көн деймин,
Чалкуйругум бер деймин!
Дегениме көнбөсө,
Чалкуйрукту бербесе,
Сабап көлдү чачпасам,
Ар бир жакка агызып,
Кыян кылып салбасам.
Төштүк болбой өлөйүн,
Туубай туна чөйөгүн».
Кара жаак булдурсун,
Кармай калып имерди,
Ит ичпестин Ала-Көл
Карсылдатып жиберди.
Каарданып эр Төштүк,
Көлдү сабап турганда,
Төрт Маамыты биригип,

Жерди сабап турганда,
Жер титиреп, көл толкуп,
Жеткилең кыйын иш болду,
Көлдүн баары чачылды,
Жердин баары казылды.
Көп күйүт тартып турушуп,
Көл, жер менен урушуп,
Угар кулак Жер тыңшаар
Жерди тыңшап калды эми.
Жерди тыңшап сүйүнүп,
Каарданып бакырып,
Үч Маамыт менен Төштүктү
«Бери кел!» – деп чакырып.
Козголуп эгер койбогон,
Ичсе канга тойбогон,
Кырк кулактуу казанды
Кыйын тулпар Чалкуйрук
Кыйшайта тартып салыптыр,
Сенин кереметтүү болот өгөөндү
Чалкуйрук жутуп алыптыр.
Ал казанга дүмөктү
Салган экен Чалкуйрук
Каражолтой казандын
Бир бөйрөгүн жара тээп,
Калган экен Чалкуйрук,
Башын жерге абыдан,
Салган экен Чалкуйрук.
Казанды тиштеп калдайтып,
Калган экен Чалкуйрук.
Ал казанды оорунан
Чалкуйруктан ал кеткен,
Кармашып жатып казанга,
Ооз менен мурундан
Өжөктөп кара кан кеткен,
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Ай жаныбар Чалкуйрук

Омуртка сөөгүн оркойтуп,
Опсуз күчкө салыптыр.
Кабырга сөөгүн каржайтып,
Катуу күчкө салыптыр.
Ай жаныбар Чалкуйрук
Казанды жеңип калыптыр.
Кырк кулактуу казанды
Көтөрүп тиштеп алыптыр.
Баракелде Чалкуйрук
Мураадына жетиптир.
Төрөм Төштүк, сен үчүн,
Курман болуп кетиптир.
Аргымак жыйгын, тулпар жый,
Чалкуйруктай буудан жок».
Жер тыңшаар Маамыт ошондо,
Төштүккө кепти урду эле,
Баабединин бат айтып,
Сырттан Төштүк турду эле.
Антташканда Төштүккө,
Чалкуйрук айткан кеби эле:
«Казанга чамам келе албай,
Алдырып салсам бул көлгө
Кандуу көбүк ал көлдөн
Кайнап чыгат» – деди эле.
Бул белгимди сырттаным,
Күдөрүң үзүп күлүктөн
Өлө бергин» – деди эле.
Ит өлбөс көлүн каалаcа,
Чалкуйруктун белгисин
Көл үстүнөн караса
Элемандын сырттаны
Көңүлү жаман бөлүнөт.
Кан аралаш жин көбүк
Оргуп чыгып көрүнөт.
Бул көбүктү көргөндө,
Элемандын Төштүктүн
Көңүлү кетип бөлүнүп,

Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Капа мүшкүл иш тартып,
Жер алдына түшкөндө
Кайгырганы келипмин.
Барса-келбес казанга
Ай жаныбар Чалкуйрук,
Сени берип мен эми
Айрылгалы келипмин.
Канатым элең, Чалкуйрук,
Канатымдан айрылып,
Сопол болот экемин,
Мүйүзүмдөн айрылып,
Токол болот экемин».
Кан көбүк көзгө көрүнүп,
Көңүлү жаман бөлүнүп,
Асманда Алданын күнү бүркөлүп,
Сырттан эрдин башына
Алтымыш санаа бир келип,
Мүшкүл болбой эмине?
Бел байлаган белги жок,
Бекип жаткан жери жок,
Мүшкүл көрүп түн тартса,
Чалкуйруктан айрылып,
Катуу кыйын иш тартса,
Кабак ачып, көөн ачар,
Караса урук, заты жок.
Эш тутуп минген ошондо
Чалкуйрук тулпар аты жок.
Аны ойлонуп эр Төштүк,
Муруту кетип суюлуп,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлуп.
Жана дагы караса,
Сырттан эрдин көзүнө
Кандуу көбүк көрүнөт,
Ал ошондо Төштүктүн
Көзүнүн жашы төгүлөт.

Чалкуйрук айткан кеп эле:
«Каза болсом казандан,
Каражолтой ал көлдөн
Кайнап алып ошондо
Кара кан чыгат, – деди эле,
Кара кан чыгып жаттыбы?
Кадемим эми каттыбы?
Карargandan түнөрүп,
Башынан капа бөлүнбөй,
Көкүрөктө чымын жан,
Жалгыз кылча көрүнбөй,
Казанга келип тамтайып,
Жаман өлмөк экемин.
Чалкуйрук, сенден айрылып,
Арам өлмөк экемин.
Эт бышымдай жан кыйбай
Тилек тилеп турайын.
Чалкуйруктай тулпардын
Анык билип өлгөнүн,
Анан жанды кыяйын,
Жараткандын буйругу
Ушундай экен көрөйүн.
Анык билип өлгөнүн
Чалкуйруктун артынан
Көлгө түшүп өлөйүн!»
Каарданып эр Төштүк,
Кайран жандан түңүлүп,
Жанында болот кылычты
Кабынан суурup алды эми.
Эми жанды кыюуга
Элемандын сырттаны
Даярданып алды эми.
«Түшкөн чыкпас чуңкур ор,
Кайнаган экен биздин шор.
Жеримден ооп азганда,
Жети тозок мен тартып,
Жердин астын басканда:

Арышым жазган бууданым,
Чалкуйрук менин тууганым.
Эгерде эстен чыкпайт го
Көөдөнгө бүткөн бушманым.
Аркамдан аңдып турат го?
Башымды алып алууга,
Каардуу Көкдөө душманым.
Чалкуйруктан айрылып,
Калдайып жөө мен калсам,
Кашайтып көзүм оёт го?
Касташып турган бул Көкдөө
Кармап алып соёт го?
Бул балааны көргөздүң,
Жарык жүздүү жакшы аттуу.
Жаркыраган заман кыл,
Төштүк, – деп, кудай, жаратсаң,
Чалкуйрукту аман кыл!
Капа болуп каранып,
Эр сырттаны кайраның
Айбалтаны таянып,
Жана көлгө көз салса,
Көңүлү кетип бөлүнөт,
Бая кандуу көбүк жоголуп,
Төштүктүн иши оңолуп,
Ак көбүк чыккан көрүнөт.
Ал көбүктү көргөндө,
Элемандын сырттаны
Баабединин бат айтып,
Байкап Төштүк туралбай,
Акылы айран бөлүнүп,
Как Төштүктүн алдынан,
Калдайтып казан көтөрүп,
Чалкуйрук тулпар көрүнүп,
Казанды көрүп төрт Маамыт,
«Баабедин» – деп бакырып,
Баары текши ошондо
«Төштүк!» – деп ураан чакырып,

Элемандын сырттаны
Бир кулагын казандын
Эңкейип кармап калды эле.
Камчы саптай имерип,
Кулактан тартып алды эле.
«Желмогуз болсоң сен, казан,
Көкдөөнүн шаарын басчы!» – деп,
Тегеретип салды эле.
Кырк кулак жандуу казанын,
Көлдөн сууруп алганда,
Жер титиреп, көл толкуп,
Жетик мүшкүл иш болуп,
Ыргытып ийсе эр Төштүк,
Эчен белди ашыптыр.
Күүлөнгөндөн ал казан
Тегеренип калыптыр.
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Тегеренип ал казан,
Көкдөөнүн шаарын басыптыр.
Көкдөөнүн калкы чуркурап,
Ал казанды көргөндө,
Аманат жандан түңүлдү.
Элеман уулу Төштүктүн
Сырттандыгы билинди.
Мына ошондо Чалкуйрук,
Омуртка сөөгү оркойгон,
Кабырга сөөгү каркайган,
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Төштүк баштап төрт Маамыт
Ничке жолду төтөлөп,
Чалкуйрукту жетелеп,
Көп жетелеп отуруп,
Көөдөнүн чөпкө толтуруп,
Так жетелеп отуруп,
Таз кардын чөпкө толтуруп,

Элемандын сырттаны
Жатып жанбаш талдырып,
Жанбаштап уйку кандырып,
Тилекти кудай берди – деп,
Чалкуйрук аман келди» – деп,
Эс алып Төштүк турганда,
Эсине түшөт бирдеме,
Баякы кайран катын Кенжеке:
«Артык тулпар Чалкуйрук
Арып кетсе жесин» – деп,
Аманат берген бир буюм,
Ал буюмду караса,
Калк аманын каалаcа,
Чалкуйруктун суп жабуу,
Ылайыктуу куп жабуу,
Жылан боор бүктүргөн,
Жылас катын Кенжеке
Жымырата тиктирген.
Уздан узга уздаткан,
Жез оймоктун кыйыны
Иштүүлөргө сындаткан.
Аркагын артык бек кылган,
Билими башка Кенжеке:
«Сырттан төрө Төштүгүм
Жер алдына түшөт» – деп,
Жети жыл мурун шек кылган,
Ичин кымбат иштеткен,
Сырттаным сапар кетет», – деп,
Жыйып алып Кенжеке,
Сан келинге тиштеткен.
Калагын калган жабууга,
Табылгы жакса чок өтпөйт,
Жаткырып атса ок өтпөйт,
Ысыкка койсо буу өтпөйт,
Дайрага салса суу өтпөйт,
Кечээ өгөөгө Төштүк келерде,
Бул мүшкүлдү көрөрдө,

Берен катын Кенжеке
Сырттанына ошондо
Берген экен аманат.
«Жапалуу жанга күч келсе,
Жатып уйку кандыр – деп,
Саа беремин аманат,
Ушу жабуу ичинде,
Катып койгон күлазык,
Чама кетип баратса,
Чалкуйрукка чалдыр», – деп,
Кара жанын Кенжеке,
Кыйнап берген эмеспи.
Кайрат айтып ошондо,
Ыйлап берген эмеспи!
Кайран катын Кенжеке,
Чыбык тартып шырыган,
Жети имерип толгогон,
Жети жылы ондогон,
Ургаачыдан эң билгич
Мындай бейбак болбогон.
Элемандын сырттаны
Жабууну сөгүп алдырып,
Кенжеке берген күлазык
Чалкуйрукка чалдырып,
Алты чайнап бир жутуп,
Ай жаныбар Чалкуйрук,
Жерге жата калды эле,
Жети жолу оонап алды эле,
Ачкан курсак тоюнуп,
Арыган жаны семирип,
Ооруган жери басылып,
Бул Чалкуйрук жаныбар
Умачтай көзү ачылып.
Семирип-сергип нак толду,
Энеден жаңы туулуп,
Телчигендей чак болду.
Элемандын сырттаны

Чалкуйрукту минди эми,
Чайиңги тонду кийди эми.
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаар булуттай
Каар бетине айланып.
Азып барып эр Төштүк,
Жерден көрүп аңгеме
Казандан кайта тартканда,
Оюна түшөт бирдеме.
Ээр белдей дөбөдөн,
Эңкейип Төштүк түштү эле,
Кайран катын Кенжеке
Желмогузга жөнөөрдө,
Каалап берген күлазык,
Кайра байлап кабыштап,
Берген экен Төштүккө!
Аманат байлап табыштап,
Өткөрө кыйын күлазык
Элемандын сырттаны
Күлазык оозун ачты эле,
Жан казанга чачты эле,
Чайкап ийип ошондо,
Сапарга чыкса алуучу
Уйбаш кара жан аяк
Төрт Маамыт менен эр Төштүк
Бөлө жутуп калды эле.
Күлазык жайы момундай:
Кургаган таңдай сууланат,
Чарчаган жан ошондо
Жай алып жаны кубанат.
Коолдоп көңүл ачылып,
Кордуктун баары чачылып,
Умачтай көздөр ачылып,
Ооруган жерлер басылып,
Астындагы Чалкуйрук
Семирип, сергип ык болуп,
Үстүндөгү эр Төштүк

Жоо жоолоого нык болуп,
Күчүнө келип күүлөнүп,
Албан түрлүү түрлөнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Сырттандык сыны көрүнүп,
Урунарга тоо таппай,
Элемандын сырттаны
Урушарга жоо таппай,
Чайнарына таш таппай,
Чабарына баш таппай
Адыр-күдүр бел өтүп,
Капка ташка токтоду,
Эр сырттаны ошондо
Кенжеке түшүп оюна,
Качанкы дартын жоктоду:
«Аташканым Кенжеке,
Саламчыдай жолгошуп,
Аташканга жете албай,
Каар бетине айланган,
Жер алдына байланган,
Төштүктөй шордуу бар бекен?
Жакшы болсо Кенжеке
Аманатым койгондур,
Жаман болсо Кенжеке
Чаар ингенди сойгондур.
«Сырттаным кайып болду» – де,
Күдөрүн үзүп койгондур.
Жакшы болсо Кенжеке,
Саргарып күйүп өткөндүр.
Көзүнүн жашын төккөндүр.
Жаман болсо Кенжеке,
Чаар ингенди сойгондур.
Сан дүнүйө мүлкүмдү
Сапырылтып тоздуруп,
Сарыбай кирип кеткендир!»
Элемандын сырттаны,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,

Өз ичинде сүйлөнүп
Акыл ойлоп аянып,
Алтын жаак, айбалта
Оң бөйрөккө таянып.
Карааргандан түнөрүп,
Кайран Төштүк келатса,
Оң тарабын караса,
Мелтиреген талаада,
Адыр-күдүр салаада,
Көрсө, көңүл бөлүнөт.
Ар кимиси миң-миңден,
Бөкөн менен куланы
Аралаш жүргөн көрүнөт.
Куланды кууп туруугa
Кызыкты мыктап кылууга,
Элемандын сырттаны
Көңүлү ооп бөлүндү,
Жерди тыңшар Маамыты
Ушу жүргөн куландын
Качар жагын алды эми.
Жейрен секиртпес Маамыты[1]
Кулан, бөкөн кубалап,
Артык кызык салды эле.
Кулан айдап, бөкөн кууп,
Элемандын сырттаны
Кутура турган күнү тууп,
Жетик экен азамат,
Жейрен секиртпес күлүгү
Кууп жүрүп куландын
Кысырагын союшуп,
Кулаандардын этине
Эркин жатып тоюшуп.

[1] Ò¿ï íóñêàäà «Ìààìûò» äåï æàçûëãàí. Ûðäûí ûðãààãû, ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóãó ê°ðñ°ò¿ï òóðãàíäàé «Ìààìûòû» òóóðà. Êàò÷û àéòóó÷óíóí òåìïèíå æàðàøà øàøûï æàçãàíäà êåòêåí êàòà÷ûëûê.

## ЖЕЛМОГУЗ КЕМПИРДИН УУЛУ КАРАДӨӨНҮ ТӨШТҮКТҮН ӨЛТҮРГӨНҮ

Таң саргарып калганда,
Угар кулак Маамыты,
Каарданып бакырып,
Эр Төштүктү чакырып:
«Эрдигиң бар, эсиң жок,
Энөө Төштүк, сен элең
Мен туйганды туйдуңбу?
Же туйбай, билбей турдуңбу?
Мен туйганды туйбасаң,
Мен билгенди билбесең,
Туйганым менен билгеним,
Түгөл айтып берейин.
Дажаал капыр кемпирдин
Алты кызы, бир уулу
Анык эле мына бу,
Уйпалып кеткен кемпирдин
Уулунун аты Карадөө,
Карадөө жайы ушундай.
Зордугу тоонун теңиндей,
Ким көрүнсө жегидей,
Карадөө балбан дечү экен,
Бир жылдык жечү тамагын
Бир күнү барып жечү экен.
Калк чуркурап баарысы,
Карадөө балбан дечү экен.
Үйүң күйгөн ал Көкдөө:
«Казанга барып эр Төштүк,
Карып болуп калды, – деп,
Каны качып, кызыталак,
Арык болуп калды, – деп,
Аты болду ыргайдай,
Өзү болду торгойдой,
Эсебин эми тапкын – деп,
Кесиреттүү* Төштүктү

Эки бөлө чапкын», – деп,
Үйдөй чокмор шайлаптыр,
Сени кармап союуга
Карадөөсүн камдаптыр.
Ал Карадөө кутуруп,
Сени тосуп чыкканы,
Каарданып казанды
Теңизден сууруп алганда
Тегеретип ийгенде,
Тегеренип кырданып,
Ошол казан жетиптир,
Каары катуу Көкдөөнүн
Капкалуу шаарын ошондо
Аралай чаап өтүптүр.
«Көз көргөндү азгырып,
Эчен жанды кырдың» – деп,
Жети баштуу кемпирге
Каарданып ал казан,
Элемандын сырттанын
Алып келип ушунда,
Мага да кызык кылдың», – деп,
Тегеренип жетиптир.
Упат кылып сөөгүн,
Жети баштуу кемпирди
Сексен бөлүп өтүптүр.
Казандан ал Көкдөө
Өз дүнүйөсүн чачыптыр.
Өлдүм-талдым дегенде
Көкдөө качып кутулуп,
Шаарын казан басыптыр.
Мал таптырган кайнатаң,
Көргүлүктү көрүптүр,
Көп адамы өлүптүр.
«Элемандын сырттаны
Каарданып какайса
Кантсе бирди кылат, – деп,
Калтырбай журтту кырат, – деп,

Тозо чыгып жолунан
Эрикпей согуш салгын, – деп,
Энеңдин өчүн алгын, – деп,
Атаңдын көрү Карадөө,
Элемандын Төштүккө
Талканды кызык салгын – деп,
Көрсөтпөй өлтүр көзүмө,
Жолотпой өлтүр өзүмө!»
Болот калкан кийгизип,
Тоодой боз ат мингизип,
Баатырдыгы, дөөлүгү
Озо чыгып калыптыр.
Элемандын Төштүгүн
Тозо чыгып калыптыр.
Зордугу тоонун теңиндей,
Каарданып качырса,
Кармашкан жанды жегидей.
Беттеп адам баргысыз
Казып койгон ору бар,
Кайнатып койгон шору бар.
Бел байлаган бели бар,
Бет алдыңан жолугар
Карадөөдөй эри бар.
Уга көр, Төштүк, сөзүмдү,
Ача көр эми көзүңдү.
Ала айгырдай ат минип,
Кыл куйругун чарт түйүп,
Эр Конокбай балбаным:
«Ажал жетсе өлөм, – деп,
Тогуз уулдун кенжеси
Бир кудайдын бендеси,
Элемандын сырттанга
Караан болуп берем, – деп,
Жанды кудай жаратат
Караан болуп берем» – деп,
Эр Конокбай келатат.
Мүшкүл келет, жоо келет,

Доошунан жан чыгып,
Карадөөдөй чоң келет.
Астындагы Чалкуйрук,
Тулпардан эстүү жан эле.
Мүшкүл менен жыргалды
Ачык сүйлөп берүүчү
Адамча тили бар эле.
Сөзгө кулак сала көр,
Чалкуйрук тилин ала көр!» –
Деп ошентип тыңшаары,
Айтып оозун жыйгыча
Быяк жагын караса,
Көңүлү кетип бөлүнөт.
Зордугу тоонун теңиндей,
Көчүп келет ошондо,
Бир боз сеңир көрүнөт.
Кыймылдаган боз сеңир,
Тоо десе, ал зоо экен.
Кулак угуп, көз көрүп,
Элди-журтту кыдырып,
Элемандын сырттаны
Бул өңдөнгөн капырды
Түк көргөнү жок экен.
Сөлөкөтү, сөлбөтү,
Атка минген келбети
Найзакерден ыктуу экен.
Өзү жоонун айласын
Ашкере билген мыкты экен.
Болумдуу күрмө тон кийип,
Болот калкан колго алып,
Карагайдай короюп
Капырыңдын найзасы.
«Артык экен, – деп турам, –
Бул капырдын айласы».
Сыягына караса,
Мурунуна караса,
Борчуктуу тоонун бородой,

Кайраты бийик, заары күч,
Ал капырга жолуккан,
Кайран жандан күдөр үз!
Арбайыңкы колуна
Чапчып алса тим эле
Адам уулу киргидей.
Жалынган менен болбостон,
Жаның чыккан ал капыр
Тытып-тытып ийгидей.
Каш-кабагы капырдын
Белестүү тоонун буткулдай,
Кармалашкан адамды
Ат, тону менен тим эле
Кармап алып жуткудай.
Канжардай тиши калкайган,
Чондугу тоодой даңкайган.
Каарданып бакырып:
«Элемандын сырттаны,
Кыйын болсоң, келгин» – деп,
Казыр келди чакырып:
«Төрт Маамытың баарың кел,
Конокбайың дагы кел!
Угуп тур эми сөзүмдү,
Көрүп тур эми өзүмдү.
Чатакташпай-чырдашпай,
Каарды катуу баштаймын,
Чатагыма кабылсаң,
Кылча жаның койбостон,
Кызыталак Төштүгүм,
Кыргын кылып таштаймын.
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Эрдигине көнөмүн,
Алтооңорго беремин.
Жерден эңип алсаңар,
Ээр кашына салыңар,
Кулак салып сөзүңө,
Куп багынам өзүңө.

Сөзгө кулак салгын – деп,
Баатыр болсоң, эр болсоң,
Мына, таштайм боз баштык,
Жерден эңип алгын» – деп,
Каарды катуу баштады,
Карадөөдөй ал балбан
Боз баштык жерге таштады.
Ал көрөгөч Маамыты,
Качырып эми ошондо,
Баштыкты эңе баштады.
Качырып барып Маамыты,
Боз баштыкты алды эле,
Аты менен ошондо
Тоголонуп калды эле,
Угар кулак, көрөр көз,
Эки Маамыт жыгылды,
Секиртпес менен Куюнкөт
Эки Маамыт барды эле.
Экөө бирдей тороюп,
Жыгылып жатып калды эле.
Төрт Маамыт тең карысы,
Кыргын тийген эмедей
Кыйрап калды баарысы.
Маамыттар жаткан жыгылып
Сырттан Төштүк көрдү эле.
Кара көзү кан чалып,
Элемандын сырттаны
Карап турду таңданып.
Кара болот сыр найза
Кайра имерип карманып.
Элемандын сырттаны,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Качырып кирип барды эле,
Кол башындай баштыкты
Жерден эңип алды эми.
Баштыкты өөдө көтөрүп,

Күч менен тартып алганда,
Элемандын Төштүктүн
Кабыргасы какайды,
Омурткасы оркойду.
Астындагы Чалкуйрук
Багалчагы майышты,
Бели ийилип ошондо,
Сөөктөр бүтүн кайышты.
Карды жерге үч тийди,
Бели көккө үч чыкты.
Төштүк турду ошондо,
Баштыкты кармап тырышып,
Чалкуйрук менен урушуп:
«Чалгынга минсе чарчабас,
Кызыталак Чалкуйрук,
Чамаң эми кеттиби?»
Кыймылдабай, былк этпей,
Чалкуйрук туруп берди эле,
Кыйындыгын Төштүктүн
Эр Карадөө көрдү эле.
Эр Төштүккө кубанып,
Сырттандыгын билген соң,
Эр Карадөө муну айтат:
«Жер үстүнөн тентиреп,
Калгандыгың чын экен,
Жаан кескен сен, Төштүк,
Балбандыгың чын экен.
Көк темирден дөңгөчтү,
Жаргандыгың чын экен.
Көкдөөнүн кызы Кулайым
Алгандыгың чын экен.
Канга тойбос сырттаным,
Желип жүргөн сен өзүң
Бөрү экениң чын экен!
Кайран Төштүк аталып,
Эр экениң чын экен.
Каарым келген кармашта

Миң дөөнү жеке сойгомун.
Атым менен өзүмдүн
Оорлук өлчөөм болучу,
Ушу турган боз баштык
Мөрөйгө таштап койгомун.
Эңемин деп тыбырап,
Эси кетип турганда
Эчен дөөнү сойгомун.
Элемандын эр Төштүк,
Сырттандырсың, эрдирсиң,
«Бир беттешип калсам – деп
Бет алып уруш салсам» – деп,
Тилегеним сендирсиң,
Өйүз-бүйүз туралы,
Бирөөбүзгө бирөөбүз
Аябай найза уралы!
Сайышып кумар кандырып,
Ушундай кызык кылалы.
Алса болот майлаган,
Беттешкенди жайлаган
Беттеп бенде келбеген,
Беттешип душман жеңбеген,
Бек Карадөө мен элем.
Атышты арбын салалык,
Издеген жоом келипсиң,
Бир айкашып калалык.
Караандашып турушуп,
Жазайыл* атып, жаа тартып,
Жан кыйышып урушуп,
Эрен болсоң, шер болсоң,
Эми күрөш салалык!» –
Деп ошонтип Карадөө
Бузулбас боз тон кийип,
Боз тулпар сындуу ат минип,
Үйдөй кара балтасын
Үйрүп кармап колго алып,
Кайраттанып какайып,

Боз атына камчы уруп,
Жазайыл камдап, жаа тартып,
Жан койбоочу эмедей,
Дөөнү кудай урганы,
Колоюңку сыр найза
Элемандын Төштүккө
Күркүрөтө сунганы.
Элеман уулу Төштүктүн
Минген аты Чалкуйрук,
Кийген тону чайиңги,
Бүчүлүгү бир тогуз,
Бүчүлүгүн бекитип,
Топчулугу бир тогуз,
Топчулугун бекитип,
Ич кийими темир себили,*
Акырекке ок өтпөс,
Мээнет катын Кенжеке
Белекке берген темири,
Жай-жарагын шайланып,
Эр Төштүк эми ошондо,
Бар жарагын камданып,
Эрте сөзү кеч болуп,
Элемандын сырттаны
Эр Карадөө баатырга,
Бир мушташып алууга
Эки көзү төрт болуп,
Заары кыйын Карадөө
Элеман уулу сырттанга
Жетип найза салды эле,
Найза таамай тиерде,
Астындагы Чалкуйрук,
Коёнчо булт деп алды эле.
Карадөөнүн найзасы
Төштүккө тийбей короюп
Айла таап жазгырып,
Аша сайып салды эле.
Бура тартып калгынча,

Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Эр Конокбай балбаны:
«Ажал жетсе, өлөм – деп,
Азып келген сырттанга,
Өзүм өлбөй турганда,
Караан болуп берем» – деп,
Ала айгырга камчы уруп,
Төштүктүн досу Конокбай,
Кармап найза бек сунуп,
Карадөөгө жетти эле.
«Оң далынын бети, – деп,
Омуртка деген сөөктүн
Бери жакы чети» – деп,
Конокбай найза салды эле,
Эки мурду дардактап,
Эки өңүрү далбактап,
Көзү кетип алактап,
Буту кетип салактап,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден арт кылтайып,
Баатырсынып, эрсинип,
Келген экен Карадөө,
Карадөөдөн ал кетип,
Калдалактап турганы,
Кайран Төштүк сырттанын
Карадөөгө карата
Качырып найза сунганы.
Найзага камбыл, өзү эр,
Элемандын сырттаны
Найза сунган ошо жер.
«Чү» дегенде Чалкуйрук
Жаадай учуп закымдап,
Жебеден мурун жетти эле,
Жеткен жерде ошондо,
Учу болот, сабы жез,
Карадөөгө келди кез.

Кармай калып имерди,
Ал Карадөө балбанды
Элемандын сырттаны
Муштап келип өттү эми.
Төштүк найза сайганы,
Төбөндөн тийген Карадөө
Көзү кетип алайып,
Буту кетип шалайып,
Боз тулпардын үстүнөн
Карадөө түшүп калганы.
Аттан түшкөн Карадөө
Айры шили ортого,
Төштүк кылыч салды эле.
Тээп сууруп алды эле,
Коркурап дөө жатканда,
Конокбай жетип барды эле.
«Такыр колтук өпкө» – деп,
Конокбай кылыч салды эле.
Эр Конокбай чоң жөкөр
Карадөөнүн ошондо
Башын кесип алды эле.
Өрттөнгөн дөөнү өлтүрүп,
Тындым кылып салды эми.
Куу шилбинин дүмүрүн
Эр Конокбай балбаны
Карадөөнүн үстүнө
Тоодой кылып үйдү эми,
Карадөөнү Конокбай
Өрттөп келип ийди эми.
Тутам сөөгү калбастан,
Такыр отко күйдү эми.
Баабедин айтып бакырып,
Эр Конокбай ошондо
Карадөөнүн өлүгүн
Күл кылып эми сапырып.
Төштүк менен Конокбай
Бетегелүү ыраңга

Белден чыккан туланга,
Тулпарды чалдырып,
Эми жатты ушулар
Жатып уйку кандырып.
Таңга маал мезгил кез,
Уйкудан чочуп ойгонду,
Оң жагына толгонду.

## ТӨШТҮК КӨКДӨӨ МЕНЕН УРУШУП, АНЫ ӨЛТҮРҮП КОНОКБАЙДЫ КАН КЫЛГАНЫ

Чымын жандан чочунуп,
Чын тулпарды токунуп,
Жай-жаракты шайланып,
Ач болотту байланып,
Ай карарып түн болуп,
Эки эрендин башына
Аябай мүшкүл күн болуп,
Желдүү тунук булакка,
Чекесине түшүшүп.
Күлазыктан чайкашып,
Алмак-салмак ичишип,
Эс-акылды жыйышып,
Эске алып атты токунуп,
Эсил жандан чочунуп,
Жай-жаракты шайланып,
Кынсыз кылыч байланып,
Кайра жаар булуттай
Каар бетине айланып,
Ок өтпөгөн кымбат тон
Сырттарынан кийишип,
Ок жетпеген тулпарды
Эми токуп минишип.
Ээр белдей дөбөгө
Эр Конокбай ошондо
Кароол карап турду эле.

Камбыл экен Конокбай
Кароолдо туруп бакырып,
Кан Төштүктү чакырып,
Белесте туруп бакырып,
Берен экен Конокбай
Бек Төштүктү чакырып,
Боконо сөөгү болкулдап,
Бокту ичеги солкулдап,
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Чалкуйрук оозун бурду эле,
Сырттан эрдин алдына
Конокбай барып турду эле:
«Элемандын эр Төштүк,
Эрикпей жорткон сен, Төштүк!
Балбан элең, бөрү элең,
Жер алдында Көкдөөнүн
Каарын тарткан эр элең.
Найзакерден ыктуу элең,
Жаралган адам уулунан
Өтө сырттан мыкты элең
Аябаган дүмөктү
Баштап келген эр элең.
Жер үстүндө калкынды
Таштап келген эр элең!
Элемандын сырттаны
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Үзгүлтүк, тоонун урчукта,
Үңүрөйгөн тумшукта,
Боз адырдын бетинде,
Боз мойноктун четинде.
Казылган калың ор келет,
Жер жарылып мол келет.
Колу санга бөлүнөт,
Калың колун жайнатып,
Кара нээт чоң Көкдөө

Айдап алган көрүнөт.
Сени кармап алууга,
Кырк аркан бою зынданга
Алып барып салууга,
Мени кармап алууга,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Дангыттарга жарууга,
Бакандуусу бетинде,
Баатырлары четинде,
Кылыччандар бетинде,
Кыйындары четинде,
Найзачандар бетинде,
Арстандары четинде.
Аламан коюп чуркурап,
Атышты арбын салыптыр,
Азыр кармап алууга
Эбин тапса Төштүктү
Курмандыкка чалууга,
Кутургуруң желигип,
Кармап кырып кетчүдөй
Калган экен ээлигип.
Колу топтоп бөлүнбөйт,
Жан коёр чочко көрүнбөйт.
Боз мунарык, күйгөн чаң
Болжолун көрсөң, кыйла жан.
Үркүп-дүргүп дыркырап,
Көкдөөлөп ураан чакырып,
Каптап кетер көп келет,
Колдун түрү башкача
Кулак-мурун жеп келет.
Ээлигип бакырса
Эсине түшөт чоң санаа
Жан коёр эме көрүнбөйт.
Сырттан Төштүк, кебимди ук!
Барса-келбес эң кыйын,
Дегенине көнгөндө,
Кырк бир чаар тулпарын

Таап келип бергенде,
Мында да жакпай сен калдың,
Барса-келбес кыямат
Казанына барганда,
Буюрган жети мөрөйүн
Тегиз кылып бергенде
Мында да Төштүк жакпадың.
Асман ачык, жер бүркөө
Керик минип, бил минип,
Келе жатат балбаны,
Кеңири болгон талаада
Керишти мыктап салганы...
Ааламга татыйт көрүнөт
Бу Көкдөөнүн жаңжалы.
Эченге колу бөлүнбөйт.
Түшүп калса торуна
Жан коёр акмак көрүнбөйт,
Бул Көкдөөнүн колуна.
Кармашты калың кылат го
Кармашса жанды соёт го?
Бул Көкдөөнүн көп балбан
Аламан уруш коёт го?
Туура жанды аябай
Тутушуп уруш кылбасак,
Туура кармап соёт го?
Каптаган экен калың кол,
Калың колго кол салсак,
Кайнайт экен биздин шор?
Балбаны башка Көкдөөнүн
Алпы каптап келатат,
Көкдөө баштап көмүлгүр,
Жалпы каптап келатат.
Айтканым ушу билип ал,
Ыгын өзүм билемин,
Сырттаным, менин тилимди ал!
Найза имерип ыктуу сай,
Сырттандыгың чын болсо,

Жоонун айласын билип, мыкты сай!
Алайгырчан Конокбай
Ажал жетсе өлөрмүн.
Амалым болсо мен эми,
Сырттаным, сенин өзүңө
Караан болуп берермин».
Конокбай балбан муну айтып,
Айтып оозун жыйгыча
Кудай бетин көрсөтпө,
Быкылдап каптап кол келет,
Азгана эмес, мол келет.
Абайласа Төштүккө,
Бир башына зор келет.
Эрендерин, дөөлөрүн
Эпсиз айдап алыптыр,
Чоюнбаш чабар даңгылын,
Найза саяр камбылын
Алдыга айдап алыптыр,
Карагандан түнөрүп,
Катуу жаңжал салыптыр.
Көкдөө келет күүлөнүп,
Көп колуна сүйлөнүп:
«Элемандын Төштүгү,
Азып келген акмактын
Казан менен кармашып,
Мууну кеткен былкылдап,
Көзү кеткен жылтылдап,
Эти кетип, сөөк калган
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Коркпой-үркпөй, балбандар,
Такыр каптап калгыла!
Азып-тозуп тентиреп
Азып келген Төштүктү
Тирүү койбой кылычтап
Эми башын алгыла!
Бириң эмес, миң сайып,

Миӊ-саныӊ катар кол салып,
Оодаргыла аз эсин,
Чыгара чаап мээсин,
Тигинен уруш салгыла,
Элемандын Төштүгүн
Тим эле кармап алгыла!
Тездик менен өлтүрбөй,
Кордоп жүрүп өлтүрүп,
Кордукту койдой салгыла!
Калыӊ бербей, кыз алган
Элемандын Төштүгү,
Каргыш тийген кандай жан?
Эзип эсин кетирип,
Эмгекти мыктап салгыла.
Эки колун теӊ байлап,
Эки көзүн теӊ чукуп,
Чыккыс орго салгыла.
Тирүү койбой Төштүктү,
Тындым кылып калгыла!»
Көкдөө муну айтканда,
Балбандардын баарысы
Катар найза сунду – дейт,
Балбандардын баарысы
Кылычтын мизи кылтылдап,
Найзанын учу жылтылдап,
Аламандап кол салып,
Балбан кайнап кол жүрүп,
Камгак учкан эмедей
Азыр кайнап мол жүрүп.
Мындай дүмөк ким көргөн,
Түркүн-түркүн сөгүлүп,
Каптап көп кол көрүнүп,
Көрүп туруп ошондо
Элемандын сырттандын
Көӊүлү жаман бөлүнүп,
Элемандын эр Төштүк
Казан издеп бул байкуш

Чама чарчап, ал кетип,
Суугa кирген эмеспи,
Казандан кайта тартканда,
Айыкпаган чоң мүшкүл
Чууга кирген эмеспи!
«Түшкөн адам чыккысыз
Торго түшкөн экемин.
Жалынсам жанды койбогон,
Чылгый балаа кан ичме
Кызыталак бул Көкдөө
Көргө түшкөн экемин».
Кан ичмейи чын кармап,
Сыр найза кармап имерди,
Канаттуу күлүк Чалкуйрук
Такымга тартып жиберди.
Болот найза колго алып,
Көкдөө кандын көп балбан,
Көк жал Төштүк кол салган,
Эңкейиште эр сайып,
Эченин катар тең сайып,
Баскан жери быркырап,
Этине келген Чалкуйрук
Учуучудай дыркырап.
Жеткен жерин кулатып,
Көкдөө кандын көп балбан,
Күндөп-түндөп урушуп,
Төштүк салды чоң жаңжал.
Кыргынды кыйла салды эле,
Кыйын такаат бергенин
Элемандын сырттаны
Кылычтап башын алды эле.
Быяк жагын караса,
Алайгырчан Конокбай,
Алайгыр менен ойнотуп,
Көкдөөнүн алп, балбанын
Айдап кырып сойлотуп,
Алган экен Конокбай.

Элемандын эр Төштүк
Жер үстүндө жүргөндө
Жеке башым зор болгон,
Жер алдына түшкөндө
Жерге кирген Көкдөөгө
Жетимден жаман кор болгон.
Өөдө-төмөн карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Өлүмдөн жанды аябай,
Көкдөө жайын караса,
Көк тулпардай ат минип,
Көк темир калкан тон кийип,
Көк жамынчы жамынып,
Көрөр болсоң ал капыр
Көк камандай чамынып.
Элемандын сырттаны
Акыл санап, кеп ойлоп,
«Көкдөө менен мен эми
Алышайын» – деп ойлоп,
Түздөп найза сунушуп,
Элемандын сырттаны
Көкдөө менен урушуп,
Түз беттешип барышып,
Түз кармап найза сайышып.
Найза кыйрап чыдабай,
Тутамы колдо калышып.
Айбалта менен салышып,
Айбалта башы быркырап,
Сабы колдо калышып,
Жарактын баары быркырап,
Чоюнбаш менен чабышса,
Башы асманда дыркырап.
Калктын баары жарданып,
Көкдөө менен Төштүккө
Карап турду танданып.
Кезек менен салышып,
Кез-кездешип калышып.

Тулпарлар оозун бурушуп,
Турду минтип урушуп.
Чоң дөөлөрү кутулуп,
Чобурдун баары тутулуп,
Айгайлашып алышып,
Көкдөө менен эр Төштүк
Аркы-терки чабышып,
Мандай-тескей турушуп,
Мылтык атып, жаа тартып,
Былчылдашып урушуп,
Тулпардын баары жутунуп,
Көк темирден туулга
Көмүрдөй болуп тытылып,
Көргөндөр жандан түңүлүп,
Ок өтпөгөн чопкут тон
Канжыгадай тилинип,
Элемандын сырттандын
Сырттандыгы билинип.
Элемандын сырттандын
Ысыгына баталбай,
Суугуна жаталбай,
Көкдөө жүрөт күйүнүп,
Аяктай болгон чакмак эт
Элемандын сырттаны
Аркасынан Көкдөөнүн
Найза менен булуптур.
Чама чарчап, ал кетип,
Бүткөн бойдон Көкдөөнүн
Тарам-тарам кан кетип,
Көктулпар оозун буруптур.
Көп балбанын чакырып,
Көмүлгөн капыр ал Көкдөө
Керээзин айтып туруптур:
«Көкдөө, Көкдөө болгонум,
Көкдөө атка конгонум,
Эчен алп менен кармашып,
Эчен дөө менен алышып,

Эчендерди соргомун.
Каза таап өлбөдүм,
Бул өңдөнгөн балааны
Жер үстүнөн көрбөдүм.
Чабышып чама келгисиз
Кызыталак Төштүккө
Чарпышкан аман кеткисиз.
Барган жан аман тартпаган,
Өлүмгө жумшап кыйнадым.
Баргандын баарын талкалап
Чиймек болду сызыкты,
Кылмак болду кызыкты.
Баштамак болду башыма
Киши көрбөс бузукту.
Оңтойлоп найза урду эле,
Омурткамдын бети ооруйт,
Чоюнбаш менен урганда
Капкараңгы шум жайды
Көрүп кала жаздадым,
Ичи-тышым чок болуп,
Сүйлөөргө тилим жок болуп,
Кыяматтын кыстоосун
Көрүп кала жаздадым.
Эрдик менен шердиги
Элемандын Төштүгү
Кыраандардын өзү экен,
Мени кармап союуга
Өрттөнүп кеткен бул Төштүк
Өлчөп жүргөн кези экен.
Төштүк менен кармашып,
Күпсөрдө* дарым күбүлдү.
Күркүрөгөн эр Көкдөө
Кайран жандан түңүлдү.
Билеги жоон, таш жүрөк
Миң дөөнү аман коёбу
Бул өңдөнгөн бадирек?!*
Дегенине көнбөсөң,

Журт, багынып бербесең,
Кашайта көздү ойгудай,
Калтырбай жанды сойгудай.
Кыргын кылып баарыңды,
Кызык кылып талкалап
Кыйын кылып салгыдай.
Өлчөөсүн көрдүм Төштүктүн:
Кагыш кылып кармашкан
Жандардын алы жеткисиз.
Айлап-жылдап чабышсаң
Арстандын тиши өткүсүз.
Маа жолугуп калганда
Кара таз болуп кубулуп,
Өзү бөлөк түрүндө
Өрттөнүп кеткен бул Төштүк,
Душман экен зилинде.
Бир жагынан карасам,
Коломтодон кор чыкты,
Конокбай балбан зор чыкты.
Талаага бирге конушту,
Бириги п жолдош болушту.
Тартып берди сырымды
Айтып берди чынымды[1].
Жанымдан калдым түңүлө,
Конокбай балбан ээ болот,
Түбүмдө менин үбүмө*.
Элемандын сырттаны
Жетмек болду түбүмө.
Казмак болду орумду,
Кайнатмак болду шорумду.
Салмак болду башыма
Бенде көргүс сонунду.
Эрге эңкейбес мен Көкдөө

[1] Ò¿ï íóñêàäà æàçûëûøû áîþí÷à áóë ñºç «ñûðûìäû», ñàëò-òûê ôîðìóëà, îéäóí ëîãèêàëûê ûðààòòóó ºí¿ã¿ø¿ áîþí÷à òóóðàñû – «÷ûíûìäû».

Эсим кетип баратат,
Ичи-тышым өрт болуп,
Бүгүн Көкдөө кайгырдым,
Денеде жети башы бар,
Эң сыйкырчы акылман
Кемпиримден айрылдым.
Жети күн тынбай салышып
Карадөөмдү союптур.
Кырк кулактуу казаным,
Бир бөйрөгүн талкалап,
Майып кылып коюптур.
Жети мөрөй мен койсом,
Жетөөнү катар сомдоду,
Кулак угуп, көз көргөн
Жер алдында дөөлөрдө
Кутурган мындай болбоду.
Балбандыгы башкача
Балаага келген кандай жан?»
Арманын айтып элине,
Айтып оозун жыйгыча,
Алайгырга камчы уруп,
Конокбай балбан жеткени.
Жеткен жерде Көкдөөнүн
Башында темир калканын
Ыргыта коюп өткөнү.
Балбаны каптап баргыча,
Көкдөө кандын башына
Көтөрүп кайта салгыча,
Элемандын сырттаны
Тозонун тоодой буратып,
Чалкуйрук менен чуратып,
Кайран катын Кенжеке
Каалап берген ач болот,
Кармаган экен сабынан,
Суурган экен кабынан.
Ызырканып ошондо,
Элемандын сырттаны
Кылычты колго алды эле.

Каарданган капырды.
Кадимки[1] Көкдөө баатырды,
Какыйып туруп ошондо,
Шилтеп келип өттү эле,
Башы кетти быркырап,
Бадырайган Көкдөөнүн
Жаны кетти чыркырап.
Калган журттун баарысы,
Жашы менен карысы
Аттан түшүп жүгүрүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Салам айтып сабылып,
Чуркурашты ошондо
Эр Төштүккө жалынып:
«Каныбыз акмак эмеспи,
Элемандын сырттаны,
Калың журтта не жазык?
Бегибиз акмак эмеспи,
Бекер журтта не жазык?
Жер жайнаган эл мына,
Жеткире кырсаң биз мына,
Эки тизгин, бир чылбыр
Эми колго илиңиз,
Кыргын кылбай эл-журтту,
Сырттан эр, өзүң билиңиз!»
Калайык эми ошондо
Каптап түштү алдына,
Журт багынып, эл толуп,
Көкдөөнү жайлап жиберип
Калың журт менен эл болуп,
Жер алдынан эр Төштүк
Сырттандыгын билгизип[2],

[1] Ò¿ï íóñêàäà êàò÷û øàøûï æàçãàíäà «êàäèìêè» äåï êàòà æàçûëãàí.

[2] Ò¿ï íóñêàäà «áèëãèçäè», êèéèíêè ûð ñàïòàðûíûí óéêàøòûãûíà êàðààãàíäà òóóðàñû – «áèëãèçèï». Æàçóó ó÷óðóíäà êåòêåí êàòà.

Эр Конокбай[1] баатырга
Алтын таажы кийгизип.
Алтын такка мингизип,
Калкка кабар салды – дейт,
Элемандын сырттаны
Эр Конокбай баатырды
Кан көтөрүп салды – дейт.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эр Конокбай баатырың
Эми колго алды – дейт,
Эр сырттаны Төштүктүн
Аркасы тийип калды – дейт.
Конокбай жайы ушундай:
Сандыргалуу* кан болуп,
Салакалуу жан болуп,
Ордо күтүп, кан болуп,
Олуязаада жан болуп,
Кол кармашкан жолдошу
Кордукта жүрүп чоң болуп[2]
Конокбайдай жан болуп
Оңу менен солунда
Сүткөл, майкөл бар болуп
Элемандын сырттаны
Жер алдында жолду алып,
Быйты күң менен Күлайым,
Эки сулуу кыз алып,
Ойлогону Кенжеке
Көп кызыкка эр Төштүк.
Батпай кеткен эмеспи,
Жети күн эле бир туруп,
Андан ашык жанына
Жатпай кеткен эмеспи,
Шамал айдап оодарган,

[1] Ò¿ï íóñêàäà «Êîíêáàé» äåï êàòà æàçûëãàí.
[2] Ò¿ï íóñêàäà – «áîëãîí». Ûðäàûí óéêàøòûãû áîþí÷à òóóðàñû «áîëóï». Æàçóó ó÷óðóíäà æà¢ûëûø êåòêåí êàòà.

Дууга кеткен эмеспи.
Басылбаган балаалуу,
Элемандын сырттаны
Чууга кеткен эмеспи.
Канаттуу куш каттагыс
Жерге кеткен эмеспи,
Азгыруучу азгырып,
Элемандын сырттаны
Селге кеткен эмеспи.

## ТӨШТҮК АЛП КАРА КУШКА МИНИП, ЖЕР ҮСТҮНӨ КАЙТА ЧЫККАНЫ

Элемандын сырттаны,
Боз кашатка токтоду,
Эртеги түшүп эсине
Эми дартын козгоду.
Болкулдай басып аянып,
Боз келтени таянып,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп:
«Жер алдына түшкөнүм,
Жети жылга толду го?
Жеткилең жарды көрө албай,
Ушундай шумдук болду го?
Чалгынга минсем Чалкуйрук,
Ушундан бөлөк буудан жок,
Эңкейип кетсем эсил баш,
Ушундан бөлөк тууган жок.
Азып-тозуп кор болуп,
Ар мүшкүлгө кабылып,
Арык болуп турамын,
Жети жыл катар журт көрбөй,
Карып болуп турамын.
Жеткен жерди талкалап,
Баатыр болуп турамын.

Көөдөндөн акты кара кан,
Көмүлүп кетти кайран жан!»
Муунум бошоп шылкылдап
Туталанды кайран жан
Басса тизе бүктөлүп,
Элемандын сырттандын
Башына жаман күн келип.
Санаасы сайлап бөлүнүп,
Элемандын сырттандын
Өлүүчү түрү көрүнүп.
Жанындагы Чалкуйрук
Чылбырдан кармап ошондо,
Булкуп-силкип алды эле,
Чалкуйрук тулпар ошондо
Сака болуп калды эле.
Ала коюп ошондо,
Жан калтага салды эле.
Алп кара куш канатын,
Кисесинен алды эле,
Түтөтүп отко салды эле.
Ачып көздү жумгуча,
Андай-мындай дегиче,
Куушурулуп күркүрөп,
Канатынын күүсүнө
Жер айрылды дүркүрөп.
Жыгач сынып, таш кулап,
Кара кушту көргөндө,
Эр Төштүктөн бөлөк жан
Эсинен танып калды эле.
Алп кара куш зор куштун
Зордугу тоонун теңиндей.
Көрүнгөн жанды жегидей,
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргудай.
Дидаары суук, заары күч,
Эр сырттаны болбосо,
Алп кара куш ошондон

Башка жандын баарысы,
Аманат жандан күдөр үз.
Кара куш келипконгондо,
Жер чайпалып, суу жайнап,
Жерге алаамат болду эле.
Текөөрү темир турбайбы,
Теминсе жанды кырбайбы?
Жүнү сонун жаныбар,
Төштүк эмес, бул алп куш
Алып учса көп жанды,
Чымчыктай илер алы бар.
Элемандын сырттаны
Болкулдай басып аянып,
Боз келтени таянып,
Акка моюн бурду эле
Алп кара куш досуна
Эми кепти кылды эле:
«Өчкөн отум тамызчы, досум,
Өлгөн жаным тиргизчи, досум,
Капаны баштан кетирчи, досум,
Алал жарым Кенжеке,
Кенжекеге жеткирчи, досум!
Каардуу жолдон кутултуп
Жакшы жолго баштачы, досум.
Капамды ачып таштачы, досум,
Каадалуу жолго баштачы досум,
Ажал жетип өлбөдүм, досум,
А дүйнө жүзүн көрбөдүм досум.
Аташкан мекен жүрбөдүм, досум,
Алып бала сүйбөдүм, досум.
Капаны баштан кетиргин, досум,
Самаган жерге жеткиргин, досум,
Чыгуучу жолум карап бер, досум,
Бир ишиме жарап бер, досум.
Ооруган жерим басып бер, досум.
Умачтай көзүм ачып бер, досум.
Тилегим бергин колума, досум,

Мингизе көргүн жонуңа, досум».
Кара куш анда муну айтат:
Эң таң калар шумду айтат.
«Асмандан алты уруу жылдыз козголдук,
Төштүк,
Акыреттик дос болдук, Төштүк.
Жер үстүнөн келгенсиң, досум,
Ажыдаардын колунан
Балдарды алып бергенсиң, досум.
Абыдан санааң тындырам, досум.
Капаңдын баарын кетирем, досум,
Самаган жерге жеткирем, досум,
Менин тамагым жаман күчүм көп, досум!
Жол азык бизде болсун төп, досум!
Сапарда жүрсөм мен өзүм
Оң бутума кырк бугу,
Сол бутума кырк бугу,
Азык алып жүрчү элем, досум,
Сексен бугу алчу элем, досум,
Анан жерди чалчу элем, досум.
Жети күн таман өткүчө,
Жердин үстүн чалуучумум.
Бузугуңду кетирем, досум,
Тилегиңе жеткирем, досум.
Кетериң анда билгемин,
Сага бир кызмат кылсам – деп,
Жети жыл күтүп жүргөмүн, досум».
Элемандын сырттаны
Айтып оозун жыйгыча
Өзү аткан бугудан
Оң бутка илди бир кыркты,
Сол бутка илди бир кыркты,
Элемандын сырттаны
Күлайым менен Быйты күң,
Төштүк менен бул үчөө
Аркы-терки минди эле.
Алп кара куш ошондо

Алып учуп жүрдү эле.
Күндө тынып калган жок,
Элемандын сырттаны
Өлгөн менен арман жок.
Күн бөксөрүп, ай өттү,
Арадан канча маал өттү.
Алп кара куш эрендин
Чамаа чарчап, ал кетти.
Алп кара куш муну айтат,
Эч бир жан билбес шумду айтат:
«Эр Төштүгүм, бир тоосуң,
Чалкуйругуң эки тоо,
Үч тоону катар көтөргөн
Кара кушта бет барбы?
Азык кылар эт барбы, досум?
Чама чарчап, ал кетти, досум,
Оозумдан кара кан кетти, досум.
Канатымдан күү кетти, досум,
Капталымдан дүү кетти, досум.
Эки көз кетти алайып, досум,
Эки бут кетти шалайып, досум.
Алп кара куш курганың
Эпсиз учуп алды эле, досум,
Жер үстүнө чыгууга
Эки күндүк калды эле, досум.
Жазайыл түшүп мойнума
Жаман ачка мен болуп,
Өлгөлү кетип баратам, досум.
Өчүп барам, тамызчы, досум,
Өлүп барам, тиргизчи, досум!»
Элемандын сырттандын
Көңүлү кетип бөлүндү,
Көздөн жашы төгүлдү,
Көрөр болсо ошондо,
Алп кара куш ошондо
Ылдыйлап учкан көрүндү.

«Бул жалгандын азабын
Көргөлү келген экемин.
Азап менен курган жан
Өлгөлү келген экемин.
Өлүү эмесмин тиримин эми,
Өлгөн жандын биримин эми,
Тозоктун жанын көргөмүн
Жер астына түшкөндө
Мен ошондо өлгөмүн».
Кесе чайнап эринди,
Эрдикти эпсиз салды – дейт,
Эки ийри такымдан
Көнөктөй болгон көк этти
Экөөнү кесип алды – дейт.
Сандан алган ал этти
Алп кара куш оозуна
Азык кылып салды – дейт.
Этти жутуп кара куш:
«Суусунумду кандырдың, Төштүк
Суусунуң кудай кандырсын, Төштүк.
Канатыма күү бердиң, Төштүк,
Бар боюма дуу бердиң, Төштүк.
Ал-күчүмдү толтурдуң, Төштүк,
Кетилген канат жетилтип,
Акылымды болтурдуң, Төштүк.
Алп кара куш мен досуң,
Кайраттанып эр болду, Төштүк,
Мага берген ушул эт
Миң бугу менен тең болду, Төштүк.
Кубатыма келтирдиң,
Жер үстүнө чыкканда
Кубаныч менен сен өткүн, Төштүк.
Ирмеген канат бүткөрдүң, Төштүк,
Баштагы эле күчүмдөн
Жети эсе артык күч бердиң, Төштүк.
Дегениңе көнөрүм, Төштүк,
Кыяматтык өзүңө

Жолдош болуп берермин, Төштүк».
Канаттуу куш кеп айтып,
Убаданы бек айтып,
Ракматты көп айтып,
Аман-эсен сырттанды
Жер үстүнө чыгарып,
Алп кара куш достусу
Жер алдынан кеткизди,
Жер үстүнө жеткизди.
Алп кара куш досунун
Тилеги менен болду эле.
Оңкойгон тоонун урчукка,
Оңурайган тумшукка,
Алып барып конду эле.
Оң жагына караса,
Кашаттуу кайып булакка
Элемандын сырттаны
Барып конок болду эми.
Элемандын сырттаны
Чыканактап тынч алып,
Чырым этип уйку алып,
Кыбыланы баштанып,
Ак каңкыны жазданып,
Алда канча күн-түнү,
Алп уйкуну салды эле.
Жер үстүнө сырттан эр
Аман чыгып алды эле.
Алдага шүгүр жат айтып,
Баабединди бат айтып,
Мойнуна курун салынып.
Жаратканга жалынып,
Жер үстүнөн аң уулап,
Салбырынга камынып,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Таң сөгүлүп турганда,
Таң алдында муздак жел

Зырылдап эми урганда,
Элемандын сырттаны
Эригип калган кайран эр
Чалкуйрукту минди эле,
Адыр, белес, мойнокко
Салган бойдон жүрдү эле.
Салып чыгып караса,
Адыр-күдүр көрүнөт,
Адырдын чөбү төгүлөт.
Аркар менен кулжасы
Даң салып ойноп бөлүнөт.
Адырга Төштүк жайланып,
Алты марал, беш бугу
Атып алып байланып,
Эки айымдын кашына
Азыр Төштүк келди эле.
Жерден башка жер көрдү,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Бейишке катар тең көрдү.
Арышты керет Чалкуйрук
Аябай күлөт эр Төштүк.
Күлкүсү күндү батырды,
Элемандын сырттанды
Күлпөңү таңды атырды.
Көңүлү өсүп бөлүнүп,
Жер үстүнө чыкканда
Жердеги токой, аккан суу
Бейишке катар көрүнүп,
Бек сагынган сырттанын,
Ошо келген жерине
Жата берди керилип.
Мунданып булбул сайраса,
Мундуу жандар уккусуз,
Мундуу болгон сырттаның
Ичинен карыш чыккысыз.
Аркар атып, кулан кууп,
Элемандын сырттаны

Абыдан жарык күнү тууп.
Эчен күн болду чын өргүп,
Эриксе элик атты эле,
Эрикпесе, ал жерде
Эркин ойноп жатты эле.
Буулукса бугу атты эле,
Буулукпаса ал жерде
Бугу жок ойноп жатты эле.
Эр Төштүктүн Чалкуйрук
Бугуну кууса куткарбас,
Бууруккан күлүк, сал моюн.
Бугуну кууп, аң кылып
Буулуккан Төштүк салды оюн.

## ТӨШТҮК АЛТЫН МҮЙҮЗДҮҮ БУГУНУ КУУП ОЛТУРУП ЧОЮНКУЛАККА ЖОЛУККАНЫ, АНДАН ЧАЛА ӨЛҮК БОЛУШУ

Алтын мүйүз ай бугу
Алдынан кача берди эле,
Качканын Төштүк көрдү эле,
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Элемандын сырттаны
Эсепсиз кууй берди эми,
Топурак учуп, тоз күйгөн
Белге чейин кууду эле,
Буурсун тийген чийин жок.
Суур казган ийин жок,
Жерге чейин кууду эле.
Акактаган артык чөл,
Туура жагы шордуу көл
Белге чыга барганда,
Берендин жайын сураба,
Алтын ооз сыр жебе
Азыр колго алды эми.

Таңга байлап бугуну,
Ошондо атып калды эле,
Эти ширин, сөөгү бал,
Эр сырттанга кезиккен
Эсеби жок кандай жан?
Он эки даң-даң жилигин
Чагып Төштүк тойду эле,
Олоң тартар ширин эт
Essentially Кактап Төштүк койду эле.
Астындагы Чалкуйрук
Ээрин алып жайдактап,
Алдындагы[1] чынарга
Аса байлап ошондо,
Жайдактап суутуп салды эле.
Чайыңгини жамынып,
Ач болотту салынып,
Элемандын сырттаны
Алп уйкусун салды эле.
Таң мезгили болгондо
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Чукуранып оңдонуп,
Оң жагына толгонуп,
Чукуранып ойгонсо
Чың-чың үнү чың чыгат,
Чымырканып бек чыгат,
Тыңшап туруп байкаса,
Кулак-мурун жеп чыгат.
Бир чуңкурдан чыккан үн
Кулак-мурун жеп чыгат.
Ал чуңкурду караса,
Ар сонунду кааласа,
Карап турса чуңкурду
Кашаты темир тор экен.
Терeңдиги чуңкурдун

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «àëäû íäà» äåï êàòà æàçûëãàí, ìûíäàé áîë-ãîíäî, ìóóí æåòïåé ûðäûí ûðãààãû áóçóëàò.

Түшкөн кайра чыккысыз
Кырк аркан бою ор экен.
Ал чуңкурга жолуккан
Элемандын сырттандын
Маңдайына шор экен.
Ор түбүнө караса,
Эти кетип, сөөгү бар,
Куураган сөөк тил сүйлөп,
Эзелде болбойт мындай жан.
Ордогу куу сөөк кеп айтат,
Сырттан Төштүк таң калып,
Жандар укпас шумду айтат:
«Төрө Төштүк, эр болсоң,
Эр сырттаны сен болсоң,
Мен өзүңдөй эр элем,
Ордо жаткан мен болсом,
Элемандын сырттаны,
Өчкөн отум тамызчы,
Өлгөн жаным тиргизчи,
Үзүлгөнүм улачы,
Чачылган сөөгүм жыйначы.
Менин жайым сурасаң,
Чоюн кулак эр элем.
Жер үстүн жеке ээлеген
Ченемсиз балбан мен элем,
Чалындым, учуп чыккысыз
Тордо жатам, эр Төштүк,
Чамам кетип, мен эми
Ордо жатам, эр Төштүк.
Кечээ жер үстүнөн токсон алп,
Жер алдынан токсон алп,
Сыйкыр менен сыйкырлап,
Мени кармап алгалы,
Алып келип ошондо
Ушул орго салгалы,
Таамай кырк жыл болду эле.
Элемандын сырттаны,

Келеринди билгемин,
«Төштүк качан келет?» – деп,
Сени күтүп жүргөмүн.
Элемандын сырттаны,
Уга көргүн сөзүмдү,
Чыгара көр өзүмдү!
Дегениңе көнөйүн,
Такыр өлүп кеткиче
Жолдош болуп берейин.
Жоону бирге жоолайлы,
Доону бирге доолайлы.
Атышты бирге салалы,
Найзаны бирге саялы.
Жолдош кыл мени, эр Төштүк.
Өөдө болсоң – өбөкмүн,
Ылдый болсоң – жөлөкмүн.
Дегениңе көнөйүн,
Чама чарчап, ал кетти,
Жерден муздак заар өттү.
Дегениңе көнөмүн
Жок дегенде, Төштүгүм,
Чалкуйрук багып беремин».
Бул сөздү угуп, эр Төштүк,
Эр кадырын эр билет,
Эр билбесе, ким билет?
Мууну кетти былкылдап,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Ор түбүндө жаткан сөөк
Көзүнө жакшы көрүнүп:
«Бир эрдикти салайын,
Ордо жаткан байкушту
Жолдош кылып алайын».
Эр Төштүктүн жанында
Кол башындай ак баштык,
Ак баштыктын түбүндө
Кырк бир кулач чаар аркан
Ор түбүнө арканды

Оён Төштүк салды эле,
Ал Чоюн алп капырды
Олчойтуп тартып алды эле.
Элемандын сырттаны
Ал Чоюнкулак капырды
Жолдош кылып алды эле.
Майга кууруп эт берип,
Аш-тамагын көп берип,
Чоюнкулак капырдын
Сүйрүсүнө сүт толду,
Ийрисине эт толду.
Күндөн-күнгө Чоюн алп
Иши оңолуп жөнөдү.
Куландын атып кысырын,
Элемандын сырттаны
Казыгаминтип бөлөдү.
Курсагы артык тоюнду,
Кууралы чыгып эсинен
Ордогусун унутуп,
Оңолбогон Чоюн алп
Оңбогондой дөө болду.
Отуруп турса ой ойлойт,
Оңбос арам бек ойлойт:
«Элемандын Төштүгүн,
Чукуп көзүн ойсом,– деп,
Олжосуна тойсом – деп,
Ойлоп жүрөт Чоюн алп,
Калабаны салсам, – деп,
Кармаш кылып, Төштүктүн
Катынын тартып алсам» – деп.
Ойлонбой капыр турбады.
Майга тоюп балбайып,
Басып барып талаага
Күнүгө күчүн сынады.
Кубат толуп күүлөндү,
Кутургур жайы ушундай,
Эчен түргө түрлөндү.

«Элеман уулу Төштүктү
Чамам келсе чалсам, – деп,
Эч бир жанга көрсөтпөй
Элеман уулу Төштүктү
Тындым кылып салсам» – деп,
Ал Чоюн алп эр капыр,
Каары толук эң баатыр.
Өрттөбөгөн жери жок,
Тутанып өлгөн чочконун
Өлтүрбөгөн эри жок.
Кубатын жыйып калууга
Курсагында чочконун
Элемандын Төштүккө
Бир шумдукту салууга,
Акыл ийлеп, ой ойлоп,
Күн эсептеп, ай санап,
Өрттөнгүр жайы ушундай,
Чоюнкулак капырдын
Ичи душман, сырты эл,
Ааламдан чыкпай мындай көр.
Кээде кырда, кээде үйдө[1],
Конуп жүрдү Чоюн алп.
Элемандын сырттандын
Жакшылык, жамандыктары
Болуп жүрдү бир убак
Ал Чоюн алп капырдын
Жакшылыгы жамандык.
Элемандын сырттаны:
«Чоюн алп аман болсо», – деп,
Тилей берди амандык.
Ал Чоюн алп жулду эле,
Жутап өлөр малы жок.
Тутанып өлгөн капырдын

[1] Ò¿ï íóñêàäà «¿éäº» äåãåí ñºç æàçûëãàí ýìåñ. Íàòûéæàäà ìóóíäàð æåòïåé ûðäûí ûðãààãû áóçóëãàí, ëîãèêàëûê ûðààò-òóóëóê àÿãû íà÷ûêïàãàí.

Төштүктөн аяр алы жок.
Андай болгон себеби
Өрттөнүп өлгөн доңуздун
Денесинде жаны жок.
Чоюнкулак Чоюн алп,
Жер үстү менен жер астын
Жортуул кылып жүргөндө,
Алп дөөлөрдүн баарына
Көк таштай жаман тийгенде,
Жер үстүнөн сексен алп,
Жер астынан токсон алп
Чогулушуп алыптыр,
Кырк аркан бою зынданга
Алып барып салыптыр.
Элемандын Төштүгү
Тутанып өлгөн чочкону
Кудуктан тартып алыптыр.
Жакшылыкка жамандык
Ушу күндө аябай,
Кыйын кылып калыптыр.
Жаткан жери капырдын
Жан жүрбөстүн кабагы,
Ичкен ашы капырдын.
Сырттан эрдин тамагы.
Жакшылыкка жамандык
Санай берди Чоюн алп.
Колунан келген жамандык
Эр Төштүктүн башына
Самай берди Чоюн алп.
Кайраты ашып, күч толду,
Чоюн алп мындай болушу,
Төштүккө мүшкүл иш болду.
Үйүң күйгөн ал чочко
Бир адамга көрүнбөй
Ээн токойго барыптыр.
Тутанып өлгөн бул чочко
Күчүн сынап калыптыр:

«Мен Чоюн алп болголу,
Чоюн алп атка конголу.
Бул өңдөнгөн чынарды
Жулкуп кармап алуучу элем.
Тополоңун тоз кылып салуучу элем.
Ошо кубат, кайратым
Эми менде бар бекен?»
Кармай калып чынарды,
Ал Чоюн алп жулду эле,
Кармай калып омкоруп,
Түбү менен коңторуп,
Күчүн сынап алды эле.
Колу тийген чынарды
Түбү менен түк койбой
Такыр жулкуп салды эле.
Өзүнөн өзү сүйүнүп,
Өткөрө турду кубанып:
«Боконо сөөгүм толуптур,
Баштагыдан кубатым
Миң эсе кыйын болуптур.
Кагышканды кармаймын,
Алышканды жалмаймын
Беттешкенди жутамын,
Мелдешкенди утамын.
Кармаша кетсе, Төштүктү
Катыны менен соромун,
Каары жандан башкача
Мен Чоюн алп боломун.
Кызыталак Төштүккө
Урушту мыктап кылайын.
Урушпай кантип турайын?
Бул Төштүктү жоготуп,
Анан кийин тынайын.
Элеман уулу Төштүккө
Бакан сүйрөй кирейин,
Бакылдашып кармашып,
Куйкасын эми тилейин.

Кычык-кычык сөз айтып,
Кызыталак Төштүккө
Кырчылдаша кирейин»,–
Деп ошонтип Чоюн алп,
Урушка көөнү бөлүнүп,
Кебетеси капырдын
Опол-тоодой көрүнүп.
Каарданып бул Чоюн
Келген экен барбайып.
Эр сырттандын төрүнө
Жаткан экен дардайып.
Супа садык салганда,
Таң сөгүлүп калганда,
Элемандын сырттаны
Каарданып бакырып,
Чоюн алп деп чакырып:
«Оой, Чоюн алп жан биргем,
Менин тилим ал биргем.
Чалкуйрукка барып кел,
Токуп, бери алып кел!»
Чоюн алп турду күүлөнүп,
Эр Төштүккө сүйлөнүп:
«Элемандын сен Төштүк
Тентиреген кем Төштүк!
Көрбөгөндү көрөсүң,
Азыр менден өлөсүң.
«Төштүк» десе барбайып,
Кеңсинип калат экенсиң.
«Төрө» десе, тим эле
Эрсинип калат экенсиң!
Укпайм сенин сөзүңдү,
Тоготпоймун өзүңдү.
Өзүң, Төштүк, чочуп көр,
Намыс кылбай тим эле,
Чалкуйруктай тулпарды
Азыр мага токуп бер!
Айтканыма азыр көн,

Аркалуу күлүк Чалкуйрук
Аңылдабай азыр бер.
Менин тилим албасаң,
Азыр менден өлөсүң.
Кыяматты көрөсүң!»
Күйбөгөн жерин күйгүздү,
Бышпаган жерин бышырды.
Элемандын сырттаны
Эми турду күүлөнүп,
Чоюн алпка сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү Чоюн ит,
Өчкөн отуң тамыздым,
Өлгөн жаның тиргиздим,
Ачкан курсак тоюнттум,
Арык элең семирттим.
Кечээ чуңкурдан сууруп алганда,
Убада кылып салганда
Малыбыз болмок короолош,
Ашыбыз болмок жоролош.
Тириликте жыйгандаш,
Өлүп калсак ыймандаш.
Ат үстүнөн табылган,
Ажалдан аман кабылган,
Ай, Чоюн, жан достум.
Саа эмине көрүндү?
Саа эмине билинди?»
Төштүк мындай дегенде
Чоюн алп эми күүлөндү,
Кудай урган бул Чоюн,
Болжолу жок сүйлөндү:
«Жакшылыкка жамандык
Жалпы казам орунду,
Саламын азыр башыңа
Адам көрбөс сонунду.
Күчүм келди, күрөшөм,
Чамам келди, чабышам.
Каруум келди, кагышам

Кыйын болсоң кылып ал.
Кызыталак ит Төштүк,
Кыла албасаң энеңди ал!» –
Деп, ошонтип камынып,
Чоюнкулак күүлөнүп,
Эр Төштүккө сүйлөнүп
Жакалашып мушташып,
Жаман уруш болушту.
Алкылдашып[1] салышып,
Аябай уруш болушту.
Багалектен алышып,
Балбандарча чалышып,
Көк букадай сүзүшүп,
Көрүнгөн жерин үзүшүп,
Ач буурадай чайнашып
Аркы-терки кармашып.
Абыдан кармаш болду эми.
Элемандын сырттандан
Чама чарчап, ал кетти,
Бүткөн бойдон кан кетти.
Балакеттүү Чоюн алп
Баскан жерин жөн койбой
Бүтөп кетип баратат.
Барган сайын тим эле
Күчөп кетип баратат.
Күчөгөнүн көргөндө
Быйты күң менен Күлайым
Көөдөнгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа.
Ошо турган Быйты күң
Колуна балта алды эле.
Күлайымы ошондо
Жакадан муунта алды эле,
Үчөөлөсө койгон жок,

Ò¿ï íóñêàäà «Àêûëäàøûï» äåï êàòà æàçûëãàí, àíäàé áîë-
ãîíäî ëîãèêàëûê æàêòàí òóóðà áîëáîé êàëàò.

Бул Чоюн алп оңгон жок.
Эрен экен, эр экен,
Эпсиз башка чоң экен
Кайраты катуу, заары күч,
Кармаш кылган Төштүктү
Кылмак болду эми түз.
Каары келип какайып,
Кармашып жүргөн Төштүктү
Дыңдооктун быяк чети, – деп,
Чыкчыктын туура бети» – деп,
Тууралап туруп бул Чоюн
Муштап туруп калды эле.
Бир урганда ал кетти,
Ооз менен мурундан
Өжөк-өжөк кан кетти.
Катындары чыркырап,
Кудайга үнү угулду.
Катындары чыркырап,
Жер кучактап жыгылды.
Чалкуйрукту кармады,
Чайыңги тонду олжолоп,
Катындын баарын айдады,
Ашуу ашып, таш басып,
Белге келди Чоюн алп.
Адам каттап, журт көргүс
Жерге келди Чоюн алп.
Катын алып олжого,
Туна берди Чоюн алп.
Өз билгенин катынга
Кыла берди Чоюн алп.
Ээн жерди жердеди,
Эркин катын ээледи.
Чайиңгини кийди эми,
Чалкуйрукту минди эми.
Салбырынга көп чыгып,
Эми Чоюн жүрдү эми,
Күптүүнүн баары ачылды

Ал Чоюн алп капырдан
Күйүттүн баары чачылды.
Аны мандай таштайлы,
Элеман уулу Төштүктөн
Эми кабар баштайлы.

## АЛП КАРА КУШ ДОСУ КЕЛИП ТӨШТҮКТҮ ЖУТУП, КҮЧҮНӨ КИРГИЗГЕНИ

Алп кара куш достусу
Анын иши оңолуп,
Балдары бүт[1] чоңоюп,
Бөкөн уулап, кулан жеп,
Чөлдөн илип кулан жеп
Жети күнү Кара куш
Жердин үстүн чалчу экен,
Жети күнү Кара куш
Жердин алдын чалуучу экен.
Жердин үстүн кыдырып,
Чалып келди Кара куш,
Ой-тоонун баарын кыдырып,
Чалып келди Кара куш,
Жер үстүнө балдарын
Алып келди Кара куш.
Алп кара куш ошондо
Балдарына кеп салат:
«Көңүлүм кетип бөлүнөт,
Тээтиги оркойгон тоонун сеңирде
Адам өлгөн көрүнөт.
Наалыш кылып ал адам
Жаман өлгөн көрүнөт.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «á¿ò» äåãåí ñºç æîê, áèðîê êàíäàéäûð áèð ñºçä¿ æàçááé êåòêåíè ìóóí æåòïåé, ûðäûí ðèòìè áóçóëóøó êºðñºò¿ï òóðàò. Îøîíäóêòàí ýïîñòóí ìóðóíêó áàñûëûøûíäà êîøóëãàí «á¿ò» äåãåí ñºçä¿ êàëòûðäûê.

Адамдын эти эң татты,
Ал өлүккө баралы,
Бөйрөгүнөн жаралы,
Айланайын балдарым,
Бир жашарып алалы».
Үч кара куш жарышып,
Катар учуп алышып,
Барып түшүп караса,
Кечээ өчкөн отту тамызган,
Өлгөн жанды тиргизген
Эр Төштүктүн өзү экен.
Өзү эмес сырттандын
Караган кара көзү экен.
Алп кара куш ошондо
Күүлөнүп күйүт баштады,
Эр Төштүктү көргөндө,
Жаныбарым Кара куш,
Ташка тийип токтобой,
Өлүп кете таштады.
Көзүнөн жашы дыркырап,
Оозунан түтүн буркурап:
«Айланайын балдарым,
Тогуз уулдун кенжеси,
Бир кудайдын бендеси,
Өлүп жаткан бул өлүк –
Эр Төштүктүн өзү экен,
Караган кара көзү экен.
Ит улуган ээн талаа
Белде калган кези экен.
Туягы тийбес жандардын
Жерде калган кези экен.
Кокуй, Төштүк, өлбөй кал,
Кордукту куу жан көрбөй кал!
Алп кара куш силкинип,
Каарданып көз жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Алп дедире Төштүктү

Алып жутуп ийди эле.
Төштүктү чоң куш жутканда,
Эки бала чыркырап:
«Жакшылыкка жамандык
Кылган жандан экенсиң,
Мындан бөлөк аң жокпу?
Жакшылыкка жамандык
Көргөн эне экенсиң.
Жан достуну жем кылып,
Өлгөн эне экенсиң!» –
Деп, ошонтип балдары,
Каарды катуу баштады,
Бармактарын белендеп
Экөө эки жагынан
Жарып ийе таштады.
«Ата, балдар, оңбой кал,
Эгерде эки болбой кал.
Жаным бирге сырттанды
Азык кылсам оңомбу?
Эгерде эки боломбу?
Жаным бирге Төштүктү,
Асыл менен сугардым.
Балбандыгы миң эсе
Артык кылып чыгардым».
Жүнү-башын үксөйтүп,
«Өк» – деп куса салды эле.
Үшкүрүгү таш жарып,
Элемандын сырттаны
Күлүп тура калды эле.
Ооруган жери басылган,
Умачтай көзү ачылган
Алп кара куш достугун
Элемандын сырттаны
Билип тура калды эле.
Ыраазы болуп ошондо
Күлүп тура калды эле.
Төштүк тура калганда,

Амандашып коштошуп,
Кара куш кетти жайына.
Элемандын сырттаны
Чылгый ичи өрт жанып,
Чын кисени курчанып:
«Ажал жетип, күн бүтсө,
Эртелеп барып өлөйүн.
Катыным, тонум, атымды,
Кызыталак Чоюнга
Кантип олжого берейин?
Сырттан Төштүк мен болуп
Туубай туна чөгөйүн.
Ал Чоюн алп капырдын
Сары изине чөп салып,
Саргара кууп көрөйүн.
Куу изине чөп салып,
Кубара кууп барайын!
Кабыма келсе Чоюн алп,
Барып башын алайын.
Чамам келбей мен калсам
Ошондо өлүп калайын!» –
Деп, ошонтип сырттаның,
Желгенине жел жетпей,
Басканына жан жетпей,
Кынсыз кылыч байланып,
Каар бетине айланып,
Катуу кирди жолуна.
Чапчыганы белгилүү
Чалкуйрук изин тапты эле,
Күндөп-түндөп токтобой,
Кууп изин калды эле.
Күн эсебин албады,
Күндө тынып калбады.
Ай эсебин албады,
Айда тынып калбады.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Жан аябай мол жүрүп,

Ашуусу бийик белди ашып,
Агыны катуу суу кечип
Адам билбес чөл басып,
Ээр белдей белестен
Кароол карап турганда,
Карарагандын нары жагы,
Түнөргөндүн бери жагы,
Оргуп түтүн бөлүнөт,
Кызыталак Чоюн алп
Ошол жерде көрүнөт.
Көрө калып эр сырттан,
Карчыгадай камынат.
Кайыптан акыл табылат.
«Үйүң күйгөн арамга
Эрдик кылбай көрүнөө,
Эбим менен барайын.
Жер алдынан жолун таап,
Үйүң күйгөн чочкого
Эптеп шумдук салайын.
Жер алдынан атайлап
Алып келген катыным,
Чоюн алпка көөн берип
Калды бекен капырың?
Катыныма барайын,
Эптеп-септеп катындан
Чоюн алптын кабарын
Так ушундай алайын.
Менде көөнү бар болсо,
Ал Чоюн алп капырдын
Анан эбин табайын...»
Элемандын сырттаны
Болкулдай басып аянып,
Боз балтаны таянып,
Эр сырттаны эр Төштүк
Токтобой басып аянып.
Барып моюн бурду эле.
Кабак жерге жашынып,

Катындан кабар алууга
Кайран Төштүк турду эле.
Тилегенин бир кудай
Берип салган көрүнөт,
Суу алууга Быйты күң,
Келип калган көрүнөт.

## ТӨШТҮК ЧОЮН АЛПТЫ ӨЛТҮРГӨНҮ

Чыдай албай ошондо
Ыйлап ийди Быйты күң.
Кара жанын ошондо
Кыйнап ийди Быйты күң.
«Кокуй, Төштүк, өлбөй кал,
Кордукту куу жан көрбөй кал!
Мурунунан[1] муң ачар
Элемандын сырттаны
Эрге келип жолуктук.
Кийининде кан ичер
Жерге келип жолуктук.
Туура агарды чачыбыз,
Туткунда болду башыбыз.
Калың болду орубуз,
Кайнады биздин шорубуз.
Эр Төштүктөн айрылып,
Байланды биздин багыбыз,
Сынды биздин шагыбыз.
Элемандын сырттаны
Келе турган күн барбы?
Жарыкчылык дүйнөнү
Көрө турган күн барбы?»
«Төштүк, ай» – деп тамшанып,
Бөйрөгү турат болкулдап,
Ачык ыйлап ийе албай,

[1] Ò¿ï íóñêàäà «ìóðóíàí» äåï êàòà æàçûëûï êåòêåí.

Быйты күң турат солкулдап.
Көңүлү кетип бөлүндү,
Элемандын сырттаны
Төштүк көзгө көрүндү.
Ал Төштүктү көргөндө
Каарданып бакырат,
Жаны калбай сүйүнүп,
Эми Быйты чакырат.
Төштүк жетип барганда
Анда Быйты муну айтат:
«Өчкөн отум тамдыбы?
Төштүгүм келип калдыбы?
Оңунан келген ишимби?
Өңүм бекен түшүмбү?
Сенден олжо алганда,
Каардады катынды,
Жоор кылып ыргалтты
Чалкуйрук сындуу атыңды.
Каарды катуу билгизет,
Үч убак уруп токмоктоп,
Колуна түшкөн биздерди
Куу мамыга мингизет.
Жети күн кетип жортуучу,
Чоюн кулак капырың
Жети күнү уктап жатуучу.
Какшанабыз, күйөбүз,
«Сырттан качан келет?» – деп,
Кудайдан сурап жүрөбүз.
Каарданган капырың,
Чоюндан тууду бир эркек
Күлайымдай катының.
Эч бирөөгө билинбе,
Эч бирөөгө көрүнбө.
Казатка чыгып ыр айтпа, Төштүк.
Катыныңа сыр айтпа, Төштүк.
Чоюнкулак капырдын
Эсебин өзүм табайын,

Эбин өзүм кылайын.
Күлайымга барайын.
Жолдош кылып алайын,
Доңузга чалыш Чоюнга
Кызыкты кыйла салайын»-
Деп ошонтип Быйты күң,
Күлайымга барыптыр,
Күлайым экөө ошондо
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы жазылып,
Быйты күңдөн кеп угуп:
«Элемандын сырттаны
Аман келди – деп угуп,
Кудай Таала тилекти
Эми берди» – деп угуп.
Ойлонгон экен катындар
Төштүктү катып алууга,
Чоюн кулак капырга
Акыл менен иш кылып,
Бир кызыкты салууга.
Ал Күлайым ошондо
Жерден орду казыптыр,
Жерден чыккан топону
Ал Быйты күң чачыптыр.
Ал Чоюн алп келгиче
Казган ордун ичине
Сырттан эрди катыптыр.
Ор түбүндө жашынып,
Эми Төштүк жатыптыр.
Элемандын сырттанга
Эми Быйты муну айтат,
Адам билбес шумду айтат:
«Ал Чоюн алп капырың
Эрте кете турганда,
Эсепсиз каар кылганда
Менин тилим алыңыз,
Шибеге менен сырттаным,

Май куйрукка сайыңыз.
Ал баласы ыйласа,
«Не ыйлады бала?» – деп,
Ошондо бизден сураса.
Эбин[1] өзүм кыламын,
Эсебин таап тынамын.
Катылып Төштүк эр калды,
Каарданып Чоюн алп
Күн батканда ал келди.
Быйты күң менен Күлайым
Караңгы үйгө камалды.
Карсылдатып ошондо
Аябастан сабады.
Катындар ыйлап чыркырап,
Сырттан эрдин ошондо
Сай-сөөгү кетти зыркырап.
Эртең эрте турганда
Элемандын сырттаны
Шибеге колго алды эми,
Бешиктеги баланы
Май куйрукка малды эми.
Бар-бар этип бар ыйлайт,
Баркырап бала бек ыйлайт.
Баркырап ыйлап турганы
Кулак, мурун жеп ыйлайт.
Аны угуп, Чоюн алп
Каарданып бакырды,
Быйты күңдү чакырды:
«Атаңдын көрү Быйты күң,
Чыркырап бала бек ыйлайт,
Кулак-мээни жеп ыйлайт».
Баркырап бала турганда,
Каарданып бакырды,
Быйты күң – деп чакырды.

[1] Ò¿ï íóñêàäà «ýñåáèí» äåï æà¢ûëûø áåðèëãåí. Ýïîñòóí ñàëòòûê ôîðìóëàñû íààãû «ýáèí» äååãåí ñºçãº î¢äîëãó.

«Атандын көрү Быйты күң,
Башкача жанды кыйнады,
Бала эмине ыйлады?»
Анда Быйты муну айтат:
«Балаң менен куруп кет,
Балаң болду балакет,
Атама мындай деймин дейт:
«Айгыр менен теке этин,
Бука менен кочкордун
Ошондой этти жейин – дейт,
Ошондой этке тоём – дейт,
Андан кийин бул балаң
Ыйлаганым коём»,– дейт.
Быйты мындай деген соң,
Каарданып дүпүлдөп,
Ал Чоюн алп туралбай.
Айтканына көндү эле,
Айтылган малдын баарысын
Ар кимисин бир тогуз,
Союп ийип ошондо
Быйты күндүн колуна
Азыр кылып койду эле,
Салбырын карап, уу кылып,
Эрикпеген Чоюн алп
Жана кетти жети күн.
Быйты менен Күлайым
Акылдарын ондоду,
Сойгон малдын этине
Сырттан эрди бордоду.
Күн жети күн толгондо,
Күркүрөгөн Чоюн алп
Келер кези болгондо,
Чымындай жанын кыйнады,
Элемандын сырттанга
Кашындагы Быйты күң
Чыркырап туруп ыйлады:
«Элемандын сырттаны,

Мен билгенди билдиңби?
Мен туйганды туйдуңбу?
Мен туйганды туйбасаң,
Мен билгенди билбесең,
Арнаган атың Чалкуйрук
Айбандан башка бууданың.
Өлүм орток, жан бирге –
Өзүң менен тууганың,
Чалкуйрук арык, сен карып,
Чалкуйрук арык болгону
Чоюнкулак кутургур
Өз билгенин кылыптыр,
Кулагына коргошун
Шыкап туруп куюптур.
Муну менен Чалкуйрук
Тегеренип темтеңдеп,
Элемандын сырттандын
Кай кеткенин биле албай,
Карып болуп жүрүптүр.
Жайы-кышы тынчытпай,
Кулан кууп Чоюн алп
Ушу күндө жаныбар
Сары жүнү толуптур.
Кырчаңгы болуп Чалкуйрук,
Жаманатты болуптур.
Каар урган Чоюндун
Кармап минер малы жок,
Денесинде жаны жок.
Алышкан менен ал келбейт,
Аткан менен ок өтпөйт,
Салып ийсе чок өтпөйт.
Бул кутурган кызыталак
Кыяматты түк көрбөйт.
Кырк жылы орго таштаса,
Кылайып чирип эч өлбөйт,
Андан кайра келгенде
Карагандан түнөрүп

Бизге салат бузукту
Сай-сөөгүбүздү сыздатып,
Абыдан кылат кызыкты.
Бизди айдап токмоктоп,
Ырдап берет ырларын,
Айтып берет ошондо
Баласына сырларын.
Билгич болсоң тилимди ал,
Айтканымды билип ал.
Бекерге карап турбагын,
Шибеге менен сайгылап,
Жаш баласын кыйнагын.
Мага салат бузукту
Мен айтамын Чоюнга
Жан таң калар кызыкты».
Быйты күң айткан сөздөрүн
Угуп туруп сырттан эр.
Аң-таң болуп ошондо
Быйтыдан көрдү кызыкты.
Айтып турган ал Быйты
Кереметтүү күң экен,
Олуянын өзү экен.
Анык жолдош Төштүккө
Ак нээттин өзү экен,
Билгичтиги сынаакы.
Болгон экен Төштүккө
Бул Быйты күң мураапы,
Мураапы эмей эмине
Элемандын сырттанга
Билбегенди билгизди,
Туйбаганды туйгузду.
Күн кылкылдап батарда
Чоюн алп келди бакырып,
Жер айланат ошондо
Токойдун башын жапырып.
Күп-күп этип күүлөнүп,
Күркүрөгөн бул капыр

Катындарга сүйлөнүп
Каарды катуу баштады,
Кара нээт Чоюн алп
Катындарды ошондо
Кырып ийе таштады.
Ал катындар ошондо,
Капырдын каарын көргөндө,
Качарына жер таппай,
Жаман болду байкуштар
Киререине көр таппай.
Быйты качып дыркырап,
Күлайым ыйлап чыркырап,
Каарды катуу салды эле,
Катындарды токмоктоп,
Камчы алдына алды эле.
Ал күнү жатты Чоюн алп
Таң кашкайып сүргөндө
Жерге жарык тийгенде,
Элемандын сырттаны
Жана салды кызыкты,
Шибеге менен сайгылап
Эми кылды бузукту,
Бала эми бек ыйлайт,
Ыйлаганда доошу
Кулак-мурун жеп ыйлайт.
Ал ошондо Чоюн алп
Эми турду күүлөнүп
Быйты күңгө сүйлөнүп:
«Келчи, Быйты, бер жакка,
Бала эмине көп ыйлайт?
Эмине кылгын деп ыйлайт?
Бул эмине болуучу,
Абыдан айтып жоручу!»
Чоюнкулак капырга
Анда Быйты муну айтат,
Айран калуучу шумду айтат:
«Балаң менен куруп кет,

Баландын жайын мен айтсам,
Жана мага күүлөнүп,
Жана туралбай сүйлөнүп.
Айтканымды азыр бил,
Балаң менен жерге кир!
Балаң мындай деп ыйлайт.
Балаң башын жеп айтат
Баландын айткан кеби бул,
Ачууланып кетпесең,
Балаң мындай деди бул:
«Атакеме айткын,– дейт,
Айтып кайра тарткын»,– дейт,
Бул баландын чыркырап,
Ыйлап жаткан себеби
Чымындай жанын аябай
Кыйнап жаткан себеби
Бадирек балаң муну айтат,
Байкасам кыйын шумду айтат:
«Атакеме айткын, – дейт,
Айтып кайра кайткын – дейт.
Баатыр болсо, эр болсо,
Балам деп мени каалаcompletely,
Жанына жаным кошом,– дейт.
Тынына тыным кошом,– дейт.
Канына канды кошом,– дейт,
Дегенине көнөм,– дейт.
Эр жалгызы атама
Караан болуп берем» – дейт.
Ошо сөзүн укканда,
Чоюн турду күүлөнүп,
Быйты күңгө сүйлөнүп:
«Кудай бардыр, куу Быйты,
Билбегениң бит, Быйты,
Ааламды буй кылган,
Атаңдын көрү ит, Быйты!
Билбегенди билгизет,
Туйбаганды туйгузат.

Эченди салып оюма,
Эстетесиң, ээ Быйты!
Оңбогон, Быйты, онбойсуң,
Эгерде эки болбойсуң.
Жөргөлөйсүң, жүрөсүң
Жер танабын билесиң,
Жандарда мендей баатыр жок,
Быйты, сендей капыр жок.
Өкүргөндөн бакырып
Жерди, сууну сапырып,
Катындарды токмоктоп,
Айдап чыкты Чоюн алп.
Каарды катуу баштады,
Катындарды токмоктоп,
Ыраак айдап таштады.
Кулак угуп, көз көргүс
Жерге айдап таштады.
Адам өтүп келгисиз
Белге айдап таштады.
Эми олтуруп Чоюн алп
Балага кепти баштады.
Бек сүйлөбөс кыбырлайт,
Бери тартып баланы
Эми Чоюн шыбырайт:
«Айланайын кулунум,
Маңдайымда баргегим,
Бетиме коёр айнегим,
Тили жок, балам, кебимди ук.
Айланайын жалгызым,
Ырдайын азыр ырымды,
Айтайын сенин өзүңө
Жан билбеген жашырын
Ичимдеги сырымды.
Менин жаным сурасаң,
Токсон тоонун урунуш,
Токсон дайра куюлуш.
Куюлушу тоону жердеген,

Барып бенде жеңбеген.
Жазайыл үнүн укпаган,
Жабылып тоого чыкпаган,
Барандын үнүн укпаган,
Басып тоого чыкпаган,
Күмүш күнгөй оттогон,
Май коктуга токтогон.
Кайыптар жүрөр коктунун
Как эле ооз жагында,
Чоң чынардын түбүндө,
Алтын кудук деген бар.
Алтын кудук ичинен
Ар качан барып суу ичкен
Ошо жерди жердеген,
Ойрон болгон жети аркар,
Жети аркардын ичинде
Жетип келип суу ичет
Карды салык кара аркар.
Кара аркардын ичинде
Темир сандык бар эле,
Темир сандык ичинде
Жети кара кучкач бар,
Ошо менин жанымдыр,
Ошо менин тынымдыр.
Жаныңды барып ошоо,[1] кош,
Тыныңды барып ошоо кош.
Ай кулунум, билим ал,
Айттым толук, тилимди ал!»
Баласына муну айтып,
Чалкуйрукту минди эми,
Чайыңги тонду кийди эми,
Кайра баштан жети күн
Салбырынга жүрдү эми.
Бул сөздү угуп ошондо,

---

[1] Àéòóó÷óíóí äèàëåêòèñèíäå «îøîãîíóí» îðäóíà, «îøîî» êîëäîíóëàò. Îøîíäóêòàí ò¿ï íóñêàäàãû áîþí÷à êåòòè.

Элемандын сырттандын
Каар башына айланды,
Жоо-жарагын шайланды.
Болкулдай басып аяныып,
Боз келтени таянып,
Аркарын атып алууга,
Кызыталак Чоюнга
Балакетти салууга.
Эми жүрдү камданып,
Аркар атып алууга.
Ал Чоюн алп капырдын
Көрүнөө жанын алууга
Сөөгүн өрттөп Чоюндун,
Акыр заман салууга.
Мына ошондо сырттан эр
Кароол карап, жер чалып,
Токсон тоонун урунуш,
Тогуз дайра куюлуш,
Айткан жерге барды эле.
Чоюн алптай капырдын
Жерин таап алды эле.
Күмүш күнгөй токтогон,[1]
Май коктуну оттогон,
Бери жагын караса,
Адыр-күдүр жар экен,
Чоң чынардын түбүндө
Алтын булак бар экен.
Элемандын сырттаны
Тамашага батты эле,
Эч бир жанга көрүнбөй,
Эч бир жанга билинбей,
Андып келип жатты эле.
Андай-мындай дегиче,

[1] Ò¿ï íóñêàäà «îòòîãîí» äåï êàòà æàçûëûï, êèéèíêè ñàïòàãû ñºçä¿ êàéòàëàï êàëãàí. Îøîíäóêòàí ýïîñòóí º禿íäº ñàëòòóó ôîð-ìóëàäàãû «òîêòîãîí» äåãåí ñºç áåðèëäè.

Ачып көздү жумгуча,
Адырдан түштү жети аркар,
Ал булактан суу ичер
Жети аркардын артында
Карды салык кара аркар,
Чокчорулуп чогулуп,
Качар өңдүү оолугуп,
Карап турду аркарлар
Ал аркардын астында
Аңгемелүү бир аркар,
Аркарга моюн бурганы,
Мындай сонун кайда бар?
Адамча сүйлөп турганы:
«Атаңдын көрү алты аркар,
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен билгенди билдиңби?
Адам келбес бул кокту,
Адам келип калыптыр.
Аркы-терки буттанат,
Баап-баап-баап ай!
Адам жыты жыттанат,
Бул булакка түшпөймүн,
Мындан сууну ичпеймин».
Алты аркар качып дыр койсо,
Калып калды кара аркар:
«Бир кудайдын чоң каарын
Көргөн аркар биримин,
Ичиме темир көтөрүп
Өлгөн аркар биримин.
Тирүү жүрбөй өлгөнүм,
Темир сандык көтөрүп,
Өмүр бою өлгөнүм.
Адам уулу бар болсо,
Азыр атып койсун – деп,
Минтип тирүү жүргүчө,
Атып алып этиме
Адам уулу тойсун» – деп.

Бул сөздү айтып кара аркар,
Басып келди балпайып,
Булагына түштү эле,
Суусун жутуп ичти эле,
Элемандын сырттаны
Мергендердин тазасы.
Белен турган машасы,
Ирмеп сырттан өттү эле.
Кардына огу жетти эле,
Ичинде темир сандыгы,
Ал аркардын ичинен
Шарк деп ыргып кетти эле.
Мына ошондо кара аркар
Басып чыкты сабылып,
Сырттан эрге жалынып:
«Оор жүгүмдү бошоттуң,
Оор жүгүң кудай бошотсун.
Өчкөн отум тамыздың,
Өлгөн жаным тиргиздиң.
Чоюнкулак капырың,
Жан койбогон жакырың.
Энем эгиз тууганда
Кубалап кармап алды эле.
Сыйкыр менен дубалап,
Жети кара кучкачын
Темир сандык ичине
Алып келип салды эле.
Өлөрчө болуп мен өзүм
Өрттөнгөн иттин бул жанын
Сексен жылы көтөрдүм.
Кудай ачсын санааңды,
Аман көр, сырттан, балаңды,
Умачтай көзүң ача көр,
Капыр иттин сандыгын,
Кокус качып кетпесин,
Эми, Төштүк, баса көр!»
Ал Чоюндун сөздөрүн

Айтып болуп ал аркар,
Санаасындай толду эле,
Көздөн кайым болду эле.
Капырындын сандыгы
Томолонуп качты эле,
Качып алып ал сандык,
Бир аңгекке тыгылды,
Кууп отуруп эр Төштүк
Үстүнө баса жыгылды.
Басып Төштүк сандыктын
Эми эсебин тапты эле.
Колундагы жой болот,
Ала коюп колуна
Бөлө-бөлө чапты эле.
Чоюн алптын өлбөсүн
Ошондо сырттан билиптир.
Ал сандыктын ичинде
Жети кара кучкачы
Оозун ачып жүрүптүр,
Алты кара кучкачтын
Башын жулуп алды эле.
Бир кучкачы ошондо
Чала жансар бир кылып,
Кисесине салды эле.
Чоюн алптай капырга
Өрттөй көзү эң жайнап,
Кан ичмеси чын кармап,
Элемандын сырттаны
Эми жетип барды эле.
Мына ошондо Чоюн алп
Кабыргадан кагынып,
Как төбөдөн сезгенип,
Кас ажалы табылып,
Жаман болгон кези экен.
Жаздыкка башын салыптыр,
Жантайып алып ошондо
Эң онтолоп калыптыр.

Ал ошонткен кезинде
Оён Төштүк барыптыр.
Ал Чоюн алп капырга
Эми Төштүк муну айтат:
«Өлтүрөмүн өзүңдү,
Чукуймун эки көзүңдү».
Төштүк мындай дегенде
Ыргып туруп Чоюн алп,
Кармашты катуу салды эле.
Жакадан алып чоюшуп,
Кочкордон бетер сүзүшүп,
Айгырдан бетер алышып,
Аябастан салышып.
Буурадан бетер булкушуп,
Бөрүдөн бетер жулкушуп,
Чакчелекей чаң болуп,
Баскан жери аң болуп,
Анда Төштүк муну айтат:
«Айланайын Быйты күң,
Кагылайын Быйты күң,
Кабыргамды бит жеди,
Бит жебеди ит жеди,
Бөрүчө бөлүп баратат,
Каманча алып баратат».
Төштүк мындай дегенде,
Ыргып туруп Быйты күң,
Койнуна колун салды эле.
Кабырганын бетинде
Омуртканын четинде,
Сайылып жаткан кучкачты
Эми жулуп алды эле.
Каарданып сабылып,
Эми ошондо Чоюн алп
Быйты күңгө жалынып:
«Айланайын Быйты күң,
Кагылайын Быйты күң,
Дегениме көнсөңчү,

Кучкачымды берсеңчи.
Менин тилим алсаңчы.
Ушу кара кучкачты
Оозума салсаңчы!»
Анда Быйты муну айтат:
«Кайсыныңа көнөйүн,
Кызыталак Чоюн ит
Кучкачыңа сиейин,
Күйгүзүп жүрүп күл кылдың.
Тытып бизди жүн кылдың».
Мына ошондо Быйты күң
Оңбос кептен салды эле,
Жан серек кара кучкачтын
Мойнун жулуп алды эле.
Кучкачтын мойну үзүлдү,
Чоюндун көзү сүзүлдү.
Кучкач өлдү чыркырап,
Ал Чоюн алып капырдын
Сөөгү кетти быркырап.
Жети жаны учканда
Ал Чоюн алп турабы?
Тоо кулаган эмедей
Тоңкоюп келип сулады.
Чоюн алптын өлүгүн
Быйты күң менен Күлайым
Балта менен басышып,
Керки менен кесишип,
Кыңырак* менен кескилеп,
Ийне менен тешкилеп,
Чакчелекей чаң кылды,[1]
Кызылала кан кылды
Элемандын сырттаны
Тоо отунун кыйратып,

[1] Óøóë ñàïòàí ìóðóí «Êûçûë àëà êûëäû ýëå» äåãåí àéòóó÷ó æà¢ûëûø êàéòàëàãàí ñàï áàð. Àøûê÷à êàéòàëîî áîëãîíäóêòàí íåãèçãè òåêñòêå êèðãèçèëãåí æîê.

Түзгө келип жагыптыр,
Ит көтөр кылып сүйрөтүп,
Күйгөн отко салды эле.
Ошол отко бул Чоюн
Күл болуп күйүп калды эле.
Сөөгүн өрттөп күл кылып
Этин тытып жүн кылып,
Чоюн алпты сойду – дейт.
Капанын баары жоголуп,
Төштүктүн иши оңолуп,
Төрө сырттан болду – дейт.
Чайыңгини кийди эле,
Чалкуйрукту минди эле.
Жаккан отун өчүрүп,
Элемандын сырттаны
Бийты менен Күлайым
Алып жүрдү көчүрүп.
Ашарына тоо калбай,
Алышарга жоо калбай,
Төштүк жолго кириптир.
Бузулган экен санаасы,
Ал Чоюн алп капырдын
Бешигинен чыкты эле.
Чоюн алптын баласы:
«Эми жылы өлбөс күн көрүп,
Артыңдан кууп барбасам,
Акыр заман дүмөктү
Сага, Төштүк, салбасам.
Тукумунду кырбасам,
Тамырыңды жулбасам,
Туубай туна чөгөйүн,
Бала болбой өлөйүн».
Эми ошондо Бийты күң,
Токтобой жетип барганы,
Кылычты колго алганы,
Төштүк жетип баргыча,
Ажыратып алгыча,

Каарды катуу баштады.
Сүйлөп жаткан баланы
Бөлө чаап таштады.
Элемандын сырттаны
Жоологон жоосун баскан жер,
Жолун кудай ачкан жер.
Элемандын сырттаны
Жер алдына тутулуп,
Чыккан экен бечара
Аман-эсен кутулуп.

## ТӨШТҮК ӨЗҮНҮН ЖЕРИНЕ ЖӨНӨГӨНҮ

Кичинеден чоңойгон,
Жерине кетип баратат.
Киндик кесип, кир жууган
Элине кетип баратат.
Быйты менен Күлайым -
Бул экөөнө ошондо
Желбегей торко кийгизди,
Желбеген жорго мингизди.
Өлүмдөн жаны тирилип,
Өткөрө сырттан сүйүнүп,
Касаба колдо калкылдап,
Кара жаак айбалта
Билегинде жаркылдап.
Көргөндүн көөнү бөлүнүп
Элемандын сырттаны
Сырттандык түрү көрүнүп.
Кайнаган кыпчак аты улуу
Элине кетип баратат.
Кең Кашкардын нары жагы,
Кебез тоонун бери жагы
Жерине кетип баратат.
Кырка тиккен кызыктуу
Айлына кетип баратат.
Бармактайда баш кошкон,

Биттейинде бириккен,
Жети жылы көрбөгөн,
Кереметтүү Кенжеке
Зайыбына кетип баратат.
Көрүшпөгөн көп кызык
Көргөлү кетип баратат.
Ал Кенжеке жок болсо,
Сырттан Төштүк ошондо
Өлгөлү кетип баратат.
Төштүк жакын калганда,
Аны мындай таштайлы,
Кереметтүү Кенжеке
Ошондон кабар баштайлы.
Сарыбайдын кызы Кенжеке,
Сары ооруу болуп кайгырып,
Жети жылдан бери жакка
Сырттанынан айрылып,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Өлөйүн деген оюнда,
Калган экен башында
Үч ай күмөн боюнда.
Ойсул ата чаар инген
Анын да калган боюнда.
Камбар ата кара бээ
Мунун да калган боюнда.
Кенжеке менен ал – үчөө
Антташкан экен абыдан,
Убада кылган тагынан.[1]

[1] Áóë ñàï ýïîñòóí ìóðóíêó áàñûëûøòàðûíûí áààðûíäà êûñêàðòûëãàí. Êûÿçû, ýïîñòóí êèòåáèí áàñìàãà äàÿðäààãàíäàð «òàãûíàí» äåãåí ñºçä¿í ó¢ãóñóí (õàíäûí æ. á.) òàãû (òðîí, ïðåñòîë) äåï êààáûë àëûøêàíäà ëîãèêàëûê áàéëàíûøû æîê ñàï êàòàðû ñàíàøêàí. Àíûãûíäà «òàãû», «àíûãû» äåãåí ò¿ø¿í¿êò¿í ñèíîíè-ìè. Äåìåê, áóë ñàïòû êàðà ñºçãº àéëàíòêàíäà «Òàê óáàäà êûëãàí» äåãåí ìààíèãå ýý áîëóï ºç¿íºí ìóðóíêó ñàïêà ýïèêàëûê ñàëòêà ûëàéûê ïàðàëëåëü êîëäîíóëãàí.

Келерин билип сырттандын
Ноктоосун үзүп шашыптыр,
Чаар инген бери качыптыр.
Жалгыз жанга көрүнбөй,
Безип алып жөнөгөн.
Сырттан эрдин жолуна
Чаар инген бото төрөгөн.
Кайыптын кырын ашыптыр,
Камбар ата кара бээ
Жылкы ичинен качыптыр.
Тулпарлыгы, күлүгү
Башынан ашып озуптур.
«Сырттан ээм келет»,– деп,
Эми чыгып тозуптур.
Кеткени жолдон табылып,
Абийири эми жабылып,
Ырысы көлдөй жөнөптүр.
Качып алып ошондо,
Сырттан эрдин жолуна
Актулпарды төрөптүр.
Төштүктүн зайыбы Кенжеке
Толгоо көрбөй өз башы
Толгоонун тунун көрүптүр.
Өөдө болсо бели ооруп,
Эңкейгенде Кенжеке,
Эки кара саны ооруп,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Карагаттай кара көз
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй кайран көз
Бөлөк-белек жаш кетип:
«Сырттан Төштүк кетти эле,
Кеткенине так быйыл
Жети жылга жетти эле.
Көзү кургур көп тартат,
Тилегим колго береби?
Тиктеген сырттан келеби?

Кабакты кудай ачабы?
Кайгынын баарын чачабы?
Кубат берген куу жанга
Сендей[1] байкуш бар бекен?
Аташкандан айрылган,
Арман менен кайгырган,
Мендей байкуш бар бекен?
Элемандын сырттаны –
Асылым Төштүк келеби?
Көрбөй эле Кенжеке,
Көмүлгөн бойдон өлөбү?
Он эки тамыр, сексен сөөк
Обу жок күйүп зыркырайт,
Айланайын кудурет,
Оёнум келер күн барбы?» –
Деп, ошонтип Кенжеке,
Көзүнүн жашын[2] арталбай,
Мурдунун суусун тарталбай,
Касиети башынан
Озо чыкты ошондо,
Сыртан эрдин алдынан
Кереметтүү Кенжеке
Тозо чыкты ошондо:
«Каалаганда бендеге
Кадыр түндөй түн барбы?
Кадырлашым сырттанды
Жолдон көрөр күн барбы?» –
Деп, ошонтип Кенжеке,
Карарган кара көзү экен.
Жолго салып келатса[3],

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «ñåëäåé» äåï æàçûëûï, êàò÷û òàðààáûíàí êàòà êåòèðèëãåí. Êîíòåêñò áîþí÷à «ñåíäåé» òóóðà.

[2] Êàò÷û øàøûï «æàøû» äåï êàòà æàçûï êåòêåí.

[3] Ò¿ï íóñêàäà «êåëå æàòñà», ìûíäà ûðäûí ìóóíó àøûï, ûðãààãû áóçóëàò. Êûÿçû, áóë ñºçä¿í êûðãûç òèëèíäå êîøóëóï àéòêàí ýêèí÷è âàðèàíòû, «êåëàòñàíû» êàò÷û àäààáèé íîðìàãà ñàëûï æàçàì äåï êàòà êûëãàí.

Иши гүлдөп алардын
Жөнөп жаткан кези экен.
Чаар инген менен кара бээ,
Жол боюна токтошуп,
Төрөп жаткан кези экен.
Төрөнүн зайыбы Кенжеке
Төрөп жаткан жолдогу
Жолдошторун көрдү эле,
Сырттан эрди тилеген
Болжошторун көрдү эле.
Көрө коюп Кенжеке:
«Тилекти кудай берет бейм,
Сырттаным эми келет бейм?
Кайгылуу болгон биздерге
Кадыр түн өңдүү түн бар го?
Кайрылып келип сырттаным,
Көрө турган күн бар го!»
Чаар инген менен кара бээ
Бул экөөнү көргөндө
Ырысы эми жөнөлдү,
Отура калып Кенжеке
Эркек уул төрөдү.
Кирин өзү жууду эле,
Киндигин өзү бууду эле.
Кайгынын баарын жойду эле,
Жолоочу келип туудум,– деп,
Жолоочу атка койду эле.
Чылгый канга боёлуп,
Жаш баланы колго алып,
Кенжеке минтип турганда,
Кутпа жагын караса,
Чайиңгидей тон кийип,
Чалкуйруктай ат минип,
Кынсыз кылыч байланып,
Каар бетине айланып,
Көрсө көңүл бөлүнөт,
Сырттан Төштүк көрүнөт.

Сөлөкөтү-сөлбөтү,
Атка минген келбети,
Сырттан эрдин өзү экен.
Сапары чарчап Төштүктүн,
Келген жери дагы ошол.
Келген жерде, ошондо
Кереметтүү Кенжеке
Керилип төрөп жатканын
Көргөн жери дагы ошол.

## ТӨШТҮК ҮЙҮНӨ КЕЛИП ТҮШКӨНҮ

Көргөн жерде ошондо
Аттан түшүп сырттаның
Эт бышымга эс албай,
Талып жатып калды эле,
Эт бышымда эс алып,
Андан кийин турду эле.
Бармактайда баш кошкон,
Биттейинде биригип,
Кенедейде кезиккен
Келишкен зайыбы Кенжеке:
«Төрөмдүн көзүн көрдүм,– деп,
Жети жыл сапар кеткенде,
Атыма каткан жүгөнүм,
Мен Кенжеке боюнда
Үч айлык калган күмөнүм,
Жолунду тосуп жөнөдүм,
Тосо чыгып төрөдүм,
Аманатын жолундан,
Сырттан төрөм мен эми
Аманатың алыңыз,
Көп күйгүзүп бышырбай,
Ары таман барыңыз.
Кылдан кылган кыягың,
Кыңкылдатпай ары тарт, Төштүк.

Кызыктуу чакта көрбөдүм, Төштүк,
Көп кыйнабай кайра кайт, Төштүк!
Чогоно куурай чоорунду,
Чойкоктотпой нары тарт, Төштүк!
Чоң кызык чакта көрбөдүм,
Чоң күйгүзбөй кайра кайт,[1] Төштүк.
Келериң билип койгомун,
Кечигип кеттиң жети жыл
Тирүүлөй жесир болгомун, Төштүк.
Канча жылы күйгүздүң, Төштүк,
Тирүүлөй кара кийгиздиң, Төштүк!
Өлбөстөн мурун өлгөмүн, Төштүк,
Өлбөстүн күнүн көргөмүн, Төштүк.
Сары оору болуп саргардым, Төштүк!
Адамдан башка сандалдым, Төштүк!
Уктап жатсам, уйкум жок, Төштүк,
Күндүзүндө күлкүм жок, Төштүк,
Жердин алдын жердедиң, Төштүк,
Зериктирип келбедиң, Төштүк!
Жыргалдуу кырчын чагыңда,
Кызыгыңды көрбөдүм, Төштүк...»
Кенжеке туруп муну айтып,
Күйгүздү Төштүк санаасын,
Алып келди ошондо
Аманат калган баласын.
Өчүп кетип табылып,
Өлүп кетип тирилип,
Тилекти кудай берди, – деп,
Сырттан төрө келди»,– деп,
Касыети чаар инген
Көтөрүп жүргөн жүгү жок,
Айтайын десе тили жок,
Ботолорун ээрчитип,

[1] Ò¿ï íóñêàäà «íàðû òàðò» äåï êàòà æàçûëãàí. Îéäóí ëîãè-êàëûê ûðààòòóóëóãó áîþ í÷à äà ìóðóíêó ñàïòàðäàí ê°ð¿íã°íä°é ýïèêàëûê ïàðàëëåëü êàéòàëîî êàòàðû äà òóóðàñû – «êàéðà êàéò».

Айбан да болсо чаар инген
Аса күтүп жүрүүчү эле.
Агытып ийсе оттобой,
Байлап салса токтобой,
Чуудалары бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Сырттан эрдин алдына
Чаар инген келди көрүнүп.
Оң жагынан бир жыттап,
Сол жагынан бир жыттап,
Кур-кур этип кур жыттап,
Куркурата бек жыттап,
Чаар ингени ошондо,
Айбан да болсо жаныбар,
Көңүлү кетип бөлүнүп,
Амандашты ошондо
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Быяк жактан ошондо
Кара бээси окшоктоп,
Окуранып окшоктоп.
Ал кара бээ келгенде,
Айбандарды көргөндө,
«Биздин жан кандай бекем?» – деп,
Калайык ыйлап, кары ыйлап,
Калың журттун баары ыйлап.
Карылыктан Элеман,
Өлө турган кези экен.
Анча Төштүк келбесе,
Кыяматтын тар жолун
Көрө турган кези экен.

## ТӨШТҮКТҮН ЭЛ-ЖУРТУНА БАРЫП ТУРГАН ЖЕРИ[1]

Төштүктүн атасы Элеман картайып чөгүп калган кези.

«Жети жыл жоголуп кеткен Төштүгүм табылды» – деп Элеман сүйүнгөнүнөн төрт түлүк малынын баарын чачып, өрттөнгөн жүрөгүн басып, кайгынын баарын жоголтуп, көңүлүн кайра оңолтуп, Элемандан зардоо кылып турганы.

Тогуз уулдун кенжеси,
Толгон дөөнүн сырттаны
Элемандын эркеси
Эреним Төштүк келген соң,
Үзүлгөнүм уланып,
Көңүлдө черим ачылып,
Өрттөнгөн жүрөк басылып,
Кеткеним Төштүк келген соң,
Кумурскадай ээсиз мал
Той кылып баарын кырайын.
Калайык журтту дүрбөтпөй,
Токсон беште Элеман
Токтонуп кантип турайын?
Кебез тоонун куу түздө,
Кур атым жатат бу кезде.
Топозум токсон сан болду,
Байлыгым журтка даң болду,
Уулум Төштүк жоголуп,
Атакеси Элеман,
Өөдө болбой шал болду.

---

[1] Óøó ãëàâààäàí òàðòûï ýïîñòóí êîë æàçìàñûíûí ò¿ï íóñêàñû æîãîëãîí (Êûðãûç Ðåñïóáëèêàñûíûí Óëóòòóê èëèìäåð àêàäåìèÿñûíäàãû «Ìàíàñ» òààíóó æàíà ê°ðê°ì ìàäàíèÿòòûí óëóòòóê áîðáîðóíóí Êîë æàçìàëàð ôîíäóñóíäà æîê). Îøîíäóêòàí áàøêà áàñûëûøòàðãà êàðàãàíäà ò¿ï íóñêàãà °ò° æàêûí òóðãàí, 1938-æûëû æàðûÿëàíãàí áàñûëûø áîþí÷à áåðèëäè.

Тирүү десе, санда жок,
Өлүү десе, көрдө жок.
Бүгүн көргөн эртең жок,
Балам Төштүк жоголуп,
Мен Элеман байкуштан,
«Төштүк ай» – деп, зарланып,
Белим кеткен бөкчөйүп,
Көзүм калган чекчейип.
Көөдөнүм калган кирилдеп,
Агарып сакал бириндеп,
Жаак-башым шалдырап,
Шекердей таттуу сөз качып,
Тил билинбей балдырап,
Чама чарчап, муун кетип,
Жанымдан жакын элим бу кетип,
«Калжаңдаган как баш» – деп,
Жакын тамыр бул кетип.
Баш көтөрбөй жөткүрүп,
Уулум Төштүк жоголуп,
Жаттым эле минетип.
Уулум Төштүк келген соң,
Жети там эле казынам,
Чылгый толгон сары алтын
Талкалап оозун ачайын,
Кулак угуп, көз көргөн,
Жети уруу кыргыз уулуна
Зарып кылып чачайын.
Жетим менен жесирге,
Колу жетпес бакырга
Дүйнөм чачууга ой кылып
Бу Төштүгүм келген соң,
Арбын дүйнө, кара мал,
Текши чачып той кылып,
Жердин түбү Желпиниш,
Жердегени чакырып,
Жер маңдайы күн чыгыш,
Киндиги кытай, Каканчын

Уругу кырктай эл дейт го?
Көптүгү дайра сел дейт го?
Беттеп бенде барбаган,
Беттешкен аман калбаган,
Элдин баарын чакырып,
Эми, журтум, той кылам.
Төгөрөктүн төрт бурчун
Тойгузам деп ой кылам.
Кең Кашкардын ары жагы,
Кебез тоонун бери жагы,
Кең талааны жердеген,
Уругум кыпчак эл деген,
Караңгы калган Элеман
Түмөндөп төөм төлдөгөн,
Аты угулуп ааламга,
Бай Элеман дедиртип,
Атагым журтка желдеген.
Жети жылы жоголуп
Бул Төштүгүм кеткени.
Ошондон бери бул үйгө
Адам уулу келбеген.
Уулум Төштүк келген соң,
Сырттан балам Төштүктү
Сыздап жүрүп Элеман
Аман-эсен көргөн[1] соң,
Ашкере журтка той кылам,
Кулак угуп, көз көргөн
Алптын баарын бет кылам,
Алпты конок кылууга,
Аз болгондо Элеман
Ала-Тоодой эт кылам,
Ала-Көлдөй чык кылам.

---

[1] Ì óðóíêó áàñûëû øûíäà «êåëãåí». Êûÿçû, êàò÷û æå áàñìà òàðààáûíàí êåòêåí êàòà. Êîíòåêñò áîþí÷à äà, ûðäûí êºðêºìä¿ã¿ («êåëãåí» îðóíñóç ýêè êàéòàëàíáàé) áîþí÷à áóë æåðäå «êºðãºí» äåãåí ñºç êåëåðè à÷ûê áàéêàëûï òóðàò.

Кырк уруу кыргыз эл эле
Ал кыргыздын бир уулу
Элеман кыпчак мен элем.
Ары тоюм, ары ашым,
Сырттан уулум келген соң,
Эми өлсүн бу башым!..»
«Элеман байдын ою»,– деп,
Эл чогулуп, журт дүрбөп,
«Эр Төштүктүн тою»,– деп,
Кабар тийген калайык.
Ошо тойго баруута,
Өңшөңдөшүп желсин,– деп,
Кулак угуп, көз көргөн
Тирүү жандар келсин,– деп,
Элеман байдын айлына,
Эр Төштүктүн Кенжеке,
Кенжеке аттуу зайыбына»,
Элеман буйрук кылыптыр.
Эл чогулуп, дуу болуп,
Айың-ушак кеп болуп,
Элемандын айтканы
Калың журтка эп болуп,
Арбын дууну башташты,
«Акыл мындай болот»,– деп,
Малы менен жанынан
Такыр кечип ташташты.
Журт чогулуп, эл дүрбөп,
Эр Төштүккө барышып,
Элеман байдын айтканын,
Макул ала салышып,
Эр Төштүктүн Кенжеке
Мурунку алган зайыбы экен.
Жети жыл Төштүк көрө албай,
Жесирдиги бар экен,
Катын башын эр кылган,
Кебез тоону жер кылган,
Кебез тоодо кыпчакты,

Капа кылбай эл кылган
Кенжеке мындай жан экен.
А Кенжеке катындын,
Кылтылдаган капырдын,
Эрдиги мынча бар экен.
Ордо салып, жер кылган,
Эр Төштүктүн калың эл
Эби менен эл кылган.
Кенжекенин ак сарай,
Бекемдиги бир далай.
Айланасы чоң сепил,
Таштан жыйып тоо кылган.
«Жесирди тартып алам»,– деп,
Нечен алптар чогулган.
Ошондо дагы Кенжеке
Алпка моюн бурбастан,
Кара башын соо кылган.
Каран калган сарайын,
Сарайдын форум далайын
Алтындатып сырдаган.
Күмүш менен кырдаган,
Эки киши унчукса,
Күңгүрөнүп сыйпалгыр,
Өзүнөн өзү ырдаган.
Сарайдын алыс жерине,
Бута атымдай жээгине,
Карагайдан ноо кылган.
Катын да болсо бейтаалай,
Кайтарып жанды соо кылган.
Ал сарайдын форуму
Найза салса мадаган,
Эр Төштүктүн жогунда,
Алам деп келип долуну
Кыйла алптар жадаган.
Ала албаган себеби
Эшиги темир далайдан,
Катын да болсо бейтаалай,

Кенжекенин сарайдан,
Той болорун[1] укканда.
Токтобой келди далай жан.
Эл жүгүрүп, журт дүрбөп,
Калк чогулуп, эл толуп,
Үйүрмөнүн сазына
Үч күн жыйын[2] кылышып.
Чогулманын сазына
Чогулушуп турушуп,
Кепти ортого салышып,
Тапкычташып алышып,
Кеп аягы чуу болуп,
Журт дүрбөдү дуу болуп.
Акылсыздын баарысы
Көп сүйлөбөй тарашып,
Акылдуунун баарысы
Элеман сөзүн эп көрүп,
Сараңбай оозун карашып,
Сараңбай жайы мындайча:
Бул Элеман бай менен
Кеби бирге жан экен.
Кичинеден кеңешип,
Акылы бирге бала экен.
Анда туруп Сараңбай,
Элеман байга муну айтып,
«Эл энеси болдуң»,– деп,
Кенжекеге шумду айтып,
Мына ошондо Сараңбай,

[1] Ìóðóíêó áàñûëûøòàðäà «Òîéãî áàðóóíó». Ìóóí àøûï ûðäûí ûðãààãû áóçóëóï, àíûí ¿ñò¿íº ñºç îðäóíà òóðáàé, ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóêêà ýï êåëèø ïàãåíèíå êàðààãàíäà, ò¿ï íóñêàäàãû «Òîé áîëîðóí» äåãåí ñºç àéêàëûøûí êèòåïòè æàðûÿëîî÷óëàð êàòà îêóøêàí.

[2] Ìóðóíêó áàñûëûøòàðäà «æûéûëûø» äåï æàçûëûï, ûðãààê áóçóëãàí. Áóë äàãû ò¿ï íóñêàíû êàòà îêóãàí êèòåïòè æàðûÿëîî÷óëàðäûí áààéñûçäûãûíàí áîëóó êåðåê.

Убаданы кылышты,
«Кеп ушундай болсун»,– деп,
Арага чыбык кыйышты.
«Тоюбуз мындай болсун» – деп,
Токтобой чаап алууга
Кылычтын мизин жалашып,
Мына ошондо Саранбай
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган Саранбай
Жүгүрүк чечен уул экен,
Кара тилин кайраган,
Кан алдында сайраган,
Тили чечен даанышман,
Ар ишти көргөн алыстан,
Кандай чечен Саранбай,
Байгени алат алыстан
Кеп сүйлөсө ар кандай,
Келиштирип кеп айтат,
Сөөмөй менен сайгандай.
Тили чечен Сарандын,
Молдолугу дагы бар,
Найза берсе, жоо сайган,
Ыктуулугу дагы бар.
Акылга дыйкан жүйөкөр
Мыктылыгы дагы бар.
Акырын сүйлөп, бек таштап.
Ал Саранбай кеп баштап:
«Кыргыздын кыпчак эл элек,
Кыйыным Төштүк жогунда
Кыйла журтка кем элек.
Кем болуп жүргөн себебим
Имерилип чырлашсак,
Инди кордук салчу эле.
Сен бөлөгүн айтып нетесиң,
Кыздан алым алчу эле.
Алымына чыдабай,
Журт чуркурап калчу эле.

Алты миң жамбы, миң кундуз,
Ай сайын салым салчу эле.
Сабап атып саргартып,
Тегиз жыйнап алчу эле.
Алымына чыдабай,
Ар ким ыйлап калчу эле.
Кечээ кабарында бар бекен?
Элеман уулу эр Төштүк,
Эрээн тартып, эр болуп
Эр уулу менен тең болуп,
Ок өтпөс тонду кийгенде,
Олчоюп атка мингенде,
Ордолуудан кан[1] болуп,
Оруntuктуу эр болуп,
Урунууга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай,
Булуттай куйрук Чалкуйрук
Тартып оозун бурганда,
Чоңсунган дөө алптарды
Такыр айдап кырганда,
Жүргөн жерден чаң чыгып,
Төштүк найза сайган жер.
Кайнап кара кан чыгып,
Кан ичип жүрүп катыккан.
«Алымын бербей койду»,– деп,
Индиянын алпы бар.
Кыпчак журтун кырууга
А дагы кол жыйнаган калкы бар.
Төөгө минип, найза алган,
Төбөндөн тийген кандай жан,
Желдеттери жетимиш
Жаңжал десе жабылган.

[1] 1938-æûëêû áàñûëû øòà «õàí» äåï áåðèëãåí. Ò¿ï íóñêàñû òàêòàëãàí áºë¿ìäºðä¿í áàðäûãû íàà «êàí». Îøîíäóêòàí ìûíäàí àðû áóë ñºç æîëóêêàí æåðäèí áàðäûãûí ýñêåð¿¿ñ¿ç ýëå ò¿ï íóñêàäàãûäàé î¢äîï áåðèï îëòóðààáûç.

Адамдын кулак-мурунун
Тумар кылып тагынган.
Келбетин көрүп олтурган,
Кеп сүйлөбөй багынган.
«Келип ала коём,– деп,
Кыпчактын журту оңой»,– деп,
Минтип мүшкүл иш салган.
Жекеге Төштүк чыкканда,
Мамындай душман ала албай,
Акылынан жаңылган.
Элемандын эрке уулу,
Муну менен эр Төштүк,
Эр сырттаны атыккан.
Элеман уулу Төштүктүн,
Жүрүшүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан.
Белгилүү эле, бел эле
Элемандын сырттаны,
Быйыл жети жыл болду өлдү эле.
Өлдү десе, тирүү экен,
Өзү Төштүк келген соң,
Журту көзүн көргөн соң,
Улуу тоюн баштайлы,
Канга ылайык калың журт,
Малыбыз турсун, Төштүккө
Жандан кечип таштайлы.
Бекерге карап турбайлык,
Кыргыз турмак Төштүккө
Кытайдын калкын жыйнайлык.
Бул Төштүктүн тоюна
Албан түрдүү кан келсин,
Уругун жазбай жан келсин.
Эл табылай баратса,
Ээн калган чиркинден,
Он эки түгөй кан келсин.
«Кебез тоонун бою – деп,
Кең талаанын ою,– деп,

Эр Төштүктүн тою»,– деп.
Асманга учсун топурак,
Аскери түшсүн топурап.
«Сырттан Төштүк келди,– деп,
Катын, бала, атасын
Кайран киши көрдү»,– деп.
Ойдо бир жан калбасын
Деп, ошонтип Сараңбай
Тойду[1] сүйлөп турду эле.
Адам чечкис чоң үлкөн
Ойду сүйлөп турду эле.
Мына ошондо жабыла
Элеманды караса,
Аксакалы суюлган,
Сүйүнүп ыйлап Элеман,
Эки көздөн аккан жаш
Акырек ылдый куюлган.
«Айланайын калың журт,
Уулум Төштүк келген соң,
Төрт түлүктүү малды сай,
Кыркып ийип сакалым,
Кызыталак мени сай.
Жоого беттеп баруучу,
Эл намысын алуучу,
Айбалтасын барбайтып,
Чоң мурутун дарбайтып,
Капка баккан дөөнү сай,
Азууларын аркайтып,
Алдыңкы эрдин шалпайтып,
Сан кара нар төөнү сай.
Кумурскадай жайнаган
Ээсиз каран койду сай,
Эс алдырбай жанды сай.
Эл дүрбөсүн даң болуп,

[1] Ýïîñòóí 1939-æûëêû áàñûëûøûíäà – «òîéãî». Ûðäûí óéêàøòûãû íà êàðàãàíäà (òîéäó //îéäó) áóë æåðäå «òîéäó» òóóðà êåëåò.

Калайыкка шаң болуп,
Эткелдүү сорпо, майлуу эт,
Эл чогулсун толук көп.
Той кабарын уксун,– деп,
Толкуп көп жан чыксын,– деп,
Калбай келсин тоюма,
Төшөккө чөккөн карысы,
Кулак угуп, көз көргөн,
Калбасын журттун баарысы.
«Картайганда Элеман
Төштүк келип онду,– деп,
Элемандын көп дүнүйө
Көзүнө чөптөй болду»,– деп,
Кең талаанын боюна,
Эр Төштүктүн тоюна,
Азуусу тутам ат союп,
Айры өркөчтүү төө союп,
Арбын дүнүйө, кара мал
Ортого салып тең коём,
Олбуй-солбуй мингенге
Алты күлүк ат берем,
Ааламдын журту келүүгө
Алакандай кат берем.
Кыйын уулум тоюна
Кызга кызыл кийгизем,
Кызыл тондун этегин
Кыйгачтап жерге тийгизем.
Келинге кете* кийгизем,
Кетесинин этегин
Кеңитип жерге тийгизем.
Келген эрдин баарына
Кенендигим билгизем.
«Эр Төштүктүн тою» – деп,
Билген алпка дуу кылам,
Келбей калган кандарга
Киши кылгыс чуу кылам.

Бул кызыкты көрсүн,– де,
Бул тоюма келсин,– де,
Кулак угуп, ат жетер,
Жердегилер келсин,– де,
Курсак тойбой жөн жүргөн
Чөлдөгүлөр келсин,– де.
«Бай Элеман ою,– деп,
«Эр Төштүктүн тою» – деп,
Эстеп адам көрсүн,– де,
Бул тоюма түк калбай,
Түп көтөрө келсин,– де,
Түгөл кызык тамаша
Түгөл калбай көрсүн,– де,
Тоюма келген толук эл
Арагын ичсин кутуруп,
Айкырык салсын жутунуп,
Кымызын ичсин кутуруп,
Кыйкырык салсын жутунуп.
Улуу оюн тамаша,
Ушундай кызык караса,
Бу тоюмду көрсүн,– де,
Элемандын эр Төштүк,
Ээси келген көп малды
Келгендердин баарысы
Камчыга ченеп бөлсүн,– де,
Куру калган дүйнөнү
Кубанып журт алсын,– де,
Эр Төштүктүн тоюнда
Эл жыйылып дуу болсун,
Доор кыямат өткөнчө,
«Эр Төштүктүн тою» – деп,
Калайыкка чуу болсун».
Жетине албай Элеман,
Жети там толгон казына,
Казына оозун ачты – дейт,

Кап баштыкта[1] сары алтын
Жеткен элдин баарына
Зарып кылып чачты дейт[2]...
Алтын талап алууга,
Журт чуркурап чуу болуп,
Балдар талап дуу болуп,
Алып качып алтынды,
Баланын иши ушундай,
Көп, аз экен дебестен,
Ала койгон алтынын
Жаңгактарга сатышып,
Сатып алган жаңгагын,
Ыракмат айтып Төштүккө,
Чүкө кылып атышып,
Бул кызыкты көргөн соң
Калк ичинде мунара,
Мунаранын үстүндө
Чуркап чыгып бакырып,
Жортуулчуну чакырып,
Ал жортуулчу келгенде
Керней-сурнай тартылып,
Керикке жамбы артылып.
Мунарада Элеман
Бул кызыкты көргөндө,
Ак сакалы жаркылдап,
Токтобой баш калтылдап,
Анда Элеман кеп баштап,
Акырын айтып, бек таштап,
Мунарадан бакырып,
Жортуулчуну чакырып,
Сүйлөп турду мындай деп:

[1] 1938-æûëêû áàñûëûøòà «êàï áàøòûêòà» äåï áåðèëèï, ýìíå äåãåí îé àéòûëãàíû á¿äº̧ì¿ê, êûÿçû, áàñìà òàðààáûíàí êåòêåí êàòà.

[2] 1956-æûëêû áàñûëûøòà óøóíäàí êèéèíêè ñàïòàí òàðòûï àÿãûíà ÷åéèí æîê.

«Эй, Жортуулчу кулунум,
Бекип жаткан бек жерде,
Медет болчу кулунум,
Чиеленген чоң ишке
Себеп болчу уул элең.
Узун бойлуу, кең далы,
Кең көкүрөк эр элең,
Кулак угуп, көз көргүс
Жолго барчу неме элең,
Кузгун учуп чыга алгыс,
Белге барчу неме элең.
Алпка кабар берер – деп,
Барып алып келер – деп
Ишенгеним[1] сен элең.
Астындагы Жоорукер
Айгай укса шашпаган,
Караң калган союлгур[2],
Айдын караңгысында
Бир изин ката баспаган.
Чуу укканда союлгур.
Булуттай көктөн[3] көрүнгөн.
Чуркаганда кара жер
Туш-туштан кыйрап бөлүнгөн.
Араандай оозу ачылган,
Аттаганда кара жер
Кемеге[4] болуп казылган.
Ташка басса Жоорукер
Тайманбай бийиктен,
Такыр жери кем эмес,
Ташка жүргөн кийиктен.
Каран калган жыластын,

[1] 1938-æûëêû áàñûëûøòà «èøåíãåíèí» äåï êàòà áàñûëãàí. Ýñêåðò¿¿: Ìûíäàí àðû áàñûëûøû êºðñºò¿ëáºé, êàòà áàñûëãàí ñºçä¿í ºç¿ ãàíà áåðèëåò.
[2] Ñîþëãûí.
[3] Êºçäºí
[4] Êåìãå.

Туура тулпар Жоорукер
Карааны тоонун теңиндей,
Басыгы сырттын желиндей,
Булчуңу бала белиндей.
Кубантып куйрук чубаган,
Кырк күнчүлүк чөл келсе,
Тилеги каткан жер келсе,
Ат орногон кум келсе,
Чарчап бутун чойбогон,
Чаалыгып чарчап койбогон.
Кырк күнчүлүк чөл келсе,
Башын отко салбаган,
Чып этип суусун албаган,
Чымчып чөптү чалбаган,
Чыдаган мынча мал эле,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айланта кыдырса,
Тулпардыгы бар эле.
Ит өлүүчү кара кыяңга
Ит болбосо Жоорукер
Чыдап берчү мал эле.
Кең Кашкардын Керме-Тоо,
Керме-Тоо бою кыялаш
Көкөтөйдүн[1] Мааникер
Ушу Жоорукер экөө уялаш.
Ок өтпөгөн тон кийип,
Ок жетпеген ат минип,
Ата балам Жортуулчу
Ушундан ары жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң,
Жер маанисин айтайын,
Жерден кийин Жортуулчу
Бир маанисин айтайын.
Көз жетпеген мунарык,
Адыр-күдүр бели ошол.

---

[1] Êºêºòàéäû í.

Котон-Сайдын бели эле,
Ашып түшкөн жеринде
Тобурак деген жер эле.
Жаңырыктын жар кыя
Жалгыз малга чубама,
Жапагер деген чөл эле.
Андан ары барганда,
Адыр-будур бел эле.
Ашып түшкөн жеринде
Кең Кашкар-Ата дээр эле.
Басып жүргөн жолдору
Көмүрдөй кара таш эле.
Төрт аяктуу малдарга
Төбөндөн тийген кас эле.
Ошо баскан бу жолуң,
Мүшкүл жолу болуучу.
Мүшкүл жолун жакала,
Береги жаадай Жоорукер,
Эрикпестен кулунум
Кайра баштан такала.
Андан ары барганда,
Тоңкойгон чуңкур коо келет.
Ошо коодон өткөндө,
Ары таман жеткенде,
Кара капчал зоо келет.
Кар жатпас ала тоо келет,
Кардуу тоону ашарсың,
Ар жак жагы бетеге,
Бетегелүү Беш-Мойнок
Беш-Мойнокту басарсың,
Беш-Мойноктун ар жагы,
Өзүң көргөн Ат-Башы,
Ат-Башыга барасың.
Ал Ат-Башы кайран жер,
Эби менен жер кылган,
Азган-тозгон кыргызды
Эптеп жүрүп эл кылган.

Кулаалы багып, куш кылып,
Курама жыйып журт кылып,
Тели куш багып куш кылган,
Тентиген жыйып журт кылган,
Кум чогултуп таш кылган,
Кул чогултуп баш кылган,
Чеч-Төбөнү жердеген,
Көргөн элдин баарысы
Ченемсиз ошо эр деген.
Алакай көзү Чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Катагандын кан Кошой
Бек даанышман карыя,
Белгилүү журтка олуя,
Балбандыгы башкача,
Баатыр Кошой абаңдын[1]
Балбаны журтка бир башка
Булкунганда карыяң,
Бууруkканда олуяң,
Буттай темир курчанган,
Тоону Кошой бир салган,
Тоону чапса от чыккан,
Чокморунан чок чыккан,
Жүрүшүнөн чаң чыккан,
Берен Кошой абаңдын
Кобурунан жан чыккан.
Капчыгай бузуп жол салган,
Кары Кошой абакең
Канча жерге кол[2] салган.

---

[1] Ìóðóíêó áàñûëûøòàðäà «àãà¢äûí», áèðîê êàëêòûí óð-ìàòòóó êàðûñû Êîøîéäóí òóðóêòóó ýïèòåòè «ààà¢» («àãà¢» êûéëà æàø, êàòàðäààãû àäàìäàðãà äåëå êîëäîíóëóó÷ó êàéðûëóó). Äåìåê, áóë æåðäå êàòà êåòèð¿¿ áàð.

[2] Ìóðóíêó áàñûëûøòàðäà – «æîë». Ûðäûí êîíòåêñòè áîþí÷à äà, òóðóêòóó ôîðìóëàíûí ñºç àéêàøû êàòàðû äà òóóðàñû – «Êîë ñàëãàí».

Кан агызып кат алган,
Ченемсиз эрдик көп кылып,
Чек ара Кошой атанган.
Бекип жаткан белестин
Белин ашкан эр Кошой,[1]
Бек кармашкан душмандын
Канын чачкан эр Кошой.
Бек байланган азамат
Колун чечкен эр Кошой.
Байланып калган базардын
Багын чечкен эр Кошой.
Орго түшкөн Карыптын
Колун чечкен эр Кошой.
Ак маралды кубалап,
Кунан кылган эр Кошой,
Бет алышкан душманды
Зыман* кылган эр Кошой.
Көзү көргөн алыстан,
Барса-келбес балаа жол
Барыш кылган эр Кошой,
Байланып калган эл үчүн
Салыш кылган эр Кошой.
Беттешкенде алп башын
Кескен Кошой эмеспи,
Дүнүйөнү көл кылып,
Кечкен Кошой эмеспи.
Тулпар минсе токтобой
Жарышкан Кошой эмеспи.
Маңгубанын Нескара
Капкадан чыгып келгенде,
Тынбай жатып кырк күнү

[1] Áàðäûê ó÷óðäà òóðóêòóó ôîðìóëà êàòàðû: «Áåêèï æàòêàí áåéèøòèí, ýøèãèí à÷êàí ýð Êîøîé»,– äåï àéòûëàò. Áóãà êàðàãàíäà ìóðäààãû êèòåïòåðäåè æàðûÿëîî÷óëàð ò¿ï íóñêàäààãû æàçûëûøûí «î¢äîï» áåðèøêåíáè?» äåãåí ê¿ìºí îé òóóëàò.

Алышкан Кошой эмеспи,
Жоболоңдуу капырдын
Жолун кескен эр Кошой.
Жолунда балбан чеп курган
Мойнун кескен эр Кошой,
Манжуунун[1] каны Нескара
Тонун чечкен эр Кошой,
Билерик менен Жарманас[2]
Колун чечкен эр Кошой.
Кызыл канга боёлуп,
Кыйла жерден кат алган.
А дагы кыйратып канча эр дөөнү
Балбан Кошой атанган.
Келебеттүү Кошой абаңдын[3]
Керектигин карачы.
Кечээ Кошой абаңыз
Казат кылып чыкканда,
Калдайдын туусун жыкканда,
Чымчышкан жоосу Чынмачын,
Чынмачын бузуп эл алган,
Чын дүмөктүү эр Кошой
Чай алуучу жерди алган.
Ачууланып ал абаң
Алтын казган кенди алган.
Кара кайсар жөө күлүк
Ат көтөрбөс дөөнү алган.
Абайласаң көрүнөт
Ала-Тоо өңдүү жерди алган.
Ушул Кошой кан абаң

[1] Ìà¢ãóóíóí.

[2] Ìóðóíêó áàñûëûøòà «ýð Ìàíàñ» äåï áåðèëèï îäîíî êàòà êåòèðèëãåí. «Ìàíàñòàãû» Êîøîéãî àðíàëãàí ºç¿í÷º ýïèçîääî Íåñêàðà êîëãî ò¿ø¿ð¿ï êåòêåí Áèëåðèêòè, Ýñåíêàí Ìàíàñ äåï æà¢ûëûø êàðìàòûï àëãàí Æàðìàíàñòû Êîøîé òóòêóíäàí áîøîòîò. Ñºç îøîë Æàðìàíàñ æºí¿íäº áîëóï æàòàò.

[3] Àãà¢äûí.

Урунттуу жер там болгон,
Уя салып бек жерге
Ушу Кошой кан болгон.
Аламын деп Кошойго
Келген киши жай болгон.
Эрен абаң сыры бул,
Элди багып четтеген.
Эңишкен жоосун өрттөгөн.
Найза сунса сырдаткан,
Алышкан жерди муздаткан.
Токой жерди жол кылган
Толуп келген душманды
Томсортуп Кошой кор кылган.
Эл жердеген Ала-Тоо,
Эптеп жүрүп жер кылган.
Ала-Тоонун кыргызын
Эптеп жүрүп эл кылган.
Өзү Катагандын кан Кошой.
Билеги балбан, таш жүрөк,
Кошой жайын сурасаң
Бил мүчөлүү бадирек.
Кошой жайы мындайча,
Добул келсе жел тийбес
Булуңдуу токой чер[1] ошол
Доочу келсе мал бербес,
Темирдей көпкөк эр ошол.
Ушул турган абаңыз
Усталарга табылбас,
Кара болот курч эле.
Мүнүшкөргө табылбас
Кыраан бүркүт куш эле.
Эл четинде эр Кошой
Орноткон Кап-Тоо мүлк эле.
Эр Кошойго кабар бер.

[1] Ìóðóíêó áàñûëûø òàðäà «÷åðè» ìóóí àøûï ûðäàûí ûðãààãû, êèéèíêè «ýð» ìåíåí äàë êåëåé óéêàøòûê áóçóëãàí.

Кең-Талаанын боюна,
Келип жетсин кан абам
Эр Төштүктүн тоюна.
Кабылган жерде Кашкар бар,
Кашкар каны Алабек,
Төрт булуң салган тамы бар,
Төгөрөк бышкан наны[1] бар.
Колуна чотун кармаган,
Белине кетмендей токоч байланган.
Курун селде чалынган,
Алты шаардын Алабек:
«Бу тоюма келсин,– де,
Бул кызыкты көрсүн,– де,
Тогуз уулдун кенжеси,
Элемандын эркеси,
Учураша берсин,– де,
Тойго кылып кошомат,
Эр Төштүктү көрсүн,– де,
Азып келген арстанга
Амандаша берсин»,– де,
Кошой менен Алабек
Эки кандан өткөндө,
Арада тынбай жол жүрүп,
Ары таман жеткенде,
Эки Кемин жайлаган
Эгиз кара ат байлаган
Бейбит[2] таз уулу эр Үрбү
Он эки кандын бири эле.
Үрбүнүн жайын айтайын:
Жарды жүрүп байыган,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн,
Кара үңкүрдү үй эткен,
Кара Токой мал күткөн.
Күрүчүн күздүк айдаган,

[1] Äàí û.
[2] Áåéáèê.

Күрүчүнүн күрмөгүн
Күлүккө берип байлаган.
Жазы жаак, жалпак тил
Жаңылбаган чоң чечен,
Эптүүсүнгөн Үрбүнүн
Эр экени дагы чын
Бейбит таздын эрени,
Эл баштаган берени.
А да калк чогултуп салды эле,
Кан атагын алды эле[1]
Чеберсинген эренди,
Чечен Үрбү беренди,
«Бул тоюма келсин,– де,
Бул кызыкты көрсүн,– де.
Элеман уулу эр Төштүк
Жер алдына түшкөнү
Жети жылдар болду,– де,
Жер үстүнө чыкканы
Жети күндөй болду,– де,
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык,
Элемандын эр Төштүк
Аман элди көргөн соң,
Өлбөй тирүү келген соң
Бу тоюма келсин,– де,
Бул тоюмду көрсүн»,– де.
Андан ары өткөндө,
Ары карай кеткенде,
Сары-Арканы жердеген,

[1] Ìóðóíêó áàñûëûøòà «Õàí àòà àéëûí àëäû ýëå» äåãåí ºç¿íºí ìóðóíêó äà, êèéèíêè äà ñàï ìåíåí áàéëàíûøû æîê. ò¿ø¿í¿¿ãº êûéûí á¿äºì¿ê ûð æîëó áåðèëãåí. Êûÿçû, êèòåïòè æàðûÿëîî÷óëàð ò¿ï íóñêàäàãû «àòàãûí» äåãåí ñºçä¿ êàòà îêóï àëûøûï, îéäóí ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóãóí áóçóøêàí. Ýãåðäå áóë ñºçä¿ ºç îðäóíà êîéñîê, «Æàëãûç æ¿ð¿ï êºáºéãºí», «Êàëê ÷îãóëòêàí» ¯ðá¿ êàí àòàãûí àëãàíû (ºç¿í÷º êàí áîëãîíó) à÷ûê ò¿ø¿í¿êò¿¿ áîëîò.

Көргөн адам, уккан жан,
Салмактуу кыйын эр деген.
Айдаркан уулу эр Көкчө
Кадырлуу баатыр жан болгон.
Казактарга кан болгон.
Көк өтүктүн өкчөсү,
Айдаркандын ашкере
Туулган уулу Көкчөсү.
Таруусун таштай таптаган,
Катынын кыздай мактаган.
Шибердүү бөктү* жайлаган,
Миңдеген кызыр байлаган,
Өлүмдөн кайра кайтпаган,
Беттешкен жоодон тартпаган,
Кынсыз[1] кылыч, сыр найза,
Ач айкырык, куу сүрөөн.
Сары-Арка бойлоп жердеген,
Салышып душман жеңбеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Жоо дегенде дыр коюп,
Токтоно албай желдеген.
Ага эч ким чыдап келбеген,
Эңкейип душман жеңбеген.
Өзөндүн чаңы буркурап[2],
Өлөңүн айтып чуркурап[3].
Өзүң көргөн көп казак,
Баштыгы[4] Көкчө кан болуп,
Кызыл кыпча тон кийип,
Кызыл жээрде ат минип,
Кыйгачтатып баарысын
Кыл[5] куйругун чарт түйүп.

---

[1] Êàíñûç.
[2] ×óðêóðàï.
[3] Áóðêóðàï.
[4] Áàøòàãû.
[5] Êûçûë.

Көпкөк темир найза алып,
Көк ала желек булгалап,
Каршы чаап, чуу туруп,
Добулбасты[1] карс уруп,
Казактардын кан Көкчө
Кең Кашкардын ар жагы,
Кебез-Тоонун бер жагы,
Кең-Талаанын боюна
Кечикпей Көкчө келсин,– де.
Төштүк тоюн баштады,
Кыргыз журттун кыпчагы
Малдан кечип таштады.
Асманга учат топурак,
Адам кайнайт топурап,
Бул кызыкты көрсүн,– де,
Калбай Көкчө келсин,– де.
Бул Төштүктүн тоюна
Ар кылым журт бет болуп,
Кылымдын журту тоюуга
Ала-Тоодой эт болот.
Мында найзалары майышат,
Алп-дөөнүн баары сайышат.
Чыкканы мөрөй алышат
Жыгылган куру калышат.
Бул он эки кандын калың эл
Бир бирине таанышат.
Он эки кандын калың журт:
«Эр Төштүктүн тою»,– деп,
Даңаза кылып чубасын.
Береги кызыталак кара жер
Калыңынан чыдасын.
Он эки кандын калың эл,
Кыйрап кыргыз күлсүн,– де,
Кызыталак кара жер
Калыңдыктан түтсүн,– де.
Арыгын баштап мол келсин,

[1] Äîáóë áàøòû.

Аз гана эмес ал Көкчө
Азар түмөн кол келсин.
Ал Көкчөдөн өткөн соң
Букара шарип быягы,
Бузулган[1] Чамбыл тыягы,
Чамбылдын белин жайлаган,
Тулпарын туура байлаган,
Тушуккан элди жайлаган,
Серүүндөп жерин жердеген,
Серпишип адам жеңбеген,
Аксакалы бир кучак.
Буудайык[2] уулу Музбурчак
Канча жерден кат алган,
Кагыштан абийир көп алып,
А дагы зайып буруш атанган.
Кагыштан кайра тартпаган.
Кармаштан кайра кайтпаган.
Бет алып бенде келбеген,
Беттешкен келип жеңбеген.
Кынсыз кылыч байланган,
Жоо-жарагын шайланган,
Кайра жаачу булуттай
Каары бетине айланган.
Жапалдаш бойлуу, кең далы
Бура тартпас Музбурчак,
Көрсө көңүл ток эле.
А да көп жерден көк жал шок эле.
Аманат жанга күч келип,
Кокустан душман бүт келсе,
Кара жанга күч келсе,

---

[1] Áóðóëãàí.

[2] 1938-æûëêû áàñûëûøûíäà – «Àéäàðêàí». Ñ. Êàðàëàåâäèí âàðèàíòûíûí áàðäûê æåðèíäå: «Áóóäàéûê óóëó Ìóçáóð÷àê», «Áóóäàéûê êàíäûí Ìóçáóð÷àê» – äåï áåðèëåò. Áóë æåðäå êàíäàéäûð áèð æà¢ûëûøòûê êåòèðèëãåí. Ì¿ìê¿í, àéòóó÷ó ìóðóí Êºê÷º æºí¿íäº àéòûï êåëå æàòûï Ìóçáóð÷àêêà ºòêºíäº, èíåðöèÿ ìåíåí Êºê÷ºí¿í àòàñû Àéäàðêàíäû Áóóäàéûêòûí îðäóíà êîëäîíóï æà¢ûëûøòûê æèáåðãåí. Áóë òºìºí æàêòà «Áóóäàéûê óóëó Ìóçáóð÷àê» äåãåí ûð æîëó ìåíåí ûðàñòàëàò.

Карааны тийчү неме эле.
Каран калган ок өтпөс,
Кие жүрчү неме эле.
Буудайык уулу Музбурчак
Бул тоюма келсин,– де,
Тойго толук эл келсе,
Той башкарып берсин,– де.
Андан бери тартканда,
Бери кайра кайтканда,
Ордолуу шайык Көк жөкөр[1],
Орчун журт Кокон, Маргалаң
Кайкалап[2] талаа көрүнгөн,
Карарып түтүн бөлүнгөн,
Кан Кокон деген эр эле.
Кокондо болот Козубек,
Мунун кошоктуу каны ал эле.
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Жолго жүрүп калсын,– де,
Аттарынын баары айгыр
Асынатып токтотпой,
Жолго кирип калсын,– де,
Ала-була тон кийип
А да ат куйругун чарт түйүп,
Тойду көздөй бет алып,
Токтобой жүрүп калсын,– де,
Элемандын эсеби жок сансыз мал,
Ошол келген калкка зарп кылып,
Кошо бөлүп алсын,– де.
Анжыянды сураган
Ача сакал Сынчыбек,
Маргаландын Малабек[3]
Төрт кандын эли бүт болуп,

---

[1] Æåêåð.
[2] Êàêàéëàï.
[3] Ìàðàëáåê.

Бул тоюма келсин,– де,
Момундай кызык көрсүн,– де,
Текечи кан, Шыгай кан,
Эли менен Жамгырчы
Эстеп булар келсин,– де,
Бул тоюмду көрсүн,– де,
Мунарык чөлдү жердеген,
Бурулуп адам келбеген,
Мунун санатын айтса далай жан,
Төмөнкү Кара-Кум чөлүн айланган,
Мунун балдары канжар байланган,
Жанаалы, Карач эки кан,
Кандын[1] жээни Жүгөрү,
Үргөнчтөгү Акын кан,
Ушу кандын баарысы,
Жашы менен карысы.
Найзага камбыл байласын,
Акылга дыйкан мыктысы,
Кара мылтык карс этсе,
Качпай турган эрени,
Жамгыр кылып жаа тартса,
Тулпар оозун бурчусу,
Туйлап шашып кетпестен,
Туу түбүндө турчуусу,
Камчы тийсе качпаса,
Найза сунса күркүрөп
Ары-бери шашпаса,
Кайраты мол эрени,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Кең кайраттуу эрени,
Жазбай аткан мергени.
Жаңылбачу нечени
Бул тоюма келсин,– де,
Бул кызыкты көрсүн,– де.
Өтүп кетип кайрылган,

---

[1] Êàí.

Өлүп калып тирилген,
Жоголуп кетип табылган,
Журтка атактуу Элеман
Абийири минтип жабылган.
Жети жылы жоголуп
Жетик эр Төштүк келди,– де,
Жерге кирип кайрылып
Аман журтун көрдү,– де.
Эң сүйүнүп Элеман
Жети там толгон казына,
Бузуп оозун ачты,– де,
Агар алтын, ак күмүш
Зарып кылып ааламга
Ал Элеман чачты – де.
Элемандын бул тою,
Эр Төштүктүн келгени,
Эл чогулуп, журт дүрбөп
Ай-ааламды басты,– де.
Каздай мойнун койкойтуп,
Эки өркөчүн чойкойтуп,
Нардан малды сойду,– де.
Элемандын арбын мал
Санатсыз ортого салып койду,– де.
Эр Төштүктүн тоюна
Албан түрдүү жан келсин,
Ал аздык кылып баратса
Төмөнкү Индиядан да келсин»,– де.
Эр жүрөктүү балага
Ок өтпөс тонду кийгизип,
Ок жетпеген Жоорукер,
Жоорукерди мингизип:
«Кулак угуп, көз көргүс
Жерге кабар салсын,– деп,
Аты угулуп, билинбес
Элге кабар салгын,– деп,
Булунда киши калбасын,
Бул Төштүктүн тоюна

Келбей калып кээ бир жан
Арманда болуп калбасын»,–
Деп ошонтип Элеман,
Көк темирден туулга
Ал Жортуулчу балбандын
Көмкөрө башка кийгизип,
Кулак угуп, көз көргөн[1],
Элдерине жүргүзүп
Айтканына Жортуулчу
Жоорукер менен келиптир.
Алабек, Кошой,
Үрбүгө той кабарын айтыптыр.
Эрендердин баарысы:
«Той көрөм»,– деп сүйүнүп,
Жай билбеген жамандар
Тополоң тийген немедей
Тозок тартып күйүнүп
«Кең-Талаанын бою,– деп,
Эр Төштүктүн тою,– деп,
Алты-Шаардын Алабек
Ал кабарды укканда,
Качыр камдап, төө минип,
Кай бир уйгур жөө жүрүп,
Кең-Талаада эр Төштүк
Каптап жатып калды эле.
Анын бияк жагынан
Боз жоргосун чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Маанилүү сүйлөп баркылдап,
Бала каздай таркылдап,
Көпкөк темир тор кийип,
Көк ала болот найза алып,

---

[1] 1938-æûëêû áàñûëûøòà «Êóëàê óãóï, ýë áèëãåí» – äåï áåðèëãåí äà îéäóí ëîãèêàëûê ûðààòòóóëóãó æîê. Êûÿçû, êàíààéäûð æà¢ûëûøòûê êåòêåí. Îøîíäóêòàí, ýïîñòîãó òóðóêòóó ôîðìóëà áîþí÷à êàëûáûíà êåëòèðèëäè.

Сары жаргак шым кийип,
Баарысы шайдоот тың жүрүп,
Келиштирип ат минип,
Келишимдүү тон кийип,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Абаң Кошой карыя
Ала-Тоодой көрүнүп,
Касаба колдо калкылдап,
Кара болот ай балта,
Билегинде жаркылдап,
Эр башкарып баркылдап,
Эл атасы Кошойдун
Балбандыгы көрүнүп,
Калк башкарып, эл билген
Зардалдагы билинип,
Эр Кошойду көргөндөр
Аттан түшө калышып,
Катагандын Кошойго
Баары жогун карасаң,
Таазим кыла калышып.
Эрен Кошой абаңдын
Эли дүрбөп келди эле.
Эл келгенде карасаң,
Эр Кошойдун калың эл
Кең келебеттүү тон кийип,
Келиштирип ат минип,
Калбыр өпкө, жез билек,
Ысык көрбөй төрдө өскөн,
Тал-тал куйрук чубаган,
«Эркин өскөн экен»,– деп,
Көргөн бенде кубанган.
Ала-Тоо бойлоп жердеген
Алыша келсе эр Кошой
Өнөгүн жанга бербеген.
Куюндай жерди жапырып,
Карчыты бөлөк бөлүнүп.
Тулпардай сыны көрүнүп,

Жер айланып чаң толуп,
Желиккен нечен жан болуп.
Катаган уулу кан Кошой,
Касаба колдо калкылдап,
Алтындай болгон ай балта
Туу түбүндө жаркылдап,
Сурнай, керней тартылып,
Сымбаты журттан артылып,
Кыргыздардын кыйыны,
Бели Кошой барда эле,
Кыргыз журттун улугу,
Шери Кошой барда эле.
Элемандын эр Төштүк,
Чайиңги сындуу тон кийип.
Чалкуйрук сындуу ат минип,
Түпөксүз топол найза алып,
Жанына жалаң кылыч байланып,
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Элеман уулу эр баатыр
Көк сеңир тоодой көрүнүп.
Көрүнөө чыгып Кошойго
Коштошкону турду эле.
Абаң Кошой карыя,
Ачык сөздүү жарыя,
Сексенге чыгып серпилип,
Ада чыгып келген карыя.
Керкабылан тулпардын
Эми оозун бурду эле.
Элеман уулу Төштүккө
Эми Кошой абакең
Амандашып турду эле:
«Эй, кулунум эр Төштүк,
Жети жыл жерден жоголуп,
Жер азабын көрүпсүз,
Эрикпей жортуп, нечен жыл,
Балам эсен-аман келипсиз», –
Кошой мындай дегенде,

Козголуп Төштүк кеп айтат,
Адам уккус шумду айтат.
Айта берсе түгөнгүс,
Элемандын эр Төштүк
Чууга кирип алыптыр,
Айыкпаган бир азап
Дууга кирип алыптыр.
Төштүк сүйлөп турганда,
Абасы Кошой карысы,
Кыйла журттун баарысы,
Кыргын тийген немедей,
Кызыгышып кебине
Кыйрап жатып калыптыр.
Акырын сүйлөп, бек таштап,
Арстан Төштүк кеп баштап:
«Абаке Кошой» – деп баштап.
«Эми Кошой абаке,
Эл башчысы сен элең,
Эр сырттаны мен элем,
Көргөнүмдү айтайын.
Көр азап тартып дүйнөдө
Келгенимди айтайын.
Чайиңги болот үстүмдө,
Чалкуйрук турат астымда.
Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Жорто чыгып ээликтим,
Жолу болсун бул жалган,
Бир душманга кезиктим,
Кезигип турган душманым,
Жүз жыйырма жашы бар,
Денеде жети башы бар,
Мени жерге кийрүүгө
Күтүнгөн экен бачагар,
Бек сыйкырчы жан экен,
Ал кемпирдин колунда,
Күн чыгыш менен күн батыш,

Азыр оруп жиберчү
Кырк кулач ийрек бар экен.
Көк менен жердин ортосун
Көбүрөк билген жан экен,
Мага душман эл экен.
Өзү адам түзүндө
Мага душман зилинде,
Кемпир кууду, мен качтым,
Кейпим кетти күйүнүп,
Кеттим жандан түңүлүп,
Кемпир кууду кайгырып,
Кеттим журттан айрылып.
Жер алдына келгеним.
Жети жылга толуптур.
Жер үстүнө чыкканым
Жети күндөр болуптур,
Жер алдынан тозокту
Жаман көрдүм, эр Кошой.
Жер үстүнөн силерди
Аман көрдүм, эр Кошой,
Чама чарчап ал кетип,
Көөдөндөн алтын жан кетип,
Кыяматтык кыстоосун,
Көрбөй келдим, эр Кошой.
Кызыталак ажал жок,
Өлбөй келдим, эр Кошой.
Баатыр элем башкача,
Жер алдына түшкөндө
Сабырлуу болдум, эр Кошой.
Курт-кумурска, азуулуу
Курган жандын айынан,
Тамыр болдум, эр Кошой.
Казылган чуңкур терең көл
Көрбөй келдим, эр Кошой.
Алп кара куш зымырык,
Алып учуп бул жайга,
Өлбөй келдим, эр Кошой.

Менин каным калды бир кашык,
Этим калды көк жашык.
Карарган көздү кал басты,
Кандуу жүздү чаң басты.
Жер алдында жүргөндө
Жаак башым шалдырап,
Кошойду көрөр ойдо жок,
Жүрдүм эле жалдырап,
Жер үстүнө чыкпайм – деп,
Бенделиги курусун,
Жер алдында ойлондум,
Жер алдынан чыкканда
Жети кылым эл жыйнап,
Эл көрүүгө ой кылдым.
Төрт түлүктүн баарысын,
Чачып Кошой той кылдым».
Төштүк мындай дегенде,
Абасы Кошой карысы,
Турган жандын баарысы,
Тура чуркап калышып,
Кол кармашып алышып,
Баш ийкешип баарысы
Амандашып калышып.
Баатыр кептен башташып,
Малы менен баштарын
Баарысын ортого салышып,
Амандашып минтишип,
Абасы Кошой турду эле.
Муну мындай таштайлы.
Бейбит таз уулу эр Үрбү,
Эми мындан кабар баштайлы.
Азар түмөн кол менен,
Алкымдагы жол менен,
Керней-сурнай тарттырып,
Унаага жүгүн арттырып,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Үрбү жайы ушундай

Салтанаты көрүнүп.
Шай желдеттин баарысы
Сапырылып жол жүрүп,
Арт жагында бөлүнүп,
Желдеттери колдору,
Кызыталак Үрбүнүн
Жетик окшойт болжолу.
Окшоштуруп тон кийип,
Окшош тегиз ат минип,
Кулдарынын кийгени
Тегиз окшош баданча,
Кулдарынын мингени
Тегиз окшош кулача.
Маңдайына такканы
Тегиз окшош тумарча.
Сөлөкөтү-жосуну,
Үрбүңөрдүн ушундай.
Жоругу журттан бир башка.
Бу да келди бул тойго
Албан түрдүү толгонуп,
Аз гана эмес мол болуп,
Аскери арбын кол болуп.
Жайнап түшүп калды эле,
Келгенин Төштүк көрдү эле.
Нечен нардын отунун
Жагышына берди эле.
Нечен ирик, бээ, байтал
Союшуна берди эле.
Анын аркы жагынан
Өзөндүн чаңы буркурап,
Өзүң көргөн көп казак
Өлөңүн айтып чуркурап,
Тегиз себил тон кийип,
Тегиз семиз сур минип,
Баары окшош кур минип,
Тойду көздөй бет алып,
Айчыгы алтын кара туу

Асмандатып көтөрүп,
Комокойлуу сыр найза
Компойтуп өйдө ашташып,
Түмөндөгөн калың кол,
Өзүң көргөн эр Көкчө
Алган экен баштанып.
Асман жарган чуу болуп,
Көк ала байрак, кең чалбар
Каарданып жайланып,
Суюк айран, көк курут,
Азыкка муну байланып,
Аскер жакка шайланып,
Жаа тартуучу саадагын
Белге кынай байланып,
Актап алган таруусун,
Ар кимиси жанына
Азык кылып камданып.
Бейпайды бекем салчудай,
Бээжинди бузуп алчудай,
Найзанын башы короктоп,
Аскердин башы сороктоп.
Чокмор алган дөөлөрү
А дагы миң кишиге ээлери,
Айгай салып бакырып.
Каптап кетчү немедей
Арт жагынан көп казак
«Көкчөлөп» ураан чакырып,
Онго башчы ыктуусу,
Элүүгө башчы мыктуусу,
Жер жайнаган жоо болсо
Жекеге жалгыз чыкчуусу,
Жалаң сан кол чогулса
Жар айтуучу ырчысы.
Жаман бүлүк болгондо,
Жалтаңдабай кыйшайбай,
Туу түбүндө турчуусу,
Кайраттуу жигит, күлүк ат

Мунун кадырын билер сынчысы.
Сейилге тигер чатыры,
Серпишке кирер баатыры,
Айдаркан уулу Көкчөнүн
Астына түшүп жар айтып,
Алган экен акыны.
Көкчөнүн жөнү ушундай
Көлбөп жаткан көп казак,
Үчкө казак бөлүнүп,
Үч бөлүнүп дүркүрөп,
Эң алдында эр Көкчө
Кирген кара буурадай
Чын чамынып күркүрөп,
Чындап келсе жөн эле
Чынмачын чаап алчудай,
Каарланса жөн эле
Бээжинге колду салчудай.
Эрендин шаңы ушундай.
Керней-сурнай тарттырып,
Жети миң колун бир баштап,
Айдаркандын эр Көкчө
Өнөрүн журттан арттырып,
Ыраңы жашыл көк куржун
Ортосуна ок артып,
Ар шайманын бүт артып,
Айбандан күчтүү малга артып,
Ат менен катар жүрүүчү
Кадимки кызыл куйрук нарга артып,
Жазайыл тондун баарысын
Жакшынакай бүктөтүп,
Жаанын огун тоо кылып,
Карап турсаң эр Көкчө
Кара нарга жүктөтүп,
Эрендин баары жайланып,
Эр башына бир-бирден
Жан казанын байлатып.
Жер айрылып дүркүрөп,

Өзүң көргөн эр казак
Өлөңүн айтып күркүрөп,
Кең талаанын оюна
Барып түштү эр Көкчө,
Эр Төштүктүн тоюна.
Барганын Төштүк көрдү эле,
Тоютун толук берди эле.
Эр Көкчөнүн калың кол.
Калың кол капка калар – деп,
Эр Төштүктүн тоюна
Дүнүйөнү тең коюп,
Козголтпостон сан колду
Конокко күтүп алды эле.
Күткөн оокат, сан дүйнө
Элемандын эр Төштүк
Ортого салып койду эле.
Анын арт жагынан
Көк ала желек туу чыгып,
Асман жарган чуу кылып,
Туу алдында бакырып,
Туш-тушунан тыңшаса,
Музбурчактап ураан чакырып,
Мунун ээрчиткени сан балбан,
Буудайык уулу Музбурчак
Ааламга салат чоң жаңжал.
Ай-ааламга даңкы бар,
Бу да көрүнгөн жоолорун
Будалаган көк жалың.
Ак сакалы бир кучак,
Буудайык уулу Музбурчак
Темирден көпкөк тон кийип,
Телкызыл тулпар ат минип.
Тулпарлардын куйругун
Туура кармап, чарт түйүп,
Кыны жок кылыч байланып,
Кылтылдатып найзасын
Беленденип шайланып,

Белгиленип, белсенип,
Бек баатыр экен Музбурчак.
Бери ургандай теңселип,
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Ач жалаңкыч жүздөнүп,
Калк башкарып эл күткөн,
Зардардыгы чын экен.
Ай-ааламды буй кылган,
Ал Музбурчак баатырдын
Балбандыгы чын экен.
Бул Музбурчак баатырга
Беттеп адам барбаган,
Беттешкен тирүү калбаган
Эр да экени чын экен,
Кызыталак Музбурчак
Кыйын окшойт ал-жайы.
Опол-тоодой зоңкоңдоп,
Оңурандайт балбаны
Оолугуп кетсе окустан
Оңой эмес жаңжалы.
Арт жагынан көрүнөт,
Өзүң көргөн Музбурчак
Үркүн-түркүн балбаны,
Көп кызыгын карасаң,
Көк темирден туулга,
Көмкөрүп башка илинүү,
Көк ала темир, торгой көз,
Туш-тушун тууга камаган.
Найза сайса мадаган.
Кызыталак Музбурчак
Алалбай душман жадаган.
Беттеп адам барбаган.
Бет алган тирүү калбаган.
Балбаны алат доолбас,
Үнүн уксаң бөлөк кач,
Өзү билдин чоңундай.
Жоондугу үч кулач

Чындап чапса балбаны
Анча-мынча дубалдын
Чыга түшөт далдалы.
Добулбас бекем кагылып,
Тойго барган калың эл,
Душман көргөн немедей.
Жаман шашты жабылып,
Барабанды Музбурчак
Бакылдата чалды эле.
«Ал Музбурчак экен»,– деп,
Кошой кан таанып алды эле.
Жай-жарагы бир бөлөк,
Кең талаанын оюна,
Буудайык уулу Музбурчак
Калдайып түшүп калды эле.
Элеман уулу эр Төштүк
Эрикпей бөлүп алды эле.
Нечен семиз кур бээни
Союшуна берди эле,
Элеман уулу эр Төштүк
Эр сырттаны чоң баатыр:
«Эл жыйылса жатат»,– деп,
Талаага тиккен ак чатыр,
Дүнүйөсүн шайлатып,
Сан түмөндөп бээ союп,
Конок алып, эл дүрбөп,
Козголоң той болду – деп,
Анын арт жагынан,
Көк кепичин тепейтип,
Анжыяндын ак каңкы,
Мингендери баары айгыр.
Куюшканы такыр жок,
Арада бөлүп чаң келди,
Мында төрт кандын эли жан келди.
Алардын арт жагынан
Чоң Чамбылды жердеген,
Өзү чоң баатыр эр деген,

Мунда беттешип бенде жеңбеген,
Бул да мээ кайнаган ысыкта,
Бу да жоо дегенде шайланган,
Баласы кылыч байланган,
Ысык-суук дебестен,
Теке жоомарт ат минген,
Тегиз бөрк кийген,
Бу да көк ала калкан ойногон,
Бу да көрүнгөн жоого тойбогон,
Бөрк ал десе баш кескен,
Суу ич десе уу ичкен,
Кан төк десе жин төккөн,
Бек кайраттуу чаңдаяк,
Мунун берендиги белгилүү,
Жаналы, Карач эки кан
Ылдыйкы кашка жол менен,
А да келди кампайып,
Азар түмөн жол менен.
Анын кийин жагынан
Индия каны Жүгөрү
Жер майышкан кол менен,
Адырмак ашып бел менен,
Казандай кара эл менен,
Төөгө минип, найза алган.
Керней-чоор байланган.
Муну караган адам таң калган.
Бети кара, бөркү бар.
Бендеден бөлөк көркү бар.
Белеске чыгып жардаган,
Бет алган бенде таң калган.
Кайнаган ысык чөлдө өскөн,
Каадасы жок элде өскөн.
А да казатка барышкан,
А да эр атагын алышкан.
Кыжылдаган кол болуп,
Эр Төштүктүн тоюна
Кылым келди козголуп.

Анын кийин жагынан,
Текечи кан, Шыгай кан,
Эштектердин Жамгырчы
Азар түмөн кол келди,
Аз гана эмес мол келди.
Анын кийин жагынан
Кең Үргөнчтү жердеген,
Өнөгүн жанга бербеген,
Кызылдуу кылыч, найза алган,
А да кыйла жерге чыр салган,
Журту дыйкан, эли бай,
Курун селде салынган.
А да кудуретке жалынган,
Манаттай кызыл тон кийген,
А да каада күтүп, жөн жүргөн.
Кең Үргөнчтү жердеген,
Бул акылдуу мыкты эр деген.
Шаарын курчап чеп кылган,
Атагы Ооган арбын журт
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Таштан жыйып тоо кылган,
Тегерегин коо кылган,
«Алтындан алым бергин»,– деп,
Алптын баарын жөө кылган.
Чубалган селде казандай,
Кыйкырыгы азандай,
Ээлигип сан кол тарылып,
Зайыптай башы агарып,
Үргөнчтүн каны Акун кан
«Кең талаанын бою,– деп,
Бу да келди калдайып,
Эр Төштүктүн тою»,– деп.
Акун кан журту мамындай.
Эл чогулуп, журт толуп,
Чогулушкан топ болуп,
Албан түрлүү эл болуп,
Уруусу бөлөк жан болуп,

Эл эсебин алганда.
Элди каткан салганда,
Ошо келген калың жан
Он эки мыкын кан болуп.
Кулак угуп, көз көргөн:
«Эр Төштүктүн тою»,– деп,
Уккандарга даң болуп.
Он эки кан жыйылып,
Эр Төштүктүн тоюна
Келген экен бет болуп,
Ала-Тоодой эт болуп,
Ала-Көлдөй чык болуп,
Ат семирип ык болуп,
Эр семирип бук болуп,
Эрендин баары ээлигип,
Кандын баары кубанып,
Уруудан бөлүп бир-бирден
Жөө балбандар чыгарып,
Жөө балбандын байгеси
Буттап алтын зер сайып,
Төрт түлүк малды тең сайып.
Балбаны жыгып алышып,
Алсызы карап калышып,
Башы бүтүн оюндан
Бирөөнү бүтүн койбошуп,
Жыланайлак, жылаң баш
Өпкө берип колуна,
Таз салышмай ойношуп,
Байгеге чыккан баатыр таз
Соорулашып калышып,
Орой чоку, жылаң баш
Өпкө менен салышып,
Өпкөсүнүн башы ыргып,
Кокосу колдо калышып,
Астыңкы эрди шалпайып,
Эки өркөчүн койкойтуп,
Нардан байге алышып,

Багалектен алышып,
Балбан чыга калышып,
Көк букадай сүзүшүп,
Көрүнгөн жерден үзүшүп,
Буура сындуу чайнашып,
Айгырдан бетер кармашып,
Кармаган жерин балбандар
Кайыш сындуу чоюшуп.
Чамасы жеткен эрендер
Такыр жулуп коюшуп.
Чакчелекей чаң болуп,
Кызыл кочкул кан болуп,
Күчтүүсү жыгып алышып,
Күчсүзү карап калышып.
Жыгып алган эрендер
Көп байгени алышып.
Бакандары майышып,
Баатыр эрлер сайышып,
Ат тизгинин жыйышып,
Эр намысы ушундай,
Бирөөн бирөө жөн эле
Чын өлүмгө кыйышып,
Баатырга сайып алышып,
Сандаган алтын, көп төөнү
Байгесине алышып.
Он эки кандын эли экен
Он экиси чогулуп,
Ойрон Манас шерине,
Каршы чыгам дээр экен.
Түндө эшикке чыкпаган
Коркок жандар дагы бар.
Жөн эчтеме билбеген
Чоркок кандар дагы бар.
Ай балта жаза бир салган
Коркоктору дагы бар.
Найзалашса бой бербес
Даңгыл кандар дагы бар.

Жоо айласын билген тың
Камбылдары дагы бар.
Жазы жаак, жалпак тил
Чечен кандар дагы бар.
Түндө эшикке чыкпаган
Бечел кандар дагы бар.
Алып, ичип аракты
Көөдөк кандар дагы бар.
Кесирденип кекчейип,
Сопусунуп чекчейип,
Соолгон кандар дагы бар.
Кара кылды как жарган,
Калысынан иш кылган
Улук кандар дагы бар.
Эл бүлдүрүп, журт бузган,
Бузук кандар дагы бар.
Эчтеме деп кеп айтпай,
Керээли[1]-кечке бултуйган
Дудук кандар дагы бар.
Чогулушуп турушуп,
Чогуу жыйын кылышып,
Үч-Дөбөнүн керүүдө
Үйүрлөшүп турушуп,
Үч күнү жыйын кылышып.
Тапкычташып табышып.
Кепти ортого салышып,
Керишти таап алышып,
Жүйөлөшүп сындашып,
Он эки кан мусулман
Турган экен чырдашып,
Кан бузуку эр Үрбү,
Каражолтой Көкчөсү;
«Катынымды Алмамбет
Булгап кетти»,– деп Көкчө
Калбайт экен кектөөсү.

[1] Êåðëåëè.

«Аябай алым салды»,– деп,
Алымды Манас алды,– деп,
Алардын суубайт көксөөсү.
Текечи кан, Шыгай кан,
Эштектердин Жамгырчы:
«Жакынды жакын билбейт,– деп,
Бизди кырк чорочо көрбөйт,– деп,
Мунун өчү дагы бар.
«Кечээ Оогонду чаап дилде алып,
Олжо кылып билди алып,
Билге жүктөп дилде алып,
Кара көздөн минди алып,
Кыздарды тартып кетти»,– деп,
Кыйба[1] кан өчү мында бар.
Кыйкырышып калың кан
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк терин сызышып,
Калайманды башташып,
Малы түгүл ал кандар,
Жанынан кечип ташташып,
Арак ичин алдырып:
«Азыр чаап алам»,– деп,
Кан Манаска талпынып.
Маселе мыкты курушуп,
Баатыр Манас көк жалга
Баарысы каршы турушуп,
Кол кармашып: «Баатыр,– деп,
Манастан айнып калган кишинин
Жети атасы капыр,– деп,
Алп Манастан аянсак,
Ат байланган мамыдай
Такыр болуп өтөлү»,–
Он эки кан элдин баарысы,

[1] 1938-æûëêû áàñûëû øòà «Êûéëà» äåï áàñûëãàí. Êîíòåêñòêå òóðóêòóó ïîðòðåòòèê ôîðìóëà áîþí÷à áóë æåðäå «Êûéáà êàíû» æºí¿íäº ñºç áàðàòàò. Îøîãî ûëàéûê, êàëûáû íà êåëòèðèëäè.

Кайран Кошой карысы,
Кара кылды как жарган,
Камбыл чечен Акун кан
Баарынан калыс анысы.
Он эки кан мусулман,
Кезектешип сөз сүйлөп,
Иретке түшүп калышты.
Манасты чаап алууга,
Кераэли-кечке чуркурап,
Он эки кан жарышты.
Элемандын эр Төштүк
Тогуз уулдун кенжеси,
Толгон жандын эркеси.
Найзакерден Төштүктүн
Ыктуулугу дагы бар.
Айла тапкыч, эң чечен
Мыктылыгы дагы бар.
Акырындап, бек таштап,
Айлакер Төштүк кеп баштап,
Анда Төштүк муну айтат:
«Кечээ кабарында бар бекен,
Кан Манаска, чоң аба,
Кара кан шондо өлгөндө,
Кадеминди катырып,
Кара кыргыз журтуңду
Кара калмак, көп манжу
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Билсеңер кайран журт,
Бирөөң кеттиң эренге,
Бирөөң түштүң тереңге.
Бирөөң кеттиң казапка,
Бирөөң кеттиң кайра келгис азапка.
Карарган журт чоң манжу
Калайманды салганда,
Кабарында бар бекен?
Катын менен кызыңды
Олжо кылып алганда.

Башың кетти баканга,
Аягың кетти сапанга.
Бирөөң кеттиң Алайга,
Бирөөң кеттиң далайга.
Айла таппай саргарып,
Быт-чыт болуп кеткенсиң.
Бул кайран Манас кабылан,
Алтайга барып туулган,
Он экиге келгенде
Ордо бузуп ок атып,
Бээжинге салган чуулган.
Найза кармап аттанган,
Ар жерден союп алптарды[1]
Канкор Манас атанган.
Он эки кан мусулман,
Манаска тийсең өлөсүң.
Катылып койсоң кокустан,
Өлгөнүңдөн калганың
Обу жок кордук көрөсүң.
Манаска тийсең оңбойсуң.
Эгерде эки болбойсуң.
Маргаланда Алооке,
Алоокени басканда,
Алоокенин Алымкан
Жыйып койгон казына,
Агар алтын, ак күмүш
Олжо кылып баарына,
Кабагыңды ачканда,
Олжо кылып чачканда
Айкөл Манас барында
Алтынды таштай күрөдүң[2],

---

[1] 1938-æûëêû áàñûëû ø áîþ í÷à – «àëïòû», êî íòåêñò, ûðäû í ûðãààãû áîþ í÷à òóóðàñû – «àëïòàðäû». Êûÿçû, æàçû ï àëóó ó÷ó-ðóíäàà à¢äîîñóçäàà í êåòêåí êàòà.

[2] 1938-æûëêû áàñûëû øòà – «êºðã¿í». Êî íòåêñò áîþ í÷à òóó-ðàñû – «ê¿ðºä¿¢».

Азапты салып башыңа.
Арстан шерге тием,– деп,
Эмне балаа тилейсиң?
Атойнок менен Көкбөрү,
Кабарыңда бар бекен,
Канкор шердин жөөкөрү?
Алмамбет менен Чубагы
Ач арстан бу дагы.
Ажыбай менен Бакайы
Арстан шери кыйкырса,
Кыргын кылбай турабы?
Серек менен Сыргагы
Серпишкен балбан бу дагы.
Он эки кан мусулман
Кызырлуу шерге катылып,
Сени кудай урабы?!
Кырк жерден келген кырк баатыр
Эми кырбай турабы?!
Кабылан эрге кабылып,
Качарыңа жер таппай,
Кадуулай барып конбогун,
Касапка бөөдө жолугуп,
Кара кыргын болбогун.
Манас эр оңой эр эмес,
Бул айтканың эп эмес,
Кычыктуу эрге тиерсиң,
Кыргын тийген немедей
Кыйраганы жүрөсүң.
Бузукту мурун баштайсың,
Кокустан булкуп алышса,
Алтымыш катын-тул жеңең,
Айлыңды карап таштайсың.
Кесиреттүү чоң канкор
Кең-Колдо турат жер жайлап,
Кесирине тийсеңер.
Көп сүйлөбөй тил айтпай,
Керишер жерин өзү таап,

Айдап барат кем байлап.
Кайраты бийик, заары күч
Булкунчу болсо ал көк жал
Канчаңды кырып кылат түз.
Тойго келип чыр баштап,
Тойпоңдобой кандарым,
Бузуларың мен Төштүк
Мурда билип алгамын.
Той үстүндө чырдашса
Тойду топот кылат,– деп,
Тоодой болгон Манасты
Чыкырбай таштап салгамын.
Эр Манастын кадырын
Билгениңер дагы бар,
«Кызыталак канкорду,
Кыйратып чаап алсак»,– деп,
Жүргөнүңөр дагы бар,
Кутурупсуң кандарым,
Кыраан Манас эр баатыр
Кыжырланып кетпесин.
Жашың менен карыңды,
Жалпы айдап башыңды
Түбүңөргө жетпесин.
Үтүрөңдөп булкунса
Ай-ааламды буй кылып,
Атаңдын көрү жети кан,
Түгөл айдап кетпесин.
Минтип турсаң ал Манас
Буланды бузуп албасын.
«Буудан шер кулдук»,– дедиртип,
Бузукту жаман салбасын.
Буулугуп турган кандар го,
Тил алса элчи барбагын.
Кымбат сөз айттым билип ал,
Кызырлуу Манас канкордун
Кыйыгына каласың,
Кыжылдабай тилимди ал.

Менин атышка киер тонум жок,
Алышка минер малым жок.
Тоюма тоюп күүлөнбө,
Атаңдын көрү жети кан,
Менин Манаска тиер алым жок.
Силер менен теңелип,
Манаска элчи салбаймын.
Ал балакеттүү канкордун
Кыйыгына калбаймын.
Той бергени журт жыйсам,
Атаңдын көрү өңчөй кан,
Атака келген экенсиң.
Ала көөдөн Манаска
Азыр жаңжал салам»,– деп,
Чатка келген экенсиң.
Ар бириң сандан кол айдап,
Сындашканы келипсиң,
Өз ичиңден бузулуп,
Чырдашканы келипсиң.
Бул жоругуң арга эмес,
Аскер баштап, кол жыйып,
Аттанып чаап алуучу
Төмөнкү кытай эл эмес.
Тойго тоюп, чыр баштап,
Атаңдын көрү жети кан,
Сенин бул кылыгың жөн эмес.
«Калган журтту дүрбөтүп,
Той берди,– деп жүрбөсүн,
Тозокуңар жети кан,
Дагы мага тийбесин.
Айтканым насаат билип ал.
Атаңдын көрү жети кан,
Арамдык кылбай тилимди ал.
Уламадан уласам,
Билгичтерден сурасам,
Жашы он экиге келгенде,
Эл чуркурап чуу туруп,

Эсенкандын алдына
Барыш кылды деп уктум.
Беш миң балбан жиберсе,
Белсенип таштап эр Манас,
Салыш кылды деп уктум.
Өз билгенин Алтайга[1]
Кылып келди деп уктум,
Эр Оргосун баш кылып.
Эсенкандын элчисин,
Кырып келди деп уктум.
Алтайдагы кыргыздын
Жаккан отун өчүрүп,
Жан жабылта көчүрүп.
Тууган издеп, жол карап,
Туйгун Манас көчүрүп,
Жолго салды деп уктум.
Кытайдын эли кыйла журт.
Көптүгүн көрсөң кара курт
Алдынан каршы чыккан баатырга.
Кез болушту деп уктум.
Тозоку Жолой колуна
Калайман катуу салды – дейт,
Канча дөөсүн кыйратып,
Миң төөнүн чайын Жолойдун
Олжо кылып алды – дейт.
Бери карай тартканда,
Кечээ үңкүрчөнүн оюнан,
Үч-Капкактын боюнан,
Кечүүсүн кенен салыптыр,
Жылкысы түгүл жыластын
Үкүрүн тийип алыптыр.
Кечилин алып олжолоп
Кежирине тийгенде,
Кежигесин кесип салыптыр.
Каары толук баатырдын

[1] 1938-æûëêû áàñûëû øòà – «Àëòû àéãà».

Канкорлугу билинген.
«Бул адам канкор экен»,– деп,
Бээжиндин каны Эсенкан,
Кагазына чийишкен.
Бул кабылан Манас шериңдин
Эрдиги журтка дүң болгон,
Жашы он экиге жеткенде
Ордо бузуп олжо алган,
Орчун журтка кол салган.
Атаңдын көрү жети кан,
Сенин ичинде берен ким болгон?!
Мунун эрдик жайы ушундай,
Манас кан өңдүү баатырдын
Жети кан сендик алы бар...»
Желигип турган жети кан
Желигип сөзүн баштады.
Элеман уулу Төштүктү:
«Сен, Манаска жолдош экенсиң»,– деп,
Түк жаратпай таштады.
Бейбит таздын эр Үрбү
Эсепсиз элди күүлөдү.
Элемандын Төштүккө
Ачуусу келип сүйлөндү:
«Ободогу жылдыздай
Болжоштугуң дагы чын.
Бул кара нээт канкорго
Жолдоштугуң дагы чын.
Алты ай сапар жол жүрсө
Буудандыгың дагы бар,
Кызыталак канкорго,
Кылымды бузган анткорго
Туугандыгың дагы бар.
Элеман байдын эр Төштүк,
Жети жыл жерде жоголуп,
Бакыр болгон экенсиң,
Кара нээт канкорго,
Баштагыдан, сен Төштүк,
Жакын болгон экенсиң.

## БЕШ КАН ЧЕГИНИП, ЖЕТИ КАНДЫН КҮҮЛӨНҮШҮ

Эл бийлесе, ким бийлейт?
Эсер Манас шер бийлейт.
Журт бийлесе, ким бийлейт?
Канкор Манас эр бийлейт.
Бул жерге Манас кан чыкты.
Карагыла калайык,
Мунун дүбүртүнөн жан чыкты.
Ала көөдөн Манаска
Азапты артык салалы.
«Алы жетип, тиши өткүс,
Алышар жоонун баарысын
Алып бер»,– деп баралы.
Айтканга Манас көнбөсө,
Айтканды алып бербесе,
Айлына дүмөк салалы.
Бек чырдашып минтели,
Кызыталак канкордун
Бир бокчосун тинтели.
«Кыр жагында кытайды
Кырып бер»,– деп туралы.
Киши кылбас кызыкты
Кылып бер – деп туралы.
Бул канкорго кылалы,
Жаман-жаман сөз айтып,
Жардай болгон канкордун
Кыжырына тиели.
Арага барчу элчилер,
Камчы сүйрөп киргиле,
Канча жини бар экен
Кызыталак канкордун
Бул кылыгын билгиле.
Кычык-кычык сөз айтып
Кыжырына тийгиле.
Атырылып сөз салып,

Ала көөдөн канкордун
Канчалык жинин билгиле.
Каяша берсе кырк чоро
Кармай калып билектен,
Как куйкасын тилгиле.
Каяша берсе канкорду
Туулган жери кең Алтай,
Алтайга чейин сүргүлө,
Мунун ал-абалын билгиле.
Алсыз болсо канкордун,
Дөөсү Бакай эр экен,
Аны байлап алгыла.
Кырк чоросун кыйратып,
Кыйын мүшкүл салгыла.
Кырк чоронун баарысын,
Кыргыл башчы карысын,
Кыргын тийген немедей,
Кыйратып кел баарысын.
Байлап кел Бакай дөөсүн,
Тийип кел бери бээсин.
Жара тарт семиз бээсин.
Жайната мушта момунтип
Бээсине келсе ээсин.
Чыгара муштап мээсин,
Көрсөтүп кел көзүнө,
Капкайдагы кээсин.
Эл чогулуп кол салса,
Элеман уулу эр Төштүк
Мактайт ко Манас дөөсүн.
Бир төрөсүнгөн Манастын
Төбөсүнөн баскыла.
Төр-төрүнө токмоктоп,
Абийирин күлдөй чачкыла.
Төрөсүнгөн бейжайдан
Төрт түлүгүн чачкыла.
Жылкысын жылма тийгиле.
Боктоп-сактап күүлөнүп,

Болумдуудай киргиле,
Дүйнөсүн опат кылгыла.
Эр экенин билгиле.
Эчен орой сөз сүйлөп,
Чоң жинине тийгиле.
Чочуп кетпей чогулуп,
Бек күркүрөп киргиле.
Капкайда жинин каккыла,
Кайратсыз болсо канкорду
Так эле ошол жерде чапкыла,
Алтынын талап алгыла,
Аңкоосунган канкорду
Азапка чогуу салгыла.
Буласын булап алгыла,
Бузукту жаман салгыла.
Жай-чамасын көргүлө,
Алсыз болсо канкордун
Төрт түлүк малын бөлгүлө,
Арпасын кам оргула.
Алыңар жетсе канкорду
Айлы менен соргула.
Ак олпокту барбайып
Кийбегидей кылгыла,
Аккуланы дардайып
Минбегидей кылгыла,
Кеңешке Манас көнгүн де,
Сураганды бергин де.
Кеңешке Манас көнбөсө,
Сураганды бербесе,
Суу укурук салгыла,
Казатка минчү[1] тулпарын
Көрсөтпөй сурап алгыла.
Кызыталак канкорду
Көп балаага салгыла.

---

[1] 1938-æ. áàñûëû øòà – «ìèí÷¿¿», «ìèíèï». Òóóðàñû – «ìèí÷¿».

Көй күлүктүн баарысын
Көрсөтпөй сурап алгыла.
Төбөсүнөн баскыла,
Төрүнөн кудук каскыла.
Төшүнө казан аскыла
Төрт түлүгүн чачкыла,
Кежир-кежир сөз айтып,
Төбөсүнөн баскыла,
Айлына жакын калганда,
Кыйкырыгың таш жарып,
Кылычты кындан алгыла:
«Кырышсаң чыга келгин»,– деп.
Кыйкырыкты салгыла,
Кызыраңдап баргыла,
Мал менен алтын башынан
Такыр кечип баргыла,
Тоюн топот[1] кылгыла,
Ашын опат кылгыла.
Аш башкарган ээсин,
Чыгара чап мээсин...»
Үрбү мындай дегенде,
Алты кан тозду мындай деп:
«Бали, Үрбү баатыр, – деп,
Сенин бул тапкан акылың,
Аянып калган кишинин,
Так эле жети атасы капыр»,– деп.
Үрбү мындай деген соң,
Арбалаңдап баарысы,
Жашы менен карысы
Өлүп кетер шерт кылып,
Убаданы бек кылып,
Ак буудай унун чайнашып,
Ак кылыч мизин жалашып,

[1] 1938-æ. áàñûëû øòà – «òºáºò». Ýï îñòîãó òóðóêòóó ôîðìóëà áîþí÷à «òîïîò» äåï àéòûëãàíû êàëûáû íà êåëòèðèëäè.

Дардаландап көбүшүп,
Келтенин огун өбүшүп,
Кан Манасты чабууга,
Макулдашып калышып:
«Бул канкорду чаппасак,
Бир эсебин таппасак,
Төбөсү бүтөө көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун!
Айлына жакын барганда
Анталаңдап качсаңар,
Баягы айткан шерттериң
Анык шондо бек урсун.
Кайраттанып жети кан,
Кастарын тикти кылууга,
Калың колду салууга.
Канкорду талап алууга.
Аянып кандар калбады.
Акылсызын карасаң,
Бараргa колун шайлады.
Найза саяр ыктуудан,
Камчы чабар мыктыдан,
Жазбай атчу мергенден,
Балбандыгы келгенден,
Жазы жаак, жалпак тил,
Жаңылбаган чеченден,
Керилип жоого киргенден,
Кеп айласын билгенден,
Ажалдан кайра кайтпастан,
Азаптан кайра тартпастан,
Согушту жакшы көргөндөн,
Кармашып жүрүп өлгөндөн
«Так ушундай чыккын»,– деп,
Күркүрөшүп жети кан,
Күүлөнүп тура калды эле,
Кайнап жаткан сан колду
Сынчыларга сынатып,

Чубатууга салды эле.
Кээ бирөөсүн ыйлатып,
Кээ бирөөсүн сыктатып,
Чубатууга салды эле.
Тандап алган балбандар
Кежигеси керждендеп,
Такыр кейип калды эле.
Шыбырашып күйүнүп,
Шыпшынышып алды эми.
Өткөрө жаман күйүнүп,
«Өлдүк,– деп, жандан түңүлүп,
Кызыр[1] чалган каардуу
Кыйырына тийген оңорбу?
Кыйкырып Манас жулкунса,
Бир адам тирүү болобу?
Жети бөрү бир койду
Камаса тарпы калабы?
Бул жетигиң Манас кыйкырып,
Ай-ааламды буй кылып,
Сабаса тарпың калабы?
Беттешкен өлбөй келеби?
Катын менен баланы
Кайрылып куу баш көрөбү?
Кызырлуу шерге катылып,
Мүшкүлгө бөөдө катылып,
Жаман өлөр бекенбиз.
Жаш күчүктөй кыңкылдап,
Арам өлөр бекенбиз?
Тойго тоюп алганда,
Токтоно албай бакылдап
Тоодой кара текебиз
Каардуу шерге катылып,
Биз эми тозуп өлөр бекенбиз?
Эр Төштүктүн кызык той

[1] 1938-æ. áàñûëûøòà – «êûçû¢». Êîíòåêñò áîþí÷à – «êû-çûð».

Көргөлү[1] келген экенбиз?
Эселек кандын айынан,
Жетип эми ажалдан.
Өлгөнү келген экенбиз!»
Калың журт келип калышып,
Ачык айтпай канына,
Шыбыраша салышып,
Өлчөлөшүп күйүнүп,
«Өлдүк» – деп жандан түңүлүп,
Журту минтип турганда,
Жети кан турат бакырып,
Түмөндөп колун чакырып,
Эштектердин Жамгырчы
Айласы толук ыктуудан,
Айлакердүү мыктуудан
Бул чыгарды жүз киши.
Анын арт жагынан
Чокмор чабар балбандан,
Жоон көкүрөк дардандан,
Таздын уулу эр Үрбү
Бул чыгарды жүз киши.
Кайратты толук берчүдөн,
Миң кишиге аралап,
Бирөө жеке кирчүүдөн.
Бул чыгарды жүз киши.
Теги мыкты Текечи
Каалап чыкты жүз киши.
Алкымдагы Шыгай кан
Ал чыгарды жүз киши.
Буудай кандын Музбурчак
Бул чыгарды жүз киши.
Кокон кандын Козубек
Ал чыгарды жүз киши.

[1] 1938-æ. áàñûëûøòà – «êºðãºí¿», áèðîê ò¿ï íóñêàíûí áàðäûê æåðèíäå – «êºðãºë¿»

Айры сакал Сынчыбек
Айдап чыкты жүз киши.
Маргаландын Малабек
Каалап чыкты жүз киши.
Алты шаардан Алабек
Ал чыгарды жүз киши.
Катагандын Кошойго:
«Кана, колуң чыгар»,– деп,
Калк жабылып турду эле.
Картайган Кошой абаңа
Катуу буйрук кылды эле,
Буйругуна көнбөстөн,
Ошондо Кошой абакең
Колун жыйнап бербестен,
Урушпаган жери жок
Камбыл Кошой эмеспи.
Калк эскиртип, шерт бузган
Даңгыл Кошой эмеспи.
Канча жерди көп жөөлөп.
Баскан Кошой эмеспи.
Жаман менен жакшыны
Көргөн Кошой эмеспи.
Жадаал-мүшкүл балааны
Көргөн Кошой эмеспи.
Жети кылым калыкты
Билген Кошой эмеспи
Жеткен жерде чыр салып,
Жөөлөгөн Кошой эмеспи.
Элде бүтүн калбаган,
Көзү ачык жарыя,
Көк жал Кошой карыя
Ааламды чардап, жер кезип,
Жүргөн Кошой эмеспи.
Алты айчалык азапты
Азыр тиктеп көзүнө
Билген Кошой эмеспи.
Кыргыздан чыккан карыя,
Кымбатым Кошой олуя.

Ак сакалы чүчтөдөй.
Устукан сөөгү мистедей.
Картайса да абаңдын
Көзү көлдүн ордундай,
Көрүнгөндү соргундай.
Кабагы кери быткылдай,
Кайран Кошой абаңдын
Кармашканды жуткундай.
Көз үстүндө кара каш
Өтөккө чыккан чалкандай.
Кабагынын бийиги
Эрендер кийген калкандай.
Эки мурун түтүгү
Өзөндүү тоонун жылгадай.
Салаңдаган мурунu
Боз сеңир тоонун урчуктай.
Эки далы ортосу
Жылкы салган талаадай.
Жылас болгон абаңа
Жулкушкан тирүү калабы?!
Үстүңкү эрди бородой,
Кабылан Кошой абаңдын
Көзү ачкан ороодой.
Картайса да абаңа
Катылган аман болобу?!
Кол шадысы абаңдын
Ай балтанын сабындай.
Кол үстүндө бырышы
Калдайчынын кабындай.
Кошой абаң эки ийни
Эки мөңгү башындай.
Картайганда абаңа
Чыдап адам барабы?!
Чымчышкан тирүү калабы?!
Тиктеп адам барабы?!
Кабагы бийик, өңү саз,
Туурасы жоон, бою бас,
Жалаяк ооз, жар кабак.

Жан абаңды сындап бак.
Өзү сексен беште карыя,
Серпишкен жоону көп алып,
Өзү кандым болгон олуя.
Батаса журтту байыткан.
Каадасы жетик карыя
Кара кылды как жарган,
Өзү бендеден чыккан олуя.
Каарланып чамынса,
Карыган Кошой абаңыз
Кар жаап турган бел ошол.
Жети кан турду жол сурап,
Жети кандын кебине
Бек таарынды эр Кошой.
Карчыгадай камынды.
Карган Кошой абаңа
Кайыптан акыл табылды.
Оңурандап абакең
Отуруп кепти баштады.
Абаңдын түрүн көргөндө,
Айласы кетип жети кан
Качып кете таштады.
Белгилүү абаң Кошойдон
Бегирек жаман күч чыкты,
Бетине карай келгенде,
Беш байпактык түк чыкты.
Көңүлү тайып, ич күйүп,
Көрүп турат Кошой кан.
«Көп калайман болот,– деп,
Өлүп турат Кошой кан,–
Калтырабай айдап жалгызын,
Бээжинге айдап барар,– деп,
Өкүмдүк кылса зор Манас,
Өз билгенин кылар,– деп,
Айдап жүрүп кембайлап.
Так бириндi койбой кырар»,– деп,

Кошой турду күүлөнүп,
«Билбейсиң» – деп эр Кошой.
Жети канга сүйлөнүп:
«Атаңдын көрү жети кан,
Дуугa кирип алыпсыз,
Айыкпай турган чоң кесел
Чуугa кирип алыпсыз.
Ойлонуп адам ашпаган
Желге кирип алыпсыз,
Сактыгынан сагызган
Кутулгуз селге кирипсиз.
Майга тойгон жети кан,
Манаска чырды баштапсыз.
Барса-келбес Бээжинге
Момун журтту айдатып,
Такыр кырып таштапсыз.
Бул биздин аңырайган Ала-Тоо
Адам ашар бел беле?!
Жакып кандын жалгыз уул
Адам беттээр эр беле?!
«Азапка журтту салам,– деп,
Манасты чаап алам,– деп,
Атаңдын көрү жети кан,
Сенин бул кылыгың жөн беле?!
Талас оңой жер эмес,
Талап чаап алуучу
Манас оңой эр эмес.
Ой кулунум жети кан,
Айтканым ушул билип ал.
Абийириң кетет тилим ал[1].
Береги Жылгындуу Кең-Кол[2] зор талаа

[1] 1938-æ. áàñûëû øòà «áèëèï», êîíòåêñò áîþíча äà, òóðóêòóó ôîðìóëà áîþíча äà òóóðàñû – «òèëèì».
[2] 1938-æ. áàñûëû øòà – «êå¢». Êîíòåêñò æàíà ýïîñòîãó òóðóê-òóó ôîðìóëà áîþíча «Êîë» äåãåí ñºç æàçûëáàé êåòêåí.

Кең Талас мен жасаган жер эмес.
Жакыптын жалгыз бул уулу
Манасты мен жасаган эр эмес.
Бузулуп кеткен жети кан,
Сенин бул кылганың жөн эмес.
Бекер жер Талас болобу?!
Өзү кара көк жал кабылан
Бул Манаска тийген жан оңобу?!
Айкөлдүн жөнүн сураба,
Шамал жүрсө, жел тийбес
Туура кара бел эле.
Душманга мөрөй бербеген
Кара кулак шер эле.
Эми бир калжырап алдың жети кан.
Бул кара көк жал эр Манас
Киминерден кем эле?!
Ойноктотуп кула атын
Он эки чоро жетелейт.
Муну уккула жети кан
Аккулага мал жетпейт.
Кылымдын баары жыйналса
Манас канга чак келбейт.
Бул каражолтой канкорго
Беттешип бенде батабы?!
Бет алган тирүү калабы?!
Кырк чоро кыраан чогуу топ,
Кылымдын журтун кыйнасаң,
Манас өңдүү султан жок.
Мунун өңү күүгүм, көзү тик,
Өңгөчө бузук, сөзү тик.
Эми кутуруп калдың жети кан,
Беттеше келсең өлөрсүң,
Кулжуңдап койсо ал канкор:
«Кулдук ай Манас баатыр»,– деп,
Көбүң астына түшүп бересиң.
Беттеше келсе берендин

Бейжайдыгын көрөрсүң.
Белести ашпай саксайып,
Көбүң ажалдан мурун өлөрсүң.
Сен азуулуу шерге катылып,
Атаңдын көрү жети кан,
Айдоо жеп жүрүп өлөрсүң.
Беттешкенде берендер
Манастын жүзүн көрөсүң.
Канкордун түрү ушундай:
Кара жаак кабылан
Капталына чамынат,
Чолок көк жал арыстан,
Жара тартчу эмедей,
Тим эле жан-жанында камынат.
Асты жагын карасаң
Найза сунуп айкырат,
Алтымыш эрдин сүрү бар,
Арт жагынан карасаң
Алты таш жерден леп тарткан
Ажыдаардын сүрү бар.
Манастын түрү ушундай,
Он сегиз миң ааламды
Тимеле темирдей курчап күткөндөй.
Береги кызыталак кара жер,
Кайратынан Манастын
Калыңынан түткөндөй.
Кең өзөн жай чалкактуу
Келберсиген ал канкор,
Алкымынан бүткөндөй.
Адам, ай алдында булуттун.
Салкынынан бүткөндөй.
Асман менен көгүндүн
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен Күнүндүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алтын менен күмүштүн

Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Жер курчаган дайранын[1]
Ортосунан бүткөндөй.
Жетик өткүр болоттун
Толтосунан бүткөндөй.
Жети кан эли сен эмес,
Кармаш кылса Каканчы
Тимеле көптүгүнөн түткөндөй.
Мына балам жети кан,
Кошой айтса тил албай,
Манасты көздөй жүрөрсүң,
Кордук көрүп Манастан,
Өрттөнүп чокко күйөрсүң.
Эркексинип чокчоңдоп,
Атаңдын көрү жети кан,
Эр Манаска барарсың,
Ээлигип жаткан кызыталак,
Элиңди шорго маларсың.
Козу кара кочкордой
Кодоңдодуң жети кан.
Эркек кара каргадай
Чочоңдодуң жети кан.
Кош, жети каным аман бол,
Өз убалың өзүңө,
Эмгегиң кара төбөңө.
Казылуу жаткан оруна,
Кабылмак болдуң жети кан,
Каардуу Манас колуна,
Салмак болдуң элиңди
Манастын чалынса чыкпас торуна.
Жети кан тийсе колуна,
Желигип турган зор Манас:
«Каканды чалам»,– дебейби,

[1] 1938-æ. áàñûëû øòà – «äàðûÿíûí», áèðîê Ñ. Êàðàëàåâäåí æà-çûëûï àëûíãàí òåêñòòåðäèí áàðäûãûíäà «äàéðàíûí» äåï áåðèëãåí.

Айдап жүрүп кембайлап,
Минтип, кабылган жанды жебейби?!
Бил канкор Манас улук эр
Кабылганда жети кан
Кайратсызың билет ээ,
Турпак кылып элиңди
Кытайда алып жүрөт ээ...» –
Үшүнтүп Кошой муну айтып,
Козголбой жатып калды эми.
Кошойдун тилин түк албай,
«Манасты чаап алам» – деп,
Жети кан жолго салды эми.

## АЙРЫМ СӨЗДӨРДҮН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

*Аалим (ар. алем)* – 1. Окумуштуу, илимпоз. 2. Исламдын этикалык укуктук нормаларын жакшы билип, каада-салттарды шарыятка ылайык жүргүзгөн ишмер.

*Ак сокто* – сулу сымак тоо чөбү.

*Алакчы* – жалган дүйнө, алакчылаган дүйнө.

*Апы* (*ар.* вафи) – 1. Тирек, жөлөк, 2. Төлөм, эмгек акы.

*Бадирек* (*ир.* бед-рег «теги жаман») – 1. Кара ниет, орой, бузуку, тексиз. 2. Кээде эр жүрөк, кайраттуу, баатыр маанисинде да айтылат.

*Бөк* – 1. Дөбө, мал жайылганга ылайыктуу шибердүү бийик жер. 2. Чүкөнүн томпойгон жагы.

*Доор кыямат* (ар. доур) – «мезгил», «заман», гийамат – «тике туруу, тирилүү) – 1. Ислам дини боюнча жер үстүндө жашоо токтоп, ал эми өлгөндөр тигил дүйнөдө тирилип тикесинен туруп кудайдын сурагынан өтчү күн. 2. Өтмө мааниде: оорчулук, өтө кыйын күн, алаамат, бүлгүн.

*Дыңдооку* – Жазы маңдай, чеке.

*Жазайыл* – Чоң мылтыктын бир түрү.

*Жолум үй* – кичинекей, чакан, жеңил үй.

*Зер* (*ар.* зэр) – алтын.

*Зыйнат* (*ар.* зинэт) – 1. Шаан-шөкөт, үлпөт. 2. Өлгөн кишинин көргө коюлгандагы жасалгасы. 3. Траур.

*Зыман кылуу* – талкалоо, кыйратуу, таш-талканын чыгаруу.

*Как баш* – 1. Баш териси сөөгүнө жабышып катып калган сымал өтө кары адам. 2. Көптү көргөн, митайым, сараң. 3. Баласы жок куу баш өтүп бараткан адам.

*Кандагай* (*тун. мон.* хандагай – багыш) – 1. Тоо теке, багыш сыяктуу териси калың, бышык жаныбарлардын терисинен эр сайышка, күрөшкө, оодарашка ылайыкта-

лып жасалган чалбар шым. 2. Согушка кирүүчү аттын калың тери булгаарыдан жасалган жабдуусу.

*Кандалчы* – кылычтын бир түрү.

*Кадыр түн* (*ар.* гадер) – «күчтүү», «кубаттуу», буйрук берүүчү – 1. Адамдын бактысын ача турган түн (орозо айынын 17, 19, 21, 23, 27-түндөрү). 2. Өтмө мааниде: бакыт, таалай.

*Касиреттүү* – кесирдүү деген мааниде.

*Кете* – аялдардын баалуу кездемеден жасалган бешманты, кемсели.

*Кисе* (*ир.* кисэ) – 1. Кап, мешок, баштык. Курга кемерге боосунан бекитилген оттук, куу, милте ж. б. салууга арналган жарым тегерек түрүндөгү булгаары баштыкча, кутуча.

*Комокой* – найзанын учундагы бөрү тил темирди токтото турган уюл.

*Кошчу* – баатырлар, чоң мансаптуу адамдар сапарга., сейилге, жортуулга чыкканда коштой жүргөн адамдар, жоокерлер.

*Кутпа* (*ар.* гутба) – 1. Уюл, түндүк тарап. 2. Алтын казык жылдызы.

*Күдөрүлөө* – терини ийлөө.

*Күлазык* – малдын эти кургатылгандан кийин күлдөй майдаланып, талкан, ун же кой сүтүнөн жасалган куруттуу талкалап, аралаштырып майга куурулган тамак. Көбүнчө алыс жолго, жортуулга чыкканда даяр азык катары суугa чылап ичилген.

*Күпсөр* – 1. Ичине жел толтурулган чоң чанач (аны байланып алышып дарыядан өтүшкөн). 2. Ок-дары салуучу тулуп.

*Кызыр, кыдыр* (*ар.* хидр – «жашыл», «жашыл кийимдүү») – дүйнө жүзүн күн-түн кесип көнүлүнө төп келген ак ниет адамдарга жакшылык, бакыт-таалай алып келүүчү, кыйындык башка түшкөндө кереметтүү колдоо көрсөтүүчү пайгамбар.

*Кылым* (*ар.* иклим) – 1. Өлкө, жер дүйнөнүн бир бөлүгү. 2. Аалам, бүт дүйнө, 3. Доор, кылым (жүз жыл).

*Кыңырак* – эки жагы тең миздүү, көрксүз жасалган чоң бычак. Көбүнчө кийиз кесүү сыяктуу жумуштарга колдонулат.

*Мазар* (*ар.* мэзар) – 1. Ыйык деп эсептелген сыйынуучу жайлар: олуя аталган ыйыктардын көрүстөнү, ээси (колдоочу пири) бар делген тоо, таш, дарак, булак ж. б. 2. Өтө кадырлаган, ыйык туткан адамы (мис. мазарым энем, бул адам менин мазарым).

*Мунажат* (*ар.* монад) – кудайга жалынып-жалбарып сыйынуу, тооп кылуу.

*Ордо* – 1. Кандын бийлик үйү. 2. Өргөө.

*Опсолок* – орду жок, обу жок, көйрөң адам.

*Өмөлчү* – чабуулга коркпой кирүү маанисинде

*Сал моюн* – мойну жоон, көрөсөндүү жылкы.

*Сандыргалуу* – сөөлөттүү, салтанаттуу.

*Себил* – жасалга, кооздук.

*Талак* (*ар.* талэг – «коё» берүү», ажырашуу) – 1. Эри аялы менен шариятка ылайык никесин бузушу, «ажырашуу»). 2. Эпосто кандайдыр бир нерседен (мис. малмүлктөн, динден) өз каалоосу менен кечүү, баш тартуу, жерүү.

*Тын* – Байыркы түрк элдеринде «жан» деген мааниде айтылган.

*Үбү* – асыл зат, баалуу мүлк, кымбат баалуу буюм, казына.

*Чайиңги* – Төштүктүн жоого кийген тыш кийими. Сөздүн теги «чаюуга» (жалатууга) барып такалат, б.а., материалынын (теринин, кездеменин) сыртына алтын же күмүш ж. б. чайытылган (жалатылган) кийим. Мындай кийим кыргыздарга Эне сай боюнда жашаган мезгилде эле белгилүү болгонун археологиялык табылгалар, ошондой эле ушул сөздүн хакастардын эпосторунда сакталышы көрсөтүп турат.

*Чал* – 1. Буурул (өң, түс). 2. Абышка. 3. Эпосто «Абышка-кемпир эки чал, карып болгон эки жан» делип, жалпы эле кары адамдарга (аял-эркек дебей) колдонула берет.

# ТӨШТҮК

*(Калча Суранчиевдин айтуусу боюнча)*

Элеман бай кыргыз эли, кыпчак уруусунан болуп, чөл (Опол-Тоо) жакты жердеген экен. Элеман байдын тогуз уулу болуп, Элеман бай алты кулач ала атты минип алып: «Мен 9 уулума бир кишинин 9 кызы болсо алып берем»,– деп кыз издеп жөнөйт. Элеман бай төгөрөктүн төрт бурчун төрт айлана кыдырып, аты ыргайдай, бити торгойдой болуп, бир шаарга келет. Бул шаардын каны Орускан деген болот экен. Элеман Орускандын үйүнө келсе үйүндө 8 сөйкө илинүү турган болот. Элеман бай үйдү тегерете караса жүктүн бурчунда жалгыз бир сөйкөнү көрүп, Элеман бай бырс этип күлөт, Орускандын алачыктай кызыл байбичеси айтты: «Аягымдан кир, ашымдан кыл таптыңбы? Эмне күлдүң?» – дейт. Элеман айтты: «Менин 9 уулум бар, бир кишинnн 9 кызы болсо алып берейин деп кыз издеп жүрдүм эле, 8 сөйкөнү көрүп, бирин таба албай отурдум эле жана бир сөйкөнү көрүп ошого кубанып күлдүм, 9 кызыңызга куда болом» – деди.

Кечинде куш салып кеткен Орускан үйүнө келди. Элеман байды Орускан жакшылап конок кылды. Элеман бай, Орусканга айтты: «Менин 9 уулум бар, 9 кызыңызга куда болом» – деди.

Орускан айтты: «Элеман, сен жай жайлоону толтур! Кыш кыштоо чуңкурумду толтур! Башыма балалуу тоок чакырт! Эшигимдин алдына 2 чынар терек орнот, биринин булбулу, экинчисине сайрап конуп турсун. Эшигимдин алдына бир майкөл, бир

сүткөл орнот, биринин чабагы экинчисине секирип ыргып түшүп турсун». Бул калыңды угуп, Элеман бай алдырап: «Балдарыма кеңешейин»,– деп жөнөдү.

Элеман бай балдарына Орускандын жөнүн айтты.

Элемандын балдары айтты: «Малды го эптеп табалы, майкөл, сүткөл, терек, булбулду кантип табабыз! – дешип таң болуп отурушту. Төштүк айтты: «Баарын мен табам, ошондон да корксо болобу. Жылкы атасы боз айгыр менен жылкы энеси боз бээни Орускандын өрүшүнө алып барып союп каны-жинин чачып ийсеңер айтканынын баары болот». Төштүктүн сөзү менен Элемандын балдары касиеттүү айгыр менен бээни алып барып түн ичинде Орускандын өрүшүнө союп, айтканындай чачат. Орускандын айткандарынын баары даяр болот. Орускан эртең менен турса салган салыктарынын баары даяр болгондугун көрөт. Орускан айтат: «Элеман бай эми тоюңду жасап, келиндериңди алып кет»,– деп. Элеман бай ыксыз көп мал союп, чоң той берип, ач-арыктарды тоюндурат.

Тойго келген балдар,
Торпокко жүктөп эт алды.

Төштүк тойго келбей үйүндө калат. Кыргыз элинде бир ылакап болуп калат: «Төштүкчө катынды үйүндө алабы» – деп. Элеман бай 8 келинин көчүрүп жөнөп калат. 9 кыздын кенжеси Кенжекеге ок жетпеген 42 жандуу Чалкуйрук атты мингизди, ок өтпөгөн кылторко тонду, бутуна көк жекени кийгизип, чаар ингенге жүк артып, бөлтөкчүн келген кер байталды Куйту күңгө мингизип кошо жөнөтөт. Кенжекени Төштүккө аялдыкка берди.

Төштүктүн өзү менен эненин курсагынан кошо түшкөн болот өгөөнү да Кенжекеге Төштүк берип жиберген. Төштүк башта бир күйөөлөп барганда Төштүктүн капталы күмүш, кашы алтын ээрин

Орускандын уулу Кенжекенин иниси сурап алып калган. Элеман бай келини Кенжекени башкача сөөлөт менен 8 келиндин артынан көчүрүп чыгат. Элеман бай 9 келинин көчүрүп чыгып, бир жерге келип конуп, 9 акайкерди тигип, бир суунун боюна конот.

Элеман бай эртеси көчүп жөнөп дагы бир жерге келип конот. Кенжеке сөөлөт менен көчүп келе жатканда мергендин кызы Бектору Кенжекенин алдынан чыгып, тийиштик сөзүн айтат:

Минген атың Чалкуйрук
Маарек болсун, кут болсун Кенжеке!
Жетелеген чаар инген
Маарек болсун, кут болсун!
Ээрчиткениң Куйту күң
Маарек болсун, кут болсун!
Үстүңдөгү кылторко,
Башыңдагы мандили
Маарек болсун, кут болсун!
Бутуңдагы көк жеке
Маарек болсун, кут болсун!
Кошулганың алп Төштүк
Маарек болсун, кут болсун!

Анда Кенжеке айтат:

Минген атым Чалкуйрук
Атакем берди, мен миндим,
Сеникин тартып алдымбы, долу!
Жетелеген чаар инген
Энекем берди, мен миндим,
Сеникин тартып алдымбы, долу!
Ээрчиткеним Куйту күң
Энекем берди, мен алдым,
Сеникин тартып алдымбы, долу!
Үстүмдөгү кылторко
Энекем берди, мен алдым,

Сеникин тартып алдымбы, долу!
Башымдагы мандили
Энекем берди, мен алдым,
Сеникин тартып алдымбы, долу!

Суунун боюна конот. Элеман эртең менен өзү көч аттарды сугарып турса, сууда бир кара өпкө агып келе жатат. Элеман өпкөнү укурук менен сайгылайт, өпкө токтобойт, түшө калып колу менен кармаса өпкө 7 баштуу желмогуз кемпир болуп абышканын көөдөнүнө минип: «Айт, кебиңди!» – деп кыйнай баштайт. Элеман кемпирге жалынып айтты: «Үңкүр толгон булум бар, короо толгон коюм бар, өрүш толгон жылкым бар, жайыт толгон төө, уюм бар – баарын сага берейин, жанымды кой!» Кемпир: «Жаныңды эле алам»,– деп болбойт. Элеман айтат: «Көчүрүп келе жаткан 9 келиним бар, баарын берейин жанымды кой!» Кемпир болбойт. Элеман айтат: «8 уулум бар, баарын берейин жанымды кой!» Кемпир болбойт. Элеман айтат:

«Тогуз уулумдун кенжеси,
Бир кудайдын пендеси,
Төштүгүмдү берейин».

Кемпир Элеманга айтты: «Сен абышка Төштүгүңдү мага кандайча кылып бересиң?» Элеман айтат: «Төштүктү төрөгөндө өзү менен бирге энесинин курсагынан түшкөн болот өгөө бар, азыр колуктусунун колунда ошону сага алып берем». Кемпир айтат: «Сен Элеман өгөөнү андан кантип алып бересиң?» – деп. Элеман айтат: «Эртең көч жөнөгөндө өгөөнү түп тулганын түбүнө сайып кетем. Төштүк келет, ошондо кармап ал»,– дейт. Көч жөнөдү. Элеман Кенжекеден сурады: «Жүгөнүмдүн кадоосу чыгып кетиптир, кадап алайын өгөөнү алып бер» – деп. Кенжеке бери карап күлүп, нары карап ыйлап туруп алып берет. Кенжеке: «Өгөө бошосо

сандыкка салайын» – деп айтса, Элеман: «Азыр бошой элек жөнөй бергиле» – дейт. Кенжеке чаар ингенди оодара жүктөп оңдоп, кечигип тулганын түбүндөгү өгөөнү алсам деп ойлоп кечеңдейт. Элеман: «Келбей келин баштаарбы, жер ыраак жете конобуз бастыргыла» – деп алты кулач ала ат менен айдап жөнөдү. Кенжеке: «Жетимиштеги атасынын жаны аялуу болуп, жеткинчек баласынын жаны аялуу болбосо мейличи!» – деп чу коюп бастырып кете берет. Көч жүрүп отуруп эл четине жакындап барат. Төштүк көчтүн алдынан утурлап келет. Кенжеке айтат:

Кызыл куурай кыякчы,
Кыйкаңдатпай оолак тарт, Төштүк!
Чоконо куурай чоорчу,
Чоорундун үнүн укпаймын,
Чойкондотпой оолак тарт, Төштүк!
Атакемдин төрүндө Төштүк,
Энекемдин колунда Төштүк!
Же шыбыраша сүйлөшүп, Төштүк,
Же шыңкылдашып күлүшүп, Төштүк!
Сенин эч урматың көрбөдүм, Төштүк!

Кенжеке Төштүктү жанына чендеткен жок. Кенжеке айылына барып үйүн тикти. Төштүк үйүнө кирсе даарытпады. Төштүк капаланып: «Элеман бай кайдагы бир долуну мага алып келген»,– деп желенин жанына барып жатып алат. Элеман: «Сулуу колукту алып берсем жанына жолобой качат» – деп үйүнө Төштүктү кууйт. Төштүк келсе Кенжеке жолотпойт. Төштүктүн алапайы түгөнөт. Түн болгондо эл Төштүктү Кенжекенин жанына жаткырышат. Кенжеке кылычты ортого сайып коюп: «Сени мен карасам мени сен карасаң ушул ак болоттун изи урсун!» – деп ант сөзүн айтат. Элеман бай чоң той кылып, Ала-Тоодой эт, Ала-Көлдөй чык кылды. Таң-тамаша ат чабыш, балбан күрөш, эр сай-

ыш жана башка толуп жаткан аңгемелер болот, арада 7 күн өтөт. Жети күндөн кийин Төштүк менен Кенжекеге нике кыйылды. Кенжеке Төштүккө айтты: «Актыгыңды алып кет!»

Алтымышта атакең жаны аялуу,
Алдейлеген алп Төштүк,
Сенин жаның аёосуз!
Жетимиште атакең жаны аялуу,
Жетилип келген алп Төштүк,
Сенин жаның аёосуз!

Нике кыйылганда Төштүк менен Кенжеке бирге жатты. Кенжеке Төштүккө айтты: «Өгөөгө минип бара турган атыңды алып кел!» Төштүк алты аяктуу ала атты алып келет. Кенжеке:

«Карган бээнин баласы,
Картасы кыска мал экен,
Алты күнү жол жүрсө,
Ичи сынма болучу неме экен!

Бул жолго жарабайт, дагы башка атың болсо алып кел!» –дейт. Төштүк жети аяктуу жээрде атты алып келет. Кенжеке «Жети аяктуу жээрде байтал бээнин баласы, маңдайы жука мал экен. 2–3 таң ашканда кыбыладан кызыл мунар келгенде туруштук бере албайт!» – дейт. Кенжеке сурады: «Дагы башка атың барбы?» – деп. Төштүк: «Жок» – дейт. Кенжеке айтат:

«Катындын аты дебесең,
Чалкуйрукту мин, Төштүк!
Катындын тону дебесең,
Кылторкону кий, Төштүк!
Катындыкы дебесең,
Көк жекени кий, Төштүк!»

Кенжеке Чалкуйрукту токуду. Кылторко менен көк жекени кийгизди. Кенжеке Төштүккө оң батасын бе-

рип, ондоп жолго салмак болду. Кенжеке Төштүккө айтты: «Ушул Чалкуйруктун не деген тилине макул болосуң!» Элемандын өгөөнү түп тулганын түбүнө сайган шумдуктарынын баарын айтты. Кенжеке: «Сени Чалкуйрукка, Чалкуйрукту кудайга тапшырдым!» – дейт. Оң батасын берип, буркурап ыйлап Кенжеке оң жолуна салды! Төштүк Чалкуйрукту минип, журтта калган өгөөгө жөнөдү.

«Ана-мына дегенче,

Ачып көздү жумганча» журтка Төштүк жакындап барат. Чалкуйрук айтты: «Түп тулганын түбүндө бир кемпир ийик ийрип отурат, мен жаңы ооз жарма үйрөнбөгөн тай болоюн, сен алты жашар бала бол! Кемпирге барганда: «Салоому алейким эне киши» – де. Кемпир: «Алейкиме салоом алеки киши ата, балам. Саламың болбосо саргартар элем»,– дейт. «Ата, энеке алигиң болбосо алдыратар элем»,– деп сен айт. Энеке: «Менин өгөөмү алып берчи, мингеним ооз жарма ылоо тай эле түшсөм аттана албайм, аттансам түшө ал-байм»,– де. Кемпир: «Отурсам тура албаган, турсам отура албаган бир кемпир элем, өзүң түшүп ала кой»,– дейт. Ошондо мен боз коёндон жапыз болоюн, сен боз куштан илгир бол да кемпирдин жети башын чаап, өгөөнү алсаң бизге кудай бергени, ала албасаң бизди кудай урганы. Чалкуйрук үйүрүн, сен үйүңдү көрбөйсүң!» – дейт. Төштүк, кемпирдин жанына барып айтышып туруп, алты башын кыя чаап, бир башы менен кемпир качты да жердин жарыгына кирди. Төштүк кууп кошо кирди. Жер алдында Урум кандын Узунчач деген кызы болуп, жер үстүндөгү тогуз уулдун кенжеси Элемандын эркеси Төштүк дегенге ашык болуп, жети баштуу желмогуз кемпирди Төштүктү азгырып алып кел деп жиберген. Жер алдына киргенде кемпир жолго мык чачат, Чалкуйрук баспай калсын деп. Чалкуйрук мыкка токтобой өтөт. Мык-

тан өткөндө, бир кулагын төшөнгөн, бир кулагын жамынган астында Ак тулпар деген аты бар, Айкулак деген Урум кандын алпы Төштүк менен кармашсам деп жатат. Төштүк кемпирди кууп бара жатып, Айкулак алпка кабылат. Айкулак алп: «Катындын атын минген, катындын тонун кийген Төштүк кул сен кайда барасың, мен алым барда алышам, күчүм барда күрөшөм!» – деп айкырат. Төштүк найза менен сайышты, айбалта, кылыч менен чабышты, камчы менен сабашты, сабы колдо калышты. Оодарышып калышты, эч алыша алышпай, жөө күрөшкө салышты.

Алышканы айры кезең,
Сүрүшкөнү сүйрү кезең болуп.
Тополоң болуп тоо көчтү,
Мунар болуп боз түштү.

Ак тулпар менен Чалкуйрук кудайга арызга барып айтты: «Эки шер жаратыпсың экөө кармашып канча күндөн бери алыша албады!» Кудай: «Айкулак Төштүктөн бир күнү мурун жарыкчылык көрдү эле, Төштүк үстүн болуп, Айкулак астын болсун!» – дейт. Эки ат чылбырларын тиштеп алышып кайта оюн салып жүгүрдү. Эки ат жетип келсе Төштүк Айкулакты жыгып алачыктай, ак таш менен башын жанчып, кыйнап жаткан болот. Айкулак айтат: «Төштүк, сен мени кыйнаба! Батегимдин алдында көк желкенин үстүндө алты бүктөлүү ак албарсым бар, ошону бек көтөрүп аста таштап башымды ал» – дейт. Төштүк ачуусу келип бек шилтегенде башын алып ачалбарс жер алдына түшүп кетет. Төштүк Айкулакты өлтүрүп жөнөп бара жатса жолдо бир адам жаасын чоюп, асманды карап турат. Төштүк келип, жаа чойгонду акырекке бир коёт. Ал: «Мен жер үстүнөн Элеман байдын эр Төштүк арып-ачып келем, жети жылы туубай кал-

ган казды атып конок кылайын дедим эле мени жаздырып коё жаздадың»[1] – дейт да, казды атып конок кылат. Бул каз атар Маамыт деген экен.

Төштүк каз атар Маамыт менен достошуп жөнөйт. Төштүк кетип бара жатса алдынан бир адам жейренди коё берип, артынан удаа өзү жейрендин башынан аттап кетип жаткан болот. Төштүк жайын сурайт. Ал айтат: «Жер үстүнөн Элеман байдын эр Төштүк келет, ошону конок кылайын деп жаттым эле»[2] ,– деп, жейренди союп жейрен секиртпес Маамыт Төштүктү конок кылып, достошуп жөнөтөт. Төштүк андан жөнөп бара жатса алдынан бир адам бир дайраны бир ууртап алып, кургак жерге куят. Төштүк: «Сен кандай эмесиң?» – деди. Ал адам: «Жер үстүнөн Төштүк келет, аты арып, өзү суусап. Ошону конок кылайын дедим эле»,– дейт. Төштүк көл ууртар Маамыт менен дос болуп жөнөйт. Төштүк кетип бара жатса бир дарыянын боюндагы чынар теректин боору менен бир ажыдаар оролуп кетип бара жатканын көрөт. Төштүк теректин башын караса алп кара куштун эки баласы көрүнөт. Төштүк ажыдаарды атып, өлүм кылат. Балдар ажыдаар менен Төштүктү канатынын алдына катат. Кечке маал болгондо күн бүркөлүп келет. Бир чоң кара булут маңдайдагы бир чолок теректин башынаконгондо теректин башы үч жолу жерге тийип майышат. Алп кара куш айтат: «Ээ, балдарым, кандай себеп менен ажыдаардан аман калдыңар?» Балапандары: «Ээ, эне, жакшылык кылганды башта, же жамандык кылганды башта көргөзөлүбү? Аман калдык!» – дейт. Алп кара куш: «Жакшылык кылганга башым токмок, кар-

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «æàçäûí» äåï æàçûëãàí. Êàò÷û òàðàáûíàí êåòêåí êàòà º¢äºíºò. Òóóðàñû – «æàçäààäû¢».

[2] Ò¿ï íóñêàäà óøóë ñºçäºí êèéèí «æåéðåí óçàäà» äåãåí àøûê÷à æàçûëãàí ñºç áàð.

дым казык болгуча жакшылык кылам, жамандык кылганга да ошондой кылам» – дейт. Балапандар жамандык кылган ажыдаарды көрсөткөндө[1] куш жутуп жиберет. Балапандар Төштүктү көрсөткөндө куш Төштүктү да жутту. Балапандар ыйлап жиберет да айтат: «Өлгөн жаныбызды тиргизген, өчкөн отубузду тамызган досубузду ушундай кыласыңбы?» Алп кара куш өкүнүп: «Ата, балдарым ийээ! Баштагыдан да өөдө эр болот эле, коё турбай»,– деп кайта кусканда Төштүк баштагыдан да нурдуу болуп түшөт. Алп кара куш бир мурутун жулуп берип айтты: «Башыңа кыйын бир иш түшсө, ушул мурутту түтөтсөң ошо замат даяр болом». Төштүк андан ары жөнөдү. Жолдо бир ак жолборсту каракулак шер экен, кабыландан эр экен, ошо кууп келет. Төштүк далдаланып туруп: «Качканды атпай кууганды атайын» – деп атып өлтүрдү. Жолборс: «Досум Төштүк, мынабу мурутумду ал, качан башыңа кыйындык түшсө түтөтсөң мен даяр болом» – деди. Төштүк андан жөнөп отурса алдынан калың токой чер келди. Черди аралап бара жатса аюунун үч баласы кыңылдайт. Төштүк караса буттарына чөңөр кирген. Алып соо кылат. Энеси келип сурайт: «Эмне болуп соо болуп калдыңар?» – деп. Балдары жайын айтат. Аюу Төштүккө бир мурутун берип айтат: «Башыңа кыйынчылык келсе түтөт, даяр болом!» Төштүк андан дагы жөнөйт. Кетип бара жатса бир жерде карышкырдын үч баласы кыңылдайт. Төштүк караса буттарына жара чыгып, жараланып калган экен. Төштүк тазалап, айыктырат. Бөрү да дос болуп, бир мурутун берип: «Башыңа кыйындык келсе түтөт, даяр болом! – деди. Төштүк андан ары жөнөйт. Бир жерде илбирс-

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà «êºðñºòêºí» áîëóï æàçûëãàí. Êàò÷û «äº» ì¿÷ºñ¿í æàçáàé êåòêåí º¢äºíºò. Êîíòåêñòêå êàðàãàíäà «êºðñºòêºíäº» áîëóø êåðåê.

тин үч баласы кыңылдайт. Төштүк караса буттары ириңдеген. Жарып соо кылат. Илбирс да дос болуп, бир мурутун берип: «Башыңа иш түшсө түтөт, даяр болом» – дейт. Төштүк андан жөнөп отуруп Урум кандын шаарына барат. Төштүк Урум канга жуучу салып айтат: «Узунчач кызын мага берсин. Урум кан: «Мен Төштүктөн мал албаймын, мөрөй кылам. Ошого жараса берем»,– дейт.

I. «Жолборсум бар, жолборс таап келип күрөштүрсүн» – деди. Төштүк баягы мурутту түтөтүп, жолборско жолборсту айдап келди. Төштүктүн жапан жолборсу кандын бакма жолборсунун моюнун сыйра тиштеп өлүм кылды.

II. Урум кан: «Илбирсим бар, илбирс таап келип күрөштүрсүн» – деди. Төштүк мурутту түтөттү эле 20 илбирсти айдап келип, Урум кандын илбирсинин моюнун» сый тиштеди.

III. Урум кан: «Бакма карышкырым бар, карышкыр таап келип, кармаштырсын»,– деди. Төштүк мурутту түтөттү эле, 20 карышкыр менен досу келди да Урум кандын койлорун кырып, карышкырынын моюнун сый тиштеди.

IV. Урум кан: «Аюум бар, аюу алып келип кармаштыр, мөрөй бүттү, той бышыргыдай отунду ала кел»,– деди. Төштүк мурутту түтөттү. 30 аюуну айдап аюу келип, аюуларга отунду жүктөй келди. Урум кандын аюусун аюу моюнун сый тиштеп, өлүм кылды.

V. Урум кан: «Ит ичпестин Ала-Көлдө 40 кулактуу мис казан бар, ошону алып кел, эт салып бышырабыз»,– деди. Төштүк көлдүн боюна барып чечинип: «Казанды алып чыгам» – деди. Чалкуйрук: «Эрдигиң бар, эсиң жок, эчтеке менен ишиң жок. Дайрага мен түшөм жети күн дегенде көлдүн үстүнөн ак көбүк оргуштап чыкса кудай бизге бергени. Кан аралаш оргуштаган көбүк чыкса сен үйүңдү, мен үйрүмдү көрбөйм!» – деди. Чалкуйрук

көлгө кирип кетти. Жети күн дегенде оргуштаган кан аралаш ак көбүк толкуп чыкканда Төштүк коркуп:

Ит ичпестин Ала-Көл,
Аталуу көлдөр сен болсоң.
Айтылуу Төштүк мен болсом,
Жолоочунун жалгыз атын бер деймин.
Жалгыз атым бербесең,
Айыры, кетмен алпарам,
Алты арыкка бурбасам,
Төштүк атым курусун!
Жебелүү кетмен аламын,
Жети арыкка бурамын.
Түбүң менен соолтуп,
Түгөл чалчык кыламын!»

Төштүк жерди тээп айтат: «Көл ууртар Маамытка ууртатып, кургак жерге куйдуруп, түбүң менен соолтуп ак топо кылам!» – дейт. Көл башы менен эси чыгып толкуганда казандын бир кулагы көрүндү. Төштүк ачуусу менен ыргытканда шаардын бир бөлүмүн суу басып, бир бөлүгүн казан басты. Урум кан айтты: «Балам Төштүк, мөрөй бүттү, казанды ал!» – деди. Төштүк казанды, алып кайра көлгө ыргытты. Чалкуйрук көлдөн чыгып келип:

«Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок,
Айтсам тилим албаган,
Аңкоого башым не коштум!

42 жаным бар эле, 7 эле жаным калды»,– деди. Төштүк Чалкуйрукту Урум кандын шаарына алып барды.

VI. Урум кан: «Эми жөө күрөш болот»,– деп айтып, өзү балбанга чыгып, Төштүк өзү жыкты.

VII. Урум кан: «Эми ат чабылат» – деди. Төштүк Чалкуйрукту Жейрен секиртпес Маамытка мингизип чаптырды.

Баягы желмогуз кемпири ат айдады. Желмогуз кемпир ат айдап бара жатып, бирдемени жеп бара жатат. Маамыт: «Эмне жеп бара жатасың?» – деп сурайт. Кемпир айтат: «Талкан эле»,– дейт. Маамыт: «Мага да берчи? – дейт. Кемпир берет. Маамыт талканды жеп, талаага уктап калат. Кемпир атты айдап алып кете берет. Чалкуйрук жерди чапчып, Маамытты ойготот. Маамыт турса ат эчак кеткен. Маамыт Чалкуйрукту көтөрүп алып чуркап, аттар тууга жакындаганда алдыга чыгып барды.

VIII. Урум кан эми жамбы атыш деген мөрөйдү койду. Жамбыны каз атар Маамыт атып түшүрдү.

IX. Урум кан: «Буркан жоон сандай жез дөңгөчүм бар шырыган кийиз балта, мүйүз саптуу, ошону менен жара чаап бер!» – деди. Төштүктүн алапайы куурулуп, узун чачка киши жиберди: «Эмине арга кылам?» – деп. Узун чачтын колунда бир алтын шакеги бар эле, чыгарып берип: «Үстүртөн кудайдын, астыртан ата-энемдин деми, Урум кандын деми, колуктум Узун чачтын деми»,– деп жазбай чапса тең жарылат!» – деп айтып жиберди. Төштүк алтын шакекти оозуна салып туруп жара чапты. Урум кан айтты: «Эми мөрөй бүттү, колуктуңду ал!» – деди. Урум кан узун чачты Төштүккө нике кыйып алып берип: «Эми жер үстүнө кантип чыгасың?» – деди. Төштүк айтты: «Кудай чыгарат!» – деп. Төштүк алп кара куштун бир мурутун түтөттү. «Ээ, досум, башыңа не иш түштү?» – деп. Куш даяр болду. Төштүк: «Досум мени жер үстүнө чыгар!» – деди. Куш: «Мага 40 маралдын эти керек, 40 аяк суу керек» – деди. Каз атар Маамыт менен жейрен секиртпес Маамыт, көлууртар Маамыт үчөө 40 маралды даяр кылды. Урум кан Узун чач кызын, Чалкуйрукту, Төштүктү, алп кара кушту, желмогуз кемпирди да куштун үстүнө отургузду. Алп кара куш айланып учуп жер үстүнө чыкты. Алп куш айтты: «Качан башыңа иш түшсө мен даяр бо-

лом» – деди да жөнөдү. Төштүк жол менен жерине келе жатат. Жер үстүндө Чоюнкулак, киндиги темир, тырмагы жез кыйын алп бар эле. Капыр менен мусулман чогулуп терең ор казып, үстүнө килем жаап, алдап чакырып келип Чоюнкулакты ошол орго салган. Чоюнкулак Төштүктүн доошун угуп аябай жалынат: «Мени чыгарып ал!» – деп. Катыны: «Ушуга ийибе, чыгарба бизге зыян кылат»,– деди. «Бул кантип жамандык кылат эле»,– деп, орду кетмендеп казып жатып чыгарып алды. Чыгарып алса кулагы чоюн, тырмагы жез, киндиги темир. Тоого чыгып карагат, кожогатты бүт жеди. Эки тоону кармап кабыштырып, кийиктерди өлтүрүп шишкебектеп бүт жеди. Төштүктүн атын токуп, отунун алып отун жагып, суусун чыгарып жүрөт. Бир күнү Төштүк: «Чоюнкулак Чалкуйрукту току»,– деди. Анда Чоюнкулак: «Төштүктүн атын Чоюнкулак токуйбу, Чоюнкулактын атын Төштүк токуйбу»,– деди. Ошентип Төштүк менен кармашты. Экөө кармашып алышканы айры кезең болду, сүрүшкөнү сүйрү кезең болду. Ошондо Төштүк көтөрүп уруп башын таш менен жанчты. Чоюнкулак: «Мен карып күчүм барбы, жокпу деп, сизге эркеледим эле»,– деди. Жалынганынан Төштүк коё берди. Чоюнкулак бир топко тамакка бордонду. Төштүк Чоюнкулакка: «Ат току» – деди эле, анда Чоюнкулак: «Катындын атын минген кул, катындын тонун кийген кул»,– деп атын токубады. Экөө кармашып, Төштүктүн алы кетип алсырап, шайы кетип турду. Кудайдын арбактарына жалынып туруп: «Кызыр илияс кырк чилтен»,– деп турганда күч келип уруп, таш менен башын жанчты. Башын талкалап, кыйнап жатып өлтүрдү. Төштүк аттанып жөнөп отурса жолдо бир төө качып келе жатат. Төштүктүн жанына келип, төө тууду. Артынан бир кызыл тору келинчек келди. Келинден сураса: «Ушуяктан келе жатам, жер алдынан чыксаңыз менин

бир Төштүк деген байым кетти эле көрдүңүзбү?» – деди. «Мен көргөнүм жок. Урум кандын шаарында төө, кой, уй кайтарып жүрөт деп уктум»,– деди. Келин: «Төштүк антер киши эмес эле»,– деди.

«Чалкан боз ат болбосо,
Чалкуйругум дээр элем.
Агала сакал болбосоң
Алп Төштүгүм дээр элем»,– деди.

Тайлакты өңөрүп сызма менен коштоп алып Кенжеке үйүн көздөй жөнөдү. Күн кеч кирди деп, келин менен кошо Төштүк жөнөдү. Барып Төштүк келиндин үйүнө түштү. Куйту күң минип келген кер байтал да тууду. Төштүк кетелектеги келип жүргөн көп кербендер да келип калды. Үйү чөп алачык, Элемандын үйү кара алачык. Кенжеке соода кылып бериң деп 8 топчуну чыгарып берди. Өзбектердин үйү эмерегинин баарысы сегиз топчунун баасына чыкпай калды. Түн кирген учурда Чаар ингенди сааганда бир чака ууз чыкты. Бардык кишиге бир аяктан ууз бышырып берди. Кенжеке: «Төштүктүн арбагына бир аяк ууз атап берсеңер»,– деди. Анда атасы: «Каяктагы устуканы упат, сөөгү сөпөт болгон Төштүккө ата дейсиң»,– деди. Ошол учурда жакканы куурай экен. Төштүк: «Ээ, бай, Төштүгүңдүн кандай белгиси бар эле?» – деди. Абышка: «Баламдын эки далысынын ортосунда алакандын отундай кызыл меңи бар эле»,– деди. Бай куурайыңардан жактырып коюңузчу, этимдин кычысы бар эле деди. Куурайдан жактырып алып нары-бери жагын кактап атат. Меңди көрүп абышка өңкөңдөп ыйлайт. Төштүгүң мен болсом кандай деди. Тогуз агасы, тогуз жеңеси, абышка-кемпири баарысы басып жыгылып калды. Баштагы абалына келип, жыргап жатып калды. Эртеси Кенжеке толготуп, жети күнгө барды да, бала жерге түштү. Эркек бала экен. Баланын атын Жоодарбешим койду. Малдарын союп той берип, жыргап жатып калды.

# КӨЧПӨСБАЙ

*(Эр Төштүк)*

## ЖЕЗ КЕМПИР МЕНЕН КӨЧПӨСБАЙ[1]

Заманында бир бай болгон. Байдын жети миң жылкысы болгон экен. Ал жылкыны бай бир күнү өзү сугарууга айдап келген, келгенде сууда бир өпкө агып келе жатканын көрүп, ат үстүнөн туруп укуругу менен сайып алууну ойлоп өпкөнү илген экен. Өпкө жырылып кеткен соң түшүп алган, ошондо өпкө жети баштуу жез кемпир болуп байды кармаган.

Ошондо бай жалынат: – Ой, энеке, кой мени коё бер, мени койгун деген. Кемпир койбой койгондо, жылкымды берейин деген. Анда дагы баламды берейин дегенде жез кемпир макул,– деди.

Кемпир эгер бербесең кайда барсаң да кутула албайсың,– деди. Бай эми менин баламдын алтын сакасы ошо коломтодо калат,– деп жүрүп кетти.

## БАЛА МЕНЕН ЖЕЗ КЕМПИР ЖАНА ҮЧ ИТ

Атасы үйүнө барып: – Ой балам, сенин алтын сакаң журтта калыптыр,– деди. Жаңы журтка конуп жатышкан эле. Бала кызыл бууданын минип жүрүп олтурса, бир жерге келгенде аты баспай калды, менин көргөнүмдү көрдүңбү, билгенимди билдиңби,– деп аты айтты. Журтта жети баштуу жез

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà êà÷àí, êàéñû æåðäåí, êèìäåí æàçûëû ï àëûí-ãàíäûãû æºí¿íäº ìààëûìàò æîê. Æûéíàãàí Ûéìàíáåê Øàìåí óóëó.

кемпир олтурат, барганда минтип: – Жердеги сакамды алып бериңиз,– деп айт, мен коёндон жапыз, арстандан бийик болуп кетейин. Сен саканы эңип ала кал. Анан качалы,– деди.

Барса кемпир шылкыйып, мойнун жерге салып олтуруптур. Барып: – Энеке сакамды алып бериңиз,– деди.

Кемпир айтты: «Ой, айланайын балам, мен араң жанмын, олтурсам тура албаймын, турсам олтура алмаймын, сен жаш бала өзүң түшүп ала кой, – деди.

Бир убакытта бала: – Эне жар боорундагы жарканатты,– десе, кемпир карай калды. Ат дароо коёндон[1] жапыз, арстандан бийик болуп кетти. Бала саканы эңип алып жөнөдү.

Мастан артынан кууп жетпей калды. Бала качып жүрүп олтуруп үч күндүк жолго барып, кетип бара жатса, бир абышка кой кайтарып жүрөт.

Абышка айтты: «Мага бала болосуңбу?» – деди. Бала боломун,– деди. Болсоң біздикине барып олтура тур, мен азыр барамын,– деди.

Бала абышканын үйүнө барып олтурса, бир сары ит үч күчүктү ээрчитип жүргөнүн көрүп жанына барып күчүктөрдүн бирөөн оң жагына, бирөөн сол жагына, бирөөн койнуна салып алып уктап жатса, кемпир: – Бала, бала, сени жебесем – деп жүгүрүп келе жатат. Бала ойгонуп качты. Дагы кемпирден качып олтуруп бир жерге (атка үч күндүк алыс) кетип бара жатса, абышка уй кайтарып жүрөт. Абышка айтты: «Сен мага бала болосуңбу,– деп сурады. Бала: – Боломун,– деди. Болсоң биздикине бара тур, мен азыр барамын,– деди. Бала барып уктап жатса, баякы кемпир дагы келе жатат, качып барып күчүктөрдү караса, күчүктөрү чоң дөбөт болуп калыптыр.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà óøóë ñºç æàçûëãàí ýìåñ. Êàò÷û òàðààû íàí ááéêîîñóçäàí êåòèðèëãåí êàòà º¢äº íºò.

Иттерди коё берсе, кемпирди талап калды. Кемпир кызымды берейин,– деди, бала кызын алды, иттердин аттарын мындай койду: чоңунун атын угар кулак, ортончусунун атын көрөр көз, кичүүсүнүн атын жер тыңшар койду. Ар күнү үч итти ээрчитип ууга чыгып, көп нерсени атып жүрүүчү болду.

## БАЛА, МАСТАН КЕМПИР, ҮЧ ТҮЛКҮ ЖАНА КАРГА

Бир күнү катыны айтты: «Сен кыйын болсоң, иттерди үйгө таштап өзүң барып атып кел»,– деди. Бала макул деп, карагайга барып жүрсө баякы кемпир келе жатат.

Бала: – Эки ача терек бол, ортосуна мен болоюн,– деди, кудайдын амыры менен эки ача терек болуп калды. Бала теректин башына чыгып турду.

Кемпир бир тишин сууруп балта кылып, бир тишин сууруп араа кылып кертип олтурса, бир кызыл түлкү келди. Түлкү айтты: – Ой, эне, сен тиги жакка барып эс алып жат, мен кертишип эттен жешейин,– деди. Мастан барып уктап жатканда, жабдыгын алып барып көлгө салып жиберди. Бир убакта туруп караса, балта жок, түлкү да жок.

Мастан дагы бир тишин сууруп алып балта, бир тишин сууруп араа кылып чаап олтурса, бир ак түлкү келип айтты: – Ой, энеке, сен карыган киши чарчап калдың, мен чабамын, сен уктап жата тур,– деди. Мени алдап[1] бая күнү бир кызыл түлкү келип, жабдыгымды суугa салып кетти,– деди.

Түлкү айтты: – Ой, энеке, сен алжып калыпсың, ал кызыл түлкүнүн сырын биле элек турбай-

[1] Ò¿ï íóñêàäà áóë ñºç æîê. Êàò÷û, áàëêèì, èíôîðìàòîð òàðàáûíàí êåòèðèëãåí àáàéñûçäûêòàí, «àëäàï» äåãåí ñºç æàçûëáàé êàëñà êåðåê.

сыңбы, кызыл түлкү куу болот эмеспи,– деди. Сен билесиң да, ак түлкү жакшыбы, кызыл түлкү жакшыбы? – деди. Кемпир: – Ак түлкү эле жакшы,– деди.

Кемпир дагы алданып уктап калды. Түлкү кесимиш болуп олтуруп, жабдыгын сууга салып таштап кетип калды.

Анан дагы эки тишин сууруп жабдык жасап кесип олтурса, бир көк түлкү келди. Бутак кесилүүгө аз гана калган эле, кудай бир сактап гана түшпөй турат. Көк түлкү да кемпирди алдап, жабдыгын сууга салып таштап кетти.

Ал аңгыча болбоду. Асмандан бир карга учуп бaратат: – Ой карга, бери кара, кебим бар,– деди. Карга бери карады: – Менин балан жерде иттерим бар, айланайын ошолорго кабар бер,– деди. Карга учуп барып үч итине кабар айтты. Иттери дароо жүгүрүшүп келишти.

Баланын эки ити кемпирдин артынан, бир ити алдынан алды. Көктүү көбүк чыкса күйүнгүлө, актуу көбүк чыкса сүйүнгүлө,– деди. Бир убакта көктүү көбүк чыкты. Кокуй, качалы! – деп турганда актуу көбүк чыкты. Бир убакта иттер кемпирди сүйрөп, талап өлтүрүп жеп коюшту.

Бала түшүп үйүнө барып: – Катындан мага пайда жок экен,– деп мастандын кызын өлтүрүп кетип калды. Иттер айтты: – Биздин жүндөрүбүздү алыңыз, кайсы жерде азап, жапаа көрүп калсаңыз жүнүбүздү тутантсаң дароо даяр болобуз,– деди. Бала үч иттин жүнүн жулуп алып, кетип калды.

## БАЛАНЫН АК КУУ БОЛУП КУБУЛГАН КЫЗГА БАРА ЖАТЫП, ЖОЛДО БИР КЕМПИРДИН КЫЗЫН АЛГАНЫ

Ошондой кылып жүрүп олтуруп бир жерге атын откозуп жатса, бир ак куу учуп келип кыз болуп, бир кичине көлгө түшүп жатат. Баланы көрө салып, ак куу сүрдөнө түшүп учуп жөнөдү эле, эр Төштүк колундагы алтын шакегин түшүрө атты.

Кыз айтты: – Ой, Төштүк, сен менин колумдагы алтын шакекти түшүрө атып алдың, сен мени ала турган болсоң, кайда түшкөнүмдү карап туруп, ошол жерге барып мени ал,– деди.

Учуп кете берди, бала карап турду. Карап турса, бир тоонун ар жагына барып түштү. Бала аттанып жүрүп олтурса, аты жүрбөй калды.

Бала айтты: – Ой, атым, сага не болду? – деп сурады. Ат айтты: – Ой, иним, сен менин билгенимди билдиңби, көргөнүмдү көрдүңбү? – деди. Жок, атым! – деди.

Аты айтты: – Мына бул кырды ашканда кандын кызынын биринчи сакчысы түлкү болот, ал кишини алдап туруп кармап алат.

Түлкүгө барганда, узун чыбык алып түлкүнүн артына сайгылап сырыңды айт десең, бар сырын айтып берет,– деди. Бала түлкүгө барды, түлкү шыйпактап келе жатканда, узун чыбык алып арт жагына сайгылады. Айт түлкүм сырыңды,– деди. Түлкү айтты: – Кандын кызынын биринчи сакчысы мен боломун, экинчи сакчысы бир көк бука болот, ага барганда бир колтук чөп алып бар, ал келе жатканда ошону ыргытып жиберсең ал сени коё берет,– деди. Бала бир колтук чөптү ала барып, көк бука келе жатканда чөптү ыргытып жиберди. Ал өгүз аягын сермебей чөп жеп калды.

Түлкү айтты: – Кандын кызынын үчүнчү сакчысы бир топ кыздар, ал кыздарга бир чүкө алып бар-

саң, келе жатканда чүкөнү ыргытып жиберсең, ал туруп калат,– деди. Бала бир койдун чүкөсүн ала барды. Баякы кыздар чүкө алабыз деп жүгүрүп бара жатканда дагы бир мартаба чүкө ыргытып жиберди. Кыздар чүкөгө айран калып турушканда алардан өтүп кете берди.

Бир жерге барганда дагы аты баспай калды. Атым не болду десе, мындан ары барганда бир жарты алачык бар, анда бир кемпир отурат, андан качып өтө албайбыз суусун бер десең, бир кара дөбөтү бар, аны чакырып алып казанынын жанына бир силкинишсе, казан менен бирдей болуп бит толуп калат. Ошону казанга куюп сага жарма кылып берет. Мага бир жембаштыкка таш салып берет. Ал битти сен жеп кете албасаң, сен өлдүң, ташты мен жеп кете албасам мен өлдүм,– деди. Бала ыйлап олтуруп баякы үйгө жакындап келди. Ошол алачыкка барып түшкөн соң: – Мен ыраактан келе жатамын, бир аяк суу бериңиз – деди.

Кемпир бүлүнүп, кара дөбөтүн чакырды, кара дөбөтү казанга келип силкинип койсо, казанга бит толуп калды. Балага ошону жарма кылып берди.

Атың жем жейби – деп сурады, жейт – деди. Бала баякы жарманын баарын жеп койду. Бир убакта баякы ташты атка салып берди. Ат дагы бул ташты жеп коюп, үйдү чапчып жиберди. Ошондо кемпир айтты: – Менин кызым сага буюрган экен, бул кызымды кан кызынын сакчылары – чоң дөөлөрдөн коркуп, кызымды жаман сүрөткө киргизип кубултуп жүргөмүн, мен ары, бери өткөн адамдардын ар кайсынысын ошентип сынап жүргөмүн, эч ким битти жеп кете алган эмес, жей албаганын мен аман куткаруучу эмесмин. Сен өзүң да, атың да эчтеме калтырбай жеп кеттиңер. Муну иче албай койсоң менден аман кете албайт элең. Сага ыраазы болдум, сен эми бул кызды ал, – деп үйгө киргизип койду. Бала уктап калыптыр, бир убакта туруп

караса, кыз башында олтурат, ай десе ай, күн десе күн, атынын жеп турганы беде, жем болуп калды. Ошентип жыргап-куунап жатып калды.

## АК КУУ БОЛУП КУБУЛГАН КЫЗДЫ АЛГАНЫ

Бир күнү кайненесине айтты: – Мен ошондой бир кызга ашык болуп, сизге кезигип калдым,– деп көргөн билгенинин баарын айтып берди. Бар эми кайра кел, – деп колуна бир чоң кездик, бир кичине кездик берди, кайсы жерде болсо да бир кереги тийип калар деди. Баланын чөнтөгүнө салып берди.

Бала аттанып жүрүп олтуруп бир теректин түбүнө келип көлөкөлөп атын откозуп жатса, бир күкүк, бир сейнеп экөө сүйлөшүп отурат.

Күкүк айтат: – Менин багымда түрдүү капкактар бар, ошол капкактарды ачса, түрдүү-түрдүү жемиштер, түрдүү-түрдүү берметтер бар – деди.

Сейнеп айтты: – Бир жерге бара турган киши болсо, менин багымдан кесип минип алса, кайда барса ошондо алып барат, – деди.

Экөө эки жакка учуп кетти. Күкүк айткан жакка барып капкагын ачып караса түрдүү жемиштер, түрдүү шуру-берметтер бар экен. Жемиштерден бала жеп тоюп алды, шуру, берметтерди алып түшүп аттын куйругуна бир талдан койбой тизди.

Сейнеп айткан бакка барып бир талга чоң кездик менен кесмекчи болгон эле, ал өтпөдү, андан чоң кездик өтпөгөндө кичине кездик өтөт беле,– деп кичине кездикти ыргытып жиберди.

Андан кийин ойлоп туруп, ошону бир керекке жарар,– деп бербеди беле,– деп кайра аны алып кесе баштады эле, бат эле кесип алды.

Атым сени кудайга тапшырдым, же келермин, же келбесмин деп терекке минип алып жөнөп кет-

ти. Терек шуулдап учуп жүрүп олтурду. Кандын кызынын кырк сакчысы атканы келе жатат эле, бала көрө калып бутакты солго бурап койду. Сакчылар уктап калды. Бала барды, барса кандын кызы уктап атат. Кыздын оң бетинин нурун, чачынын бирин алып кетип калып жүрдү.

Кыз эртесинде тура калып көрүп элден уялып жүрдү. Бир күнү аңдып жатса, бала дагы келди. Кыз билектен алып сен кимсиң? – деди.

Бала айтты: – Баякыда мени келип ал деп учуп кетпедиң беле, мен келдим,– деди. Кыз айтты: – Сен кантип келдиң? – деди. Жолдогу сакчылар көрбөдүбү? – деди. Баягы кыз экөө качалы,– деп, экөө терекке минип жүрүп олтурду.

Баягы кырк сакчы атканы келе жатат. Кан өзү баштап, бала жеке өзү атышып жүрүп олтурду. Кырк сакчыны кырып болду. Кан өзү жеке калды. Бала катынына айтты: – Атаңдын камчысын атайынбы, тебетейин атайынбы? – деди. Камчысын ат,– деди. Камчысын атып түшүрдү.

Кан дагы эле кууп келе жатты. Бала: – Атаңдын атын атайынбы, өзүн атайынбы? – деди. Атын атты. Атасы дагы кууп келе жатты. – Атайынбы? – деди. Кыз: – Кой, бир карайын,– деди.

Атасы кыйкырып калды, ыраазычылыгым менен кеткиле! – деди. Кайра келишти. Бир чоң той кылып бир үйгө киргизип, эшикке чыкпа! – деди.

Бир убакта эмне бар экен? – деп чыгып ошол бойдон жоголду. Балага энчилеген эки аты бар эле, баланын аты бир жаман сары ат болуп чогулуштун жанына келип тыңшаса, баягылар кармап алып бир канга тартууга берип жиберди.

## ДАГЫ БИР КАНДЫН КЫЗЫН АЛГАНЫ

Баякы бала бир көлдүн жанына барып жүрсө, бир таз бала уй кайтарып жүрөт. – Бу кимдин ую? – деп сурады. Бул уйлар Абазкандын уйлары,– деди.

– Бул суудан кантип өтөт,–деди. Таз айтты: – Кечилгирдин ую кечил десе, кечилет,– деди. Өзүм көк өгүзгө минип чыгамын, саалардын ую саал десе саалат, түнкүсүн жегеним жашык музоонун эти, жатканда кандын үч кызынын таманын жалап жатамын, тамагым кургаганда жүктүн бурчунда сары май жалап жатамын деп бардык сырын айтты. Экөө чертишмек ойношту. Эң мурун таз чертти, андан кийин бала чертти, таздын мээсин жара чертти. Таз өлүп калды. Андан кийин бала өзү, таз балага окшоп айылга бармак болду. Көк өгүздү минип жөн эле айдап жүргөнүн көрүп: – Атаке, тазынды карачы, кечилгирдин ую кечил дегенди билбестен айдап жүрөт,– деди.

Бала аны уга калып кечилгирдин ую кечил десе, уйлар кечип кетти. Короого келип, байлангырдын ую байлан десе, баары байланып калды.

Түн болгондо жашык музоонун этин салып берди. Жебей катып олтуруп, эшиктеги көк дөбөткө салып берди. Жатканда кандын үч кызынын таманын музоонун тили менен сүрүп жатты. Тазындын тили кургап кетти сары майдан алып бер – деди.

Атасы майдан алып берди, уйдун тили катуу болгондуктан майлап турду, улам-улам жылмайды. Ошентип уктады.

Эртеси болгондо баланын көлгө жуунуп жатканын көрүп, тазыңды карачы, көлгө жуунуп жатат дегенче болбоду, баланын колундагы кандын кызынын алтын шакегин көрүп калды. Кандай болсо да буга тийип алыштын айласын кылды.

Бир күнү эки эжесин ээрчитип, көлгө барып түштү. Кичүү кызы айтты: – Эжелер, чоң эже сен

болсоӊ убактыӊ өтүп баратат, сен болсоӊ нак убактыӊ, мен болсом жете элекмин.

Кичүүсү уят эмеспи, кантип айтабыз, улуусу дагы айтты, эмесе мен акыл таптым, бир жоолукка үч алманы түйөбүз, бирөө өтүп бышкан, бирөө бышып турган, бирөө чала бышып калган алмаларды таздан берип жиберебиз, андан энем өзү билет – деди.

Үчөө алманы түйүп берип жиберди, үйүнө барганда атасы: – Бул эмне? – деп катынынан сурады. Катыны айтты: «Бул алмалар кыздарындын күйөөгө тиебиз дегени»,– деди.

Атасы эли-журтун жыйды. Жыйып үч кызынын колуна үч алма берди. – Түк киши калган жокпу? – деди. Уй кайтарган таздан башка түк киши калган жок,– деди. Киши чаптырып тазды да келтирди. Элдин аягына тургузуп койду.

Кандын улуу кызы, кандын уулу Канбачаны урду, ал аны колтуктап алып кетти. Ортончу кызы Бектин уулу Бекбачаны уруп алып кетти. Аны ал колтуктап кетти. Кичүүсү баякы тазды уруп калды, кандын кызы жаӊылды, – деп кайра дагы ургузду, дагы эле ошону урду. Мейли өз бактысынан – деп аны коё берди. Бала аны алып кетти.

## БАЛАНЫН АЙЛАСЫ

Кан бала менен кичүү кызын эшекканага жаткызып койду. Аӊгыча кан ооруп калды, эки күйөөсүнө: – Кийиктин ич эти дары дейт, кийик атып келгиле деп кийик атууга жиберди.

Таз: – Мен дагы барамын – деди. Катыны: – Кой барба, сага эмне бар? – деди. Атасы таздын көӊүлү болбосо да кыздын көӊүлү жокпу, койго жетпес коӊур бозду минип таз күйөө да барсын,– деди. Таз минип бастырса, теги аты баспайт, акырында сабап жүрүп олтурду, бир убакта атка тил

кирип: – Ой, бала, мен дагы сага окшош бирөөнүн жалгыз аты элем, мени кармап тартуууга берип жиберди. Азыр ушинтип калдым,– деди.

Эр Төштүк таанып, эмесе менин атым экенсиң,– деп, экөө кездешип, ошол жерде амандашып калышты. Бир кийикти ич эти дары бол, тыш эти уу бол деп атты. Атып алып келе жатса, баякы эки күйөө жолдон чыкты.

Эки күйөө айтты: – Бизге бул этинди сат,– деди. Көп жалынды, болбоду, таз: – Макул, аркандан кайыш алдыр, сатамын,– деди. Уятына чыдай албай жонунан кайыш алдырды. Ич этин берди, эки күйөө үйүнө алып келип бышырып, кандын астына тартты. Аны жеп ого бетер чычкактап калды. Таз калган этин бышырып, эшектин тезектерин аралаштырып алып барып берди. Кан жебеймин – деди. Катыны айтты: – Таздын кадыры жок болсо, кыздын кадыры жокпу? – деди.

Кан чыпалагы менен жеп көрсө, эт таттуу, улам-улам жеп олтуруп баарын жеп койду. Караса ортосунан эшектин тезеги чыкты.

Бул эмне десе, жаткан-турган жерибиздин баары тезек болсо, түшсө түшүп калгандыр,– деди. Анда тазга: – Эми сен атканага киргин,– деди. Ич эти жакпайт экен тыш этин алып келгиле,– деп эки күйөөсүн жиберди. Таз: – Мен дагы барамын,– деди. Кан: – Кой барба, сага эмне бар,– деди. Катыны, таздын көңүлү болбосо кыздын көңүлү жокпу – деди. Атка жетпес айгырбозду минсин,– деди. Мындай чыккандан кийин өз атын минип, кийикти атып, алып келе жатса баякы экөө жолунан чыкты:

– Ой, таз, кайдан атып келе жатасың, – бизге сат,– деди. Аркандан кайыш алдыр, анан сатамын,– деди. Күйөөлөр кайыш алдырды. Үйгө келип бышырып кандын астына алып барды, кан жеди. Баякы таз этти бышырып, ортосуна аттын тезегинен салып кандын кызына алып бар,– деди. Кан алып

жеп[1] олтуруп баарын жеп койду. Ортосунан аттын тезеги чыкты. – Бул эмне? – деди. Кыз айтты: – Жаткан-турган жерибиздин баары да аттын тезеги болсо, түшсө түшүп калгандыр,– деди. Анда кан буларды ашканага кирсин,– деди.

Кандын бир бээси болуп, жылда бир тулпар тууса, бир нерсе келип алып кетүүчү экен. Ошонун кулундарын таап алып келгиле,– деп эки күйөөсүн жиберди.

Таз айтты: – Мен да барамын,– деди. – Кой, сага эмне бар, барба,– деди. Катыны айтты: – Таздын көңүлү болбосо да кыздын көңүлү жокпу,– деди. Барса, кешчил караборону минсин деди. Бала кешчил караборону минди. Бала бир жерге барып боронун оозу, мурдун кан кылып агытып коё берди. Боро оозу-мурду кан болуп барды.

Караборо таз күйөөнү өлтүргөн экен – деп ойлоду, бала өз атын минип жүрүп олтурса, бир теректин башына бир ажыдаар тырмышып чыга албай жатат. Бала бир карагайга чыгып туруп мылтык менен атып жиберди. Ажыдаар тең бөлүнүп калды. Бала теректин башына чыгып караса алп кара куштун төрт баласы жатат. Кайдан келген ажыдаар деп алп кара куштун балдары жаны чыгып кетти.

– Кайдан келген адамзатсың? – деп сурады. Бала айтты: – Бир бээм бар эле, ар жылы тулпар туучу эле, тогуз жылдан бери бирдеме ошону алып кетип турду. Ошону издеп келгеним,– деди. Анда балдар айтты, ал кулундарды менин энем алып жүргөн. Жылына бала тууса ажыдаар жеп койчу экен, ошол күйүттөн алып жүрүүчү эле,– деди. Эми менин энем келет, келгенде шамал болуп күн жаап ошентип келет,– деди. Сени энем келгенде канат астына жашырып турабыз, болбосо сени жеп жиберет,– деди.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà óøóë ñºçäºí êèéèí «îøåíòèï» äåãåí àøûê÷à æàçûëãàí ñºç áàð.

Бир убакта карап турса, шамал, күн жаап шаркыратып, күркүрөтүп келди. Балдары айтты: – Мурун жаманчылыкты көрөсүңбү, жакшылыкты көрөсүңбү? – деп сурады.

– Жаманчылыкты көрөмүн – деди. Ажыдаарды көрсөттү. Ажыдаарды жутуп жиберди. Андан кийин баланы көрсөттү. – Кайдан келдиң? – деп сурады. Тогуз тулпарды издеп жүрөмүн,– деди. Эмесе балдарымдын күйүтүнөн тулпарды мен алып жүрөмүн, тулпарыңды ал,– деп астына салып берди.

Бирөөнүн куйругу жок, өзүң атып алып калгансың,– деди. Алп кара куш балага жүнүнөн бир аз жулуп берди, бир жерде аза-жапа көрсөң, жүнүмдү тутантсаң жаныңа жетип барамын,– деди. Бала тулпарды айдап келе жатса, баякы эки күйөө жолунан чыкты. Кырк кез ороо казып шырдакты үстүнө жайып даярланып олтурган экен. Тазды чакырып алып келип, орго түшүрүп жиберишти. Ошентип алар тогуз тулпарды айдап экөө үйгө келет экен. Кудук ичинде бир аз жатып, андан кийин кара куштун жүнүн алып бир аз түтөттү, ошондо алп кара куш келди. Келип канатын салып көрсө, такыр бойлобойт, эптеп жетип ордон чыгарып алды. Баякы бала үйүнө барды. Барса, таз күйөө өлдү,– деп жатышкан экен.

## КИЧҮҮ КЫЗЫН АЛГАН КАНДЫН ДАГЫ ЭКИ КЫЗЫН КОШО АЛГАНЫ

Бир күнү үч кыз урушуп, эки кыз кичүү кызды ар убакыт сенин күйөөң таз деп жектөөчү экен, кичүү кызы бир күнү айтты: – Менин күйөөм таз болгону менен экөөндүн күйөөндүн аркасынан менин күйөөм кайыш алган, кайыш алдырган силердин күйөөңөр кыйынбы, кайыш алган менин күйөөм кыйынбы? Тогуз тулпарды менин күйөөм таап келген,– деди.

Катындары күйөөсүнө айтышты, сенин аркандан таз күйөө кайыш алдыбы? Ыраспы? – деп сурады. Күйөөлөрү ырас,– деди. Муну кыздары энесине айтты, энеси канга айтты. Кан эли-журтун жыйнап, тазды чакыртты. Сен күйөөлөрдүн жонунан кайыш алды деп уктум, – деди. Баякы таз: «Кийикти мен атып алып келгенмин, күйөөлөрүң жонунан кайыш алдырып менден сатып алган, ишенбесеңиз жонунан алган кайышым мынабу» – деп кайышын калайык ичинде кандын алдына салды. Тогуз тулпарды да мен алып келдим, тогуз тулпарыңыздын бирөөнүн куйругу жокпу? – деди. Кан: – Жок,– деди, алп кара куш асманга алып бара жатканда куйругун түшүрө аткамын, ал куйрук мынабу,– деп куйрукту астына салды. Мен тогуз тулпарды карап жүрсөм, бир терекке ажыдаар тырмышып жатканда, мылтык менен атып койсом тең бөлүндү. Аны өлтүрүп терекке чыгып барсам теректин башында алп кара куштун төрт баласы бар экен, ошону жегени чыгып бара жаткан экен. Балдары мени көрүп эси чыгып кетти. Бир убакта күн жаадырып, шамал болтуруп энеси келди. Келгенде күйүттөн ажыдаарды жутуп жиберди.

– Сен кайдан келген баласың? – деп сурады. Мен тулпар издеп жүрөмүн,– дедим. Ошентип айтсам, ажыдаар баламды жегенинен күйүтүмдөн тулпарыңды алып жүрөмүн,– деп, ажыдаардын өлгөнүнө кубанып, тулпарды айдап астыма салып берип, жаманчылык көргөнүңдө керек болор,– деп, жүнүнөн кичине жулуп берди. Эки күйөөң жолдо кырк кез ороону казып, үстүнө шырдак салып, мени күтүп отурган экен. Мен барсам мени шырдактын үстүнө олтургузуп ороого түшүрүп, тулпарларды айдап жүрө беришти. Мен ороодо бир аз жатып, алп кара куштун жүнүн тутантсам, бир убакта алп кара куш келип канатын салса бойлободу, андан соң сууга барып жуунуп келип куйругун салып тартып алды. Мен ошону менен үйгө келдим, алп кара куштун жүнүнөн калганы ишенбесеңиз мына деп элдин

көзүнчө чыгарып салды. Баякы эки күйөөнүн жүзүнө карасаңыз жалын чыкты. Кан андан соң эки күйөөсүн дарга асып өлтүрдү. Алардан калган эки кызын дагы эр Төштүккө берди.

## ЭР ТӨШТҮКТҮН ЖЕТИ КАТЫН АЛЫП ҮЙҮНӨ КАЙТКАНЫ

Андан кийин бир аз ошо жерде туруп, катындарын алып үйүнө кетти. Жүрүп олтуруп бир жарты алачыкка түштү. Түшсө баякы кемпир, баякы алган катыны качан келет – деп, саргайып, сары саман түсүнө түшүп оңолбой жүргөн кыз күйөөсү барганда, берки үч катындан үч эсе сулуу болуп кетти. Бул катынды да кошо алып, дагы жүрдү. Жүрүп олтурса бир чубаган чаң чыгат, чаңга барса ат чаап жаткан экен. Тышта бир кишиден сурады: – Бул эмне тамаша? – деп. Бу тамаша кандын кызынын күйөөсү көздөн кайым болуп жоголгон, ошонун ашы – деди.

Аштын көптүгүн карасаңыз беш жүз элүү ат алдынан чыгып баратканда, бир сары ат көзүнө жылуу учурады. Бир баладан: – Бул ат кандай ат? – деди. – Ой, бала тура тур, кандын күйөөсү мен,– деди. Бала: – Кан күйөөсүнө энчилеп берген ат,– деди. Канга барып, сен бала сүйүнчү ал – деди. – Жок айтпаймын, өлгөн киши келеби, – деп, менин башымды алат – деди. Анда сага ишенбесе, менин алтын сакамды ала бар,– деди.

Бала сакасын алып өзү чыгып келе жатып: – Сүйүнчү! – деп кыйкырып келди. Күйөөңөр келе жатат,– деди. Кан өзү баштап кырк жигити менен астынан тосуп чыкты. Кан менен бала кучакташып көрүштү. Баякы жерден үйүнө келип арбын той кылдырып жиберди. Баякы кандын кызын, дагы алты катын алып, үч жыл чамасында жүрүп кайра өз эне- атасына келди. Өзүнүн үйүндөгү куда болгон кызды да алды.

# ЭЛЕМАН БАЙДЫН ТӨШТҮГҮ

*(Мырзалы Дүйшембиевдин айтуусу боюнча)*

Элеман байдын 9 уулу болот, кызы болгон эмес. Бир миң беш жүз жылкысы, кой, уй жана төөсү болгон.

Эл: – Жайытты бүтүн ээлединиз, биздин малыбызга жайыт жок, биз дагы оокат кылалы, малыңызды жогот дешет.

Элеман бай балдарына: – Жылкыларды тоого алып барып баккыла – дейт. Балдары жылкыларын айдап тоого кетишет. Тоого баргандан кийин жылкылар да, балдар да жоголуп кетет.

Элеман бай балдарынан да, жылкыларынан да ажырады. Анын кер бээси тууду, кулунунун атын алты кулач Ак бакай деп атады. Эртеси аялы тууду, анын атын коюш үчүн кула бээ союп, кумдагы элди чакырып, ала бээ союп ашыркы (тоо арасындагы) элди чакырып, дөбөдөй эт, көлдөй чык кылып той берди. Ак сакалдарга: – Баламдын атын коюп бериңиздер – деди. Ошондо башында селдеси бар, колунда аса-муса таягы бар дубана эшиктен кирип келип: – Балаңыздын аты Төштүк болсун, Төштүк болбосо бок болсун, оомийин, аллоху акбар – деп бата берип көздөн кайым болот.

Төштүк чоңойду, 9 агасынын жоголгонун билбейт, ага эч ким айта элек. Төштүк жети таз менен жеке таздын ордо атып жатканын көрөт, аны көрүп мен да ордо атып ойноймун деп үйүнө келди: – Ата, чүкө бер, ойноймун – деди. Атасы бир кап чүкө берди.

Оюн башталып, ордого кирди, аткан чүкөлөрү жайнап калды, аларды чертип бүт чыгарды. Сегиз таздын сегиз кап чүкөсүн бүт утуп алды. Сегиз таз чүкөлөрүн талашты эле, Төштүк сегиз тазды сегиз жакка тоголото койду.

Жеке таз сен болсо байдын баласысың, коюң көп, чүкөнүн эмне кереги бар, андан көрө тогуз аганды таап алсаң боло, биз болсо кедейбиз, биздин чигинен суу ичкен, бөгүнөн күн көргөн бир ак чыйпылыбыз бар, ошол ак чыйпылыбызды бергин – деди.

Төштүк бул айткан сөзүң чын болсо, менин бир кап чүкөмдү да алгыла – деп бүт 9 кап чүкөнү кайра таздарга берди: – Кана, менин тогуз агамдын кандайлыктан жоголгонун айт – деди Жеке тазга. Элеман байдын малы, жылкысы көп болгон, жайыт жетишпегендиктен жылкысын айдатып 9 баласын тоого жиберген, алар ошол жакта жүрүп, жылкысы менен жоголуп кетишкен – деди.

Төштүк ал сөздү уккандан кийин үйүнө келет. Атасынын төө көтөргөн кара устага жасатып койгон мылтыгын, найзасын, ээр-токумун, жүгөн-куюшканын, түгөнбөс күлазыгын алып, алты кулач Ак бакайды минип агаларын издеп чыкты. Тоодон тоону кыдырып, белден-бел ашып жүрүп бир жыл өттү.

Ошентип жүрүп Төштүк бир өзөндөн жылкы көрөт, жылкыга жакындаганда Төштүктүн Ак бакайы кишенеп жиберет, аны угуп бир кер бээ кишенеп келет. Ак бакай кер бээни ээмп жиберет, Төштүк жылкы биздики экен, таптым – дейт. Төштүк үстүңкү эрди көктү шыпырган, өзү төөдөй, аты тоодой чоң эле. Жылкычылар көрүп коркушат, бирок кер бээнин эмизгенин, ээрчип Ак бакай менен кошо жүргөнүн көрүп, бул биздин айылдын адамы дешип коркпой калышат. Төштүк: – Мен Төштүкмүн, силерди издеп келдим, силердин иниңер боломун, жүргүлө кетебиз – деди. Баары көрүшүп, жылкыларын айдап жөнөштү.

Төштүктөр үйүнө келишет, Элеман бай балдарынын табылып аман-эсен келишкенине той берет. Башка дагы бир бай той берет. Ал тойго Элеман бай 10 баласы, 40 жигити менен жөнөйт. Тойго бара жатканда жолдо Кара кыз көрүп, Элемандын 9

бүрүгү барса, биз тойго барбайбыз – деди Сары кызга. Ал сөздү угуп Төштүк: – Тойго барбаймын – деп 40 жигити менен кайра үйүнө келди. Энеси: – Тойго барбай эмне келдиң? – деди. Төштүк сөздүн уят экенине түшүнбөй, жолдо бир Кара кыз менен Сары кыз Элемандын бүрүктөрү барса биз барбайбыз – деди, ошондуктан барбаймын – деди. Энеси: – Элеман тойдон келгенде балдарыңды олтургузган жок элең – деди. Элеман бай: – Эстен чыккан турбайбы – деп той берди, бир чалды чакырып келип, көк ала сакал болуп калган балдарын олтургуза баштады. Чал балта менен бастырып, керки менен кестирип сүннөт кылды. Дагы бир жерде той болуп, Эleманды тойго чакырды. Элеман балдары, жигиттери менен жөнөдү. Жолдо Сары кыз менен Кара кыз: – Элемандын 9 аңгиси барса, биз тойго барбайбыз – дейт. Төштүк угуп, кайра үйүнө келди. Энеси Төштүккө: – Эмне келдиң? – деди. Төштүк Сары кыз менен Кара кыз Элемандын 9 аңгиси барса, биз барбайбыз деди – дейт. Элеман бул сөздөрдү угуп: – Кудай уур балдарыма катын алып берген эмес турбаймынбы – деп элинен кыз издейт. Нечен жерге, нечен элге барып кыз таппай, Элеман бай Ак бакайы менен алты ай жоголуп кетти.

Төштүк Керкулун деген атын минип алып, атасын издеди, табылбады. Бир күнү кечинде асканын боорунда эт-бетте жок бир сулуу кыз олтурат, жанына барат, кыз эчкинин туягына айран куят, Төштүккө сунат. Төштүк алып ичет, бирок эч түгөнбөйт, дагы жутат, дагы эле түгөнбөйт, кайра толуп калат. Төштүк кайра берди. Кыз алды да, айранды бир эле ууртап койду. – Эмне жүрөсүң? – деди кыз. Төштүк: – Атамды издеп жүрөмүн – деди.

Кара хан дегендин 9 кызы бар, кимдин 9 уулу болсо, ошол кишиге беремин деп жүрчү эле, атаң ошол Кара ханга кетти – деди кыз. Элеман бай Кара ханга барды. Кара хандын байбичеси: – Эмне келдиңиз? – деди. – 9 уулум бар эле, ошол балдарыма

кыз издеп жүрөмүн – деди. Кара хан да кыздарына күйөө издеп кеткен, ал дагы үйүнө келди деди да, эми Кара хандын кичи кызы Кенжеке: – Сага бул дүйнөлүк, мен сага түбөлүк аял боломун, мындан ары жагын айтпаймын» – деди. Төштүк үйүнө кайтты.

Кара хан Элеман байга: – Кандай иш менен келдиң? – деди. 9 уулум бар, куда болоюн деп келдим эле деди. Экөө куда болушту, Кара хан кыздарын көчүрмөк болот. Эң кичүү кызы Кенжеке жибектен ичке аркан ийдиртет жана Керкулунду, боз ингенди сурайт атасынан. Атасы сураганын берет.

Кенжеке Керкулунду минет. Боз ингенди жетелейт жана жибек арканды алат. Ошону менен 9 кыз көчүп жөнөшөт. Элеман бай келиндерин көчүрүп келе жатып түштө бир дарыянын боюна келип, эс алат. Аттарын сугарайын деп дарыяга алып барса аттары кошкурук атып үркөт. Караса суу айланып аккан айлампа ириминде бир өпкө турат, укурук менен сайып ыргытып жиберди эле өпкө жырылып кетти, кайра иримге түштү. Колум менен эле алып таштайын деп кармады эле, өпкө шып деп желкеге минди, баягы өпкө жети баш кемпир болуп, Элеманды желип-желип койду эле жиндүү богу чыкты, басып-басып койду эле бардык богу чыкты, оозунан кетти кандуу бок, көтүнөн кетти жиндүү бок. – Айтаарсың чалым, айтаарсың – деди жети баш кемпир. Элеман бай: – Мынча малым бар, муну берейин – деди. Сен өлгөндө ал малдын баары меники, айтаарсың чалым, айтаарсың – деди да кемпир дагы басып-басып койду. 8 уулум, 8 келиним бар, ошолорду берейин – деди.

Алардын баары сен өлгөндө меники, айтаарсың чалым, айтаарсың – деп кемпир дагы желип-желип койду. Төштүк деген уулум бар, ошол уулумду берейин – деди. Бая эле ошону айтпайсыңбы – деди да жети баш кемпир Элеман байды жакасынан кармап тургузду. Төштүктү качан бересиң – деди кем-

пир. Бүгүн келиндеримди үйгө жеткиремин, барып башка жакка көчүп конуш жаңыртамын, Төштүктүн саадагын өгөөлөп курчутуучу алтын өгөөсү бар, аны таш тулганын алдына көөмп кетемин. – Төштүк алтын өгөөсүн сурайт, мен журтта калыптыр деймин, ал өгөөсүнө келет, ошондо кармап алгын, мен кармап бере албаймын,– деди Элеман бай. Кемпир макул болду. Кенжеке бул экөөнүн сүйлөшкөнүн билип койду. Элеман бай ошол күнү келиндерин жеткирди, түнөп өргүдү, эч кимисине көрсөтпей таш тулганын түбүнө өгөөнү көөмп койду. Кенжеке алтын өгөөнү канчалык алайын деп аракет кылды, бирок эч ала албады. Элеман бай бир жерге барып конду, бир убакта каркыралар учуп өтүп калды. Төштүк саадагымды өгөөлөп курчутуп алып, каркыра атайын деди да: – Өгөөм кайда, ата? – деди. Атасы: – Атакөрүү, өгөөң таш тулганын алдында калган тура, барып алып келейин – деди. Төштүк: – Жок, өзүм барып алып келейин – деди. Кенжеке Төштүккө Керкулунду мин, жибек арканды бөктөргүн, бүгүн конуп, мендеги аманатыңды алып анан баргын, таш тулганын жанында муштумдай кичине кемпир бар, ага сак болгун. Керкулунга тил бүтөт – деди. Төштүк жөнөдү. Жолдо бара жатып, Керкулун Төштүккө: – Алтын өгөөмдү алып берчи, эне – дегин. Кемпир: – Турсам олтура албаймын, олтурсам тура албаймын – дейт. Анда сен: – Түшсөм мине албаймын, минсем түшө албаймын – дегин. Кемпир ага болбой: – Өзүң түшүп алагой, балам,– дейт. Анда сен: – Тигине Кара кызың көчүп келе жатат, – де, ошондо кемпир көчтү карайт, мен коёндон жапыз боломун, сен кыргыйдай илгич болуп, өгөөнү илип кет, мен качамын, кемпир кубалайт, мени: – Оң ийрегим ал,– деп алмас менен урат, тийсе тийди, тийбесе мен кайрыламын, ошондо алмасты алып, кемпирдин жети башын чаап таштагын – дейт.

Төштүк таш тулгага жетет. – Жакшысызбы эне? – деп жети баш менен учурашат. – Жакшымын балам, кел – деди. Келдим эне, менин өгөөмдү алып бериңизчи? – деди. Жети баш: – Турсам олтура албаймын, олтурсам тура албаймын – деди. Төштүк: – Түшсөм мине албаймын, минсем түшө албаймын,– деди. Өзүң эле түшүп алагой балам,– деди. Көч келе жатат, Кара кызың көчүп келе жатат, тигине-тигине – деди. Жети баш: – Кана, кайда – деп көчтү карады. Керкулун коёндон жапыз болду, Төштүк алтын өгөөнү илип качты. Жети баш кемпир чымын-куюн болуп кууду: – Ор, ор ийрегим, ор – деп алмасын ыргытты. Алмас ызгырылып бара жаткан Керкулундун куйругун чала сыйпап кетет. Керкулун артына кайрылат, Төштүк алмасты эңип алып, жети баш кемпирдин алты башын ыргыта чабат, бир башы менен кемпир «чыр-р-р» дей учуп кетет. Керкулун: – Жум көзүңдү, мен ач дегенде ачкын, – деди Төштүккө. Төштүк көзүн жумду. Керкулун зымырап сызды, бир маалда: – Ач көзүңдү,– деди. Төштүк көзүн ачты, караса алдында дарыя. Кечүү издеп ылдый карай бастырса сууда туурасынан бир жигит жатат, дарыянын суусу бүт жигиттин оозуна агып кирип атат. – Ой, сен эмне жатасың,– деди Төштүк. Тигил жигит ой деп чочуп кетип карай салганда, аны суу агызып кетти. Төштүк: – Сен эмне болгон жигитсиң – деди. Жигит: – Мени кемпир ушул дарыяны байлайсың деп алып келип койгон,– деди. Сен өзүң ким болосуң,– деди жигит. Мен Элемандын Төштүк деген уулумун, кемпирдин 6 башын кыя чаптым, бир башы менен учуп кетти, аны таппай жердин алдына түшүп кеттим,– деди. Мен сага ини болоюн, мен сени жандап өтөмүн, ошондо Керкулундун куйругун кармай сал, суудан сени алып чыгамын – деди. Жигит дарыяны тосту, Төштүк жандап өтүп, суудан чыгарды.

Жети баш кемпирди сен билесиң, ошол кемпирди таап бергин,–деди. Жердин алдында Карач хан деген бар, кемпир ошол хандын кишиси, ошондо ба-

ралы – деп экөө жөнөдү. Экөөнүн алдынан дарыя чыгат, дарыянын ортосунда бир түп чатыраган куурай, анын бутактарында жайнаган кумурскаларды көрөт. Кумурскаларга: – Бул жерде эмне жүрөсүңөр – деди Төштүк. Кумурсканын падышасына тил бүтүп, биз ушул жерде жашоочу элек, суу каптап кетип сыртка чыга албай өлө турган болдук, бизди сыртка чыгарып кой, биз дагы башыңа иш түшкөндө жардам кылаарбыз – деди. Төштүк бул жигитти мандайга чыгарып коюп, кайра келемин, Керкулун куйругун көтөрөт, ошондо баарыңар куйрукка отургула – деди. Төштүк ошентип кумурскаларды сыртка алып чыкты, кумурскалар жабыла жерге түштү.

Кумурсканын падышасы бир кумурсканын санын алып Төштүккө берди, эгерде башыңа бир иш түшсө ушул бутту отко күйгүзсөң, даяр болобуз,– деди.

Төштүк менен баягы баатыр, жигит экөө кумурскадан чыгып келе жатса, жолдо бир кулагын жамынып, бир кулагын салынып бирөө жатат. Ой, сен эмне жатасың,– дейт Төштүк. Мени жети баш кемпир жер тыңшатып койгон,– деди. Кемпирдин алты башын жок кылдым, бир башы калган, аны кантип табабыз – деди Төштүк. Ал кемпирди Карач хандан табабыз,– деди да үчөө жөнөдү. Алардын алдынан асманды эле тиктеп турган бирөө чыкты, жанында мылтыгы турат. – Ой, сен эмне болгон эмесиң – деп Төштүк кежигеге бир түрттү эле, талп деп асмандан бир тоодак түштү. Бул турган жигит ушул тоодакты кечээ күнү кечинде, мурдаа күнү бешимде аттым эле, бул тоодак Төштүк келгенде түшөт,– деп мастан кемпир дубалаган. Төштүк сен турбайсыңбы – деди. Төштүк деген менмин – деди. Мен сага ини болоюн деп, ал мергенчи жигит да ини болду Төштүккө. Төштүк үч баатырды ээрчитип алып, Карач ханга жөнөдү. Алдынан жолборс чыкты. Жолборстун бутуна дүмүр кирип, буту кабылдап, күпчөктөй болуп шишип кеткен, ириңдеген. Жолборс мени дүмүрдөн чыгарып кой, Төштүк,– деди. Төштүк жолборсту жибек аркан менен байлап тартып дүмүрдөн чыгарды.

Жолборс жакшылыкка жакшылык,– деди да, бир мурутун берди, башыңа иш түшсө ушул мурутумду отко күйгүзсөң мен даярмын – деди. Төштүк үч баатыры менен андан ары жөнөйт. Карач хандын желдеттерине жолугат. Желдеттер бейтааныш адамдар келди – деп Карач ханга кабарлашты. Карач хан Төштүктөрдү тагына чакыртып алып: – Эртең той беремин, атыңды чап, башына кызымды саямын, атың чыкса аласың, чыкпаса башыңды аламын – деди. Той башталып, ат чабыш болду, жүз ат кошулду. Төштүк Керкулунга дарыяны тоскон баатырды мингизди. Карач хан кара атын кошту. Кара аттын бир жагына кымыз, бир жагына уу артып жети баш кемпир минип, келин болуп кубулуп алды.

Керкулунду минген баатыр кара атты минген келинди кемпир экенин билбей: – Байлангандарыңыз эмне? – деди. Бул кымыз, конуп калабыз, ошондо ичебиз, башка тамак жок – деди келин. Аттар алыс айдалат, конушат, келин: – Кымыз ичиңиз – деди баатырга, ал кымыз деп ууну куюп берди. Баатыр аны ичип мас болуп жыгылды. Аттарга коё бер болуп, чабышкан бойдон кетти. Аттарды коё бердиби, жокпу карачы – деп Төштүк көктү карооочу мергенди каратты. Мерген карап аттар келе жатат, бирок балбан жыгылып калыптыр, кемпир уу берген окшойт – деди. Төштүк жер тыңдоочуну сен жерди тыңшачы деди. Ал жерди тыңшап балбан турду, атына минди – деди. Керкулун жарым күндө аттарды ортолоду, Керкулунга тил бүтүп: – Мен кемпирге жетип андан озомун, анан кайрылып туруп кемпирди тебемин, ал ат-маты менен өлөт, ошондо сак бол, атыңдан ыргып кетпегин – деди.

Керкулун жетип кемпирди ат-маты менен жыга тепти, жети баш кемпир ат-маты менен өлдү. Керкулун чыгып келди. Карач хан кызын бербеди, жолборс кармаштырамын деди. Төштүк мурутту

күйгүздү эле, жолборс даяр болду. Жолборсунду даярла – деди Төштүк Карач ханга. Карач хан жолборсун алып келди. Төштүктүн жолборсу тиги жолборсту көтөрүп урду. Карач хан кызын бербеди, миң дилдени камыштын арасына чачамын, ошол дилделерди тердирип берсең, анан кызымды беремин деди. Миң дилдени камышка чачтырып жиберди. Төштүк кумурсканын санын күйгүздү эле миң кумурска даяр болду, бир заматта камыштан дилдени терип бүтүштү, эң акырында бир дилдени тиштеп бир саны жулунган баягы кумурска чыкты камыштан. Карач хан кызын дагы бербеди, көлдө 40 кулач кара казаным бар, ошону алып бересиң, анан кызымды беремин,– деди. Төштүк Керкулунду минип көлгө жөнөдү. Керкулун: – Мен алып чыгайын, сен кал, кан чыкса менин жок болгонум, эгер бос суу чыкса сүйүнгүн,– деди да, көлгө кирди. Казанды бөйөн-чаян, курт-кумурска курчап калган, аларга карабастан Керкулун казанды тиштеп тартты эле, бир кулагын курт-кумурскалар тиштеп алды, каны суунун бетине чыкты. Төштүк канды көрүп чочуп кетти. Бир аздан кийин эле боз чаңгыл суу чыкты, аны көрүп Төштүк сүйүнүп кетти.

Бир оокумда Керкулун кырк кулач казанды суудан сүйрөп чыкты, дене түгү бүт шыпырылып калды. Казанды алып барып Төштүк хандын ордосуна көмкөрүп таштады эле, кырк кулач кара казан хандын шаарын бүт басып калды. Карач хан балакетиңди алайын, каалаганыңды берейин,– деди. Төштүк казанды оодарып таштады. Хан кызын Төштүккө берди, Төштүк никесин кыйдырып, ал кызды аялдыкка алды.

Карач хан кул, күң, вазирликти жана хандыгын берди. Төштүк ыраазымын деп алардын баарын алган жок. Баягы үч баатырды таштады да, аялы менен жер үстүнө чыкты. Акыры Ата-энеси жана Кенжеке менен көрүштү.

# ЭР ТӨШТҮК[1]

*(Жыйнаган Жума Жамгырчы уулу)*

# I. ЭЛЕМАН БАЙ, АНЫН ТОГУЗ УУЛУ ЖАНА ЖЕЛМОГУЗ

## ЭЛЕМАН БАЙДЫН СЕГИЗ УУЛУ

Илгерки Манастын заманында Элеман бай деген бай бар экен. Анын байлыгында эч өөн жок болуп, сегиз уулу бар экен. Байга сегиз уулунан кайыр болбой, сегизи сегиз төрдөкү жылкыны жыйнап алып, бир жерге бээ байлап, кымыз ичип, атасына карабай кете берет.

## ЭР ТӨШТҮКТҮН ДҮЙНӨГӨ КЕЛГЕНИ

Балдарынан кайыр болбогондон кийин, Элеман бай кемпирине кеңешет: «Мазарга барып, бала тилеп алалы»,– деп.

Кемпири макул деп бир коюн жетелеп алып, мазарга союп сыйынып, жатса таңга жакын болгондо асмандан бир ак жемиш, бир көк жемиш түшөт. «Кудай берди»,– деп, экөөнү экөө жеп кеткени жатса, мазардан бирөө табыш берет: «Кемпириң эркек тууса Төштүк кой атын, кыз тууса өзүң бил!» – дейт. Аны менен абышка-кемпир үйүнө келет.

---

[1] 1926-æûë, æàéëîî óáàãû íàà Êàðàêîë êàíòîíó, Òî¢ áîëóøóíàí æûéíàëãàí. Æûéíàãàí Æóìà Æàìãûð÷û óóëó. Èíôîðìàòîð æºí¿íäº êîë æàçìàäà ìààëû ìàò áåðèëãåí ýìåñ.

Бат эле боюнда болгондугу билинет. Арадан алты ай өткөндөн кийин, Элеман байдын кемпири эркек тууйт. Атын Төштүк коёт, баякы мазардын айтуу боюнча.

## ЭР ТӨШТҮК МЕНЕН ЭЛЕМАН БАЙ

Үч-төрт айдан кийин бала басып, сүйлөп калат. Бир күнү атасы экөө чөптүн үстүндө олтуруп, кош айдап жаткан элди көрүп: «Атаке! Тетиги эмине?» – дейт.

Анда атасы: «Аа, айланайын балам, ал жандуу эл деген ошол. Оокат кылып атат»,– дейт. Анда Төштүк: «Ээ атаке, биз эмине үчүн андай оокат кылбайбыз?» – деп айтты эле. Элеман бай: «Айланайын сен чоңоюп оокатка жарагандай болчу! Анан оокат кылабыз»,– деди.

Төштүк: «Ээ атаке, менден мурун балаң жок беле?» – деп сурайт. Элеман бай: «Балам, сенден башка сегиз уулум бар. Андан кайрыш болбой калгандан кийин, кемпир экөөбүз барып мазардан сурап сени алганбыз» – деди.

## ЭЛЕМАН БАЙДЫН УУЛДАРЫ

Төштүк: «Эмесе, атаке, мен ошол агаларымды барып таап келип, оокат кылайын» – деди.

Элеман бай: «Кой, айланайын, кымыз ичип, мас болуп аткан көпкөн жылкычылар өлтүрүп коёт. Барба!» – деди.

Төштүк болбой атып, атасынан агаларынын кайда экенин сурап алып жөнөп кетти. Жүрүп олтуруп бир төргө чыкса, сегиз агасы жолбун үйдө кымыз ичип күрүлдөп жатат – дейт.

Төштүк келип салам берет. Алик алып: «Сен кимдин баласы болосуң?» – деп сурашат. Төштүк:

«Элеман байдын баласы болом»,– дейт. Баякы тогуз жылкычы: «Атаңдын көрү жарбагыр! Бизди алдагысы бар. Элеман байдын балдары биз болобуз. Элеман байдын качан сендей баласы бар эле? Жөн келсең деле кымыз бербейбизби,– деп тилдешет.

Төштүк: «Жок, мен Элеман байдын баласымын. Силер кеткенден кийин, атакем менен энекем барып мазардан тилеп алган»,– деп ишендирет.

Баякы жерде тогузу тогуз жорго минип алып үйүнө келсе, бир жерде бир той бар эле деп эл чубап атат. Элеман байдын он уулу да кошо баратса эле, бир куурай алган кыз ырдайт:

«Элден-элден эл барат
Элеман байдын топ меңки
Элди туурап не барат?» – деп.

Сегизи жорголорун салдырып кетип калат. Төштүк баякыны угуп эле кайра тартып атасына келди:

«Ээ, атаке, менден мурунку балдарыңа катын алып бердиң беле?» – дейт. Элеман: «Жок, балам»,– дейт. Анда Төштүк: «Кокуй, ата, болбой кал! Уландарың кара сакал болгуча катын алып бербей, элге жаман аттуу кылдың. Эми тогуз кыздуу бир киши тап!» – деп, атасын кыз издетип жиберет. Төштүктөн башка сегизи сегиз кара сакал болуптур.

### ЭЛЕМАН БАЙДЫН БАЛДАРЫН ҮЙЛӨНДҮРГӨНҮ

Элеман бай кыз издеп кетип баратса, бир куурай алып жүргөн кыз чакырат. Барса: «Кайда барасыз акебай?» – деп сурайт.

Элеман бай: «Менин тогуз уулум бар эле. Ошого катын алып берейин деп тогуз кыздуу киши таба албай жүрөм»,– дейт.

Анда баякы кыз: «Эмесе акебай, мына бул жердеги кандын тогуз кызы бар. Ошоо барып сүйлөшү-

ңүз да, кайта кетериңизде маа жолугуп кетиңиз!» – деди.

Элеман бай: «Макул»,– деп жүрүп олтуруп кандыкына келди. Келип аркы-беркини айтып сүйлөшүп көрсө, кан айтат: «Макул, мен кызымды берейин. Шаарымдын бир четине майкөл, бир четине сүткөл орнот. Биринин балыгы бирине чабак уруп турсун. Бир четине алтын терек, бир четине күмүш терек орнот. Шамалда башы чабышып турсун. Ой чуңкурумду малга толтур, анан аласың»,– деди.

Элеман бай: «Жок кеп турбайбы, ой чуңкурун малга толтурам, анан беркилерин кантип кылам деп, шылкыйып жүрүп олтуруп баякы кызга келди.

Кыз: «Эмне деди?» – деп сурады эле, бай айтты: «Ай, балам, жок кепти айтат»,– деп, кандан уккандарын айтып берди.

Кыз: «Ээ, аке, ой чуңкурун малга толтурасыңбы? Элеман: «Толтурам». Кыз анда: «Эмесе беркилерден коркпо! Ал арзан. Сайдын агынды кумунан майда элеп, эки куржундун көзүнө салып, түбүн тешип коюп, шаарды тегеренип бастырып жүр. Кум түгөнгөндө шаардын эки четине атыңдын куйругунан эки тал жулуп таштап кете бер да, эртең менен малыңды айдап келе бергин!» – деди. Элеман кыздын айтканындай кылып үйүнө кетти. Эртең менен малын айдап келип, кандын ой чуңкурун толтуруп койду.

Кан эртең менен тура калса эле баары бар болуп калыптыр. Абышка кылган экен деп камылгасына кирди. Элеман бай дагы балдары менен келип калды. Жалгыз гана Төштүк үйүндө калды.

Кан той кылып, эң улуу кызын улуусуна, андан кийинкисин андан кийинкисине берип олтурганда эң кичүү кызы Кенжеке сулуу Төштүккө калды. Кенжекени кан жакшы көрөт экен. «Балам эмне алат экен менден, айтсын уялбай» – деп, энесин жиберди. Кенжеке келди. «Аттан Чалкуйрукту берсин!

Төөдөн чаар ингенди берсин! Кийимден кылторкону берсин! Мүлктөн кара өгөөнү берсин!» – деди. Канга айтып келди. Кан ары карап ыйлап, бери карап күлүп узатып, Элеман байга айтты: «Суунун шар аккан жерине конгула! Асты жылма аккан жерине коно көрбө!» – деп какшап жөнөтүп жиберип коштошуп калып калды.

### ЭЛЕМАН БАЙ ЖЕЛМОГУЗГА КАБЫЛЫП, ЭР ТӨШТҮКТҮ БЕРМЕК БОЛГОНУ

Элеман бай келатып эки күнү шар аккан жерге конду. Үчүнчү күнү шар аккан жер таба албай жылма жерге конуп калды. Эртең менен бай ат сугарып турса, өпкө агып келе атат. Атаңдын көрү, муну иттерге салып берейин деп, укурук менен сайса, жылып кетет. Түшө калып ала коёюн дегенде желмогуз кемпир болуп астында калды. «Баланча мал, баланча мүлк берейин» – десе да болбоду. «Сегиз уулум, сегиз келиним бар, берейин»,– десе да болбоду. «Кенжеке деген келиним бар берейин»,– десе да болбоду. «Эң, кичүү уулум Төштүк деген үйдө, ошону берейин» – десе, «Ата жаш баланын боору таттуу эле, бая эле айтсаң болбойбу?» – деди.

«Эми аны кандай кылып бересиң?» – деди. Элеман бай: «Төштүктүн зайыбы Кенжеке атасынан бир кара өгөө алып баратат. Мылтык өгөйм деп сурап алайын дагы, журтка унутумуш болуп таштап кетейин. Үйгө барганда эртең мен Төштүктү жиберейин. Анан кармап жебей жаның жокпу?» – деди.

### ЭР ТӨШТҮКТҮ ЖЕЛМОГУЗГА ЖИБЕРГЕНИ

«Макул болот» – деп кемпир калып калды. Бай барып: «Кенжеке балам, кара өгөөнү берчи! Мылтыктын ичин дат басып калыптыр, өгөп алайын» – деди эле Кенженке билип, ары карап ыйлап, бери

карап күлүп туруп берди. Элеман кемпирге айтканын орундады. Көчүп олтуруп элине барды.

Бир күнү Төштүк Элемандын үйүндө олтурса, Элеман келип: «Керет катының алып бергенде үйүмдөн чыксаңчы! Керет катының жокто чыксаңчы!» – деп казык менен уруп кууп жиберди.

Андан кийин: «Кенжеке балам, бая күнкү журтта кара өгөө калыптыр. Төштүккө Чалкуйрукту токуп бер! Алып келсин!» – деди.

Кенжеке чаар инген менен Чалкуйрукту жетелеп алып, кабакка кирип антташты. «Чалкуйрук, Төштүктү аман үйгө алып келе албасаң, ант сенин мойнуңда. Чаар инген Төштүк аман келгенче, тоо менен тайраңдап оюн салсаң, ант сенин мойнуңда. Төштүк келгенче кишини карап күлүп койсом, ант менин мойнумда» – деп антташып, Чалкуйрукту Төштүккө токуп берди.

Чалкуйрук кокту жерде корулдап, жылга жерде жымылдап жүрүп олтурду. Бир жерге келгенде Чалкуйрук тура калып:

«Эрдигиң бар, эсиң жок, Төштүк!
Эчтеме менен ишиң жок, Төштүк!
Алптыгың бар, акылың жок, Төштүк!

Сени атаң бая күнү желмогузга бермек болуп келген. Эми атаң ошоо жиберди. Барсаң журтта кемпир олтурат. Өгөөмдү бер деп сабасаң, капкайдагыны айтат. Кайнатаңды, кайнененди, аноону, мыноону деп, деги эле карабай сабай берсең берет. Кокустан бир жакты карап койсоң айрылдың» – деди.

Ошону менен жүрүп олтуруп келсе, кемпир олтурат. Төштүк келип сабай баштады. «Кайнатаңды» – деди, болбоду. «Кайын энеңди» – деди, болбоду. Ойду айтты, тоону айтты болбоду. – «Атаң көрү ай, кашкарлык сартты» – деди эле, карай салды. Кемпирден дайын жок.

## II. ЭР ТӨШТҮКТҮН ЖЕР АСТЫНДА ЖЕТИ ЖЫЛ ЖҮРГӨНҮ

### ЭР ТӨШТҮКТҮН ЖЕР АСТЫНА ТҮШКӨНҮ

Чалкуйрук айтты: «Ата аз калды. Болбостур. Желмогуз мындан ары бир чоң ташка кырк кез чылгоосун жайып коюп олтурат. Эми сен качырсаң, ал жерге кирет. Жерге кирип кайра тарталы. Мени ургаачы Кенжекеден башка киши минбей оозум катуу үйрөнүп калган. Кемпирди көргөндө, кармап алам деп, катуу чаап жиберсең жерге кошо кирип кетебиз. Чебердеп чап!» – деди. «Макул» – деп жүрүп олтуруп кемпирди көргөндө, кызыган бойдон кемпир жерге кирип бара атканда катуу чаап жиберип жерге кирип кетти.

### ТӨШТҮК ЖЕЛМОГУЗДАН ӨГӨӨНҮ АЛГАНЫ

Жер астына кирсе, капкараңгы эле бир түнгө түштү. Төштүк ыйлады. Чалкуйрук: «Кой ыйлаба! Кенжеке тигип берген жибек көйнөктү чечип, менин көзүмө тарт! Ошонун шооласы менен бир жарык көрөлү» – деди. Чечип алып Чалкуйруктун көзүнө тартты. Жүрүп олтуруп бир жарыкка чыкты.

Чалкуйрук, бир алачык көргөндө: «Тетиги кемпирдин үйү. Саа тогуз карыш казан менен бир атала бышырып койду. Маа тогуз карыш кап менен бир кум салып койду. Баргын да менин ооздугумду чыгарып коюп, үйгө кирип аталадан тойгончо ич! Калганын Кенжекенин деми деп бир уурта! Анан түгөнөт, казанын көмөрүп коюп, кылып койгон ашын көр! Даярлап койгон жемин көр! Келе өгөөмдү деп сабасаң, өгөөнү берет» – деди.

Аны менен келип, Төштүк шашкан бойдон ооздугун чыгарбай кирип кетип, аталага тойгондо чыкса, Чалкуйрук эбак жеп, кабын айра тээп карап туруптур.

«Ичтиңби?» – деди. «Жок»,– деди. «Эмесе бат бол!» – деп, каарып жиберди. Үчөөнүн деми деп, үч ууртаганда атала түгөндү. «Кылып койгон ашын көр! Даярлап койгон жемин көр! Келе өгөөмдү!» – деп сабап кирди эле, өгөөнү берди.

## ТӨШТҮК ЖЕР АСТЫНДАГЫ БИР КАНДЫН КЫЗЫН АЛГАНЫ

Эшикке чыгып Чалкуйрукка барды. Чалкуйрук айтты: «Эми мына бу жерде бир кан бар. Ушунун үйүнө жети кучкач келет да чычып, жаман кылып булгап кетет. Богу эң жаман, ошону өлтүрүүгө жер астынан эр чыкпай коюп турат. Эми ошондо баралы» – деди. «Макул»,– деп, кандын шаарына келсе: «Жети кучкачты өлтүргөн кишиге кызымды берем» – деп, жар чакырып турат. «Мен өлтүрөм» – деп Төштүк чыкты. Барып казандын түбүндө ор казып кирип алып жатты.

Бир убакта кучкачтар келип, кир чычып олтуруп, казан аякка келгенде жетөөнүн тең башын таарый атты. Анда бир аз туруп, жер үстүнө чыгууга айла издеп, дагы бир жакка жөнөдү.

## ДАГЫ БИР КАНДЫН КЫЗЫН АЛГАНЫ

Төштүк дагы бир шаарга барса: «Бир ысык көлдө кырк кулачтуу жер казан бар. Ушуну алып берген кишиге кызымды берем» – деп жар салып жүрөт.

«Мен алып берем» – деп Төштүк чыкты. Кырк кулач жибек аркан эштирип алып, көлгө келди.

Чалкуйрук айтты Төштүккө: «Бекер убара кылдың. Бул көлдүн ысыктыгын көрчү!» – деди. Көрсө, кайнаткан суудай экен. Төштүк кирейин деди. Чалкуйрук: «Сен чыдай албайсың. Мен кирейин. Мен качан тарт деп кыйкырганда тартып ал!» – деди да, арканды мойнуна байлатып кирип кетти. Күнүтүнү болду. Дайын жок. Төштүк ыйлап олтурган эле: «Этим калды көк жашык, каным калды бир кашык» – деп[1]. Тартып алды эле казандын кулагынан тиштеп чыгып өлүп кетти. Төштүк башын кучактап ыйлап олтурса, Төштүктүн урдун уулу Ургазы деген досу бар экен. Ошо келди: «Кой ыйлаба! Мунун жети жаны бар. Көп болсо, бирөө өлөт, тирилет» – деди.

Бир аздан кийин ат тирилди. Казанды алып барып кандын кызын алып, бир топ күнү жатып, дагы жөнөдү.

## ҮЧҮНЧҮ КАНДЫН КЫЗЫН АЛГАНЫ

Кетип бара атса, бир кара борчук, бир кызыл борчук көрүнөт. Чалкуйрук айтты: «Тетиги кызарган кызыл кумурска мусулман, карарган кара кумурска капыр. Кара кумурсканы сен колуң менен шиле, мен куйругум менен шилейин, сууга агызып жиберели. Ошондон бизге бир пайда болор» – деди.

Макулдашып барып, кара кумурсканы сууга агызып жиберишти. Кызыл кумурсканын башчысы бир мурутун жулуп берди. «Башыңа иш түшсө ушуну түтөт» – деди. Аны алып жүрүп бир шаарга барса: «Миң дилде чачам санап, жыйып берген кишиге кызымды берем» – деп каны жар салып жүрөт. – Мен жыйып берем – деп дагы чыкты. Дил-

[1] Ò¿ï íóñêàäà óøóë æåðäå, «êûéêûðäû» äåãåí àøûê÷à æà-çûëãàí ñºç áàð.

дени чачты. Төштүк дайынын таппай калды. Баякы кумурсканын мурутун түтөттү. Бир убакта кумурска жайнап келип баарын алып келди. Санап кандын колуна берип, кызын алды. Ал жерде бир топ жатып, атын ууруга алдырды.

Атты ууру союп жаткан жеринде, урдун уулу Ургазы дубана болуп барып тооруйт. Туягын, башын, терисин сурап алды. Төштүк атын таппай, ыйлап жүргөн жеринде Ургазы келип, бек кайтарып албай эми өлдүң» – деп ого бетер ыйлатат. Ошонтип олтуруп: «Кой эми мындан кийин жакшы кайтарып ал, ууру жеп жаткан жеринде араң талпак тарамышын сурап келдим» – деп тирилтип берип кетет.

## ТӨШТҮКТҮН ЖЕР ҮСТҮНӨ ЧЫККАНЫ

Төштүк дагы бир жакка жөнөдү. Жер үстүнө чыгуунун айласын издеп жүрүп олтурса, бир терек көрүндү. Чалкуйрук: «Алп кара куштун[1] баласын ажыдаар жеп алат. Ошол ажыдаарды өлтүрсөң, жер үстүнө чыгууга айла ошондон болор» – деди.

Барса, теректин боору менен ажыдаар кетип баратат. Төштүк атып алып көтөрүп, теректин башына чыкты. Үч балапаны бар экен. Ажыдаардын теңин жеп жиберип Төштүктү канатынын алдына катып жатты. «Биздин энебиз келгенде күн жаап, шамал болуп келет. Эсиң чыкпасын!» – деди.

Бир кезде энеси келди: «Балдарым, силер кантип аман калдыңар. Бүгүн ажыдаар жей турган күн эле» – деди. «Жакшылыкты көрөсүңбү, жамандыкты көрөсүңбү?» – деди. «Жамандыкты» – деди.

---

[1] Ò¿ï íóñêàäà óøóë ñºçä¿í îðäóíà «òåòèãè» äåãåí ñºç æàçûëãàí. Èíôîðìàòîð òàðààûíàí êåòèðèëãåí ìåõàíèêàëûê êàòà º¢äºíºò.

Ажыдаарды көргөздү эле жутуп жиберди. «Кана, жакшылыкты көргөз!» – деди. Төштүктү көргөздү эле жутуп жиберди. Балапандар энесин тытмалап: «Жакшылыкка жакшылык кылбай, жамандык кыласыңбы?» – деди эле, кайра таштады. «Алда балдарым ай, мындан да артык кылып таштайт элем» – деди.

Алп кара куш сурады: «Эмне тилегениң бар?» – деп. Төштүк бар жайын айтып: «Жер үстүнө чыгар!» – деди. «Макул, кырк кашык суу камда! Кырк торгой тап! Түшкөн жериңе кырк унаанын отунун ал! Жердин алдында эмне болсо баарын ошол жерге даяр кыл!» – деди. «Макул» – деп Төштүк баарын орундатты.

Алп кара куш барып, үстүнө кырк унаанын отунун жыйдырып, анын үстүнө беркилерди мингизип алып учуп: «Келе бир кашык суу, бир торгой» – деп жүрүп олтурат. Жер үстүнө чыгарына аз калганда суу, эт түгөнөт. «Келе бир кашык суу, бир торгой» дегенде эч нерсе жок. Балтыр этинен кесип берип ыйлап жибергенде, этегине жаш толуп кетип, ошону берет. Жер үстүнө чыкты. «Кийинки берген этиң менен сууң эмне?» – деп куш сурады. Төштүк айтып берди эле, ыраазы болуп коштошуп алып ажырашат. Ошентип Төштүк көчүп жүрүп олтурду. Бир жерге келсе эле, бирдеме чакырат. «Айланайын Төштүк, мени чыгара кет! Отуң менен ойноюн, күлүң менен кирейин. Атыңды токуп берейин» – деп. Барса, ордо бир киши жатат.

– Сен ким?

– Мен Чоюнкулак.

Төштүк чыгарып алам десе, Баты күң деген Төштүктүн күңү: «Атыңды мен эле токуп берейин. Чоюнкулак жакшы болсо, эл кайдан орго салсын» – десе, болбой чыгарып алат.

Бир-эки күн убадасы менен ат токуп жүрүп, бир күнү токубай коёт. Төштүк: «Ат токуп бербей-

сиң» – деп экөө уруша кетип, Төштүктү бутунан кармап, ташка быркырата чабат.

Төштүктүн сөөк-саагын Баты күң алып барып, арак менен жууп, бир дөбөгө көөмп койду. Чалкуйруктун эки кулагына коргошун куюп салыптыр. Катындарын Чоюнкулак алып алды. Бир катыны Чоюнкулактан тууп салды.

## ТӨШТҮКТҮ ЧАЛКУЙРУК ДЕГЕН АТЫ ТИРИЛТКЕНИ

Бир күнү күңү атты сугарып жүрдү. Чалкуйрук: «Төштүк ээндин өлгөнүн кандай билбейсиң?» – десе: «Эмне дейсиң? Менин кулагымда эмне бар, карачы?» – дейт. Кулагын караса, коргошун куюп салыптыр. Аны сууруп алды. «Эмне дедиң, эми айтчы?» – деди. Баты күң баштан аяк баарын айтып берди.

Чалкуйрук: «Төштүктүн сөөгү барбы?» – деди. «Бар, тетиги дөңдө» – деди. «Эмесе, мени жетелеп барып, Чоюнкулак атың турбай атат, байлап ал» – де. – Кайда барар дейсиң байлап кой – дейт. Анан мени чала байлап коюп кете бер! Мен бошонуп кетейин. Сен Төштүктүн кийимин катындарынан сурап алып, Чоюнкулакка көрсөтпөй алып кел!» – деди.

Баты күң барып: «Чоюнкулак атың турбай атат. Байлап ал!» – деди. «Байлап кой, кайда барар дейсиң» – деп койду.

Күң атты алып коюп үйгө кирери менен бошонуп алып, жолго түштү. «Бошонуп кетти, бая эле айтса болбойсуң» – деди. «Жөн кой жүрөр» – деп койду.

Төштүктүн кийимин алып, Баты күң баякы дөбөгө барды. Чалкуйрук Төштүктүн сөөгүн, баарын жыйып кайта тирилтип таштады.

## ЭР ТӨШТҮК ЧАЛКУЙРУК МЕНЕН БИРИГИП ЧОЮНКУЛАКТЫ ӨЛТҮРГӨНҮ

Өзүнүн бир жанын салып Төштүк: «Эми барып кармашам» – деди. Чалкуйрук: «Кой кармаша албайсың, мына бу жакта бир булактан жети марал суу ичет. Ошонун ортосунда бир бооз марал бар. Ошону атсаң, койдой сандык чыгат. Койдой сандыкты атсаң коёндой сандык чыгат, коёндой сандыкты ачсаң, жети кара кучкач бар. Алтоон өлтүрүп, бирөөн чала жан кылып барып кармашып көрчү! Чоюнкулактын жаны ошол» – деди.

Айтканындай кылып: «Чоюнкулак үйдөсүңбү?» – деп, барса, чыдай албай жатыптыр. «Үйдөмүн» – деди. «Бери чык!» – деди эле чыгып келип экөө кармашты.

Төштүктү койбой турган болгондо, катындарга Төштүк: «Канжыгадагы кучкачты өлтүрүп жибергиле!» – деди. Өлтүрүп жиберди эле Чоюнкулак жан берди. А жерден көчүп жөнөштү.

Чоюнкулактын баласы балтыр бешик болуп калган экен, муну эмне кылабыз деп турганда энеси: «Ошондой таштап, мындай жөнөйлү. Күңгүрөнүп ыйласа Чоюнкулактыкы. Өлтүрүп кетели. Ачык ыйласа сеники, алып кетели» – деди.

«Макул» – деп мындай жөнөдү эле, «Сени, Төштүк сени, менин атамды өлтүрүп»,– деп ыйлайт. Энеси өлтүрөйүн деп кайра чуркап жеткенче, темир бешикти талкалап чыкты. Чалкуйрук айтты: «Мойнума сыйыртмак салып, менин куйругума байлагыла. Мен сүйрөп жүрүп өлтүрөйүн. Менин алым келбей баратса, камданып тур. Сенин алдыңдан өтөйүн. Башын кыя чап!» – деди. Чалкуйрукка байлап берди. Сүйрөп жүрсө: «Сени Чалкуйрук жетип куйруктан алып көтөрүп чаппасам» – деп жүрөт. Чалкуйруктун алы кеткенде, Төштүктүн алдынан өттү эле, башын кыя чапты.

## ТӨШТҮКТҮН ӨЗ ҮЙҮНӨ КАЙТКАНЫ

Чоюнкулакты баласы менен өлтүрүп салып, көчүп жөнөдү. Аз жер жүргөндөн кийин, Төштүк Кенжекенин алдына кетмек болуп: «Сыз, тегерек чийген жерге конгула! Болбосо конбогула!» – деп жүрүп кетти.

Айылга жакындаганда Кенжеке чаар ингенди туудуруп, ботосун ингендин өзүнө өңөрүп, бараткանын көрүп, Төштүк кара сакал сарт болду. Чалкуйрук кара буурул ат болду да жетип барып калжың кеп айтса, түк күлбөйт. Кошо барып үйүнө түштү. Ыйлагандан башканы билбейт. Төштүк көйнөгүн чечип берди: «Бит карап бериңиз» – деп. Көйнөктү таанып, андан бетер ыйлайт. Кенжеке: «Көйнөктү кайдан алдыңыз?» – десе: «Бир адам өлүп, ошону жууп алдым» – дейт. Оготон ыйлайт.

Төштүктүн аркасында меңи бар экен, ошону көрүп, таанып, барып эле басып калат. Анан Чалкуйрукка барып көрүшөт. «Ушинтип өңүңөрдү буруп келесиңерби? Сен маа ишенбейсиңби?» – деп, ошонтип олтурушат. Жарышып, арт жактагы үйлөрү да келип, жыргап жатып калышат. Төштүк жер астында жети жылы болгон экен.

## «ЭР ТӨШТҮК» ЭПОСУ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ТЕКСТТЕР

Эр Төштүк // В. В. Радлов. Образцы народной литературы северных тюркских племен. 4. V. Наречие дико-каменных киргизов. – СПб., 1985. С. 526–589.

Төштүк (Айткан Каралаев Саякбай.) Фрунзе – Казань: Кыргызмамбас, 1938. – 386 б.

Эр Төштүк (Айтуучу С. Каралаев) Басмага даярдап, редакциялаган жана «сөз башын» жазган Ж. Таштемиров. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1956. – 351 б.

Эр Тоштюк. Киргизский народный эпос. Сказатель С. Каралаев. Перевод С. Соколова, Фрунзе. Кыргызмамбас, 1958.

Aventurez mervinlles sous et ailleurs de Er-Toshtuk le geant de steppes.., Luis Bazin – (Pariz), Callimard, 1965.

Эр Төштүк (Айтуучу С. Каралаев) Басмага даярдап, жалпы редакциясын жүргүзгөн жана сөз башын жазган С. Байкоджоев. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 331 б.

Эр Төштүк: Эпос (Айтуучу С. Каралаев). Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 334 б.

Эр Төштүк: Эпос (Айтуучулар С.Каралаев, К.Суранчиев, М.Дүйшембиев, Ж.Жамгырчиев). Түзүүчүлөр Р.Сарыпбеков, М.Мукасов. – Бишкек: Шам, 1996. – 448 б.

## «ЭР ТӨШТҮК» ЭПОСУ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН АЙРЫМ ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕР

*Мусаев С*. Кыргыз адабияты. (Орто мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби) Кыргызмамбас, 1952.

*Закиров С.* «Эр Төштүк» эпосунун варианттары жана идеялык көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. – Фрунзе: Илим, 1960.

Эр Төштүк // Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. – Фрунзе: Илим. 1973, 391–418 б.

*Субанбеков Ж.* «Эр Төштүк» кыргыз элинин баатырдык кенже эпосу. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1963.

*Кебекова Б.* Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы. – Фрунзе: Илим, 1985.

*Кайыпов С.* Проблема поэтики эпоса «Эр Төштүк». – Фрунзе: Илим, 1990.

## МАЗМУНУ

*Мукасов М.* «Эр Төштүк» – эзелкинин элестери ....... 3

**Эр Төштүк (***Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча***)**
Көкөтөйдүн ашындагы күрөш тууралуу.................... 40
Элемандын тогуз уулунун кылыктары тууралуу ........ 58
Элеман кемпиринин сөзү боюнча жер кыдырып кеткени ........................................ 63
Элемандын талаада көргөн түшү.............................. 67
Төштүктүн туулушу, кандайча өскөн кылыктары ...... 71
Төштүк бир кемпирдин айтканы боюнча жоголгон агаларын издегени ....................... 73
Төштүк перинин кызы Айсалкынга жолукканы ......... 90
Айсалкын Бокмурунду төрөп, Көкөтөйгө алып барып бергени ................................. 98
Төштүктүн саргыл атты таап алганы...................... 112
Алаңбай деген коңшулаш бир байдын Төштүктүн келгенине той бергени жана Элеман уулдарын сүннөткө олтургузганы .......... 117
«Тогуз уулуңа катын алып бер»,– деп Төштүктүн атасы Элеманга айтканы ............... 126
Элеман балдарына кыз кароого аттанып чыкканы ..................................... 132
Элеман Сарыбайдын тогуз кызын көрүп, кудалашып алып жөнөгөнү ........................ 140
Айсалкын Кенжекеге жолугуп каргаганы................. 154
Желмогуз кемпирдин Элеманга жолукканы............. 162
Элеман журтта калган өгөөсүнө Төштүктү жибергени ........................................... 180
Төштүк желмогуз кемпирдин кашына Чалкуйрук менен барып[1] өгөөнү ала качканы ... 200

Төштүк жейрен секиртпес Маамытка
жолугуп, жолдош кылганы ......................... 210
Төштүктүн жер тыңшар Маамытка жолугуп,
жолдош кылганы ........................................ 213
Төштүк куюнкөтөн Маамытка жолугуп,
жолдош кылганы ........................................ 216
Төштүк көрөгөч көз Маамытка жолугуп,
жолдош кылганы ........................................ 217
Төштүк жолборско жолугуп, жолдош кылганы ......... 218
Төштүктүн аюуга жолукканы .......................... 221
Төштүк кумурскага жолугуп,
жолдош кылганы......................................... 223
Төштүк Көкдөөнүн кызы Күлайымга
жолукканы ............................................... 228
Күлайым Төштүктү атасынын кашына алып
барганында кубулуп таз болуп, Көкдөөнүн
уюн багып жүрүп, уйчу кара тазды өлтүргөнү ... 237
Төштүк жалгыз көздүү желмогузду өлтүргөнү ........... 242
Төштүк Көкдөөнүн кызы Күлайымды алганы ............ 247
Көкдөө жакшы күйөөлөрүн[1] кулан, кийик-теке
атып келүүгө жумшаганы. Төштүк да барып,
ал экөөнө тамга салганы .............................. 253
Көкдөө жакшы күйөөлөрүнө: «Чаар бээнин
40 жылдан бери жоголгон кулундарын
таап келгиле»,– деп буюрганы. Төштүк да
барып ажыдаарды өлтүрүп, алп кара куш
менен достошуп, кулундарды тапканы ............ 263
Төштүк Канбача менен Бекбачанын санына
салган тамганы Көкдөөгө жарыялаганы........... 286
Көкдөө Төштүккө көпчүлүктүн алдында
жети мөрөйдү тапшырганы. Алардын
биринчиси – темир дөңгөчтү кийиз балта
менен чаптырып жардырганы ........................ 289
Көкдөө өзүнүн Көктулпары менен Чалкуйрукту
жарыштырганы .......................................... 297
Көкдөө, Төштүк менен жөө кишинин чабышканы ..... 305
Көкдөө жерге таруу чачтырып, Төштүккө
тез тердиргени ......................................... 314

Көкдөө Төштүктү жолборс менен күрөштүргөнү ........ 319
Көкдөө аюусун Төштүктүн аюусу менен
күрөштүргөнү ........................................ 325
Көкдөө Төштүктү: «Барса-келбестеги кырк
кулактуу казанды алып кел»,–
деп жумшаганы ...................................... 328
Желмогуз кемпирдин уулу Карадөөнү Төштүктүн
өлтүргөнү ............................................ 358
Төштүк Көкдөө менен урушуп, аны өлтүрүп,
Конокбайды кан кылганы ........................... 369
Төштүк алп кара кушка минип, жер үстүнө
кайта чыкканы ...................................... 383
Төштүк алтын мүйүздүү бугуну кууп олтуруп
Чоюнкулакка жолукканы, андан чала
өлүк болушу ......................................... 391
Алп кара куш досу келип Төштүктү жутуп,
күчүнө киргизгени .................................. 403
Төштүк Чоюн алпты өлтүргөнү ......................... 408
Төштүк өзүнүн жерине жөнөгөнү ...................... 426
Төштүк үйүнө келип түшкөнү ......................... 431
Төштүктүн эл-журтуна барып турган жери[1] ............ 434
Беш кан чегинип, жети кандын күүлөнүшү ............ 487
Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү ....................... 502

**Төштүк** (*Калча Суранчиевдин айтуусу боюнча*) ......... 505

**Көчпөсбай** (*Эр Төштүк*) ................................. 521

**Эдеман байдын Төштүгү**
(*Мырзалы Дүйшембиевдин айтуусу боюнча*) ..... 537

**Эт Төштүк** (*Жыйнаган Жума Жамгырчы уулу*) ........ 547
«Эр Төштүк» эпосу боюнча жарыяланган тексттер ... 562
«Эр Төштүк» эпосу боюнча жарыяланган
айрым илимий эмгектер ............................ 562

*Көркөм-адабий басылма*

«Эл адабияты» сериясы

**ЭР ТӨШТҮК**

**Кенже эпос**

**II том**

Т ү з г ө н д ө р:

*Сарыпбеков Райкул*, *Мукасов Мураталы*

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*
Редактору *Теңирбергенова Ж.*
Техн. редактору *Жусупбекова А.*

Корректору *Мукасов М.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.07.2015-ж. берилди.
Басууга 26.11.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 84x108 $^1/_{32}$.
Көлөмү 35,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № 02.

Бишкек, «Аврасия Пресс» басмасы